Дастан Касмалиев

# Кегети
## жана кегетиликтер

Бишкек - 2013

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)
К 28

**Д. Касмалиев**

Кегети жана кегетиликтер - Б.: «Чүй университетинин редакциялык-басма борбору», 2013. – 321 б.

ISBN 978-9967-27-163-0

Бул китеп Хива ханы Абулгазинин "Түркмөн шежереси", Сайфад-дин Аксикентинин "Маджму ат-таварих" аттуу эмгегинен, Н.А.Аристовдун "Усуни и кыргызы или кара кыргызы" деген эмгегинен, С.М.Абрамзондун "Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" аттуу эмгегинен, кыргыз санжырасынан, Осмоналы Сыдыктын, Үсөйүн ажынын, Бала Айылчынын, Белек Солтоноевдин, Тоголок Молдонун, Эсенкан Төрөкан уулунун, Тургуналы Маншаповдун, Сабыр Аттокуровдун, Жусуп Мамайдын, Сапарбек Закировдун, Оскон Осмоновдун, Рыскул Жолдошевдин ж.б. кыргыз санжырачы-тарыхчыларынын жыйнаган жана жазып калтырган эмгектеринен алынып жазылды жана айылдык информаторлордун айткан маалыматтары пайдаланылды.

Бул китепте илимий, тарыхый, көркөм китептерге киргизилген, басма сөздөргө жарыяланган санжырага, тарыхый маалыматтарга, фактыларга таянып Кегети жана кегетиликтерге карата иштелип чыккан концепция деле жок. Жөн гана кыска убакыт ичинде изилдениш жазылган чакан даректүү баян.

Китептин ичиндеги материалдарды иргеп, калыпка салган Дастан Касмалиев болгону менен автору эл десек жаңылыштык болбойт. Себеби, академик, Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин көптөгөн мезгил ичинде чогултуп жүргөн маалыматтары жана көпчүлүк кегетиликтер менен жүргүзүлгөн аңгемелешүүлөр дагы бул чыгарманын өзөгүн түзөт.

Бул чыгармадагы фактылардын бардыгы сыдыргыга салгандай кынтыксыз, төрт тарабы кыбыла, бардыгы төп келген деп айтуудан алыспыз. Ага себеп дагы бар...

К 0503020911-13

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-27-163-0

© Чүй университети., 2013

## Окурманга

Бир айылдын тарыхын же санжырасын, айрыкча Кегети сыяктуу түрдүү уруу, уруктардын өкүлдөрү жашаган, чоң жана ошол айылдан чыккан белгилүү адамдары көп айылды жалгыз адамдын жазышы эмне деген гана эмгекти талап кыларын өзүңүз деле түшүнүп турсаңыз керек, урматтуу окурманым. Деги эле Кегети эмес башка айылдарда деле анын тарыхында талаштуу жерлерин тастыктап, элдин алдына алып чыгуу деген кумдан алтын бөлгөндөй татаал нерсе экенин бардык санжырачы-тарыхчылар тастыктап келишет.

Айрым учурда чаташып калган жагдайлар, дал келбей калган маалыматтар же так эместиктер, ошондой эле эсебинен адаштырган учурлар, кандайдыр бир белгисиз себептер менен аталбай калган ысымдар да көп болушу мүмкүн.

Бул колуңуздарга эми жаңыдан тийип жаткан жаңы китеп бир айылдын, тактап айтканда Чүй облусуна караштуу, Чүй районундагы Кегети айылынын кыскача тарыхы десек аша чапкандык болушу мүмкүн. Аны тарых десек, чындыктан алыстап, алабарман айтылган кептин ачык-төгүнүнөн күмөн санаган окурманды иренжитип ийбейт деп ким кепилдик берет. Бул эмгек Кегети айылынын кыскача таржымалын гана баяндап бере алат. Изилдөөлөргө таянып, жер өңүтүн болушунча так келтирет. Ошондой эле айылдын аймактык өзгөчөлүктөрүн, ушул жерден чыккан

көбүнчө бизге тааныш, бейтааныш бардык тармактар боюнча өтөгөн эмгеги аркылуу айылга, керек болсо жалпы кыргыз калкына таанымал инсандардын кыскача тарыхын жана инсандык-адамдык бейнесин окурмандарга чукулдан тааныштырууну көздөйт. Анткени, айылда санжыра ойломдорунда жашап, ал багытта гана айтылып жүргөн менен оң жана солдун өкүлдөрү бир уруунун, бир уруктун, бир атанын балдарындай кегетиликпиз деп сыймыктануу менен ооз толтура айтышып, айылдан алыстабай ынтымак -ырашкерликте жашап келишет.

Эл-жердин тарыхын, маданиятын, табиятын, ал жердин жалпы өзгөчүлүгүн жана ошол өз айылынын атын чыгарып келген өткөн муундун өкүлдөрүн, ошондой эле жаңыдан калыптанып калкына кадыры өтүп жаткан адамдарды өздөрүнүн укум-тукумуна гана таберик кылып бербестен, башка жерликтерге жана бөтөн окурман журтуна кабардар кылуунун зор тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси бар.

Ал биринчиден:

Ошол эмгеги элге сиңген адамдардын ким экендигин калайык-калкка болжолдуу түрдө таанымал кылып көрсөтсө;

Экинчиден:

Өсүп келе жаткан муун үчүн алар үлгү-өрнөк алуу, таасирленүүнүн обьектиси катары дагы кызмат аткарып, өз мезгилинде алар үчүн керек болор деген максатты көздөйт.

Үчүнчүдөн:

Өзүбүздү-өзүбүз жакындан жакшырак билип, аны менен жалпы элди бирине-бирин жакындатып, анын негизинде ынтымак-ырашкердик чыңдалат деген ой санжырачылардын ар биринде бар.

Непаадам, бул чыгарма башка тилдерге которулуп калса, китептеги аттары аталган өзгөчө касиеттерге ээ болгон Кегети ичиндеги деректерге кызыгуусу артылган туристтерге жол көрсөткүчтүн (гид) милдетин аткарышына дагы мүмкүнчүлүктү пайда кылат десек да болот.

Учурдагы патриоттуулукка, Ата Мекенин сүйүү, аны барктоо, баалоо багытында тарбия берүү жагы солгундап бара жатканда аталган жерди, анда жашаган ар уруктан болсо да бир туугандай болуп калган бир айыл элди таануу да китептин маанисин андан бетер арттырары белгилүү. Себеби, кыргыз жеринин бардык аймагы бардык кыргыздарга тиешелүү деген сыймыктуу түшүнүк ар бир кыргыз окурманда бар деген ойдо жашагандар бактыга жараша эл арасында арбын.

Китептин алгачкы бөлүгүндө кыргыздын келип чыгышы жана айылдын тарыхы, аймактык бөлүнүшү, жаратылышы, эл-жердин өзгөчөлүгү, турмушу, уруулардын кыскача санжырасы менен таанышасыздар. Андан кийинки бөлүмүндө элине таанымал, таасири бар адамдардын өмүр жолу кыскача баяндалган. Акыркы бөлүмүндө айылдын мурдагы жана азыркы абалы мурдатан басма сөз беттеринде жарыяланып келген макалалардан үзүндүлөр жана башка жагдайлар менен салыштырылып сүрөттөлдү.

Айрым материалдар башында белгиленип кеткендей башка ар кандай мазмундагы маалымат булактарынан алынса, көпчүлүгү айрым адамдардын айтып берүүсү менен кагаз бетине жаңыдан түшүп отурат.

Бул китеп Кегети айылын жана жалпы Кегети аймагын, ошондой эле кегетиликтерди толук чагылдырган баян эмес дедик. Энциклопедиялык маани-мазмунду дагы камтый албайт. Деги эле андай ишти аткаруу жалгыз-жарым кишинин колунан келип, талаптагыдай аткара да албасы белгилүү. Муну айтканымдын себеби, бул эмгек академик, Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин мурдатан чогултуп жүргөн айрым чакан материалдарына таянып , жалгыз бир кишинин көп мезгил-убактысын жеген, убактысын сарптап дене талдырган мээнети аркылуу бүткөрүлгөн эмгек десек болот.

Бул китепти жөн гана болочоктогу ошондой багытта аткарыла турган чоң китептердин камылгасы, кыскача берилген фрагменти деп түшүнүү керек. Себеби, Кегети

жана кегетиликтердин биз билип-туйбаган өзгөчөлүктөрү дагы эле арбын, чындап изилдеген адамга дагы эле чыга бере турган кызыктуу жагдайлары деги эле түгөнө турган эмес.

Мунарыктаган ээндикти ээлеп жаткан суусу каат, чөл сымал бир аймакта байманасы ташыган бир жаш адам көзү өткөн атасына келиштире күмбөз салдырыштын ордуна адамдарды таң калтырып, ошол жерди аралап жолоочу басып өткөн тоом жолдун боюна ичи салкын болсун деп таштан Рабат жай салдырып коюптур. Ичине жолоочуга жай даярдатып эс алуусуна шарт түзүп, жигиттерин жиберип күн алыс булактын башатынан жаңылап, таш идишке суу толтуртуп койчу экен. Кире бериштеги таштын бетинде: "Жолоочум алыс жолдон чарчасаң эс ал. Чөлдүн ысыгында чөлдөп келе жатсаң мына бул суудан ичип, суусунуңду кандыр. Непаадам, ыраазы болуп калсаң, анда атама багыштап куран окуп кой!" деп, атасынын аты- жөнүн толук жаздырып койгон дейт.

Сиз дагын эгер бул китепти окуп калсаңыз, аты аталган ата-бабаларды эскерип, такталбаган нерсе жолугуп калса оюңузда белгилеп, жогоруда айтып кеткендей кийинки дагы бир жазуу үчүн белсенип чыккан адамга таберик кылып сактап коюп, азырынча ушуга канаат кыла, китепти чыгарууга белсенген адамдарга ыраазылык билдирип, бата берип койсоңуз болот.

Китептин тагдыры дал эле сиз ойлогондой түйшүктүү да, мээнеттүү дагы экен дебедикпи. Белгилүү, белгисиз себептерден улам бардык кегетиликтерди толук чагылдырууга мүмкүнчүлүк болбогондугун дагы түшүнүп жатасыз.

Эгерде түшүнүүгө эркиңиз жетип окусаңыз, китептеги кезиккен айрым кемчиликтерин эске тутуп, алар жөнүндө кийинки муундарга толуктап айтып бере алсаңыз гана сиз жогорудагы айтылган кеменгер адам сыяктуу чаңкаган адам үчүн ичерге суу табылар, чарчаганга жай боло турган Таш-Рабат кургандан дагы жакшы иштин өтөлүнө чыгып, ошону

менен байыркы ата-бабалардын таржымал булагынын көзүн ачуу менен урпактар үчүн чоң иш жазаган болосуз деп ойлойм.

Бул чыгармада башында айтылгандай Кегети айыл элинин, ошондой эле Кегети аймагынын өткөндөгү тарыхый жана азыркы учурдагы маанилүү делген окуяларына, белгилүү даталарга, көрүнүктүү мамлекеттик, коомдук-саясий ишмерлерге, айылдын белгилүү делген өкүлдөрүнүн өмүрүнө, кандай тармакта болсун алгылыктуу аткарган иштери жөнүндө мүмкүнчүлүккө жараша маалымат берилди.

Ал эми мен болсом окумуштуу-санжырачы Сапарбек Закировдун: "Ким эмне айтса, мен ошону бузбай жазып алууга аракеттендим" – деп айткан кеменгер кебине таянып, кандай көрсөм көргөндөй, кандай мазмунда уксам ошол уккандай, кыскартып айтканда, болгонун болгондой бир аз гана көркөмдөп бергенге аракет кылдым. Ушул багытта аты белгисиз бир аалым:

"Мал баккан таягына,
Дан баккан кетменине,
Сөз баккан калемине этиет болсо, караламан калктын турмушуна жеңилдик алып келет" - деген экен.

Ошондуктан, бул чыгармада ойдон чыгарылган нерсе жок. Бардыгы болгон окуяга байланышкан.

## Урматтуу окурманым!

Бул китеп кегетиликтердин арасында ар кандай мүнөздөгү талаш-тартыштарды туудурушу мүмкүн. Китеп менин өзүмө туура келген фактыларга: архивдик материалдарга, газета, журналдарга, айрым китептерге жарыяланган маалыматтарга жана белгилүү информаторлордун айткандарына таянып жазылды. Султан Мамбеткалиев агай китеп толук бүтө электе айрым кегетиликтерге окутуп чыгалы деген сунушуна автордук укугума таянып, макул болгон жокмун. Анын себеби дагы бар. Башкысы элге

алдын ала тааныштыруу максатында берсек китепти басып чыгаруу кечеңдеп кетмек. Ошондуктан китеп чыккандан кийин өз оюңарды далилдүү фактылар менен берсеңиздер, анын кийинки басылышына пайдаланабыз.

Анда сизге бакубат жашоо менен бирге, окурмандык табит каалайм. Сиздерди урматтоо менен, автор.

Менин телефонум: 0551 27 92 22.

## Кегети жана кегетиликтердин кыскача таржымалы тууралуу китеп

Кыргыз эли байыркы элдердин катарында жашап келгенин бүгүнкү күндө кытайлар, түрктөр, жапондор, ошондой эле Европа өлкөлөрүнүн ичинен айрымдары моюнга алып жатышат. Кыргыздар айтылган элдердин ичинен кыйла мурда эле демократияны орноткону, ар кандай көйгөйлүү маселелерди акыл калчап чечкени, улууга урмат көрсөтүп, кичүүнү ызаттаганы, акыркы тамагын берип келген мейманын сыйлаган меймандостугу, ал эми кол салган душманга бир муштум болуп түйүлүп, сокку урганы, эркиндикти, теңдикти сүйгөн эл экени учурда байма-бай айтылууда. Мындай нерсе азыр жаңылык деле болбой калды.

Кудая шүгүр, өзүбүздүн мамлекетибизге караштуу жер аянтыбыз боюнча жүз ашуун өлкөлөрдү артка таштап, суу байлыгыбыз боюнча көп эле өлкөлөрдөн алдыда турабыз. Өз алдынчалыгыбыз жана башка жетишкендиктерибиз кыргыздын ким экендигин айтып турат. Бирок, чындап келгенде бизге бир нерсе жетишпей жатат. Айрыкча ушул 20 жыл ичинде обу жок жердешчилик, уруучулук, түндүк-түштүк маселеси, бай-кедей жана төбөл-букарага бөлүнүү деген нерселердин чеги ажырап, алар ачык эле болуп калбадыбы.

Ошолорду эске алып, бул жаңы жарык көргөн китепти окуп чыккан окурмандарга бир нерсени эске салар элем. Аталышы, "Кегети жана кегетиликтер, же Кегети куттун

жергеси" деп өзү эле айтып тургандай, бул айылдын жашоочулары ар кошкон уруулардан түзүлсө дагы бир атанын балдарындай ынтымак-ырашкердикте жашап жатканына, ошонун негизинде айылдан чыккан белгилүү адамдардын көптүгүнө назар салыңыздар. Элдин бактысына Кегети сындуу жердин коздугуна, жайлуулугуна, абасынын тазалыгына, өрүшүнүн кенендигине жана адам кызыгарлык табиятынын таң каларлыктай өзгөчөлүгүнө маани берип, башка жерлерден көп эле айырмалуу болгон Кегети айылынын көрүнүшүн, ташкындап агыны ат агызган Кегети суусунун, ажайып көл "Көл-Төрүнүн", аскасы булут челген бийик тоолорунун, тоо беттерин жыртып чыккан сансыз булактарынын айырмачылыгын, айылдын карапайым жана буга чейин жашап келген белгилүү жана белгисиз адамдарынын жашоосун, алардын жашаган өз айылы жөнүндө көз карашын, психологиясын ушул китептен таап, байкап көрүңүздөр.

"Өзүңдүн ким экендигиңди билгиң келсе, элиңдин, жериңдин, урууңдун, улутуңдун тарыхын бил!" деген кыргыздын бир жакшы сөзү бар. Анын сыңарындай Кегетинин тарыхы эки кылымдан ооп, анда жашаган элдин бай таржымалы дагы кегетиликтердин көз алдында экен.

Ар кайсы элде тежемел баланы багып өстүрүүгө керектүү нерселер ар түрдүү болсо дагын ого эле көп болушу турган иш. Алардын ар кандай формада болушу, колдонулуу ыкмасы ошол элдин чарба жүргүзүү өзгөчөлүгүнө, эстетикалык табитине жараша болору түшүнүктүү.

Анын сыңарындай Кегети жөнүндө жазылган бул чыгарма ошол тежемел бала сыяктуу этиеттеп багууну талап кылат. Автор өзү белгилегендей, эгерде дагы бир чыгармачыл адам, дагы бир жолу ушул элди, ушул эле аймакты жазууга белсенип чыкса, бул чыгарманын артында дагы көптөгөн изилдөөлөр жатат жана бул китеп анын башаты боло алат.

Китеп кызыктуу, окумдуу жазылган. Китептин автору жазуу ишине такшалганы, таланты, ага жараша билими

бар экендиги байкалып турат. Айтор, китеп жалпы кыргыз окурмандарын жана кегетиликтердин өздөрүн кайдигер калтырбайт деп ишенем.

**Асыкбек Оморов,**
**жазуучу, тарыхчы.**

# Санжыра кайдан чыгат

Илгери жазма-чиймелердин жоктугунан ата-бабалардын даректери ооздон-оозго көчүп, санжырага айланып, андан атадан балага өтүп, оозеки түрүндө ушул күнгө чейин жеткени белгилүү.

Санжыра - шежере - шажара - түрк элдеринде эл, уруу жана урук тууралуу айтылып жүргөн, атадан балага ооздон-оозго көчүрүлүп айтылуучу баян катары айтылып келген. Санжыра – бул арабча "шежере" деген сөз. Анын мааниси дарак дегенди түшүндүрөт. Чындыгында дарактын тамыры жана өзөгү бир болгон менен андан бир канча чоң бутак, андан бир канча орто бутак, андан бир канча чырпыктуу майда бутактар шактап, айрылып чыккандай адамдардын дагы негизи, түбү бир болсо да андан бин нече бала, андан бир нечелеген балдар жаралып, айрылып, уруктардан уруулар пайда болуп, алар биригип улутту түзөт.

Ошентип, уруунун жана уруктун келип чыгышы дал эле дарактын бутактарынын шактап, анан айрылышына окшош болгондуктан буга "шежире" деген ат ыйгарылган. Демек, тамыры жок дарак болбогон сыяктуу эле тарыхы жок эл жок.

Биринчиден: санжыра уруунун, элдин келип чыккан теги жана таралышы жөнүндөгү тарыхый маалыматтардын жыйындысы катары каралып келет. Алгачкы общиналык коомдо, айрыкча анын аталык доорунун убагында келип чыккан.

**Үмөт молдонун:**

Жер жүзүндө толуптур,
Адамзаттын баласы.
Санжыранын мааниси,
Кийинкиге кабарчы.
Мурдагы өткөн канча жаш,
Не иш кылып, не кылган?
Турмушунун бардыгы,
Санжырадан табылган.

Билем десе ар элди,
Санжыра алып үйрөнсүн.
Ата-тегин билгенде,
Анан барып үйлөнсүн.

Ата-тегин сурасаң?
Билбей калса уялсын.
Билбей жүргөн өз тегин,
Таанып алып кубансын, - деп, жазган саптарындагы белгиленген купуя нерсе сакталып, бара-бара тарыхка айланган. Жазуу пайда болгондон тартып хронология тастыкталып, ал тарых менен алмашылган.

Экинчиден: жоокерчилик заманда тирүү калгандардын милдети өткөндү төкпөй-чачпай сактоо, аны укумдан-тукумга калтыруу болгон. Ошентип, урук, уруу, эл жөнүндөгү уламыш сөздөр:

- Сен кимсиң?
- Атаң ким?
- Чоң атаң ким болгон?
- Ата-бабаң ким?
- Кайсы жерденсиң?
- Кайсы уруудансың жана ата-бабаларың кайсы доордо жашашкан? деген суроолорго тиешелүү жооп болуп, ал бара-бара санжырага айланган. Тирүү калгандар, жаш өспүрүм кезинде туткунга түшүп кеткендер өздөрүнүн ата-бабаларынын ким экендигин унутпай эске тутушуп, кийин укумдан-тукумга берүүлөрү зарыл болгон.

Жети атасын билбегендерди "кул" деп аташкан. Же, "... ит атасын таанybайт" дегендей, жети атасын билбегендер көп жерден сынып жүрүшкөн. Санжыра оозеки түрдө жарык көргөн элдин байлыгы катары бааланып, ата-бабанын керээзи, мурасы катары сөз аркылуу ээсин тапкан. Көз жетпегенге - сөз жеткен.

Аркар баскан жер менен,
Булут шашкан бел менен,
Кошо жашап келген сөз,
Баласына атасы
Энчи кылып берген сөз,
Карылардан алган сөз,
Калк ичинде калган сөз, - деген

манасчылар, сөздүн маани-маңызынын, касиетин ачып көрсөтүп. Кандай болгон күндө дагы кийинки муундар өзүлөрүнүн ата-тегин, алардын таралышын, алардын кайда, кандай жерде жашашканын, кайдан келишкенин, басып өткөн жолдорун билиш керек болгон. Жети атасын билбеген жетесиздикти билдирет дешкен. Аларды теги жок, жогоруда белгиленип кеткендей кул катарында санашкан.

Канчалык даанышман болсоң да тагдыр-жазмыштын алдында Жараткан эмнени тартууларын алдын ала билиш кайда? Ошентсе дагы, эл ичинде жашап кеткен, кара кылды как жарган даанышмандар: баатырлар, айлакер куулар, чечендер, көрөгөчтөр - алар элдин жашын кылымдан кылымга артылтып, узарткан адамдардын катарында биринен кийин бири Кудуреттин күчү менен эл арасында жашоого келип турушкан.

Адам жашоосу өзүнчө бир түгөнбөс кенч, учу-кыйры жок чексиз дүйнө эмеспи, ошондуктан ал өткөн доорду изилдеген адамдар үчүн бул иш кумдан алтын чайкагандардын ишине тете болгон. Кандай болгон күндө дагы санжыра али тарых эместигин айтышыбыз керек. Ошол себептүү ага ошондой гана мамиле жасоо зарыл. Мунун өзү санжыраны тарыхка жакындатыш үчүн ар

тараптан катуу талдап, анализдеп, илимий эмгектин элегинен кайра-кайра өткөрүү керек дегендикке жатат.

Үчүнчүдөн: санжырада социалдык-экономикалык, саясий-идеологиялык кабарлар такыр эле учурабайт. Анда уруунун, элдин тарыхы деле жок, же анча байкалбайт. Ошондуктан ал уруу жетекчилеринин, бийлердин, бектердин, хандардын жана ошол уруудан чыккан белгилүү, капчыктуу адамдардын тизмеси катары гана белгилүү болуп келген.

Ошол тизме боюнча эстеп калуу менен санжырачылар кыргыз атанын балдарынын биримдигин бекемдеп, аларды башка этностор менен аралашып, сиңип кетишинен сактап калган. Ошентип, санжыра этностук өзүн-өзү таанууну биздин дилибизге, каныбызга сиңирип, элдик, улуттук аң-сезимге айландырууга зор салым кошкон. Ошондой эле бир инсан өзүн бир этноско ыйгаруу аркылуу түпкү тегине барып такалат да, кыргызга жетип кошулат. Мындан санжыранын дагы бир баалуулугу байкалып, андагы сакталган элдин, улуттун аң-сезими, өзүн-өзү таанусу келип чыгат.

Кыргызстандын коомчулугунда учурда дагы байыркы тарыхты, санжыраны терең изилдеп, аны кунт коюп окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы барбы? Андан көрө, азыркы мезгилде пайда болгон гуманитардык илимдердин жаңы тармактарына көңүл буруп, учурдагы маселелерди чечүүгө аракет жасаганыбыз оң эмеспи дегендер четтен чыгат. Бул пикирди колдоого болбойт. Анткени, өткөндөгүсүн билбеген элдин келечеги жок деп кесе айтууга толук негиз бар.

Ошентип, тескерисинче өткөндөгү тарыхына, маданияты на, ата-бабаларынын өрнөктүү иштерине сыймыктануу сезими өзгөчө кыргыздарда күчтүү өнүккөн. Байыртадан эле кыргыз элинде жети жаштагы бала жети атасын билүүгө милдеттүү болгон. Ар бир муунга 25 жыл берилсе, ошондо жети жашар бала 175 жыл мурда жашап, өткөн жетинчи атасынын ким болгондугун билген. (Ө. Осмонов). Бул нерсенин эмнеси жаман?

Бул жарыкчылыкта санжырачылар болбосо өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай ой, көңүлсүз эскерме каларын элестетип көрүңүзчү? Ошондуктанбы, учурда кыргыздардын көпчүлүгү санжыра-тарыхка кайрыла баштады. Муну менен улут өзүн таанып-биле баштаганын көрсөтүүдө. Совет доорунда элибиз өтө орусташып кеткендиктен улам биз улут катары тарыхыбызга, дүйнө таанымыбызга өзүбүздүн улуттук көз караш менен карабастан, орусчул, же евроборбордук көз караштагы илимпоздордун көз карашы менен карап, башка элдерден көп эле артта калып келебиз. (Баяс Турал)

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов: "Санжыраларда философиянын жана фантастиканын, ошондой эле поэтиканын жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра – бул элдин улуттук эн тамгасы жана аны таануу белгиси"- деп айткан.

Кыргыз элин эки, керек болсо үч миң жылдан бери сактап, өстүрүп келген факторлорунун бири да кыргыздардын өзүнүн генеологиясына жасаган өтө аяр мамилесине байланыштуу болду десек жаңылыштык эмес.

Ошондуктан, санжыраны сактоо менен биз өзүбүздүн кимдигибизди, кайдан чыккандыгыбызды көмүскөдө калтырбастан туура аныктай алабыз, - деп айтсак болот.

## Кыргыз элинин урууларга бөлүнүшү

Кыргыз эли бир нече урууларга жана ошол ири уруулардын ичинен да көп сандаган майда уруктарга бөлүнүп келген. Ар бир уул, ар бир уруу, ар бир канат, ата бөлүмдөрүнүн өздөрүнчө энчиленген аттары бар. Ал аттардын чыгышы айтылган уламыштарга караганда ар бир уруктун бабасынын атына, тамгасына же кандайдыр бир баштан кечирген окуяларына байланыштуу өнүгүп, муундан муунга жеткен. Кыргыз элинин уруулук бөлүнүштөрү-кемчиликтери административдик бөлүнүштүн милдеттерин аткарып, жайлоолор, кыштактар менен менен күздөө, жаздоолор, кыштоолор эгин жайлар жана

башка адам баласынын күндөлүк керектелүүчү нерселери ошол уруулук наамдарга тиешелүү болгон.

Бир улут өзүнчө курамга эгедер, же: жан, үй-бүлө, урук, уруу анан барып эл боло алат. Албетте, муну түшүнүүнүн кыйынчылыгы жок. Бул сөз бир нече жан бир түтүндү (бир үй-бүлөнү), бир нече түтүн урукту, бир нече урук урууну, бир нече уруу элди түзөт деген сөз. Ушунун бардыгы бир организм, бирок биринчиси экинчисине өтүшкөн тил, салт, нарк, рух боюнча биримдикти сактаган жамаат коллектив боло алат. Ошентип, жеке адамдан бүтүн бир улутка өсүп отурат.

Кандай болгон күндө дагы, феодалдык бытырандылык мезгилинде жалпы кыргыз уруулары баш кошуп, бир бүтүн бийликтин алдында боло алган эмес. Ырас, кайсы бир уруу башчылары башка бир уруу башчыларынын жардамы менен өз уруусун башкара алган. Ал гана эмес алардын дагы дымагы жогорулап, башка урууларды дагы бириктирип, башкарууга алганга аракет кылышчу. Ошого карабастан бөлөк уруулардын өз алдынча бийлик жүргүзүүнү каалаган уруу башчыларынын каршылык көрсөтүүсүнүн айынан алар бирикмек турсун көптөгөн пикир келишпөөчүлүктөр, керек болсо кан төгүүлөргө чейин жетип, жиктелүүлөрдүн натыйжасында ошол эле уруулар арасында каршылыктар ого бетер күчөп турган.

Кыргыз эли негизинен Отузуул жана Ичкилик болуп экиге бөлүнөт. Бул эки бөлүктүн ичинде айтылган уламыштар боюнча өздөрүнүн түпкү чыгыштары, бөлөк элге кошкон уруулар же бир эле уруунун ичиндеги өздөрүнүн чыгышын экинчи бир кыргыз уруусуна кошкон уруктар дагы кезигет. Мындай көрүнүштөр кыргыз элинин ичинде бөлөк элден кошулган уруулар да бар экендиги жөнүндө айтылып жүргөн пикирлерге кошумча факт боло алат. Кыргыз элинин урууларынын негизи Отузуул жана Ичкиликтерге бөлүнүшү жөнүндөгү легендалардын ар бири ар башкача жооп берет.

Алдыда айтылып кеткендей легенданын биринде

кырк кыздын отуз уулунан, ал эми шаарларга жакын ичкериде калган он уулунан ичкиликтер тараса, экинчи бир ичкиликтердин составына кирүүчү кыпчак, тейит, нойгут сыяктуу уруулар жана Отузуулдун оң жана сол урууларынын бардыгы 40 кыздын бир гана кызынан төрөлгөн кыргыздардын уулу Угуздан таратышат. Үчүнчү вариантында кыргыз эли кырк эмес, токсон эки адамдан таралат деп айтылат.

Мындан башка карыялардын сүйлөмдөрүндө кезигүүчү "кырк уруу кыргыз" деген сөздү дагы эске алууга туура келет. Кайсы бирлери кыргыз качандыр бир кырк уруудан турган деп, ал гана эмес ошол кырк урууну санап да берет. Алар төмөнкүлөр:

1. Жоокесек
2. Дөөлөс
3. Катаган
4. Моңол
5. Кабыча
6. Тейит
7. Бостон
8. Набат
9. Жүз
10. Нойгут
11. Багыш
12. Думара
13. Каракалпак
14. Каксыба
15. Серип
16. Жедигер
17. Канды
18. Бадаң
19. Кыдырша
20. Кызыл аяк
21. Ончу
22. Базыс
23. Кушчу

24. Мундуз
25. Түрк
26. Кыба
27. Саймас
28. Кылычтамга
29. Айтак
30. Кыпчак
31. Көкүнө
32. Саяк
33. Көлөп
34. Сапыраң
35. Черик
36. Талоо
37. Ардай
38. Тоту
39. Тагылык
40. Шыгай болуп кырк уруунун саны аталды.

Кыргыз, кыр огуз, кыр уруулары, башкача айтканда кырда көчүп-конуп жүргөн уруулар деген маанидеги сөзүнөн келип чыгууга тийиш делип айтылып жүргөн пикирге "кырк өгүз" деген сөздү салыштырып көрсөк, ал кыр кескен кырк уруу деген маанини берет экен. Же кыргыз эли башынан көптөгөн кыргын согуштарды өткөргөндүгүнө байланыштуу, "кырылып бүтпөс эл", же "кырылып бүтпөс" маанисинде "кыргыз" болуп дагы айтылып калышы да мүмкүн. Айрым булактарда ушундай мааниде дагы айтылып калганын жолуктурдук. (С. Мамбеткалиев)

Эгерде жогорудагы саналып кеткен уруулардын көпчүлүгү кыргыз урууларынын азыркыга чейин сакталып калган аттары экендигин эске алсак, кыргыздардын качандыр негизги кырк уруудан турган эл болуусу да ыктымал.

Бирок, өтө күчтүү фактыларсыз бул гипотеза кыргыздын отуз уул жана ичкилик болуп бөлүнүшүнүн себептерин аныктоого толук мүмкүнчүлүк туудурбайт.

# I бөлүм

## Кириш сөз

Кыргыз элинин тарыхы бай жана көп түрдүү. Жер жүзүндө не түркүн улуттар болсо, ошолордун ичинде эң байыркы элдердин бири - кыргыз улуту - биздин эрадан мурда белгилүү болгон калк. Ушул багыттан алып караганда Орто Азия чөлкөмүндө жашаган өзөктөш калктын ичинде кылымдарды карыткан тарыхы бар төрт элдин: татарлар, түрктөр, уйгурлар жана кыргыздардын гана аттары аталып келе жатканы бекеринен эмес. Ошону менен бирге Кыргыздардын тарыхынын белгилери алгачкы замандан башталат, - деп эсептешет, кыргыз элинин көөнө тарыхын изилдеген тарыхчы-окумуштуулар. Демек, Орто Азияда жашаган элдердин ичинен наамы жазма маалыматтарында ушунчалык эрте учураган жогорудагыларды кошпогондо бир дагы эл жок десек, жаңылыштык болбойт.

Жер жүзүндөгү канча түрдүү улуттар болсо, ошолордун ичиндеги эң байыркы элдердин бири - кыргыз. Кыргыз улуту биздин эрадан мурда эле белгилүү болгон калк, - деп улам кайталап айтышыбыздын дагы жөнү бар. Демек, кыргыз эли - ушунчалык узак мезгилден бери далай тарыхый окуяларды баштарынан өткөрүп, өчүп барып кайра жанып, өлүп барып кайра тирилип, бөксөрүп барып кайра толуп, тилин, дилин, эң жакшы салт-санааларын, үрп-адаттарын жоготпой укум-тукумун улап келе жаткан түптүү эл.

"Жерде кыргыз, көктө жылдыз" деп, бекер айтылбаса керек. Кыргыз эли дагы кезегинде жер бетин түгөл ээлебесе

дагы санынын көптүгүнөн ушундай сөз калышы ыктымал. Кырса түгөнгүс, кыйырды ээлеген Кытай эли менен саны теңдеш болгон үчүн алар менен тең ата, керек болсо алардын шаштысын кетирип Манас бабабыз Бээжинге алты ай хандык тактыга отурган деген маалымат эле эмне жөнүндө айтып отурат. Кыргыз атын алып жүрбөсө да, "Каныбызды кыргыздын каны бар" деп, дүйнөнүн бардык бурчунда жашап жүргөн эл жөнүндө (Мисалы: башкырларды) айтсак дагы ашыкча болбос.

Профессор А.Бекбалаев өзүнүн илимий-көркөм чыгармаларында Атилланы кыргыз деп далилдөөгө аракет кылып жүрөт. Эгерде эле анын далили төп келип, айтканы дал келсе, анда Кыргыз тарыхы эң эле байыркы доорго барып такалышы да мүмкүн. Ошондой эле Кыргыз элинин тарыхын кылдат изилдеген окумуштуулардын арасында дүйнөлүк алкакта таанымал илимпоздордун эмгектерине таянып, кыргыздын тарыхы 20-30 миң жылга тете, эң болбосо 5-6 миң жылдык тарыхы бар деп так кесе айтып, жазып жүргөн коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын экс. Мамлекеттик катчысы, Дастан Сарыгуловдун дагы ысымы бар.

Оо, ал кезде айткандай Орто Азия аймагы жергиликтүү уруулар менен элдердин байыркы бай маданияты жана ар түрдүүлүгү менен айырмаланган адамдары толук кандуу калыптанган жерлердин бири болгон. Алардын ичинен Кыргызстандын тарыхы байыркы заманда жана орто кылымда Орто Азияда жана Кыргызстандын аймагында жашаган элдердин, ошондой эле уруулардын тарыхы жана ошол кездеги коңшу жашаган элдердин тарыхы менен дагы тыгыз байланышкан.

Кыргыз эли өзүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө карай кыйын жолду басып өттү. Анын өткөндөгү тарыхы кээде кайгылуу аяктап, чет элдик басып алуучулардын талап-тоноочулук чабуулдары байма-бай болуп тургандыгына карабастан, кийинки бир учурларда аз санда болсо дагы кыргыздар өздөрүнүн жерин жана өз алдынчалыгын

айыгышкан, теңдешсиз күрөштөрдө сактап кала алган. Ушундай катаал шарттарда баскынчылардын ар кандай кысымына кайратмандык менен туруштук берип, кайра аларга каршы сокку уруу менен өзүнүн биримдигин сактап калуу мындай турсун, өз мезгилинде каршылаштарына үстөмдүк кылып келген.

Ошентип, нечендеген кылымдарды башынан кечирген кыргыз эли бирде азайып, бирде эл катары кайрадан баш көтөрүп, бир туунун алдында чогулуп, ынтымакка келип уук сайып, түндүк көтөргөн. Канткен менен ар кандай кырдаал, карт тарыхтын катаал мезгилдери жайнаган көп сандуу кыргыз элин түркүн сыноолорго кириптер кылып, аларды дүйнө кыйырына чачыратты. Муну кыргыз элинин атадан балага калган бай тарыхынан жана узун санжырасынан байкоого болот.

Кээ бир мезгилдерде гүлдөө доорун башынан кечирип, душмандарынын үстүнөн бийлик жүргүзүп келишкени ооз эки маалыматтардан маалым дедик. Кандай болгон күндө дагы ата-бабаларыбыз бизге касиеттүү Ала-Тоо жергесин, мал жайнаган торпу-тектирлерин (Торпу-ашууга, бийик тоого жакын, же тоолордун алкагындагы кырбуу-кырбуу болуп кеткен секи жер), тоо башынан ылдый карап жорткон мелүүн желаргысы чайыган бөксө тоолорун, дүйнөдө теңдеши жок табият бермети Ысык-Көлдү, жабыркаган жанды жай күндөрү өзүнүн сулуулугу менен жай алдырган Соң-Көлдү (Ысык-Көлдөн кийинки чоңдугу жана кооздугу боюнча соңку көлдү десек болот), мөлтүр кашка тоо сууларынын саркындыларынан чогулуп, чатыраган жайлоо көлү Чатыр-Көлдү, түшүмү мол берекеси төгүлүп-чачылган Сары-Өзөн-Чүй сыяктуу сары каймак кулпурган өрөөндөрдү, мөлтүр кашка тоо булактары менен көк кашка тунук суулардан куралган албуут дарыяларды, аскалары асман тиреп:

"Чоку болот тоолордун бийик жери,
Чокудай бол кыргыздын жигиттери" - деп,

Байдылда акын ырдагандай, чокусу булут аралаштырган

бийик-бийик тоолорду душмандын бутун бастырбай, (ал эми ал тоолору кыргыздын өзүн боюна батырып) жомоктогудай нукура кооздукту сактап, биздин мезгилге чейин асыраган жана аларды Кыргызга гана деп мурастап калтырган.

Аны менен бирге кыргыз эли ата-бабаларынын жасаган иштерин монументалдык баатырдык эпосторунда, ырларында, дастандарында сактап, башында айтылгандай элдин рухий байлыгынын күчүн көрсөтө алган.

Кытай династиясынын жыл наамаларына кирген маалыматтар боюнча кыргыздарга б.з.ч. III кылымдарда коло дооруна тиешелүү маалыматтар берилип, өз маданиятын түзгөндүгү, байыркы доордогу сак, усун, хунн уруу союздарынын, алар негиздеген мамлекеттердин чордонунда болгондугу тарыхчылар тарабынан учурда так далилденүүдө. Ошондой эле ат менен кыргыздар Улуу Кытай дубалынын батыш бөлүгүндө хунндар жана юэчжиндер менен коңшулаш, көчүп-конуп жашоо өткөрүшкөн. Маалыматтарга таянсак б.з.ч. 160-жылдары алардын бир бөлүгү сактарды жана юэчжиндерди талкалап, Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен. Ошентип, кыргыз мамлекети өнүгүп отуруп, IX-XII кылымдарда Батыш Азиянын кенен мейкиндигин ээлеп, Кыргыздардын улуу мамлекети деген ат менен тарыхта өчпөс изин калтырган.

"Кытай бузулса кылым бузулат" деп жүрүшөт. Бул кытай элинин калкынын санынын ого эле көптүгүнөн айтылып калган сөз экендиги талашсыз. Тескерисинче, аталардын айтканына көңүл бурсак: "Кыргыз бузулса, кылым бузулары" анык. Себеби, кыргыз эли - касиеттүү, уюткулуу, түпкүлүктүү, тектүү, аруу жана башка элдерге көп жагынан окшобогон куулук-шумдугу жок, башына иш түшмөйүнчө кыймылдабаган момун, меймандос, калыс эл.

"Башкасын коюп Манасты айт" демекчи, кыргыздардын жашоо-тиричилигин толук камтыган, жылдын төрт мезгилине ылайыкташтырылган өзүнө гана мүнөздүү

каада-салтын, үрп-адатын айтсак негиз бар. Үзүлүп кетип, уланган, чачылып барып жыйналган, кээ бир кыйналып жок болуп кете турган учурларда эбептен-себеп табылып, атын кылым кыйрына жеткирген бул куттуу элди өзүнүн Кудуреттүү Кудайы колдоп келет деп айтып келишет, ошол сөздүн сыйкырына ишенген көпчүлүк. Кандай болгон күндө да эркин замандын шарапатында илимпоздор бул элди дагы терең изилдеп, дагы жаңы фактыларды, далилдерди таап чыгаар.

Ошондуктан, кыргыз улутунун байыркы элдердин бири катары дүйнөлүк тарыхта таанылып калгандыгын байыркы заманда мамлекет болгондугу менен гана түшүндүрүүгө болот. Бул жөнүндө Бернштам, Худяков, Абрамзон, Аристовго окшогон дүйнөгө таанымал окумуштуулар эчак эле айтып салышкан. .

Бирок, илгертеден кыргыздарда жазма-чиймелердин жоктугунан ата-бабаларыбыздын баскан жолу, даректери оздон- оозго айтылып, орто жолдо үзүлүп- чачылып, толук жетпей, кээ бир учурларда көбүртүлүп-жабыртылып, такталбаган маалыматтар аралашып айтылып калганы канчалык өкүнүчтүү.

Жогорудагы айткандарга жараша азыркы Кыргызстандын аймагындагы көптөгөн топонимдер белгилүү бир өлчөмдө кыргыз элинин тарыхына тиешелүү болгон көп окуялардын далили болуу менен бирге, жамаатташ түрк элдеринин ортосундагы тил жагынан дагы тектештигинин айкын күбөсү болуп келет. Ошону менен бирге эле башка бир катар сөздөрдүн түпкү тегин, маанисин табууга ошол эл жашаган аймактарды байланыштырып, салыштырып кароо менен гана аталыштарды туура аныктоого болот.

Андыктан, Кегети деген аталыштын түпкү тегин аныктоодо бир канча варианттарды карап көрүп, алардын талапка жооп берет дегендерин гана иргеп түшүрдүк.

# Кегети качан пайда болгон?

Чүй боорунда биз сөз кыла турган тоо этектей жайгашкан Кегети деген айыл бар. Ырыскысы ашып-ташып, төгүлгөн бул айылдын айтыла турган тарыхы кенен, ага жараша айылдын жашоочуларынын баскан жолу да узак жана байсалдуу десек боло турган. Анан калса айылдын астанасын аттабай туруп эле бир караган көзгө "Кегети жана кегетиликтер" жөнүндө көпчүлүк адамга кеңири маалыматты жеңил эле баяндап бергенге мүмкүнчүлүк табылчудай сезим жаралышы мүмкүн. Муну айтканымдын себебин айылдын өзүнө гана ылайык 200 жылдык тарыхы, анын атагын чыгарган адамдаырынын башка көпчүлүк айылдарга салыштырмалуу арбындыгы жана алардын көпчүлүгү коомчулукка эң эле белгилүү инсандар экендиги менен түшүндүрсөк болот. Ошонусу менен Кегети айылы башка кыргыз айылдарынан көп эле айырмалуу. Бул эми Кегети жергесине жаңы кадам таштаганда гана учкай сөз кыла турган божомол сөз. Чындап келгенде айыл жөнүндө айтыла турган баяндын түбү терең, басып өткөн жолу татаал жана өтө узак.

Деген менен Кегети менен Баласагын шаарынын жашы бирдей болушу да мүмкүн деген божомолдор болгон. Арийне, мындай божомолдун чындыкка жакындыгын Тогуз-Булактан чыккан суу түтүктөрүнүн болушу, секидеги шаар чалдыбарынын жайгашкан орду далилдеп турат. Мунун аягына сөзсүз түрдө окумуштуулар чекит коюшу мүмкүн.

Архивдик маалыматтарга таянсак Кегетинин жашы эки кылымга жакын мезгилди ичине камтыйт экен. Ошондон ушуга чейин бул жердин ээси катары жашап келген жергиликтүү калктын саны дагы арбын, же 1991-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча айыл аймагында 1992 адам жашаганы белгиленген.

Ал эми ушул мезгилге чейин Кегети эч бир атын өзгөртпөстөн же алмаштырбастан, белгилүү, белгисиз

себептер менен алмаштырылса да кайрадан калыбына тез эле келтирилип, келе жаткан (биринчи жолу орустар тарабынан кыска мөөнөттө Подгорный (тоо түбүндөгү айыл, экинчи жолу совет доорунда Карл Маркс колхозу болуп өзгөртүлгөн) республиканын аймагындагы бирден-бир айыл болуп чыкты. Калкы негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенип, бул багыттан алганда башка кыргыз айылдарынан эч кандай айырмачылыгы деле жок сыяктуу.

Кыргыз энциклопедиясын барактап отуруп, Кегети айылы 1816-жылы негизделген деген маалымат да табылды. Демек, байыркы мезгилдерден ушул күнгө чейин сакталып келген жер шарындагы көптөгөн жерлер сыяктуу эле Кегети айылынын тарыхы дагы 200 жылга барып такаларын (мүмкүн андан дагы көптүр) жогорудагы маалыматтан сырткары дагы ошол айылдын сакалдуу адамдары айтышат экен.

Атаганат, Кегети эмес жамы журттун илгерки өткөн күнүн саймедиреген канча бир Кегетилик адамдардын билгени кагаз бетинде түшүп, сакталып калбай өздөрүнүн баштары менен кеткени өкүнүчтүү.

Ошондуктан, Кегети жөнүндө тарыхый так маалымат азыноолак болгондон кийин, ошол жазылган тарыхка чукулдатып, санжырачы-тарыхчылардын, кээ бир куйма кулак адамдардын айткандарынын негизинде болжолдуу маалыматтарды чогултуп, аларды иретке келтирүү менен жер өңүтүнүн, эл тагдырынын тууралыгын аныктоо мүмкүнчүлүгү табылдыбы? Же, мунун канчалык чындыгы жана катачылыгы бар, бизден кийин изилдей турган бул багыттагы ишке тиешеси бар кызыкдар жаштардын милдети болобу, муну турмуш өзү көрсөтөт.

Биздин бул ишти баштап койгонубуздун да чоң мааниси бар.



**Көлтөр**



**Кегети өрөөнү**

# Кегети өрөөнү

Кайсы жерде болбосун ошол жердин жашоочуларынын башынан өткөргөндөрү, кайгы менен кубанычы, өз жергесинин көркүнө, жаратылышына болгон терең сүйүүсү өздөрүнө гана дайын болгон наам менен чиеленишип, адам жаны менен ажырагыс байланышта калып келген.

Анын сыңарындай Кегети айылы ошол айыл атын алып жүргөн Кегети өрөөнүн өрдөп, өзөн бойлой өскөн жапан тал-теректерди, өндүр бойлоп өскөн карагай, арчаларды аралап тоо таянат. Ал Кыргыз Ала-Тоосунун Түндүк капталында Кегети суусунун боюнда, Чүй районунун аймагында жайгашкан. Өрөөндүн узундугу 35 чакырым, таманынын жазы жери 3-6 чакырымга, ал эми кууш жери 500-600 метрге жетет. Айылдын таманы, же Чүй өрөөнүнөн чыга бериш жери (өрөөндүн оозу) деңиз деңгээлинен 1400 метр бийиктикте турса, төрү 3600 метр бийиктиктен да жогору көтөрүлүп, көп жылдап ак кар, көк муз баскан шиш чокуларынан жана мөңгүлүү алкактардан турган аскалуу тоолор менен курчалган.

Өрөөн эрозиялык жана денудациялык (талкалануудан) процесстердин кайталанышынан пайда болгон, дешет окумуштуу-изилдөөчүлөр. Кызыгы, ошол эле Кегети айылынын төмөнкү бөлүгүнөн жогорку бөлүгүнө чейинки жердин айырмачылыгы 29 метр бийиктикти түзөт. (З.Алиев)

Өрөөн Теке-Төр, Көл-Төр, Кашка-Суу, Шоро, Ат жайлоо, Миң-Теке сыяктуу жайлоолорун тепчип өткөн Кегети суусунун күн чыгыш жээгинде жайгашып, касиетинин күчү ушунда го башка көп эле жер-жерлерде болбогон өзгөчөлүк ушул айылга кирип турган хрусталдуу мөлтүр тунук, кашка сууларга жана сандаган жылгалардан көз жарган булактарга, ошондой эле көптөгөн буйткалардан кездешкен кара сууларга байланыштуу болушу мүмкүн.

Ал эми суунун башталган башаты көпчүлүк кыргыз жергесинде кездешкен жерлердеги суулардай эле 3-5 км

жакын аралыктагы бийик жылгалар аралыгынан чыгып төмөн агат.

Өрөөндө талаа жана шалбаалуу талаа, бийик чөптүү шалбаа ошондой эле суу бойлоп өскөн токойлуу жапыз бадал өсүмдүктөрү басымдуулук кылат да, боз топурактуу жарым чөл ландшафты мүнөздүү. Тоо этектеринде жана өрөөндүн баш жагында (деңиз деңгээлинен 900 метрден өйдө) ачык коңур топурактуу кургак дөңсөөлөр ландшафт өөрчүгөн: анда шыбак, бетеге, кылкан чөп, буудайык, коңур баш өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Таштак жерлерде жана сай таманындагы суу жетпеген жээктерди бойлой майда бадалдар (алтыгана, ит мурун ж.б) өсөт.

Түздүктөгүгө караганда тоо этектеринде кышы жумшагыраак өтүп, жайы салкын келсе, тескерисинче улам бийиктеген сайын абанын температурасы төмөндөп, жылдык жаан-чачыны арбыйт. Жогорудагы аталган тоолордун түндүк жана батыш айдарым капталдарында жаан-чачындын көп жаашы жылдын төрт мезгилине туура келет.

3702 метр чамасындагы Теке-Төр, Миң-Теке тоолорунун кыр зоналарында мөңгүнүн ири чордону жайгашкан. Ал жылдын төрт мезгилинде өз көлөмүн өзгөртпөстөн сактап турат. Ал мөңгүлөрдүн куралуу аймагындагы калыңдыгы 20-30 метрге жетип, улам бийиктеген сайын жукара берет. Мөңгүлөр жана сезондук жааган кар топтомдору жай айларында Кегети суусунун негизин түзүп, айдоо аянттарын ж.б күнүмдүк керектелүүчү өзүмдүк айдалчу жерлерди сугаруу үчүн анын мааниси чоң. (Р.Ж.Забиров)

## Кегети ашуусу

Жогорудагы аталган тоолорду аралап өткөн ашуу географиялык картанын алкагынан алып караганда Кыргыз Ала-Тоосунда жайгашкан. Кегети (Чүйдүн оң куймасы) жана Чыгыш Кара-Кол (Кочкордун сол куймасы) сууларынын башынан орун алган. Өрөөн бүтүп, бел

баскак кайкы башталган жердеги ашуунун эң бийик жери 3702 метрге жетет. Тоо кыркаларынын чокулары ашууга салыштырмалуу 400-500 метрдей бийиктиктеги айырмачылыгы бар. Чүй тарабы анчалык бийик болбогону менен Кочкор тарабындагы капталдары өтө тик жалама аскалардан куралган.

Бул ашууну изилдеген окумуштуулардын материалдары нын кортундуларына таянсак, ал девон менен карбондун кумдук катмарлуу конгломерат, сланец, мергель деген аталыштагы тектеринен турат экен.

Ашууга Союздун учурунда СССР Министрлер Советинин председатели А. Косыгиндин сунушу менен Чүй жана Кочкор өрөөнүн байланыштыра турган автожол салынган. Ийри-Суу жана Суусамыр жайлоолоруна дагы ушул эле Кегети ашуусу аркылуу мал айдалып, эт комбинатына жеткирилип турган. Бирок, бел баскак туу жонго кышында кар калың түшкөндүктөн авто жол гана эмес ат жол да 3-4 айга жабылат. Ага жараша бул ашуунун мааниси жоголуп, ал кегетиликтерге жана башка жерлик көчүп-конгон малчылар үчүн жылдын төрт мезгилинде бирдей кызмат өтөй албай, бул ашуунун стратегиялык мааниси жокко эсе.

## Кийик жүргөн бел менен

Миң-Теке тоосунун миздүү кырлары канаттуу куштан башка жан-жаныбардын таманы тийбеген, шамал айдаган булуттан башка түнөбөгөн, кийиктин калың тобунан башка жүрбөгөн көк мелжиген бийиктикте жайгашкан. Тоонун аты эле айтып тургандай Миң-Теке жайы-кышы кайберендин түрүнө бай, кара кийик мекендеген ажайып жай. Тоонун бийиктигине жараша бул тоо ошол кайберенге гана ылайык, алардын жан сактоосуна ыңгайлуу.

Кыскасы, мындай жер эзелтеден бери эле мергендердин күндүзү эрмек кыла турган, кийикке жасаар дүмөгү, түн ичинде жата турган түнөгү болуп келген эмеспи. Ошол Миң-Текенин Кочкор тарабына ооп түшкөн жеринде

миздүү асканын кыр жону турат. Аны кегетиликтер "минме" деп аташат экен. Аны мергендин мергени деген тубаса "альпинисттери" гана ошол зоонун артындагы тосотко өтүш үчүн жандарын оздоруна тиштеп алып, минип өтүшкөн. Ал эми андан ары оой берген жалама тик беттеги кийик чубаттын билинер-билинбес изи ошол эле зоонун нары жагына өткөн бетинде Жүкөштүн, Сары Абдылданын жана Саамайдын ж.б. мергендердин тосоту деген кийик тосоттору бар.

Ошондон улам минмени негизинен ушул үч мерген гана минип, тосотко өткөн окшойт деген бүшүркөө пайда болот. Аталган мергендердин экөө дагы Кегети айылынын кулундары. Алар аты аңыз болуп, кийик баскан бел менен, аркар өткөн жер менен жүргөн кыл мергендер болушкан. Булар аң уулоонун кызыгына батып алышса жумалап кийиктин артынан калбай "Кожожашча" жүрө берген адаттары болгон. Демек, бул тосотту дагы Кегети тосот десек, жогорудагы мергендер өткөн миздүү асканы кегетиликтердин "минмеси" деп атасак боло турган. Себеби, азырынча бул минме аталган кыр жондуу асканы жогорудагы аталган үчөөнөн башка адам минип өткөнүн уккан, көргөн адам жок.

## Касиеттүү Тогуз-Булак, же Кегети менен Баласагын киндиктеш

Айылды аралап аккан касиеттүү Тогуз-Булактын суусуна туташтырылып, кайсыл мезгилдерге тиешелүү, анысы белгисиз бир учурда тизилген таш түтүк курулган экен. Ал түтүк аркылуу жүгүргөн суу Кегети айылын аралап өтүп, баласагындыктарга, азыркы Бурана эстелигине чейин жеткен. Баласагын шаарынын тургундары кегетиликтер менен даамдаш-өзөктөш–киндиктеш болуп, биринин жакшылыгы экинчисине өтүп, туугандашып калганы ошондон болгон окшойт. Дагы бир божомол Кегетинин азыркы мүрзө жайгашкан секисинде шаар чалдыбары

Баласагын шаар төбөлдөрүнүн резиденциясы болушу да мүмкүн. Себеби, бул жерден караган кишиге Бишкек-Кемин аймагы алаканга салгандай көрүнөт.

Көрүп-билгендердин айтымында кезегинде Тогуз-Булактан чыккан суу бир кулактан ашып, айылдыктар огороддорун сугарышканы да маалым. Учурда деле суунун деңгээли бир аз тартылганы болбосо, ошол эле калыбында тургандай. Булак суусу түтүк менен Өтөгөн (Бириккен), Чапай, Совет, Дөң-Арык, Жаңы-Жол жана Токмок шаарына чейин жетет. Ушул жагдайдан алып караганда, "Эл башы болгуча, суу башы бол" деген кыргыздын кеменгер сөзүнүн чындыгы эске түшүп, кегетиликтердин жайгашып калган жерине суктанбай коё албайсың.

Бул суу түтүктүн айылдыктарды айрыкча таң калтырганы ушул, канча мезгил өтсө дагы ошол таштан төшөлгөн суу түтүгүнүн бир канча мезгилге чейин бузулбай турган өзгөчөлүгүндө. Ага кезинде көздөгөн жерине жетпей, суу жерге сиңип жок болуп кетпес үчүн капталдарына бирдей окшош жалпак таштар жылчыгы жок төшөлгөн. Анын үстүнө иргелген жалпак таштар кынапталып жаткырылып, анан топурак менен калыңдап жабылган экен. Бул кимдин колунан чыгып, кимдин аракети менен кайсы чыгаан уста кынады экен эринбей, бул дагы табышмак. Ошентип, Тогуз-Булак өзүнүн касиети менен чыгармачыл адамдардын да жан-дүйнөсүн козгоп койгон. Төмөндөгү:

Чаңкасам суусун берген Тогуз-Булак,
Куштармын, сени дайым көргүм келет.
Жашымда сага тиккен, чырпык өсүп,
Багында булбул сайрайт үнүн безеп.

Эмне үчүн ушунчалык сүйөмүн мен,
Себеби, киндик каным кетирген сен.
Эгерде бөтөн бирөө алмаш десе,
Тамчыңды дайрасына көрбөймүн тең,-деген

Кегетилик акын Сайдин Исаковдун саптарын окуганда да чын эле Тогуз-Булактын касиетине ынанбай коё албайсың.

Ошондой эле канчалаган оор-кыйын кезеңдер, эсеби эсте калбаган мезгил өтүп таш түтүктүн бузулган жерлерине кийин-кийин кыргыздын башынан жыгач буюмдарына колдонгон ыкма аркылуу өзгөчө технологиялык жасалгалоодон өткөрүлүп, майга кайнатылган жыгачтан жасалган суу түтүгү жаткырылганбы, айтор, алардын калгандары чирибей күнү бүгүнкүдөй ошол калыбында сакталып турат дешет айылдын тургундары. Муну айткандар албетте, Султан Мамбеткалиев жана башка ал курдуу адамдардын жашы эбак эле жетимиштен өткөн сакалдуу кегетиликтер болду.

## Эң бийикте жайгашкан бөгөт көл

Ал эми Кегети капчыгайын жара бөлүп аккан суунун жээгин бойлой өрдөп барганда тик өйдө кеткен жол боюндагы Бала-Тепши жана Чоң–Тепши деп аталган малчылардын чакан тобу конуш кыла турган тектирчелер орун алган. Алардын баш жагында кол менен жасап койгондой, бийик тоонун боорунда бир олуттуу сыйкырдуу күч менен чөмүчкө куюлуп, сакталып турган тунук сымап сымал жайгашып калган өзгөчө керемет "Көл-Төр" деген аталыштагы көздүн жоосун алган чакан көлү бар. Мына ушул баш айланткан бийик төрдөн орун алып, деңиз деңгээлинен 2 миң 233 метр бийиктикте жайгашкан таң калыштуу бөгөт көлгө суу туш-тарабынан курчаган аска коңулдарында түбөлүк орун алган мөңгүлөрдөн сыгылып, сансыз жылгалардан агып келип топтолот. Анан корум таштарды аралап аккан суу бир эле жерден чыгып, Кегети суусуна кошулат. Аны жергиликтүүлөр, "Көл-Төрдүн суусу" дешет. Көлдүн узун жак капталы 0,7 чакырымга жетсе, туурасы 0,5 чакырымга жетип, жалпы аянты 0,2 км$^2$ түзөт. Көл-Төр Кыргызстандагы тоо арасында жайгашкан чакан көлдөр сыяктуу эле бөгөт көлдөрдүн катарына кирет. Ал айланасындагы тоо капталдарынан жүргөн шагыл көчкүсүнүн коктуну бөгөп калышынан пайда болгон сыяктуу.

Көл-Төрдүн суусунун температурасы жылдын эң ысык мезгилинде дагы 0 градус селциядан ашпайт. Ошондой эле ошол ысык мезгилдеги эң эле муздаган убагы эртең мененки саат 4-5тер чамасында суткалык температура ампулитудасы 20-25 градус селцияга чейин төмөндөп, тиш какшатар муздак. Көл суусунун тунуктугун ушундан билсе болот, түпкүрүндөгү жаткан таштардын өңү-түсүн колго кармагандай так ажыратууга болот. Ага жараша көл ичинде жашаган суу жандыктары жок. Көл-Төрдө чогулган суунун көлөмү 256 куб метр.

Ошол эле Кегетиден чыккан, Кыргызстандын география илиминде орду бар, Кегети айылынан чыккан биринчи географ-окумуштуу Алиев Зарлыктын "Чуйская долина" деген чакан китепчесинде: "В месте выхода родниковых вод образовался глубокий овраг, явно имеющий тенденцию к дальнейшему врезанию в тело плотины. Кроме, того имеются сведения, что особенно в многоводные, влажные годы озеро имеет и поверхностный сток (например, так было 1979 году), - деп берилген экен. Чын эле мындай көрүнүш кайталанып калса, Көл-Төрдөгү суу жээгиндеги кум, шагыл таштардан курулган плотинаны жырып жиберип, суу ташкынын жаратышы мүмкүн.

Көл-Төр жөнүндө Кыргыз атласында: "...Көл-Төр, тип многочисленных, но небольших по величине моренно-ледниковых запрудных озер, образованных в высокогорной зоне у концов глеогеров. Этимология; из кыргызских көл, это "озеро", а төр "цирк". "Озеро в цирке" озеро верхней части горной долины". Озеро и реки в горах; Кыргыз Ала-Тоо, Күңгөй Ала-Тоо и Тескей Ала-Тоо"-деп белгилеген маалыматында ушундай салыштыруу менен жазылган.

Бирок, "төр" деген аталыштын мааниси боюнча алсак, кыргыз боз үйүнүн улага, эр тарап, эпчи тарабы сыяктуу түзүлүшүндөгү төр түшүнүгү көрүнгөн эле адамдын таманы тие бербеген сыйлуу орунду элестетүү менен көлдүн өзгөчө жерде жайгашып калганына маани берсек болот. Муну менен бул сөз "Төрдөгү көл" маанисинде

айтылып калышы дагы ыктымал экендигин ойлоп койдук.

Жогоруда белгиленген топоним Көл-Төр жөнүндөгү аталыштын реалдуу географиялык абалын так чагылдырат. Көлдүн жайгашкан жери өзгөчө бийиктикте болгондуктан Көл- Төрдү тегеректеген тоо кыркаларынын климаты да ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Себеби, Кыргызстандын климаттык шарты анын географиялык абалына байланыштуулугу аныкталган. Кыш мезгилинде көлдүн бети катмарланган муз кристаллдары менен жабылат.

Жергиликтүү элдин айтымында тоо чокуларында жайгашып калган Көл-Төрдөн (Төрдөгү көлдөн) башка дагы кичирээк, чакан көлдөр дагы бар дешет аларды көргөн билгендер.

Ал эми Кегети аймагынын түзөң бөлүгүнүн климаты Көл-Төр жайгашкан аймактарга салыштырмалуу континент тик жана кургак. Жайы ысык. Кышы мелүүн – суук. Жазы кыска, ал март айынан башталып, аба ырайы кескин жылуу боло баштайт. Бирок, май айынын аягына чейин маал-маалы менен үшүктүн жүрүшү байкалат. Июнь айы толук башталa электе эле узак жай башталат. Бул мезгилде аба ырайы негизинен туруктуу, шамалсыз.

Жай айынын орточо температурасы 22-25 градус. Батыштан келген циклон бул аймакта дагы катуу, бирок кыска мөөнөттүү шамалды пайда кылат. Белгилеп кете турган нерсе ошол шамалдын дагы аты бар болуп чыкты. Аны жергиликтүү эл "Кегети шамалы" деп аташат экен. Эгерде батыштан чыгышка соккон шамалдын илеби келсе жаан жаашы күтүлөт. Ал эми ошол эле убакта Кегети шамалы жүрүп кетсе жаан токтолот дешти, аныц баамдап жүргөн көпчүлүк.

Жайкы күндүн аптабы Кегети тоолорунан башталып, Кегети өрөөнүн бойлоп төмөн соккон тоо-өрөөн шамалы алып келген түнкү салкын жел менен алмашылат. Кегети

аймагында жылдын жылуу мезгили орто эсеп менен 170 күнгө созулат. Күн батаары менен "Кегети шамалынын" аркыраган күчтүү агымы өкүм сүрөт, ал эми күн чыгаары менен сыдырым жел бетти аймалайт. Ошондуктанбы, кегетилик акын, журналист Муслим Өмүралиев:

Кегетинин жылуу, жумшак шамалы,
Алып келет атыр жыттуу абаны.
Чачтан сылап, беттен сылап аймалап,
Эркелетет кучагында адамды, - деп Кегетинин шамалы менен сыдырым желине бекер жеринен кызыгы артылып, толкунданбаса керек.

Күз мезгили кургакчыл жылуу, мойну узун, коңур. Ошого байланыштуу техникалык өзүмдүктөрдү жыйнап алуу үчүн жалпы Чүй аймагындагыдай эле дыйкандарга убакыт кенен жетет.

Кыш күттүрбөй тез түшөт да 75-90 күндү ичине камтыйт. Декабрь айында жааган кар, март айында кетет. Кышкысын кээ бир жылдары Чүй өрөөнүндө күн жылуу болуп кар эрип кетсе, Кегетинин кээ бир аймагында март айынын аягына чейин кардын толук сакталганы байкалат. Ошентип, Кегетинин 5-6 чакырым Түндүк жагындагы айылдарда жазгы талаа иштери башталгандан кийин гана кегетиликтер аларга салыштырмалуу айдоо-себүүсүн 10-15 күнгө кеч башташат.

Капчыгайдын башында жайгашкан Көл-Төр көл комплекси ага аймакташ жайгашкан уникалдуу тоо ландшафт пайда кылып, рельефтин түрдүү формалары менен типтери ийне жалбырактуу арча жана туташ токойлорду камсыздап турат. Ошондуктан, жер кыртышын толук сактоо максатында Кегети жана Шамшы табигый комплексттерин корукка алууну жана аларды сарамжалдуулук менен пайдаланууну талап кылгандыктан алар Совет учурунда уюшулуп, азыркы мезгилде дагы толук кандуу иш алып барып жатышат.

## Табият эстелиги- Кегети шаркыратмасы

Ал эми ошол эле көлгө аймакташ жылгалардан пайда болгон жана жайнаган таштардын тоскоолдугуна кабылып, аларды аралап агып башаты "Тентек суу" аталган суу бир нече кашаттан ашып төмөн кулап, шаркыратма башталган жерге келип кошулат. Ошол суу Кегети суусунун сол куймасындагы капчыгайды негизги өрөөнгө кошо турган жердеги акиташ тектүү тик кашаттан окторула агып түшөт. Теке секирик жасагандай буураакандап бийиктен куюлуп түшкөн шаркыратманын шоокуму тоо ичин жаңыртып, анын бар экенин капчыгайды өрдөп келе жаткан адамга алыстан эле кабарын билдирип турат. Бул атайлап жасалгандай коздуктагы табияттын колу менен курулган жаратылыш эстелиги сымал шаркыратманын бийиктиги 18-20 метрге жетип, Кыргызстандагы шаркыратмалардын бийиктеринин катарына кирип, эни дагы өтө эле жазы.

Шаркыратма өрөөн аркылуу өткөн кара жолго жакын жайгашып, ошого жараша айланасында адам көңүлүн бура турган укмуштуу кызык нерселер көп болгондуктан, шаркыратманын жана Көл-Төрдүн дайнын угуп келген туристтердин эс алуусуна өтө эле ыңгайлуу. Ошондуктанбы, эс алуу үчүн келген жергиликтүүлөр жана ар ар жерден келгендер бул жерлерге ишемби жана жекшемби күндөрү толуп кетет.

## Борончунун багы

Кегети капчыгайынын оозунда жайгашкан Арпа-Тектир айылынын төш тарабында Бороончунун багы деген калың бак бар. Ал бак кадимки айтылуу ак таңдай акын Ысмайыл Борончиевдин атасы - Борончунун өзү тигип, асыраган бак. Ал кишинин ошол эле бак тигилген аймакта кыштаган кыштоосу болгон. Кыргыз элинин багына жаралган ак таңдай, төкмө акын Ысмайыл да ушул кыштоодо туулуп, энеси жаңы көздү ушул бактан кармалган булбулдун тили



Кегети капчыгайы



**Кегети өрөөнү**

менен оозандырган деп айтышкан. Кийин ошол бакка келип Ысмайылдын өзү да көп жолу ырдап, кегетиликтерге бекер концерт коюп, эрмек болчу дешет.

Демек, бул бак дагы кегетиликтердин тарыхы болуп шуулдап, өтүп кеткен ошол эле кегетилик инсандардын эстелиги катары дагы эле алыстан шаңы көрүнүп дүпүйүп турат.

## Кегети суусу

"Кегети суусу терең деп,
Кече албай турам элеңдеп.
Өткөрүп койсоң болбойбу,
Көпүрө салып белендеп" - деп, кегетилик кыз-жигиттер ырдап жүрүшкөн башатынан эле таштан-ташка урунуп бишкектелип, жанчылган касиетүү Кегети суусунун суу артериясы Чүй районундагы суулардын ана башы болуп Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталынан башталат. Совет доорунда, ага чейин деле ушул Кегети суусу киргенде карарып, кечүү берчү эмес экен. Кечип өтүүгө белсенип, сууга киргендерди аты менен агызып, мерт болгондор болгон дешет. Ошон үчүн бул сууну "Эркек суу" деп атап калышкан.

Кийинки кездерде бул аймактагы жердин негизги бөлүгү толук иштетиле баштаган мезгилден бери Чүй дарыясына жетип, жетпей сугат сууларга бөлүнүп кеткени айтылат. Же суу улам ылдыйлаган сайын тоо арасына караганда жаандын жаашы азырак өлчөмдө болуп, бууланую көбүрөк жүргөндүктөн суунун төмөнкү алабындагы көлөмү азаят. Анын үстүнө суу Союз мезгилинде Кароол-Дөбө тоосун тепчип өткөн кууш жеринен буулган. Ошол теңинен бөгөлгөн суудан рекреациялык максатка ылайыкташтырылган суу сактагыч-көлмөнүн курулушу дагы башталып калган. Бул дагы суунун аягына чыга турган көлөмүнө таасирин тийгизбей койгон эмес.

Ошондой эле тоо этегиндеги борпоң тектерге сиңип,

"кыртыш", басым кыртыш жана басым суулардын комплексттерин түзөт. Ал басым суулар ар кайсы жердеги нуктардан, өзүнчө аянттардан жер үстүнө чыгып, кара сууну жана саздарды пайда кылат. Мындай жер Кегети аймагында арбын кездешет. Жер астындагы бул суулар калктуу пункттарды таза суу менен камсыздап турат. Ошентип, Кегети суусу башатында эле кегетиликтердин гана анык энчисине буюрган.

Кегети суусунун жалпы узундугу 55 чакырым. Алабанынын аянты 29км². Баш жагында токойлуу кууш өрөөндүн ичи менен агып, өзөнүндө шагыл таштар, босоголор бар. Тоонун чыга беришинде өрөөн кеңейип, салааларга бөлүнүп кетет. Негизинен суу мөңгүдөн, кар суусунан, көпчүлүк бөлүгү ар кайсы жылгалардан сыгылып чыккан сансыз булактардан куралат. Суунун жылдык орточо чыгымы 2,34 метр куб секунд. Эң көп чыгымы июлда болсо, эң аз чыгымдалганы февралда байкалат. Май айында кирип, ноябрда тартылат.

Ири куймаларынын эң чоңу башында айтылгандай Көл-Төр. Ага жеткире турган оозундагы босогодон башталган капчыгай аралыгындагы жолдун узундугу 17 чакырым. Кегети суусунун жээгинде Кегети, Жаңы-Жол, Дөң-Арык, Ак-Бешим, Бириккен (азыркы Өтөгөн айылы), Чапай, Кыпчак (азыркы Акматбек айылы) жана Совет кыштактары жайгашып, Кегети суусун сугатка дээрлик ушул кыштактарда жашаган калк пайдаланышат.

"... Кегетинин суусу турат буркандап,

Сенин дагы, менин дагы канымда"- деген Кегетилик залкар жазуучу, Кыргыз Эл акыны Насирдин Байтемировдун саптарында күчтүү илеп менен белгиленгендей, ошол суунун касиети Кегетинин ажарын арттырып, анда жашаган кегетиликтерди дагы Кыдыр даарыган эл экендигинин чындыгы бар сыяктуу.

Айылды айланта курчаган Тогуз-Булакты айтпаганда дагы Асылбөлү булак, Балтабай-Булак, Сурмадай-Булак, Алмадай-Булак, Сазык-Булак, Апче-Булак, Ажыдаар булак жана Таш-Булак деген жана башка көптөгөн аталыштагы булактардан суу ичкен кегетиликтердин жашоо өзгөчөлүгү башка аймакта жашаган адамдарга караганда чындыгында башкадай, чын эле бир сыры барбы? - дегидей түкшүмөлдү жаратат.

Муну айткан себебим, сөз ушул чакан айылдан чыгып, кыргыз элине "аттын кашкасындай" деп баса көрсөтүлүп, айтылып жүргөн сөз сыяктуу таанымал адамдардын көптүгү, эл арасынан чыккан түрдүү мезгилдин каармандары болушкан карапайым эмгек адамдарын кошуп айтпаганда да: академиктер, эл депутаттары, Эл жазуучусу жана белгилүү акын-жазуучулары, эки бирдей Эл мугалими, жыйырмага жакын илимдин докторлору, профессорлор, токсондон ашуун илимдин кандидаттарынын чыккандыгында болуп жатат. Мындай өзгөчөлүк Кыргызстандын кайсы айылында бар, бизди мына ушул кызыктырат.

Таң калтырып көңүлүмдө элеси,
Такыр ойдон чыкпаганы эмнеси.
Жаралгандан бул дүйнөгө кез болуп,
Жандай сүйкүм туулган жерим Кегетим!-

деп, дагы бир өзүн кегетиликмин деп санаган белгилүү акын-сатирик Жапаркул Алыбаев (анын туулган жери Кегетинин күн батыш тарабында жайгашкан Бириккен айылы (Азыркы Өтөгөн) болгону менен өзүн кегетиликмин деп сыймык менен атаганы жогорудагы ыр саптарынан көрүнүп турат) жазгандай Кегетинин ар кандай оң, сол уруктан куралган тургундарын бири-бирине жакындатып, туугандаштырып бир эл кылып, бири-бирине жасаган мамилелери бир эне, бир атадан туулгандай бир туугандык мамилеге жеткирип, өз мезгилинде анда жашаган белгилүү, белдүү ата-бабаларынын көз жумган жери көңүлдөн кетпей мунарыктайт. Ошон үчүнбү: "Кайсы жерликсиң?" деп сурасаң; "Кегетиликмин да!" деген сыймыктуу жооп,

ар бир ушул айылдын жашоочуларынын илебинен жеңил чыкканын байкайсың.

Ал турґай Кегетиге кошуна турган айылдардын адамдарынын Жапаркул Алыбаевден башка деле өздөрүн эмнегедир "кегетиликпиз" дешкендерин байкап жүрөбүз дешкен жергиликтүүлөрдү кезиктирдик.

Ошондой эле ар бир адамдын кыялында жашаган аялуу сыры жана туулган жерге болгон сүйүүсү көлдүкмүн, нарындыкмын, баткендикмин, токтогулдукмун, ат-башылыкмын, кеминдикмин деген сыяктуу сөздөргө байланган эмеспи.

Кегетинин кыясы,
Кекилик, чилдин уясы.
Керилип барып бир өпсөм,
Кейиген жаным ыраазы...

Мындай салыштыруу Кегети сындуу жердеги азыркы учурдагы химиялашкан заманда каймагы бузула элек таза, накай ныксыраган табиятынын кучагында жарыкчылыктын жанга ыроолонгон касиетине жуурулушкан сүйүүгө мас жигиттин илебинен гана чыгышы мүмкүн. Анын тескерисинче:

...Кегетинин кең күнгөй,
Кетеринди мен билбей.
Кечигип келген селкинин,
Келечеги күмөнбү, эй! - деп түкшүмөлдөп,

Кегетинин керемет дүйнө коюнунда суйсалып, кылгырып турган кыз periси дирилдеп соккон желге ыргалып, алыска узап жаткан жигит пирин дагы-дагы кылчактатып суктантып:

Ай тамагын кылайтып,
Аркардай төшүн булайтып,
Күтөрүн айтып наз менен,
Жоогазындуу тектирлерге сыр айтып. -

жигитти кылыгы менен эзип жаткандай маанайда элкин сүрөттөлөт.

Айткандай, мен андап сезген Кегетиде жана анын тургундарында үч өзгөчөлүк бар сыяктуу.

Биринчиси: Теке-Төрдөгү мөңгүдөн таш аралап түшүп келип, Көл-Төргө тумшук салып, жылга-жыбытка урунган сууга чайынып өрөөн ылдый жортуп келген таза абасы, жел аргысы, шамалы;

Экинчиси: ошол эле сансыз жылга-жыбыттардан Көл-Төргө чогулуп, шаркыратмадан куюлуп түшүп, жолдуката бууракандап, таштан-ташка урунуп, жанчылып, бышылып келген касиеттүү Кегети суусу жана сансыз булак суулары;

Үчүнчүсү: айтылган ошол касиеттүү күзгүдөй тунук суудан ичип, таза абасынан дем алып, Кегети шамалынан аптыга жутуп, анан касиет-күчкө ээ болгон кегетилик жөнөкөй жана белгилүү адамдары окшоп калды.

Ошонун негизинде Кегети, Кегети болгондон баштап эле айылдын өзөгүн түзгөн, өткөн мезгилдин жашоочуларынын арасында пайда болгон ынтымак, намыс, бири-бирин сыйлоо, кадырлоо биримдик деген күчтүү өнүгүп, андай касиеттер улам кийинки муунга салт катары өтүп турган көрүнөт - КЕГЕТИЛИКТЕРДЕ.

Ошол максаттарды көздөп, келечекте ата-бабаларынын, Кегетинин даңкын чыгарган жигиттердин бири болсун деп, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиев неберелеринин биринин атын Кегети койгон экен. Ылайым тилеги орундалып, Кегети бала Кегети жергесинин атын чыгарган атактуу аталарынын салттуу каадаларын улантып, элге кеңири белгилүү агаларынын катарын толуктасын демекчибиз.

Наристеге жердин аты менен ысым ыйгаруу адаты Кыргызстандын булуң-бурчунда кеңири таралган. Мисалы, Ноокатбек, Нарынбек, Таласбай жада калса өз мезгилинде коюлган Фрунзебек деген сыяктуу ысымдар биздин турмушубузда көп эле кезигип жүрөт.

Ошондой ата салтын улагандыктан бул айылдын элинин ички ынтымак чынжырынын байланышы бек болгон. Жамандын жаман экенин билсе дагы, аларды жамансың деп кодулап-кордобой акыл менен жакшы кылышкан. Айылдан чыккан жакшылар турганга тирек, эңкейгендерге

жөлөк болушчу. Ошол жаманын жакшы атка жеткиришип, жакшынын катарына теңешчү. Жардысына жардамдаш, кемиги болсо толуктап, төмөндөн өйдө карай баш ийген адатка бой сунган адамдар жана куттуу эл экен - КЕГЕТИЛИКТЕР.

Бул айылдын эли келиндерине да өзгөчө аяр мамиле кылышып, жогору баалап келишкен. Ошондой кегетиликтердин сыйына татыган келиндердин арасында 1938-жылы Республикада Ленин орденин биринчи алган мугалим Анара эжей Дүйшөнбү кызы, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Тамара Жаманбаева (Бакиева), Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти, сахна чебери, кыргыз киносунун чолпон жылдызы Таттыбүбү жана башкалар бар. Кегетинин келиндеринин эл алдында өтөгөн эмгегине шыктанган Кегетиден чыккан акын Сайдин Исаков бекер жеринен "Кегетинин келиндери" деген өзөктүү чыгармасын жазбаса керек. (Ал ырдын толук текстин "Арманда кеткен бир ак куу» деген Таттыбүбү Турсунбаевага арналган бөлүктөн окусаңыздар болот). Демек өзбү, жатпы баарына бирдей текши карап сыйлай билген эл тура – КЕГЕТИЛИКТЕР.

Бул айылдын жашоочулары башынан эле уруулар арасындагы ынтымакты чыңдашып, кыргыздын ата-бабасынан бери карай уланып келе жаткан мыкты сапаттарын, салттарын, касиеттерин урматтап, улам кийинки муунга салт катары калтырып, анын негизинде бири-бирине арка-жөлөк, сүйөнүч болуп жашашкан. Урук менен уруктун ортосундагы ынтымакка, биримдикке көлөкө түшүрүп, бузуп, бирин-бирине кайрап ич ара жаңжалга түрткөндөрдү жек көрүшкөн тура – КЕГЕТИЛИКТЕР.

Мен маалымат топтоп жүрүп мына ушуну байкадым.

## Кегети ким болгон, кишиби?..

Ал эми бул касиеттүү жерге Кегети деген аттын коюлуп калышы жөнүндө дагы ар кандай божомолдор бар. Анын бири калмак баскынчыларынын жапырыгынан кийинки мезгилдердеги жай турмуш башталган учурга таандык болушу мүмкүн, же жалаң гана мал чарбачылыгы менен алектенген кыргыздар акырындык менен дыйканчылык кесипти өздөштүрө баштаган мезгилде болгон деген ойлор да жаралган. Жерге ат коюу ошол күндөн тартып төмөндөп, өтөк тандап отурукташа баштаган кездерге туш келиши да ыктымал дешет. Ал жерлерге жайгашкан элдин көпчүлүгү кедей жана орто чарбалуу болгондуктан дыйканчылык багытты көздөшүп, туруктуу жашаш үчүн алгач топурактан үй жана мал сарайларды салганга аракет кылышкан. Жан сактоонун айынан жалаң буудай айдашканы кайрак жерлерде аңыздын нугу калган жер өңүтүнөн билүүгө болот.

Дыйканчылыкты өздөштүрө баштагандар ушуну менен алектенип, мал чарбачылыгы экинчи орунда кала берген. Кыргыз кедейлеринин мындай отурукташуусу да оңойго турган эмес. Букаралардан биротоло кол жууп калышарын билген малдуу, бай атын алып жүргөн адамдардын каршылыгы чоң болгон. Ага да карабай ошол мезгилдерде жаңыдан отурукташа баштаган калк тарабынан ал жерлерге ат коюу зарылчылыгы да келип чыккан. Демек, бул Кеген суусунун боюна (Кеген суусу деген аталыш Манас эпосунда монголчо аталышы менен учурайт) келип отурукташкан эл тарабынан коюлган ат болушу мүмкүн. (Инфарматорлор: Д. Жолоев, А.Сулайманкулов)

Бирок, ага чейин эле айтылып келген 1640-1740-жылдар аралыгында тарыхтын бороон-чапкыны кыргыздарды кыйын тагдырга туш кылган калмактардын үстөмдүк кылган мезгилдерге тиешелүү деп айтылат. Же ал мезгилдерди ичине камтыган "Манас" эпосу кыргыз элинин эзелтен берки тарыхы, маданияты, жашоо тиричилиги жана

жергиликтүү географиялык шарты, абалы, чек арасы тууралуу көптөгөн маалыматтарды камтыйт эмеспи. Эпостун элге белгилүү негизги варианттарында ошол айтылгандардын бардыгын сактап калыш үчүн айыгышкан айкаштар болуп турганы белгилүү.

Эми ошол жогорудагы калмактар менен кармаш күчөп турган кездеги айтылган ойду тастыктап, Манас баатыр:

Кокустан өлүп кетсем Бээжинден,
Биринин тилин бири албай,
Баш аламан кокуй эл,
Бирөөнү бирөө көрө албай,
Ала болуп кетет бейм.
Аңдып жүргөн көп душман,
Алакандай элимдин,
Түбүнө түгөл жетет бейм.
Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не муратка жетейин,
Кырк уруу кыргыз журт үчүн,
Курман болуп кетейин, -дегениндей, калктын кадыры үчүн жан кыйган кармаштар эпосто көп эле чагылдырылат.

Ошол кыргыз эли өз алдынчалыгын коргоодо калмактар менен айкашып, айыгышкан дагы бир жолку чоң кармаш болуп, эки кол дал ушул, албетте андагы аталышы белгисиз, (мүмкүн, Кеген суусунун боюнда) бирок азыркы Кегети түздүгүндө (жайсаңында) туш келген экен. Бул сыяктуу кан кызыткан айкаштар, шаан-шөкөт менен коштолгон эр сайыштар, кийинки эле Совет өкмөтүнө чейин, же андан кийин деле өткөрүлгөн ат чабыш, көк бөрү сыяктуу ат оюндары Кегетинин сайында көп эле болуп жүргөнүн уккандар, көргөндөр айыл элинде көп экен. Ошол аталган айкашта:

...Калкынан калбай карасы,
Калмакка толуп калыптыр
Сары-Өзөн Чуунун талаасы...

...Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Аскерден талаа көрүнбөй...

...Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган улуу чуу,
Көк асаба, кызыл туу,

Көк жаңырган ызы-чуу,
Мусулман менен каапырдын
Мурунтан калган сөзү бу.

Туу көтөрүп дүңгүрөп,
Туш-тушунан күңгүрөп,
Барды майдан жерине,
Байлап кылыч белине,
Ак жалдуу кара ат минип,
Алтын айчык тон кийип,
Көмкөрө калкан тартынып,
Көпкөк темир артынып,
Турпаты жоону колоткон,
Туулгасы болоттон,
Көтөргөнү көк найза,
Көчүрөр тоону бир сайса,
Кегети деген жайсаңы,
Колуна алып найзаны,
Майданга келип турганы,
Кайраттанып кыйкырып,
Каапырды кудай урганы...
...Аны көрүп алганы,
Арстан Манас баатырдын

Абдылда баатыр балбаны
Ак куйрук деген атыны,
Астына минип алганы,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Бул каапырга бет алып,
Буластаган Абдылда
Алыстан найза салганы.(7970)

("Манас", Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш, 4-китеп)

Жогоруда келтирилгендей ырасми боюнча, бет келген эки тарап бирден баатырын жекеме-жеке чыгарып, ошол баатыры жеңген тарап озунуп чабуул жасоого укук алган эмеспи. Демек, озунуп кол салуу, көөдөнүн тосуп туруп берүүгө караганда канчалык ийгиликтүү болору жекеме-жеке чыккан баатырлардын нака баатырдын касиетине, анын жеке намысына, эркине жана жигердүүлүгүнө, эли үчүн жанын кыюуга да тартынбай бара турган патриоттуулугуна байланыштуу болгон.

Негизи, айтымдарга таянсак баатырлардын жекеме-жеке чыгуусу, ошол бет келип турган колдун тагдырын алдын ала эле чечип койгонун ырастайт. А дегенде ал беттешкен эки баатыр, же кол башчынын жеңилгени жалпы колдун жеңилгенине тете болгон деп айтылып калган экен. Же болбосо, кармаш күсөп келген душман эки жаат болуп туруп, эмне үчүн баатырларын жекеме-жеке чыгарып, убакыт кетирип, алардын жыйынтыгын күтүп туруш керек эле?

Ушул жолкуда жогоруда айтылгандай кыргыздар тарап жекеме-жекеге Манас баатырдын кол баштаган чоролорунун бири Абдылда (Ажыбай) баатырды чыгарып, калмактар тарап ага Акунбешим паашанын бирден-бир ишенген кол башчысы Кегети баатырды каршы койгон экен делет. Бул кыл чайнашкан айкашта күчтөрү тең келген эки баатыр жан аябай кармашып:

"...найзалары тирешип,

Эки үзөңгү чирешип,
Баатырлар экөө сайышып,
Аттардын бели майышып,
Карап турган көпчүлүк,
Кантер экен булар!?-деп,
Кабыргасы кайышып,
Найзадан аман калышып,
Албарс кылыч чабышып" улам курал которуп турушкан. Ал сынып кеткенде:

"... айбалта менен чабышып,
Күрсү менен салышып"

күнү кечке тынбай кармашкан эки баатыр бирин-бири ала албай, ал күнү күн батып кетип, эки кол жай-жайына тарап кетишкен.

Эртеси таңы менен кайра бет келишкен эки жоо кайрадан өткөн күнү алыша албай калган баатырларын кайра беттештиришкен.

Ошол кийинки күнкү бир беттештеги тагдыр чечилер учурда Кегети баатыр минген ак жалдуу кара тулпардын (аты белгисиз) алдыңкы колу ийинге кирип кетип, баатырдын мелжеген найзасы көздөгөн жерине жетпей, өксүп жыгылган. Адетте, аты жыгылган баатыр өзү жыгылганга тете. Ал албетте, каршылашы тарабынан өлүмгө кыйылчу да. Ошол жерден Абдылда (Ажыбай) астындагы Ак куйрук бууданын имерип келгенде, ээсин айланчыктап туруп калган аргымагын минип качууну ойлобой, намысынан ак жарылган Кегетинин көзүнөн жашы шорголоп, кылычка моюнун өзү тоскон деген сөз бар. "Жоо аяган жаралуу", Абдылда (Ажыбай) баатыр мындай мүмкүнчүлүктү коё бермекпи...

Мына, ошондон ушуга карата "Кегетинин көз жашы", "Кегети жыгылган жер" же "Кегетинин башы" "Кемиген (жаза баскан) ат жыгылды" делип жүрүп, ал каны башка кыргыздардын кыл чайнашкан элдешкис душманынын баатыры болсо дагы мезгилдин өтүшү менен анын аянычтуу тагдыры элдин эсинде сакталып, унутулбай Кегети

баатырдын атынан аталып, "Кегети аймагы", "Кегети кыштоосу, суусу", "Кегети шамалы" же ушул өрөөндүү аймак жалпы эле Кегети болуп калган деген божомол бар. (Моңолдор Орозбаев Токтобектин айтуусу боюнча).

Эгерде ушул айтылгандар туура болсо кегетиликтердин, ошондой эле жалпы кыргыз элинин кеменгерлигин, кенендигин, ушул эпизоддон көрүнүп тургандай каны башка элдин баатырынын баатырдык эрдигин баалай билген айкөлдүгүн билдирип турган жокпу? - деген суроонун жаралышы мүмкүн.

Ошол учурлардагы "Манас" эпосундагы бир канча эпизоддо белгиленгендей Чүй районунун аймагында Ак-Бешим деген аталыштагы шаар болгон деп сүрөттөлөт. Бул маалымат тарыхта да белгилүү. Ал Ак-Бешим шаарчасы азыркы жер өңүтү менен байланышып, географиялык реалияда эпикалык топоним, тарыхый топоним менен дал келүүдө. Эпосто бул жерди Акунбешим пааша бийлегендиги айтылат.

Кең-Булуң айылынын Түштүк-Чыгыш тарабында Чолпон деген аталыштагы айыл жайгашкан. Ошол айылдын тоо тарабындагы түздүктө кол менен жасалгандай бир канча чакырым узундукта биринен-бири үзүлбөй уланган дөңсөөлөр жатат. Жергиликтүү элдин айтуусунда совет учурунда бул дөң казылып, андан белгисиз буюм-тайымдар чыккан экен. Бул дөңсөөлөр Ак-Бешим шаарынын тарыхта болгондугун тастыктай турган далил болушу жана аны кийинки изилдөөлөр көрсөтүшү мүмкүн.

Кыргыз "Манас" изилдөөчүлөрүнүн толук жыйнагында, "Манас баатыр Акунбешим паашаны жеңгени" деген өзүнчө окуя баяндалат. Бирок, жазма даректерде мындай башкаруучу кезикпесе дагы, Токмок шаарынын түштүк батыш тарабынан орун алган Ак-Бешим шаар чалдыбары X-XII кылымдарда "Караханийлердин" резиденциясы

болгондугу чындык. Шаардын VII-VIII кылымдарда "Суяб" жана "Ордугент" деп аталгандыгы дагы жазма булактарда белгиленип жүрөт. Ошондой эле Кегети менен Баласагын эли суу түтүгү аркылуу киндиктеш болгону, Кегети айылынын түштүк жагында жайгашкан "Төрт күл" шаар чалдыбары дагы ар кандай ойго алып келиши мүмкүн.

Ал кездеги жүргөн тынымсыз согуш жана көчмөн турмуштун таасиринен шаар акырындап жоголгон. Элдик уламыштар менен "Манас" эпосунун айрым эпизоддорунда XI-XIII кылымдардагы окуялар чагылдырылып, шаар менен эпикалык каарманга бирдей энчилүү ат берилген. (Акунбешим жана Кегети). Ушундан улам Акунбешим паашанын кол баштаган баатыры Кегетинин Абдылда (Ажыбай) баатыр менен кездешип, анын жыйынтыгында Манас баатыр Акунбешимди жеңип алгандыгында маани жатат.

Андагы:

"...Карарып жаткан калаамдан,
Калаа түгүл айрылдым
Катын менен баламдан.
Өзүм араң отурам,
Өлүп кетпей санаадан,
Улук болуп отуруп,
Ушул күндү көргөнчө
Туулбасам кантет анамдан?!
Кырып салды колумду,
Адамдын канын агызды,
Араба жүргөн жолумду.
Кызыл кан кылды жеримди,
Аламандап урушуп,
Акыретке жиберди
Токсон миң толук элимди..." - деген, кыргыздардан жеңилген Акунбешим паашанын абалынын сүрөттөлүшү Кегетинин аталышынтастыктаганокуялардын негиздүүлөрүнүн бири катарында баяндалат. (Манастан)

Тарыхый маалыматтарга караганда орто кылымдарда

Кыргызстандын территориясындагы шаарлар, кыштактар дагы болгон. Албетте, бул жерде шаар дегенде көп кабаттуу үйлөрү, асфальтталган көчөлөрү бар учурдагы шаарларды көз алдыга тутпастан, ошол өз дооруна ылайык келген курулуштары, имараттары бар калктуу пункттарды көз алдыга тартуу керек.

Ошондой эле тарыхый маалыматтарга үстүртөн караган учурда дагы азыркы кыргызстандын аймагында тили жагынан бири-бирине жакындашпаган, же тескерисинче бири-бирине жакын, тектеш келген, бирок ар башка улуттар жашаганы белгилүү. Алардын турмуш-тиричилик шарттары, үрп-адаты, дини, маданий деңгээли ар түрдүү болгон. Жоокерчилик замандын коогалаңдуу шарттарына ылайык ал кездеги жерлерди бир гана эл байырлабастан, мезгили менен ар башка тилде сүйлөгөн элдер алмашып турган.

Ак-Бешим шаар чалдыбары ошол Акунбешим пашанын резиденциясы катары божомолду дагы бир ирет кайталап коёлу. Демек, Ак-Бешим - топоним. Анын биринчи компоненти жалпыга түшүнүктүү. Эч кандай талаш туудурбайт. Экинчиси үй, сарай, имарат маанисиндеги монгол тилиндеги бешиң – бээшң (дворец, замок) деген сөздөрдүн жергиликтүү элдердин тилине ылайык алынган формасы. Ал ак имарат (курулуш) дегенге туура келет. Археологиялык изилдөөлөр бул будда храмы экендигин көрсөткөн.

Ушундай эле, Кегети - топоним. "Манас эпосундагы Кан Кошой калмак балбаны Тоо-Теңшер менен кармашкан жер деп дагы айтылат. Ошондой эле дагы бир башка эпизоддордон кезигип, Кегети эзелтен эле кыргыз-казак жердеп келе жаткан жер катары да көп жерде эскерилет.

Академик Б.Ө.Орузбаева эң алгачкылардан болуп кыргыз топоформанттарынын кыргыз тилинин тарыхындагы

маанисин көрсөтүү менен алардын тыбыштык курамынын жана морфемаларынын милдетин так аныктайт. Илимпоздун пикирине караганда топонимдеги өзгөрүүлөр көп кылымдар аралыгында тилдин эволюциялык бир көрүнүшү катарында калыптанган фонетикалык жана морфемалык элементтердин азыркы күнгө чейин сакталгандыгын баса белгилеген.

Ал өзүнүн изилдөөсүндө Кегети (Кегети - Кеген деген түшүнүк моңгол тилинде тунук, ыйык суу дегенди билдирет экен) сыяктуу топонимдердин курамында байыркы Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде жолугуучу -лык мүчөсүнүн азыркы сын атоочтук маанидеги сөздөрдү жасоочу -луу мүчөсүнүн өнүгүүсүндөгү ортоңку абал түрүндө сакталгандыгын далилдейт. Демек, Кегети баатыр жөнүндө белгиленген эпизоддогу кейипкердин кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенден кийинки Акунбешим паашанын жашаган мезгилиндеги окуялар менен байланышуусу чындыкка жакын.

Ошондой эле окумуштуу Т. Х. Ахматов кыргыз тилиндеги тыбыштык өзгөчөлүгүнө кайрылып, Кегети сыяктуу топонимдердин урбоними байыркы топоним болуу менен фонетикалык жана морфологиялык өзгөрүүгө учураган тилдик бирдик катарында көрсөткөн. Кегети-Кеген деген сыяктуу аталыштагы суу атынын бара-бара өзгөргөн тилдик каражаты катары колдонулуп келгендигин да баса көрсөтүп жаткандай окумуштуу.

Мүмкүн Кеген деген жогорудагы айтылгандарга чейинки аталыштагы суунун аты окуялардын эволюциялык өнүгүшүндөгү кийинки пайда болгон Кегети деген аталыштагы атка айланып, ал учурдагы окуяларды чүмбөттөп, жаап калган болбосун.

Эмнеси болсо дагы:

“Карагайдын арасы,
Карайсың аң-таң каласың.
Аба жутуп, дем алып,
Алты айлык кубат аласың” - деп, жазуучу

Темиркул Үмөталиевдин жазган саптарындагыдай, чын эле Кегети жери эң сонун: жай болуп, мээ кайнаткан ысыгы жок, кыш болуп, жилик какшаткан ызгаар суугу жок, абасы салкын, топурагы алтын, баарысынан дагы абасынын тазалыгын, суусунун жана булак сууларынын жанга жагымдуулугун, тунуктугун-ыйыктыгын айт. Кегети суусунун тартылган кездеги шылдырап аккан жооштугун айт да, кирген маалында жүрөктүн үшүн алып, ат агызган сүрүн айт.

Тоолорунун капталдарында өскөн миң жылдык арчалары, карагайлары Кегети жергесинин көркүнө көрк кошуп, ого бетер кооздонтуп, экилентип көрсөтөт. Мына ушундай кооз жана ички байлыгы мол Кегети жергесинде жашагандыгы үчүн ар бир кегетилик өзүн бактылуу деп эсептейт.

Экинчи дагы бир божомол. Кыргыздын сандаган капчыгайлары, кокту-колоттору, деги эле Кыргыз жергесинин көпчүлүк аймагы түрдүү кендерге бай эмеспи. Ал кендердин баркы, баасы илгертеден эле абдан жогору болуп келгени белгилүү. Манас эпосунда да бул кыргыз жергесинен чыккан кендерди иштетип, усталар, зергерлер жоокердик турмушка тиешелүү кийимдерин, курал-жарактарын жасоо жана тиричиликке керектүү буюмдарды (алтын таажы, кемер кур, шөкүлө ж.б) кооздоо үчүн пайдаланышкандыктары эпосто даана чагылдырылган.

Ошондой эле эпосто күмүштөн дилде жана жамбы жасалып соода алакаларына багытталып жүгүртүлгөнү, ат жабдыктары (ээр токум, жүгөн куюшкан ж.б) кооздоолору, темирден жоокер кийимдери (тон, туулга, чопкут) жасалары дагы айтылат. Кооз таштардан ("көөхар", зумурут (изумруд), жубар бермет дегендер кезигет) азем буюмдар жасалып, ал азыркыга чейин уланып келет. (Манас энциклопедиясы)

Ошол багыттан алып караганда бул Кегети аймагы дагы түрдүү кендерден куру эмес. Тактап айтканда, азыркы Кегети мрамор кени Чүй районунун аймагында Токмок шаарынан 32 км түндүк-батышта Ысык-Ата менен Кегети өрөөнүнүн аралыгында жайгашкан. Кен протерзойдун мраморго айланган акиташтарынан турат. Ал мрамор таштары дүйнөдө кооздугу боюнча бир нече түргө бөлүнөт деп айтышат экен. Алардын ичинен өзгөчө бөлүнүп: майда кристаллдуу сары, жашыл түстөгү мрамор, серпентиндешкен саргыч түстөгү мрамор, графиттешкен кара мраморлордун запастары бар. Алардын жалпы калыңдыгы 15-18 метрге жетип, узундугу 1750 метрди түзөрүн изилдөөлөр көргөзгөн. Запасы 3,41 млн. $м^3$. Кенден алынган мрамордон кооздолгон буюм-тайымдарды дагы жасалып келингенин айтышып, мүмкүнчүлүк табылса дагы жасоого болот дешет зергер-кол өнөрчүлөр.

Ошол эле кен жана акиташ алынган жерде жана бул аймакта адам баласы күндөлүк турмушунда пайдалана турган жогоруда айтылгандай бир нече баалуу кендердин уютмалары (самородок) жана кургак тектүү саркындылары сакталып калган. Жергиликтүү элдин ичинен билгендер учурунда алтын, күмүш кендеринин саркындыларын чайкашып, күнүмдүктурмуш-тиричилинепайдаланышкан. Ал тургай согуш учурунда уран кени дагы ушул аймактан изилденип, табылган деп айтышат экен баягы жергиликтүү эл. Мергенчилер таш эритишип, анын арасында тунуп калган уютмаларынан коргошун бөлүп, ок куюшкан. Демек, коргошун кенинин дагы запасы болушу мүмкүн. Муну дагы тиешелүү адамдар тарабынан жүргүзүлө турган келечектеги изилдөөлөр толук көрсөтөт.

Башка жерлерден ушунусу менен айырмаланып, кен көп чыккан жер алгач "кен кенчи" деп аталып, андан кийин Кен-генчиге айланып, мезгилдин өтүшү жана ал кылымдардагы жашаган түрдүү элдердин тилдик өзгөчөлүгү таасирин тийгизип, окумуштуу Т.Х.Ахматов белгилегендей тыбыштык өзгөрүүгө учурашы дагы толук

ыктымал эле да. Бара-бара Кегети аталып калышына дагы толук мүмкүндүк бар экендигин айтууга болот. Бул айтылган кийинки божомол чындыкка жакын сыяктуу.

Бирок, Манас эпосундагы Кегети баатыр жөнүндөгү эскерүү да бул аталыштын дал үстүнөн чыгып жатпайбы.

Жер-суу аттарынын келип чыгышы узак мезгилди: ондогон, жүздөгөн жылдарды, кээде ондогон кылымдарды басып өтөт. Ошол мезгилдин ичинде тарыхый окуялар, ал жерлерде кандай эл жашагандыгы, алардын турмуш-тиричилиги, өсүмдүктөрү, жан-жаныбарлар дүйнөсү, жер бетинин түзүлүшү менен ар кандай өзгөчөлүктөргө байланыштуу болот. Ошол мезгилдерге, окуяларга жараша кээ бир аталыштар бир аттан, экинчи атка, бир тилден экинчи бир тилге өтүп кете берери да белгилүү.

Башка бардык аймактык топонимдери сыяктуу эле Кыргызстандын аймагындагы топонимдер лексикалык составы жагынан да бир топ татаал. Топонимдер узак мөөнөттүн ичинде жаралып, кылымдар бою топтолуп отургандыктан анын тилдик катмарлары дагы (языковые пласты) ар түрдүү болушу толук закон ченемдүү көрүнүш.

Эми Кегети жергесинин аймактык абалына көз чаптырсак ал Чүй өрөөнүндөгү аймактык географиялык абалын так аныктоо боюнча биринчи жолу 1865-жылы К.В.Струве тарабынан жүргүзүлгөн экспедициянын ишине байланыштуу каралат. Анын негизинде географиялык карта түзүлүп, рельефи менен суу тармактарынын өзгөчөлүгү, алардын бийиктиги жана мейкиндик боюнча бөлүнүшү аныкталган.

Ошондой эле, 1917-жылы инженер В.А.Васильевдин партиясынын Чүй өрөөнүндөгү изилдөөлөрү Чүй аймагындагы тоолордун байыркы жана азыркы муз каптоолору жөнүндө баалуу маалыматтарды берген. Ал

Маалыматта Кегети жергесинин жер өңүтү жана тоолору дагы бар. (Ш.Качаганов, У.Атаканов, В.Нургазиев).

Деги эле кыргыз айтса калп айтпайт. "Затына жараша – аты" деген, кыргыз эли ошол ат коюуга уста келишкен. Аны тактап, аныктап, бир нерсеге жоруп жакындатып, ырымдап, же байыркы аталарынын аттарын унутулбай жүрсүн деген ой-максат менен ат коюуга тээ эле башынан маани берип келет. Жогорудагы зат жана ат жөнүндөгү ылакап сөз бул тек гана уйкаштык үчүн айтылып калган кеп эмес. Коюлган атка, же коюла турган аттын жөрөлгөлүү болушун тилеген алар Кудайдан.

Туулган жердин, же жаңыдан таанышып жаткан жердин аты кандай маани бере тургандыгын, ал эмнени билдире тургандыгын билүүгө кызыкпаган адамды табуу кыйын чыгар. Жер, суунун аттары кокусунан эле пайда боло койбойт. Ал коом тарабынан берилип, коом тарабынан түзүлөт. Ошондуктан, жер-суунун аттарынын келип чыгышы да коомдун тарыхына социалдык- экономикалык өнүгүү шарттарынын деңгээлине жараша болот.

Азыркы күндө ат коюунун негизинен эки түрдүү жолу бар экендиги маалым. Биринчиси: стихиялуу түрдө ат коюла тургандыгы. Экинчиси: официалдуу түрдө ат коюу белгилүү. Алгач ат коюу стихиялуу түрдө келип чыгып, ал ат коюнун алгачкы формасы катары эсептелүү менен бирге официалдуу түрдөгү атоолорго караганда алда канчалык көп, мазмуну жагынан ар түрдүү жана узак мезгилди ичине камтыйт.

Ар нерсенин аты адепки аталышында жөн-жай угулганы менен ал жүрө-жүрө ассоциация туудуруп, ал ошонун гана маани-маңызын аныктоочу касиетке ээ болуп калганы бар эмеспи. Бул энчилүү аттарды алып жүргөн бардык нерселерге тиешелүү. Соң-Көлдүн (Ысык-Көлдөн кийинки эле коохдугу жана чоңдугу боюнча "соңку көлдүн" десек

болот) сулуулугуна суктанган Байдылда акын:

"...Көл болбой эгер кыз болсо,

Көз тиймек экен капкачан" – деп жазган экен. Анын сыңарындай Кегети айылынын аты дагы жогоруда айтылгандай, Кегети аталып калганынын толгон-токой себептери бар. Биз анын атын эл тарабынан өз койнундагы жайгашкан белгилүү нерселерге, элдик айтымдарга байланыштырып айткандарын тактап түшүргөнгө аракет кылдык. Мүмкүн бул айтылгандардын чындыгы бардыр. "Бир себеби болбосо, жолдо куйрук жатабы" деген эмеспи, ошол эле ата-бабабыз.

Ошондуктан, бул сөзгө маани берип, Кегетинин Кегети атын кылымдар өтсө дагы өзгөртпөй ушул мезгилге чейин сактап келе жаткан кегетиликтердин касиеттүү, улуу эл экендигине ишенсек болот.

Кышын-жайын чокусуна ак кар, көк муздан ак элечек оронгон Кегетинин эң бийик тоолору Жеңижок акындын:

...Кылгырып турат бирөөсү-

Кыз болуп калбай айыбы.

Кыз пери жүрчү кетпестен,

Керемет жомок жайы бу! – деген сыйкырдуу саптарындагыдай кереметтүү: Миң-Теке, Теке-Төр, Кашка-Суу, Көл-Төр жана Шоро сыяктуу бийик тоолорунун, Тайпак, Сары-Тайпак, Сары-Түс, Ат-Жайлоо, Кең-Жайлоо, Кум-Бел, Туура-Кайыңды, Жашыл-Төр жана Бел-Конуш сыяктуу аталыштагы жайлоолорунун аттары да ушул эле кегетиликтердин ата-бабаларынын тапкычтыгынан жердин ыңгайына, өңүтүнө карап коюлган.

Ал эми Кегети айылы, Кегети капчыгайы, Кегети тоосу жана суусу, жада калса Кегети шамалы, ошондой эле жалпы Кегети аймагынын аты өзгөртүлбөй, жергиликтүү эл оозун толтура дагы эле "Кегетим" дешип, сыймык менен айтып келет.

Болбосо, мезгилдин агымына жараша канчалаган айыл-кыштактардын, керек болсо жер-жерлердин дагы аттары жөн салды гана өзгөртүлүп кетип жатканы жокпу. Капчыгы толук адамдар ат коюуну ошол каражатка байлап, "Жаман иттин аты Бөрүбасар" дегендей, жер-жерлерге, көчөлөргө, мектептерге эстелигин коюшуп, кайсы бирлери тирүүлөй туруп эле өздөрүнүн аттарын коюп алган учурлар дагы кездешет.

Эгерде коёбуз десе, андай капчыкты эсепке албаганда да аты кандай гана жерге коюлса боло турган, коомчулукту ынандыра ала турган белгилүү, эмгеги кегетиликтерге гана эмес, жалпы кыргыз элине сиңген, татыктуу кегетилик улан-кыздар бул айылда ондоп саналат.

Алар андайга бара алышпайт. Кегетинин тарыхын, өздөрүнүн кызыкчылыгынан алда канча жогору коюшат эмести алар. Бекеринен кыргыз эли "Ала куштун атынан чакыр" деген эместир. Буга караганда кегетиликтер...

Жер жүзү кандай кенен, канча Мекен,
Картага батырылган өнөр менен.
Биринен бирин айырып таануу үчүн,
Боёлгон ар түрдүүчө боёк менен.
Бардыгында бир гана түс болсун үчүн,
Аларды кызыл менен боёр элем, - деп, Алыкул

Осмонов жер жүзүнүн элдеринин бир тилекте жашашын каалаган саптарындай кегетиликтер да өз жергесин бир гана түс боёк менен боёп койгонсуп, кегетиликмин дегендер ошол бир өңчөй Кегети аймагында бир туугандай ынтымакта жашап жатышканы жалганбы.

Арыйне, узак жолду басып өткөн Кегети айылы Ала-Тоо аймагындагы башка бардык айылдардын "аксакалы" десек туура болчудай. Эгерде эле, эртеби же кечпи айылдын канча жылдык тарыхы бар экендигин кегетиликтердин өздөрү аныктап, непаадам, айылдын юбилейи белгиленип кала турган болсо, Кегети айылы "Качантан берки Кегети" деп, кыргыз коомчулугунун көз алдында өзгөчө даңазалана турган иштердин бири болору анык.

## Кыргыз кыйырды басып өткөн

Чайнектин чоргосунан чубурган суудай учу-кыйры жок жол сызыгын калтырган мезгилдин албуут агымына түшүккан Кегети айылынын тарыхын санжыра айтуучулар жана тарых изилдөөчүлөр 200 жылга жеткирип жатышканы-нын себеби дагы бар. Ал дагы Тогуз-Булак менен Баласагын, ошондой эле Кегети шаар чалдыбарына байланыштуу.

Ондогон жылдар бою Орто Азия чөлкөмүнө үстөмдүк кылып келген могол кошуундары 15-кылымдын 80-жылдарында ошол аймактарда жашаган элдердин биримдигинен, айрыкча ушул эле кыргыздардан болуп көрбөгөндөй каршылык көрүп, өз журтун көздөй кайтышкан. Чүй өрөөнү кыргыз урууларынын түздөн-түз саясий бийлиги жүргөн аймакка айланган. Азыркы тарыхый адабиятта XV кылымдын акыры, XVI кылымдын баш чени шарттуу түрдө "Кыргыз хандыгынын доору" деп, аталып калат. Бул доордо кыргыз урууларынын оң канат, сол канат жана ичкилик топторунун негизинде бир элге биригүү жараяны аяктаган эле.

Хандык тактыны мурастоонун түрк-могол элдериндеги жалпы салтына ылайык кыргыздар өзүнө ханы кылып, хан тукумунан болгон Жунус хандын экинчи уулу Акматты (Ахмед) такка отургузушкан. (1484-1504). Ошол кезде Могол феодалдарынын баскынчылык саясатына кыргыздар коргонуу менен чектелбестен, жогоруда айтылгандай, ыгы келген жерден алар дагы чабуул коюп турушкан. Акмат бий баштап барган кыргыз кошууну (10 миң) Кашкар тараптагы моголдорду талкалап, жеңиш менен кайтышканы тарыхта жазылып калган. Бул бир эле мисал.

Ушул мезгилден баштап кыргыз мамлекети Акматтын уулу Султан-Халил-Султан (1504) нукура кыргыз беги Мухаммед Кыргыз хандын хандык кылган мезгилдерде чыңдалган. Түндүк кыргыз жергесинде, анын ичинен Чүйдө калган моголдорду баш ийдирүү же Кашкар тарапка сүрүп салуу Акмат хандын тушунда эле жүзөгө ашырылгандыгы

жогоруда айтылбадыбы. Акмат өзүнө баш ийбеген арлат, калужу сыяктуу уруктарды тукум-курут кылганы жөнүндө Мурза Мухаммед Хайдар өзүнүн "Тарих-и Рашиди" деген эмгегинде жазып калтырган. (1546) (Ө. Осмонов.)

Улуу Султан-Халил-Султан болсо "Кыргыздардын падышасы" катары жазма булактарда эскерилип, анын тушунда саясий бийлик кыргыз төбөлдөрүнүн колунда экендигин далилдейт. Айрыкча, ошол мезгилде Чүйгө танапташ аймактар кыргыздардын саясий уюткусуна айланган, кыргыздарга гана байланыштуу жерлер болгон.

Ал эми, Чүй кыргыздары XVI-XVII кылымдарда саясий өз алдынчалык үчүн калмак төбөлдөрүнө каршы күрөшүн алда канча жанданткан кыргыз-казак согуштук биримдиги пайда болгон. 1517-жылы Мухаммед Кыргызды калмак ханы Султан Саид колго түшүрүп Жаркентке алып кетсе дагы, Чүйдөн башка аймактарда тоо таянып жашаган кыргыздар көз карандысыз бойдон кала берген. 1524-жылы казак ханы Тайыр келип, кыргыздар жана кыргыз-казак алакасынын натыйжасында чүйлүк кыргыздар дагын өз алдынчалыгын ошондон кийин толук таанышкан. Могол хандыгынын кыргыз жергесине байма-бай жасап турган жортуулу ушуну менен аяктаган. (Т. Машрапов)

1591-жылдары калмактар дагы бир ирет бул аймакка жортуул жасап, жогорку могол кошундарынын кийлигишүүсүнүн себептеринен улам ал ийгиликсиз аяктаган. Ошол эле XVI кылымдарда Теңир-Тоо аймагында согуш үзгүлтүксүз жүрүп, Чүй өрөөнүндө дагы жаңыдан отурукташа баштаган кыргыздар, кайрадан көчмөндүү турмушта жашоого аргасыз болушкан. Мурдагы жер-жерлерде пайда боло баштаган айыл-кыштактар өзүнүн жашоосун токтотуп, алар бүлдүргүч согуштардын кесепетинен чалдыбарга айланган.

Ошол мезгилден калган Кегети кыштак чалдыбары эмнегедир толук изилденбей келсе дагы ошол аймакта бир чоң шаардын болгондугу жөнүндө моголдордун Кашкардагы ханы Султан Саиддин (1514-33) кол алдында чоң

мансап ээлеп, кызмат кылган Мурза Мухаммед Хайдардын эмгегинде эскерилип, андагы 711-хижара жылы (1311-12) каза болгон мусулмандардын баласагундук Мухаммед деген мыйзамчысы (факих) тууралуу жазылат. Махмуд ибн Вали тарыхчы (XVII к) "Бахр ал- асрар" (Сырлар деңизи) аттуу эмгегинде Моголстанда (Кыргызстанда) кум алдынан сороюп чыгып турган мунаралардын, ак сарайлардын жана башка калдыктары бар шаар чалдыбары бар экендигин, ал эски Баласагундун орду экендигин эскертет. Ушундан улам Чүй өрөөнүндөгү шаар-кыштактар XIV кылымда эле калксыз калып, чалдыбарга айланганы белгилүү.

## Кегети шаар чалдыбары

Кегети чакан шаар чалдыбарын айтпай туруп дагы баяндай турган болсок, анын Түндүк жагындагы эң ириси албетте Баласагын шаар комплекси экендиги белгилүү болуп калды. Ал эми Кегети шаар урандысы Кегети капчыгайынын дал оозунда жайгашкан. Ар бир бирине-бири улай салынган дубалдарынын түзүлүшү татаал. Ошол сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 4 метрден кем эмес. Алардын белгилүү аралыктагы булуң-бурчтарына сепил-мунаралар орнотулганы байкаган баамчыл көзгө билинип турат. Шаар урандысынын түштүк капталына улай салынган кыштактын урандылары дагы табылган.

Ал жерде азыр мүрзө жайгашкан. Ошол мүрзө казган адамдардын айтуусуна караганда ал жерден белгисиз кылымдарга тиешелүү буюм сыныктары табылып, кээ бир учурларда мүрзө казганга ылайыкталган иш куралдары дубалдардын даана өзүнө туш келип, күрөк өтпөй кыйналган учурлар көп кездешкенин айтышат. Бирок, бул Кегети чалдыбары мамлекеттик мааниде каралып, эмдигиче толук изилденбей келет.

1879-жылы жарык көргөн "Туркестанских ведомостей" газетасында жарыяланган "Археологические памятники в Семиречьи и Кульджинском крае" деген макалада:

"Токмакском уезде известны развалины двух старинных крепостей: первая близ р. Чу по левую сторону дороги между станцией Константиновскою и Пишпеком; ... вторая под названием Тюрткуль, лежит близ почтовой дороги между станциями Сокулукской и Аксуйской, в 7 верстах от первой расстоянии, с правой стороны дороги в Ташкент". При раскопках в Тюрткуле найдена медная трубках длиною в 10,5 дюмов в диаметра 7 д. В той же статье упоминается 1). о кургане на р. Кегеты, в 20 верстах от г. Токмака, в котором, при раскопках, найдены два железных кольца, медная чашечка и круглая бронзовая или медная пластинка с какими – то изображениями или знаками, и 2). о колонне или башне на р. Буране, в 15 верстах от Токмака" деп берилген.

Эгерде муну чындап изилдесе дагы көптөгөн кыргыз тарыхына жана Кегети аймагына жана айылына тиешелүү маалыматтар чыгар беле?

## Кошумча маалымат

Чүйлүк кыргыздардын кийинки XVII кылымдын ортосунан XVIII кылымдын ортосуна чейинки тарыхы, алардын калмактарга каршы үзгүлтүксүз күрөшүнө байланыштуу. Мурда бир нече хандыкка бөлүнүп, чачырап кеткенине карабастан XV кылымда ойроттор (калмактар) өз алдынча бирдиктүү "Дербен ойрот" - "Төрт ойрот" хандыгын (союзун) түзүүгө жетишкен. Бул учурда бул мамлекет Борбор Азияда кубаттуу мамлекет болгон. Калкынын карманган дини-бутпарас (буддизм) дининин ламачылык агымы болгону дагы тарыхта тастыкталган.

Ойрот урууларынын коалициясы XIV кылымда түндүк Монголияда башталып XV кылымда чыгыш Монголияга көчкөн. Эң алгачкы жолу жуңгар-ойрот хандыгы ошол XV кылымдын айланасында Алай менен Теңир-Тоонун ортосунда жаңы мамлекет болуп, кайра түзүлгөн. 1449-жылы Эсен Контайжчи биринчи жолу Кытайдан Мин

династиясын талкалайт дагы, бирок ошол эле кыргыз-казактарынын каршылыгынан чоң бир биригүүгө жетише албай калат.

Кийин-кийин бирдиктүү жуңгар-ойрот империясынын түзүлүшү 1635-жылга туура келет экен. XVI кылымдын аягы ченде падыша Бабур Ферганадан Шейбани хан тарабынан Ооганга куулгандан кийин казак талааларын жана кыргыз Ала-Тоосун толук бойдон жуңгар-ойрот бирикмелери ээлейт. Бул кубаттуу мамлекетти негиздеген калмактын Чорос уруусунан Каракула кашка дегени болгон. Бирок, ал мамлекетке жуңгар-ойрот деген атты берип, такка биринчи отурган император Баатур-Коңтайжчи эле.

Мунун бийлигин 1640-жылы Монголиянын Тарбагатайында өткөн курултайда (калмакча чуулган) мыйзамдуу деп тааныган. Баатур-Коңтайжчи басып алган жерлеринде шаар салып, канал каздырып, жерди иштетет. Азыркы кыргыз жергесинин көпчүлүк аймактарында нуктары сакталып калган "калмак арыктар" ошол мезгилдерге таандык. Алар ок-дары жасашып, замбирек куйдурат. Ошентип, жуңгар-ойрот мамлекетинин таасиринен аймагы кеңип, башкаруу режими аябай оожалып, күчөй баштайт.

Алардын биринчи ири жүрүшү 1654-жылга туш келип, Баатур Коңтайжчинин аскерлери Чүй өрөөнүн ээлеп, Ташкентке жасаган жортуулу ишке ашпай, кайра артка чегинген. Ошол жылы Баатур-Коңтайжчи өлүп, балдарынын арасында так талаш башталат. Көптөгөн кан төгүүлөрдөн кийин бийликке анын бийлик мураскору-Сенге келет. Так талашуу аны менен эле бүтпөй, бир туугандары Сенгени жаткан жеринен тумчуктуруп өлтүрүшүп, 1664-жылы ошол эле бир тугандары Сенгенин кенже иниси карапайым Лаама (дин өкүлү) Галданды хандык такка отургузушат. Лаама-Галдан өтө каардуу хан болуп Манжур-кытайлардын жаңы уюшулган Цин династиясына катуу таасир эткен. Хан тоо ичинде жашаган кыргыздарды баш көтөртпөй Ысык-Көл, Нарын, Чүйдү бүт ээлеп алат. Ошентип, тагдырын дагы бир жолу башкаларга

тарттырып жиберген кыргыздар көптөгөн жылдар бою жуңгар-ойроттордун бийлиги алдында басынып күн өткөргөн.

Ошол кезде Галдан Чүйдө калмак кыргыздын башын кошкон чоң той берип, калмактар ырайы суук Чыкык балбанын чыгарат. Кыргыздан Талкандын уулу Байболот баатыр чыгып, Чыкыкты жыгып башынан аттап кеткен. "Балбанымдын башын аттаганы, менин башымды аттаганы" - деген шылтоо менен Галдан ачууланып, чоң уруш баштайт. Мында да кыргыздар туруштук бере албай Анжиян, Алай, Көлөпкө оойт. Ал болжолу менен 1673-74-жылдарга туш келет.

Ага чейин эле Чүй өрөөнүн 1652-жылы жуңгарлык Цецен-хан дагы бир ирет басып алган. Ошол мезгилдерде өз ара биримдикке келе албаган кыргыздарга бул кылым эң эле оор кылымдардан болуп, жалпы чүйлүктөр алардын дагы кол алдында бир топ убакытка эзүүдө калышып, оор салык төлөп турушкан. Анын кесепетинен алар оожала албай, бир далай мезгилге чейин баштарын кошуп, биримдикке келе алышкан эмес.

Бир кылымдай убакыт өтүп 1749-жылы гана бул аймакта жашаган элдердин боштондук кыймылы кыргыздардын пайдасына оой баштаган. Ага Кушчу уруусунан чыккан төбөл Кубат бийдин салымы зор экендиги айтылат.

Галдан өлгөндөн кийин ордуна так анын уулу Цеван Рабданга тиет. Андан кийин Галдан Церен бийликке келип, ал 1745-жылы өлтүрүлгөн. Мына ушундан кийин алардын балдарынын ортосунда кайрадан так талашуу башталып, анын кесепетинен Жуңгар-ойроттордун бийлиги бошондоп калганы айтылат. Бирок, алардын дагы эле таасири Амурсандын бийлиги астында 1756-жылга чейин уланып, ал өлгөндөн кийин гана кыргыздар боштондукка чыккан.

Чыгыштан Жуңгар хандын аймагына кытайды бийлеп турган Цин-манжур баскынчыларынын каптап кириши менен калмактардын дагы өз алдынча жана кубаттуу мамлекетинин жок болуп кетүү коркунучу туулган. Дал

ушул 18-кылымдын босогосунда кыргыз уруулары жогоруда айтылган калмактарга түшкөн калабаны туура пайдаланып, Чүй өрөөнүнүн сарыбагыш жана солто уруулары күч менен кайрып алган. Ошону менен бирге бул чечүүчү кармаштарга кыргыздын бир топ майда урууларынын катышканы белгилүү. Ошентип, XVIII кылымдын аягында XIV кылымдын биринчи жарымында чүйлүк кыргыздар өз мекенине кайтышып, мурдагы өздөрүнүн жерлерине отурукташа баштаган.

Ошол эле мезгилде Чүй өрөөнүнүн Чыгыш бөлүгүнө, ошондой эле Чоң-Кемин, Кичи-Keминге, Ысык-Көлгө сарыбагыштар отурукташып, Кегети суусун бойлой жергиликтүү сарыбагыштардын Сатыбалдысынын Жообасарынан туулган Стамбек тукумдарына аралашып, бир нече: мундуз, жедигер, моңолдор, саруу, ая, өзүк, коңурат жана калмак сыяктуу уруулардын чакан тобу 1812-1818-жылдардын аралыгында келип отурукташып, алгачкы жолу Кегети айылын негиздешкени айтылат.

Кегетинин негизделгенине 200 жыл болот деген Кыргыз энциклопедиясында берилген далилдүү факт жана айрым санжыралуу адамдардын түкшүмөлүү ушуларга таянып айтылган сыяктуу. Ушундан кийин жогорудагы уруулар бир бүтүн эл болуп, бул жерди түбөлүк мекендеп калышканы байкалат.

Кегетиликтердин рухий маданияты дагы ошол мезгилдерден баштап, бул жерде жашап калган жогорудагы айтылган ар кайсы уруктардын түрдүү кулк-мүнөзүнөн калыптанып, алардын бардыгы биригип бир айылда жашап калгандыгына байланыштуу, ал элдин материалдык маданияты сыяктуу эле айылдын калкынын ой-сезиминин кошулуп калган туундусу катары жашап калган десек болчудай.

Мында айылдын эң ири этносу болгон Кегетиликтердин маданиятынын башаты дагы алардын бир айыл болуп түзүлгөн күнүнөн башталганын айтып жатабыз. Ал өз ичине кыргыз элинин өзгөчөлүгүн жана улуттук менталитетинин

мүнөздүү жактарын, ошондой эле тектеш түрк элдердин таасиринен пайда болгон дүйнөлүк тарыхый маданий процесстин жалпы өзгөчөлүктөрүн камтыйт.

Ошого жараша, Кегети аймагы кирген жалпы эле Чүй өрөөнүндөгү орто кылымдын ичинде курулган шаарлары ислам маданиятынын очогу болгон. Ал шаарларда математика, астрономия, медицина, теология жана адабият окутулуп, изилденип, жалпы түрк тилиндеги чыгармалар жазылган. Анын бирден-бир далили болуп, Жусуп Баласагунинин "Бакыт таануу илими" эсептелет. Чүй өрөөнүндө туулуп, өскөн Жусуп Хас-Хажиб Баласагуни табият кубулуштарына, коомдун жашоого болгон көз караштарындагы идеализмден чегинип, жеке адамдын ишмердүүлүгүнө карата реалдуу баа бере алгандыгын өзгөчө белгилөөгө болот. Ал ошол учурда эле илимге зор маани берген.

Моңголдордун Орто Азияга жасаган жапырыгынан кийин жунгар өкүмдарларынын ич-ара чатактары Моголстанда (Кыргызстандын аймагы ал кезде Моголстандын маанилүү бөлүгү болгон) , ага танапташ өлкөлөрдө экономиканын бүлүнүшүнө, саясий абалдын тез-тез өзгөрүшүнө алып келген. Мындай шарттын кесепетинен бул жердеги далай шаарлар талкаланып, маданиятынын тукулжурагандыгын элдин отурукташуудан качып, тоо таянып көчмөн жашоого өткөндүгү менен байланыштырсак болот.

## Чүй эли Кокон хандыгынын мезгилинде

Кокон хандыгынын үстөмдүгү кыргыз жергесине бир кылым мезгилге чейин созулган. Негизинен ага XIX кылымдын 20-30-жылдарында Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышынын саясий шылтоолору, ошондой эле анын Чыгыш Түркстан менен Россиядагы соода кызыкчылыгынын күчөшү себеп болгон.

Ал эми Чыгыш Түркстандын соода жолдору "Улуу жибек жолу" аталып, Кыргызстан аркылуу өткөнү белгилүү.

Ушундан улам Кокон хандыгынын башкаруучулары ал соода жолун өз көзөмөлүнө алууга жасаган аракеттери ишке ашырылып, бул аймакта жашаган караламан калктан ар түрдүү алык-салык, жыйымдарды чогултуунун булагына айландырууга умтулушкан. Алар жылдын бардык мезгилдеринде келип алышып, салыкты ашыгы менен сыгып, жыйнап кетип турушкан. Жергиликтүү эл бербей коюуга аргасыз болушкан. Себеби, ошол эле жергиликтүү феодалдар дагы алар менен таламдаш болгон. Ошонун негизинде Кокон хандыгы жергиликтүү мансапчыл бийлерге жана манаптарга өзү каалаган ишин аткарууга кеңири жол ачып берген. Ошондуктан, "Эгерде хандын зекет-пашасы өзүн көпүрөмүн десе, анда ал көпүрөдөн өтпөгүн" - дешкен кыргыздар, кокондук салык жыйноочулар тууралуу.

Хандын зекетчилеринин талоончулугу карапайым элди мурда болуп көрбөгөндөй жакырчылыкка алып келген. Алардын ырайымсыздыгына жана зордукчулугуна чек болгон эмес. Жада калса зекет жыйноочулар салык төлөй албаган эң жакыр адамдардын балдарын кулдукка алып кеткени тууралуу дагы көргөнүн болгонун. болгондой жазган, дагы бир ушул аймактарда болгон саяктчылардын бири. Ушул багытта К. Маркс тарабынан: "Чыгыштык эзүүнүн башкы милдети салыктарды сыгып алуу" - деп туура белгилеген.

Хандыктын аймагындагы жерлерге феодалдар менен хан бийлиги тарабынан эзилген өзбектер, тажиктер, кыпчактар, кыргыздар жана казактардын бир бөлүгү жашаган. Алар ошол салынган салыктардын көптүгүнөн тиричилигин тыңдап, баш көтөрө алышкан эмес.

Кокон хандыгынын мезгилинде Кыргызстанда ислам дини жаңыдан тарай баштаган. Ошого таяп жана башка жагдайларды теске салган бийликтин күчү менен Кыргыздардын эр бүлөлөрү милдеттүү түрдө хандын армиясына алынып турушу дагы эл башына түшкөн мүшкүл болгон. (Т. Касымбеков "Сынган кылыч").

Ошо Батыштан келген саякатчылардын бири ушул пикирди мындайча ырастап жазат. "Коханияда чиновниктердин колундагы бийликти кыянаттык менен пайдаланышы бардык чектен ашып кеткен экен. Эл баш көтөргүс, тил кайтаргыс болуп бүтүптүр. Хан болсо өзү тиран катары сурак жүргүзөт. Анын бир эле айткан сөзү менен карапайым кишилерди мындай коёлу, эң жогорку төбөлдөрдү дагы жөн гана өлтүрүп коюшат"- деп жазып калтырган экен.

Аны менен бирге ошол мезгилде Кыргызстандын эмгекчи эли кош кабат эзүүнүн-жергиликтүү феодалдар менен Кокон бийлөөчүлөрүнүн эзүүсүн башынан өткөрүп жаткан болчу. Айтылгандай, Кокон хандарынын зордук-зомбулугунда чек жок эле. Хандын чиновниктери эмгекчи калкты талап-тоноп, каршылык көрсөткөндөрүн уруп-сабап өлтүрүп, зындандарга салып, туткунга дагы алып кетип турган.

Бул оор абал калайык калкты жакырлантып жүздөгөн, миңдеген адамдардын өмүрүн кыйган урууЛар ортосундагы канДуу салгылаштар менен ого бетер ырбап турган. Ошонун натыйжасында Чүй эли Кокон хандарынын эзүүсүнө каршы бир нече жолу көтөрүлгөн. Ошондой эле Россиянын букаралыгына кабыл алуусун сурап кайрылышып, ал 1862-жылы канааттандырылып Чүй элинин Россияга биригүү процесси негизинен аяктаган.

Кокон бийлиги ушу күндөн тартып бул аймактан биротоло жок болгон.

## Орус баскынчылары Чүйдө, же ал жөнүндө кыскача маалымат

Түндүк эли Россиянын курамына киргенден кийин Чүй өрөөнү адегенде Семей облусуна караштуу Ала-Тоо округунун 1867-жылы жаңы уюшулган Туркестан генерал-губернаторунун башкаруусундагы аймак Жети-Суу облусунун карамагында болгон. Чүйлүктөр бир нече

болуштуктарга бөлүнүшүп Токмок уездинин курамына кирген. Мындан он жыл өткөндөн кийин гана борбор Бишкек уездине көчүрүлгөн.

Кыргызстандын Россиянын курамына бириктирилиши көчмөндөрдүн чарбалык турмушуна оңтойлуу жаңы шарт түзгөн. Алар отурукташып, аймакташып жашоону, бак өстүрүүнү, айыл чарбалык иштер аркылуу чарбачылык иштерин жөндөөнү жана башка алардын тумушунда мурда учурабаган кесиптик ыкмаларды үйрөнүшкөн. Бирок, кыргыздардын өз каалагандай жашоосуна падыша өкмөтүнүн оторчул (колонизатордук) жер саясаты баш көтөртпөй, каалагандай өнүүсүнө терс таасирин тийгизген.

1867-91-жылдардагы падыша өкмөтү кабыл алган "жоболорго" ылайык көчмөндөргө тиешелүү бардык жери мындан ары орус мамлекетинин менчигиндеги жерлер болот деп жарыяланган. Аймактагы бардык жердин башкы кожоюну катары орус мамлекетинин жарандары жерди каалагандай бекер пайдаланууга укуктуу болушкан. Андагы жайыт жана эгин талаалары үчүн пайдаланышкан жергиликтүү элге очойто салык салынып турган.

Ошол эле оторчул бийлик Россиядан, Украинадан көчүп келген дыйкандарга жакындан көмөк көрсөтүп, дыйканчылык кылуу үчүн өтө ыңгайлуу, жакшы жерлерди аларга таратып берип, кыргыздардын кызыкчылыгы эч качан эске алынган эмес. Ошондой эле Россия өкмөтүнүн уруксаты жок эле ал тараптан ооп келишкен орус дыйкандары Чүй аймагына жана дыйканчылыкка ыңгайлуу Чүй жана Ысык-Көл аймактарына жыш жайгаштырылып, ал жерлердин аттары орус тилинде ошол жерлерде жашап жана тез байыган орус көпөстөрүнүн аттары менен өзгөртүлгөн.

Столыпиндик режим учурунда падышанын оторчул өкүлдөрү жергиликтүү калктын карамагындагы жерлерди массалык түрдө тартып ала баштаган. Ошентип, Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын негизги тармагы болуп негизинен мал-чарбачылыгы гана кала берген. Ошондой болсо дагы Чүйдөгү айрым жерлерге бир нече кыргыз

кыштактары пайда болгон. Андай мүмкүнчүлүк мурдагы кыргыздардын кыштоосу болгон Кегетидеги отуруктаашкан орус кыштагынын чеке-белине кыргыздарда дагы болуп, алгачкы жер тамдары түшө баштаган.

Кандай болгон күндө дагы орустардын кысымы күндөн-күнгө оожалып, заман кыйчалыштап, анын олку-солкусу күчөгөндөн-күчөп, кыргыздарга күн ушундай кыйчалышы менен гана бүтүүчүдөй сезилген оор күндөр улана берген. Мурда эле чабылып, чачылып тукулжураган байкуш эл тили башка, дини башка куралдуу, кубаттуу элдин кысымынын алдында:

Кара жол кылар көлүңдү,
Коруп алар жериңди.
Кайсаңдаар сенде чара жок
Капкандай чабар белиңди... же ,
"Бээден тандап керди алды,
Ченчиси келип жерди алды" деп,

Арстанбек акын таамай сүрөттөп, ырдагандай ыдырап сөгүлүп, кайгыга чөмүлүп, аргасыз жашап турган.

Орус мамлекети үчүн жер которуу саясатынын саясий да, ошол эле учурда экономикалык мааниси дагы болгон. XIX кылымдын 90-жылдарынын аягына чейин өкмөт саясатында аскердик-саясий фактор үстөмдүк кылган. Падышачылык жер ооп келгендерди жергиликтүү калктын мүмкүн боло турган толкундоолоруна каршы күч катары жана крайды орусташтаруу максатында пайдаланышкан. Ошентип, жер которуунун түпкү максаты дал эле ушул болчу.

Биринчи орус кыштагы бул жерде Токмок коргон-чебинин жанында Сибирь губернияларынан жана Россиянын европалык бөлүгүнөн келгендер тарабынан 1866-жылы түзүлгөн. Андан көп өтпөй азыркы Лебединовка айылынын аймагында, ушул аталышта кыштак түзүлүп, бул жерден 40 түтүн келгиндер орун-очок алышкан экен. Андан кийин бат эле орус кыштактары ар кайсы жерлерге жыш отурукташа баштаган. Ушул багытта генерал-губернатор Кауфмандын мындай деген билдирүүсү бар болуп чыкты. Ал: "Орус

кыштактары "эл көп жашаган жерлерге түшүп, өз ара тыгыз байланышта болуп, ыңгайлуу жол катнаштарынын боюнда жайгашып, мүмкүн болушунча отурукташкан калк конуштарынын өзүнчө бир туташ тармагын" түзүп турганда гана орус мамлекети бул аймакта өзүнүн күч-кубатына ээ болот. Болгондо да бул кыштактарда оокаттуу дыйкандар орун алышы керек" деген билдирүүсүн падыша Николай II ге жөнөткөн экен.

Албетте, жер ооп келгендердин ичинен сөзсүз түрдө оокаттуу адамдардын отурукташуусу да мааниге ээ болуп, ал кездеги жакырланып кеткен жергиликтүү элди каражат менен көз каранды кармоо маселеси да жок эмес эле.

Ал эми атайын жер которгондорго кошулуп, өз бетинче жер ооп келгендердин толкуну болуп көрбөгөндөй кыргыз-казак жергелерин каптап кеткен. Себеби, ошол кылымдын аталган жылдарында Россиянын европалык бөлүгүндө түшүмсүздүк болуп, ачарчылык өкүм сүргөн учур болчу. Россия өкмөтү да булардын кыргыз жергесине келип отурукташканына эч кандай реакция кылбай, тескерисинче көз жаздымда калтырып, тескерисинче мындай "ишенимсиз адамдарды" Россиядан алысыраак кармоону туура көргөн. Алар менен жергиликтүү калктын ортосунда жер талашуу чыры уланган жана орустардын оторчул саясатына каршы жер-жерлерде майда толкундоолор болуп турган.

Кыргызстан колония болуп турган шартта бир жагынан эзилген калк менен жергиликтүү феодалдардын ортосунда, экинчи жагынан, эмгекчилер менен колониялык бийликтердин ортосунда карама-каршылыктар айкын көрүнө баштаган. Ошол учурдагы кыска мөөнөттө Кегети айылынын аты орустар тарабынан өзгөртүлүп, Подгорный аталып калганын эскергенбиз.

Ушунун баары жана башка белгилүү жагдайлар келип отуруп 1916–жылкы Үркүндү алып келген. Акыры жок болуп кетүүдөн кыргыз элин Улуу Октябрь Социалисттик революциясы куткарып калды.

## Жогол согуш! Жактырбайбыз биз сени...

Ал эми тарыхый билдирүүлөргө караганда Кегетиде 20-жылдардын ичинде коллективдештирүү иштери кеңири жайылып, ошол 1920-жылы Кегети аймагына отуруктанкан айылда алгачкы мектеп Өмүралы Исаев тарабынан ачылган. Биринчи жолу Кегети айылдык Кеңеши 1927-1930-жылдары уюшулган. Анын аты Кыргыз АССРинин Чүй районундагы жумушчулар, дыйкандар жана Кызыл аскерлер депутаттарынын Кегети айыл Советинин аткаруу комитети деп аталып, айылдын борбору азыркы Кегети кыштагы болгон.

1938-1939-жылдары Кыргыз ССРинин Чүй районунун жумушчулар, дыйкандар жана Кызыл аскерлер депутаттары нын Кегети посёлкалык Советинин аткаруу комитети болуп кайра каралган.

Согуштун алдында эски патриархалдык мамилелерге түп тамырынан бери каршы туруп, андан биротоло кол үзгөнгө бүткүл күчүн үрөп, жаңы заманды жан-дили менен кабыл алган кегетиликтер социалисттик коомдун имаратын адилет эмгеги менен курууда да алдыңкы сапта болушту. Себеби, учурдагы жашап жаткан көпчүлүк улгайып калган муундагы адамдар жаш курактарында адилетсиз күндү жакындан билип калышпады беле. Алар катаал окуяларды, адамдардын жүрүм-турумундагы башка чапса былк эткис, мүңкүрөгөн байкуш кебетесин, тыпылдап төгүлгөн көз жаштарды чындап эле жан тери менен элестете алышат эле. Чындыгында эле ал кездеги доор ошондой болчу. Октябрь таңы гана адамга жан салгандан башканын баарын кайрадан жаратып, эл жапа тырмак жамааттатшып иштөөгө көнүгүп жатышты.

Тилекке каршы көп өтпөй жаңыдан баш көтөрүп келе жаткан калктын башына кара түн түшүп, Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Эми гана жай турмушун жөндөп келе жаткан эмгекчилерин дагы бир оор сыноо күтүп турган эле. Ал күндөрү Ата журтубуздун башына

түшкөн оордук кайрадан орду толгуз жоготуулар менен коштолуп кегетиликтер дагы:

Жогол согуш! Жактырбайбыз биз сени,
Көксөйт көөнүң кыянаттуу нерсени.
Ал жылдарда каны-жаны төгүлгөн,
Каалабайбыз кара тактуу тизмени, - деген

сыяктуу ураан-чакырык аркылуу кабыл алышты. (Кегети орто мектебиндеги залдагы илинген эстелик бурчундагы чакырыктан). Согуш башталган күндөн тартып бул чакан айылдан фронтко 161 адам жоого каршы колуна курал кармап аттанып, анын 91и майданда курман болгон. 69 жоокер гана Ата Журтуна жан-дүйнөсүнөн жана денесинен ар кандай жараат алып, кантсе дагы, "башыбыз бүтүн, боорубуз эсен" дешип, аман калганына каниет кылып, кайтып келишкен.

Оорукта эмгектенген бул айылдын эли дагы жеңиштин бирден бир фактору болгон фронтко жөнөткөн жардамы алардын патриоттук сезимин, демилгесин өстүрүүдө чоң роль ойноғон. Ал мезгилде жергиликтүү Кеңештин башында турган Асылбүбү апа сыяктуу мыкты уюштургуч жетекчилер менен биргеликте дене талдырган оор эмгек менен иштеп табышып, аз болсо да фронтко берген жардамы аркылуу жеңишти жакындатышкан.

Согуш аяктагандан кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү жылдары да Кегетинин эмгекчилери уюшкандыкта эмгектенишип, согуштан мурдагы атын сактап турушкан.

1947-жылдан баштап 1959-жылга чейин Кыргыз ССРнин Фрунзе облусунун Чүй райондук Кегети посёлкалык депутаттар Советинин Аткаруу комитети, андан 1967-жылга чейин Кыргыз ССРинин Чүй районундагы Кегети эмгекчилер депутаттарынын айылдык Советинин аткаруу комитети, ал эми 1967-жылдан тартып Кыргыз ССРинин Чүй районундагы Кегети эмгекчилер депутаттарынын айылдык Совети аталган. Ошондон бери эч өзгөрүлбөй келип, мамлекетибиз эгемендүүлүк алгандан бери гана

Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Чүй районунун Кегети айыл өкмөтү болуп калды. Борбору дагы эле Кегети кыштагы болуп турат. Бул эми кыскача берилген гана маалымат. Аны кенен форматта баяндалуусу кийин дагы болот.

Ошол кезде айылдык Кеңештин курамына Кегети совхозу (№1-ферма), Ак-Бешим токой чарбасы, Кегети токой чарбасы, Арпа-Тектир айылы (№2-ферма), Карл Маркс (Кегети айылы №3-ферма), Чапаев айылы (№4-ферма), Плохотников (Кыпчак) айылы кирип, 4 мектеп, 4 клуб, 1 турмуш-тиричилик комбинаты, 1 ашкана жана 8 дүкөн иш алып барган. Жүздөгөн жылдарды ичине камтыган эски типте Акмолдо (Абдрашит) тарабынан салынган мечити Кудай жолундагылардын куттуу жайы болгон. Азыр дагы мечит өз милдетин аткарып, учурда ал Кудайдын үйү эскилиги жетип, айылга жаңы мечит салынды.

Ушундан пайдаланып ал мечитти салган жигит тууралуу, жаш болсо дагы элдин эсинде калгыдай эмгек өтөп жаткан дагы бир Кегетинин уулу жөнүндө баяндап берүүнү туура таптык.

## Эл үчүн эмгектенген Эльдар

Жаңылыкка суусаган, жерден боор көтөргөндөн бери тынбастан алган билими менен илим майданында пайда болуп жаткан жаңылыктарын көз жаздымда калтырбай убагында айкалыштыра билген жаштардын катары Кыргыз элинин бактысына өсүп бара жатканы албетте кыргыз коомчулугун кубандырат.

Ошондой жаш болсо дагы өз элинин жыргалчылыгы үчүн болгон күч-аракетин жумшап, айылдан чыккан аталарынын салттуу жолун жолдоп эмгегин көрсөтүп жаткан Абакиров Эльдар Курманбековичтин бейнесин ошол жаштардын катарынан көрүп, анын келечегинен дагы көптөгөн бийиктикти, жетишкендиктерди көрөбүз деген жалпы кегетиликтердин үмүтү зор.

Кыргыз Улуттук университетинин кафедра башчысы,

филология илимдеринин кандидаты, профессор Курманбек Абакиров Кыргыз Мамлекеттик университетин бүтүргөндөн кийин жолдомо менен Ысык-Көл педагогикалык институтуна барып, чейрек кылымга жакын эмгектенген. Ошого байланыштуу Курманбек Абакировичтин уул-кыздары Кара-Колдо туулуп-өсүшкөн.

Курманбек Абакировичтин атасы Абакир ата дагы Кегетиде көп жылдар бою жетекчилик кызматтарда иштеген. Эл арасында кадыр-барктуу адам болгон. Анын тикелей жардамы менен бир нече кегетилик улан-кыздар жогорку окуу жайларында окушуп, турмуштан өздөрүнүн жолдорун табышкан.

"Аккан арыктан суу агат" демекчи, биз сөз кыла турган Курманбектин уулу Эльдар башында айтылгандай, 1981-жылы айтылгандай Караколдо туулган. Ошол эле шаардагы №11 мектеп–гимназиясынын физика-математика багытындагы классын бүтүргөн. Казак Республикасындагы Алма-Ата шаарындагы Аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетиндеги механика-математикалык факультетинен "Нейротармагы жана маалыматты сактоо" кесибин алып чыккан. Ошол эле учурда Каракол шаарындагы Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын "Экономика жана укук" факультетин сырттан окуп, аспирантуранын механика-математикалык факультетинен "Информатика жана эсептөө техникасы" кафедрасын бүтүргөн.

Окуусун бүтүрөн Эльдар бир нече жыл Казакстанда банк системасында иштеп туруп, 2010-жылы Кыргызстанда болуп жаткан кырдаалга карап, ага канчалык бир деңгээлде жардамдаш болмокко, өлкөнүн патриот жаш адамы катары жылуу ордун которууга аргасыз болгон. А дегенде Кыргызстанга келгенде ошол эле банк системасында иштеп туруп, 2012-жылы туристтик жана мейманкана бизнеси "Green City Management" ЖЧКсында директордун орун басары болуп иштеп жатат.

Кеп, Эльдардын иштеген ишинде эмес, кеп анын элин,

жерин сүйүп, ал үчүн күйүп-жанганында. Кеп, ал өз өлкөсүнүн эртеңи үчүн дагы-дагы албан иштин өтөлүнө чыгат деген элинин ишеничинде. Жакын арада Эльдардын Кегети айылына салып берген мечиттин имараты жана мектепке берип жаткан жардамы эле канчалык.

**Бар бол, Эльдар!**

Эми Кегети жергесин белгисиз мезгилден бери жердеп, орун-очок алып, бир эл болуп жашоо өткөрүп жаткан бир канча уруунун бир эл, кегетилик гана болуп жашап турганын төмөндөгү баяндала турган саптардан билсек болот. Бирок, "Сен баланчасың?" деген сөз менен кегетиликтерди бөлүп-жаруу жөнүндө ой-санаа жок. Тек гана ошол ар кандай уруунун бир айылда бир тууғандай ынтымак-ырашкердикте жашап турганы жөнүндө, ар кайсы мезгилде айылдан чыккан белгилүү инсандарынын айыл үчүн, жалпы кыргыз эли үчүн жасаган опол тоодой эмгеги тууралуу айталы дедик.

# II бөлүм

## Сарыбагыш уруусу

Элдик оозеки айтылып калган тарыхтын жана анын кайсы бир кагаз бетине түшүп калган варианттары боюнча Сарбагыш (Кылжыр) бир эле адамдын аты катары айтылып келет. Ал эми кыргыздын биринчи жазма санжырачысы, тарыхчысы О.Сыдыков: "Тагайдын уулу Кылжыр, андан Сарыбагыш туулган"-деп жазат. Мунун канчалык чындыгы бар экендигин эмгиче тактап, аныктап айтып чыккан адам жок. Чынын айтканда, бул байыркы кыргыздын Багыш уруусунун (Бугу жана Сарыбагыш бекер жеринен коюлган эместир) Тянь-Шанга көчүп келген насилдеринин бири, же тобу болуш керек деген божомол дагы айтылып жүрөт.

Бизге алардын өкүлдөрүнүн Фергана өрөөнүндө, Наманган, Анжиян бөксө тоолорунда жашаган кыргыздардын (кырккыздын) тукумдары катары ар кандай уламыштар да айтылып келген болсо, Амир Темирдин биографтарынын жазгандары аркылуу Тагай бий - реалдуу жашаган адам катары белгилүү инсан. Болжол менен ошол мезгилден тартып гана изилдөөчүлөр жазма тарыхка таяна алат. Бирок, кандай болгон күндө дагы ал жазма даректерде да мифтер менен чындык ажырабай, аралашып жүргөнү талашсыз.

Сарбагыштардын Алтайдан Тянь-Шанга келиши жөнүн дө так маалыматтын жоктугу боюнча дагы изилдөөчүлөр ачык жазышкан. Жазма даректе Чыңгыз хандын аскеринин

сүрүүсүнөн качкан Дөлөн бий эки баласы менен Чыгыш Теңир тоого келгендиги айтылып, анын бир чоң ашуудан өлгөндүгү белгиленет. Ошол ашуу анын атынан Дөлөн (Долон) аталып калганы баса көрсөтүлгөн. Ал эми Сарыбагыштардын Ферганага оошу калмактардын басып кирүүсү менен байланышкан, же оозеки чыгармаларда айтылып жүргөн: "Кыргыз гизар качканда, казак кайың сааганда"- деген доорго келип такалат. Бул ал кездеги Кытай генералы Си-Юй-ту-чжинин өзүнүн жүрүшү тууралуу жазган записказарында белгилеген 1759-жылдары Сарыбагыштар Ферганада жашаган деген саптары менен дал келет.

Анан дагы алардын кайтышы Маматкулдун бий болуп турган учуруна тиешелүү. Буга эки орчундуу маселе себеп болгон. Биринчиси, калмактардын кыйрашы болсо, экинчиси Ажы бий менен Маматкулдун келишпөөчүлүк-тирешүүсүнөн келип чыккан. Ал кездеги Кокондун тегерегинде жашаган Сарыбагыш, Солто жана башка кыргыздардын урууларына Кокон бийлери ачык эле кысым жасай баштаган. Ошол себептүү Адигине уруусунун башчысы Ажыбий бүткүл кыргыздарды бириктирүү саясатын жүргүзүп, Кокон башкаруучуларынын чыгышка карай жылышын токтотууну жактаган.

Тескерисинче, Маматкул жигит курап, эл чогулткан Темир баатырга жана "ата конушка кетебиз!"-деген ураанга таянып ага каршы чыгып, көчүп кеткен. Кийин Ажы бийге куралдуу жардам берүүдөн да баш тартып, кокондуктарга жол ачып берген. Кыскасы Сарбагыштардын Ала-Тоого келиши ошол жылдарга тиешелүү деген жыйынтыктын чындыгы бар.

Башында айтылган мезгилден тарта жүз жылга жетпеген мезгилдин ичинде Сарыбагыштар Ферганада, Чүйдө, Кастекте, Ысык-Көлдө, Кочкордо, Ат-Башыда, Нарында болушкан. Өзүлөрүнүн уруу жетекчилеринин баскынчылык саясатынын натыйжасында алар жер которушуп, бир жерге жай алып тура алышкан эмес.

Алардын токтобогон жортуулу жана басып алуучулук саясаты революцияга чейин жеткен.

Ал кездеги статистикалык маалыматка карасак, 1870-жылы Жети-Суу обулусундагы Токмок уездинде 5 болуш эл жашаган. Тынай болушунун алган аянты батыштан чыгышка карай Кегети, Шамшы, Көк-Мойнокко карай Кыргыз Ала-Тоосунун күңгөй-тескей бетинде жайгашып, чеги Чүй суусу болгон. Бул болуштукта 6 айыл 1231 түтүн, 6155 адам жашаган. (Информатор Д. Жолоев)

Темир-Болот болуштугунун жайгашкан аянты батыштан чыгышка карай, Ысык-Ата суусунун чыгыш бөлүгүнөн Кегети капчыгайынан башталып, Бурана суусуна чейин, түндүктөн Кыргыз Ала-Тоосунун күңгөй-тескей жагынан Чүй суусуна чейин жеткен.

Бул уруунун өкүлдөрү тынымсыз үстөмдүккө далалат жасаганына байланыштуу кандуу согуштарды башынан өткөргөн. Алар 1916-жылкы кыргыздардын элдик боштондук кыймылына дагы активдүү катышкан. Ошол жылдардын алдында Мөкүш Шабданов Канат кошунунун командири, хан болуп көтөрүлгөн. Көтөрүлүштө кырылган элдин көпчүлүгү ушулардын айланасындагы жашаган калк болгон. Болжолдуу эсеп боюнча жазалоочу отряддары тарабынан кырылгандардын жана ачкадан өлгөндөрдүн жалпы саны алардын жашоочуларынын 60 пайызын түзгөн. Бул мезгилдеги падыша өкмөтүнүн геноциддик саясатынан кыргыз жергесинде булардан көп жапа чеккен уруу болгон эмес. Муну менен кайсы мезгил болбосун сарбагыш уруусу кыргыз элинин калыптанышына активдүү катышкан уруу катары тарых бетинде кала берет.

Кыргыздын башка урууларына караганда Сарыбагыштар башка жактан келип кошулган уруулар көп жана башка улуттун өкүлдөрү менен карым-катышы ар бир багыт боюнча арбын кездешет. Кандай айткан күндө да Октябрь

“Биздин расми боюнча атта балдак - ыйык жалдын ылдыйкы эки туягына чейин болуп, кара тасма сыяктуу оролушуп кетет. Тасма жазыланып башталат дагы, туягына келгенде ичкере берет. Мен Дөөлөскө ашык болуп калдым. Ага атам тарабынан салынган салым үчүн делген жүз кула атка кошуп, алтын шакегимди эч бир адамга билдирбей атама өткөзөйүн. Дөөлөс атамдын айтканына макул дей берсин. Бирок, мени менен кошулгуча эч бир аялга жолобосун”- деген сөзүн айттырат.

Дөөлөсбакты ичинен сүйүнүп, кыздын айтканын айткандай аткарып, хан менен макулдашып, элине кайтат. Айылына келгенде Токо менен Жантайды тууган аялынын жанына жатат, бирок Мончоктун айтканын эсинен чыгарбайт. Ошол күндөрдүн биринде караңгыда көзүн жумбай ойлонуп жатса, ирегеде жатып жүргөн чабуулдан түшкөн күндүн үстүнөн дирилдеп нур түшүп, аппак болуп агып турат. Таң калган Дөөлөсбакты бул керемет ишти үч күнү байкоого алып, шыбыш билдирбей карап жатат. Ал күнкү көргөнү күн сайын улана берет. Дагы бир кызыгы уктап жатканда кыздын жүзү нурданып, эл көзүнчө кирпик көтөрүп адамга тике карабаган күң кыздын жамалы ого эле сулуу көрүнөт экен. Төртүнчү күнү аялын ойготуп, ага көрсөтсө Меншек дагы таң калат. Дөөлөсбакты: “Бул күң бекер жан эмес окшойт. Мага токолдукка алып бер”- дейт. Аял макул болуп, ошонун эртеси эле күңгө нике кыйылат.

Убагы келгенде Мончоктун элине барып, кызга кабар берет да, калмак ханга айдап келген малын өткөрөт. Хан убадасын буза албай, айласыз той өткөрөт. Дөөлөсбакты шаан-шөкөттүн ичинде жүргөндө Мончок жашырынып келип караса, жигиттин маңдайында жылдыз болуп жанган баягы нур жоголгон. Ичи тызылдап, берген убадасынан кайткысы келет, бирок: “катын намысынан кара кийиптир” деген сыяктуу, эл арасына тарап кеткен калмак сөздөрүнөн уялып, аргасыз Дөөлөсбактыга кошулуп, анын элине келген деген сөз бар.

Мончок мезгили жеткенде эркек бала төрөйт. “Эки

элдин ынтымагы үчүн элчилик менен ниетимди буруп төрөдүм эле" деп, баланын атын Элчибек койдурат. Ал эми ага удаа эле төрөлгөн токолдон туулган баланын аты Манап аталат. Баягы Мончок байкаган Дөөлөстүн маңдайындагы нур жана токолдун үстүнө түшкөн ак шоола бекер болбой, Манап учурунда тың чыккан экен. Кандайдыр бир себептер менен Манапты Дөөлөсбактынын байбичеси Меншек багып өстүрөт.

...Ошол эле мезгилде Болот бийдин Эсенгулу 300 жигит алып, аттанып калмактын Тарбагатай деген жеринен элин чаап, жылкы тийип келе жатышканда, артынан калмактын көп колу кууп жетип, Иле дарыясынын Күн чыгыш тоосунун алдында чоң согуш болуп, анда Эсенгулдун Кожомшүкүр деген иниси өлгөн. Инисинин сөөгүн ал жерге таштабай Бугунун арык тукумунан чыккан бир баатырынын Итала деген күлүк атын минип, сөөктү алып качып кутулуп кеткен.

Бул согушта бугу, сарыбагыштан 37 киши набыт кеткен. Ошол күнү кечке жуук Эсенгул качып бара жаткан жигиттерден 100 жигитти ылгап алып, жолду туурасынын буул, айлакерлик менен жашырынып калышкан. Калмак колу качкан кыргыздардын артынан кууп өтө бергенде, артынан чыгып, капкандын эки жаагына капталган жоонун колу аёосуз кырылган. Ушул күнү 370 калмак өлгөнү айтылып жүрөт.

Ушул эле жерден баш-учун жыйган Эсенгулдун жигиттери качкан калмактарды жерине жеткире сая кууп, жыйынтыгында көп мал алып кайтышкан. Олжонун ичинде 30 дан ашуун сулуу кыз-келин болгондуктан, кайра мекенине кайткан жолдо жигиттердин арасында "мунумен аламын" деген талаш чыккан. Ушул жерден дагы Эсенгул калыстыгын көрсөтүп: "Камчыңарды ыргыткыла. Кимдин камчысы кайсы кызга түшсө, ошол кыз камчынын ээсине

ыйгарылсын"-деген. Камчысы түшкөн келин-кыздарды алышкан жигиттер жай-жайына тарашкан.

Ошол кыздардын ичинен бирөө артыкча кошокчу чыгып, Эсенгул өлгөндө мындай деп кошкон экен. Анда:

Жолдуусуна жүздү алган,
Олжосуна бизди алган.
Октон кайра тартпаган,
Өбөлгүгө узду алган.
Ойрот менен кыйрашып,
Эрдигине бизди алган.
Ажал деген аткан ок,
Акыры сокту бул жалган...

Ошондон улам кыргызда: "Эгер катыны жаш болуп, жакшы чыкса, камчысы жакшыга түшкөн экен деп бил!"-деп, Эсенгул камчы карматып, ага түшкөн кыздар жайын тапкандан кийин ушул макал жаралып калса керек.

Эми санжырада Сарыбагыштар Тагай бийдин Кылжыр деген уулунан таралат делип жатпайбы. Анын Орозбакты, Дөөлөсбакты деген эки уулу болуп, Орозбактынын уулдары - бугу, Дөөлөстүн тукуму сарыбагыш аталып кеткен дегенбиз. Дөөлөсбактыдан: Токо, Жантай, Элчибек жана Манап-төрт уул. Манабынан Сүтөй, Жарбаң эки уул туулган. Сүтөйдөн төрт уул: Тукур, Тогор, Эшим, Сарысейит. Сарысейиттен Канкудаян, Түлкү, Үчүкө, Эрдене төрт уул туулган. Ошол Түлкүсүнөн Тынай. Тынайдан үч уул: Атаке, Сокур жана Сатыбалды. Ал Тынайдын кичүү уулу Сатыбалдыдан Ыйбак, Түлөгабыл, Караүсөн, Алмакүчүк, Чомой, Жообасар, Кубат, Ая деген балдар туулуп ушулардан таралгандардын көпчүлүк бөлүгү Манап тукуму, же өздөрүн Станбектин уулдарыбыз дешет.

Кегетиде жашаган урууларын ичинде түптүүлөрүнүн бири ошолор.

# Мамбеталы тилмеч
## (тарыхта аты калган таанымал инсандар)

Ошондой адамдардын бири Тынай бийдин үчүнчү уулу Сатыбалдынын Түлөгабылынан тарагандардан элге эң эле белгилүүсү Муратаалынын баласы Мамбеталыны атасак болот. Ал кезегинде тың чыккан. Жер кыдырып арапча билим алып, Алматыдан жогорку гимназиясын алтын медаль менен бүтүргөн. Орус тилин мыкты өздөштүргөндүктөн алгач Токмоктогу, андан соң Бишкектеги уездде тилмеч болуп көп жыл иштеген. Ушуга байланыштуу аны тааныгандары да тааныбагандары деле "тилмеч Мамбеталы", "тилмеч аке" дешип, эл арасындагы кадыр-баркы жогору көтөрүлгөн.

"Аганы көрүп ини өсөт" дегендей, Мамбеталынын инилери Аден менен Усубалы дагы орус тилин мыкты өздөштүрүшкөн экен. Ага жараша Аден мезгилинде Нарын жергесинде тилмечтик кылганын айтышат. Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиев Кегетиден кете элек учурдагы комбайн жана трактор айдап жүргөнүн айтып, Усубалы аксакалды жакшы билип калганын белгилейт. Анын тыкандыгын, сыпаалыгын өзүнүн баласы Жеңишке окшоштурат. Алардын айтуусуна карасак Усубалы аксакал эч буруусуз накай эски орустар сыяктуу сүйлөгөн окшойт.

Ал ошол элинен алган кадыр-сыйы мезгилдин шарына жараша пайда болгон ички жана сырткы душмандарын баамдап, аларга татыктуу жооп берүү менен жагдайды туура аныкташына өбөлгө түзгөн. Мамбеталы кайсы жерде болбосун билгичтик менен, кылдаттык менен иш алып барган.

Мамбеталы туулгандан эле боорукер, калыс, ак ниеттүү болуп эр жеткен. Ошондой касиети себеп болгон көрүнөт, табийгатты барктоонун натыйжасында, өзүнүн жеткен мүмкүнчүлүгүнө жараша ошол өзү жашаган аймакка түрдүү бак-дарактардын көчөттөрүн отургузуп, бал челек

кармаган. Жалпы эли орустун чарбалык иштерине маани беришине, жакшылап үйрөнүп алышына үгүт жүргүзүп, аларды да бак-дарактын түрлөрүн тигип, ошолордой чарбачылык кылышка өзү баштап өрнөгүн көрсөткөн.

Мезгил өткөн сайын эл оозунда айтылып жүргөн санжыралардын варианттары улам жаңы расмий фактылар, окуялар менен толуктала берери мыйзам ченемдүү көрүнүш эмеспи. Мамбеталынын падыша өкмөтүнө берилгендик менен кылган кызматынын мөөнөтү мыйзамга ылайыкташтырып келсек, жыйырма беш-отуз жылга жакындап барат экен. Негизинен ал орус эли менен кыргыз элинин ортосунда ошол жылдары жаңыдан калыптанып жаткан достуктун башатын бекемдөөчү данакер болуп, эл үчүн ургаалдуу кызмат өтөгөн.

Мамбеталы 1860-жылы Чүй аймагындагы Кегети айылында туулган. Атасы Мураталы айтылуу Түлөкабыл баатырдын уулу болгон. Мамбеталы кичинесинен эле чыйрак, тың чыгып, тез эле арабча окуп, жаза билүүгө үйрөнөт. Анын балалык жана өспүрүм курагы Токмок калаасы менен тыгыз байланышта экендигин тарыхый маалыматтарда даана тастыкталып, анын так далили турат. Ал эми Токмок калаасы болсо, 1867-жылы уездик шаардын статусун алып, ошол жылдардан баштап Орусиянын курамына кирген.

Мына, ушул мезгилдерде уездик бийликтин өкүлдөрү менен кыргыздардын ортосундагы карым-катнаштарды тоскоолсуз ишке ашыра турган тилмечтик кызматтын өтө зарылчылыгы келип чыгат. Уездик бийлик өкүлдөрү бул кызматка жергиликтүү кыргыз жаштарынын ичинен Кегетилик Мураталынын уулу Мамбеталыны ылайыктуу деп табышат. Анан аны Верный шаарындагы (Азыркы Алма-Ата) жогорку гимназияга окууга жиберишет. Бул жөнүндө казак мамлекеттик архивинен табылган "Свидетельство об успехах и поведении ученика 1-класса Верненской прогимназии Мураталинова Мухамеда за 1879-1880-учебный год" деген баалуу документтер жөнүндө толук маалыматтар турат.

Ошентип гимназияга өткөн мезгилден тартып, анын Мамбеталы деген өзүнүн аты бардык табылган расмий документтерде Мухамед Али Мураталин болуп өзгөрүлүп кеткен. Ал гимназиядагы окуусун дээрлик бардыгын эң мыкты өздөштүргөн. Өзүнүн тубаса зээндүүлүгү менен дайыма башкалардан өзгөчөлөнүп турган.

Окуусун бүткөн соң Семиреченск облустук аскер губернаторунун 1885-жылдын 31-июлундагы №99 буйругу менен Токмок уездик башкармасына жазма иштери боюнча тилмечтик жооптуу кызматты аткаруу үчүн жиберилет. Андан көп өтпөй эле ага Верный сотунун тергөө кызматына дагы тилмеч болуп иштеп берүү милдетин кошо жүктөп коюшат. Так ошол мезгилде ал жыйырма бештеги гүлгүндөй жап-жаш жигит болгон. Ошентип, өмүрүнүн кырчын кезинин дээрлик көпчүлүгүн Токмок калаасынын калыптанышы жана анын келечеги үчүн жумшаган.

Уезддин карамагындагы болуштук бийликтердин көйгөйлүү маселелери боюнча эл-журттун арыз-муңдарын, өтүнүчтөрүн, талаптарын орус тилдүүлөргө так ошол орустун тилинде жеткирип, карапайым адамдарга түшүнүктүү болуш үчүн так даана которгонго аракетин жасаганы менен урмат-сыйга татыган. Ошол эле мезгилде жергиликтүү калкка жана уруу башчыларына өз тилинде маңызын өзгөртпөй түшүндүрүп, көптөгөн чатак маселелерди калыстык менен чечилишин камсыз кылган. Айрым түйүндүү маселелерди жеринде так айтканда, Токмок калаасынын өзүндө чечилип турушу көптөгөн маанилүү роль ойногон. Ал эми айрым арыз-муңу бар адамдарды бир эле аңгемелешүү менен ыраазы кылып кайтарган учурлары дагы арбын болгондугун айтышат аны билген адамдар.

Ошентип, ал Токмок калаасында сегиз жыл кызмат өтөйт да, 1893-жылдын 16-сентябрында атайын буйрук менен Бишкек уездине жазма иштери боюнча тилмечтик кызматка дайындалат. Бул жооптуу кызматта дагы төрт жыл иштейт. Андан кийин улуу даражалуу Семиреченск

аскер губернаторунун 1897-жылдын 18-октябрындагы буйругунун негизинде аскердик кызматынын зарылчылыгы боюнча аны Копаль уездик башкармасында иштөөгө жиберишет.

Ал эми 1903-жылы 4-октябрда аны кайрадан Пишпек уездиндеги мурдагы кызматына чакырып алышат. Ошол эле мезгилде Мамбеталы улуу даражалуунун дагы бир буйругун алат. Анда ага иштеген кызматына кошумча административдик полиция башкармалыгына дагы тилмечтик милдети жүктөлгөндүгү айтылат. 1906-жылы ал Пржевальск уезддик башкармасында командировкада жүрүп, бир жылдан кийин кайрадан Пишпек уездине келет дагы ошол эле тилмечтик кызматында көптөгөн жылдар бою талбаган ак кызматын өтөйт.

Ак падышага өтөгөн адал кызматы үчүн көгүш коло медаль менен сыйланган. Мамбеталыны бүт Тынай, Солто эли кадырман инсан катары урматташкан. Шабдан баатыр өзү орус тилин билбегендиктен уезддерге, губернаторго барганда жанына тилмеч катары дайыма Мамбеталыны алып жүрүүчү экен. Бир жолу Шабдан баатыр Оренбургдагы жыйынга чакырылат. Бул жыйынга ал ак падышанын жеке өзүнө кайрылуу өтүнүчү жазылган катты алып бармак.

Биринчиден, деп айтылган ал катта: "Кыргыз эли илимсиз, билимсиз караңгы калк. Орус тилин билишпейт. Ошол себептүү алдын-ала даярдыктан өткөрүлмөйүнчө эр уландарыбыз аскердик милдетти аткара албайт. Бизден солдат албооңорду өтүнөбүз.

Экинчиден: кыргыз эли жарды-жалчы, эптеп малдын арты менен күн көрөт. Бизден алык-салык албаңыздар. Акчалай салык элди карайлатып, жүдөттү.

Үчүнчүдөн: казак-орустар келип, жерибизди мыйзамсыз ээлеп алышты. Жаңы баселкелерди курушту. Ошол жерлерибизди бошотуп беришсин.

Мына, ушундай же ушуга жакын мазмунда жазылган катты Шабдан өзү оорусуна байланыштуу жана жашы өтүп калгандыктан бара албай калып, Сооронбаев Дүргө

тапшырганы айтылат. Бирок, Дүр тили буруу жаш аялынын тилине кирип баруудан баш тарткан экен. Шабдан: "Эгер бара албасаң, анда бара турган киши тап!?" деген тура. Дүр, Мамбеталыдан башка ылайыктуу киши жоктугун айтат. Ошентип, ал катты баатырдын өтүнүчү менен Оренбургга Мамбеталы жеткирип, губернатордун өз колуна тапшырып кайткан.

Мамбеталынын мындай эрдигине ыраазы болгон Шабдан баатыр аны жаңыдан бөлүнүп жаткан Шамшы болуштугун башкарууну сунуш кылат. Ошол мезгилде Атаке болуштугунун аймагы өтө чоң келип Шамшы, Бурана, Кегети калкы өзүнчө болуштукка муктаж эле. Бул жөнүндө уезддик бийликке далай өтүнүч каттар түшкөн. Мамбеталынын кийлигишүүсү менен Шамшы болуштугу өз алдынча статус алат. Ушундан көп узабай эле аталган Шамшы, Бурана, Кегети болуштугуна анын баласы Закир кыска мөөнөттө болуш болуп, андан кийин бир тууган иниси Муса Мураталиев болуштукка шайланган. Ал он сегиз жыл бийликте турган.

Айрым санжырачылар Мамбеталынын өзү болуш болгон деп да талашып жүрүшөт. Бул туура эмес экен. Себеби, расмий маалыматтардын бардыгында Мамбеталы-Мухамед Али Мураталин деп жазылып келгендигин алар билишпейт. Ошондуктан болуш М. Мураталиев десе эле аны Мамбеталы менен чаташтырышууда. Чындыгында анын иниси Муса 16 жашынан баштап 17-18 жыл болуш болгон. Бактыга жараша анын Күмөн деген баласынан чыккан балдардан учурда заман агымын түшүнгөн мыкты бизнесмендер чыгышты. Ал эми Мусанын кызынын баласы Искендер Исамидинов Кыргыз Улуттук университетинин ректору.

Мамбеталынын кадыр-баркынын бийиктиги Шабдан баатырдын атактуу ашын өткөргөн мезгилде билинет. Аш 1913-жылы Чоң-Кемин суусунун боюнда өтөт. Ашка Жети-Суу, Фергана жана Сыр-Дарыя облустарынан бардыгы болуп 40 миңдей адам келген деген маалымат

бар. Мамбеталы уезддик бийликтин өкүлү катары ашты башкаруу мезгилинде уюштуруучулугу жөндөмү менен айырмаланган. 1915-жылы күз айларында Токмокто түндүк Кыргызстандын манаптары чогулуп: "...ак падыша кыргыздардын талаптарын канааттандырбай койду, чечкиндүү аракет көрүү зарыл" - деген маанидеги наразылыгын билдиришет. Ошондо Мамбеталы Мураталин жана аны менен Верный шаарында чогуу билим алган Дүр Сооронбаев: "Орусия менен наразылыкта боло албайбыз, ага негиз дагы жок" деген чечкиндүү каршылыгын көрсөтүшөт. Далилдүү фактыларга таянышып, аларды мисал кылышат.

Мезгилинде калкка кадыры өтүп, анын тагдыры үчүн өз баштарын сайган Мамбеталы жана Дүр сыяктуу белгилүү адамдар да чыгармачыл адамдардын эскерүүсүнөн куру калган эмес. Ак таңдай акын Калык Акиев дагы ушул Чүй боорунан чыккан белгилүү эки инсан жөнүндө:

"...Мен көрдүм:
Кең Сары-Өзөн, Чүйүңдү,
Камыштан жапкан үйүңдү,
Камырга ороп эт берген,
Мамбеталы, Дүрүңдү" деп, алардын ишмердүүлүгүн таң калуу менен белгилеп, бирок мурдакийин көрбөгөн тамактын өзгөчөлүгүнө тамшана тамаша, чынга аралаштырып төгүп ырдаган тура.

Мамбеталы тилмечтин күндөлүк турмушунда байкалган өрнөктүү жана калыстык иштери жөнүндө эл арасында көп эле уламыштар айтылып жүрөт. Анын бири төмөндөгүдөй баяндалат экен.

Күндөрдүн биринде малдын жону жукарып турган алашалбырт эрте жазда Шабдан баатырдын энеси Баалынын агасы Байзак баатыр Жумгалдан чыгып, Кочкор аркылуу Кегети ашуусун ашып түшүп, Кеминге өтүп кетмекчи

болот. Ашуу жакшы ачыла элек, жол бербей күн өтүп, кеч кыстап калгандыктан ал көздөгөн жерине жетпей, Мамбеталынын үйүнө күтүүсүздөн келип, кудайы конок катары түшүп калат. Байзак менен Мамбеталы мурдатан тааныш, бирине-бири сый арткан замандаш адамдар эле. Мындай кадырман конокту кыштан калган сүр эт менен жаткырууну намыс көрүп "жаш козу союп берейин" деген ойдо иниси Байтемирди (Насирдин Байтемировдун атасы) ээрчитип алып козу издеп чыгат.

Сураштырып отуруп баглан козу моңолдор Күрөңкөйдө бар экендигин угуп, ага келишет. Күрөңкөй эшигинин алдында балка-чотун жайып таштап, майда-баратын узанып жаткан экен. Айтылган саламды тиги ооз учунан кайдигер алганына таң болгон Мамбеталы мынча келгенден кийин кайра бурулуп кете албай:

- Күкө! - дейт акырын. Биздин үйгө сый конок келип калды. Сенде эттүү күрпөң козу бар экен деп угуп, сурап келдим эле, - дейт, аз болсо дагы сына түшкөнүн билгизбегенге аракет кылып. Дагы эле колундагы чоту менен уучтап жаткан казыгын айлантып карап шыкаалап, тиги келип тургандарга көңүлүн бурбагандай, бурса дагы аларды киши экенин илик албагандай:

- Аны ким айтты? - дейт экен, башын жерден албаган Күрөңкөй. Жанатадан бери кадырман адамга көрсөткөн жапайы, сый билбес кылыгына чыйрыга түшкөн Байтемир:

-Эй, сен!? Бирөө айтпаса деле жүрбөйбү козуң малыңдын арасында. Бар болсо барын айтып, жок болсо жогун айтпайсыңбы үңкүйбөй, башыңды көтөрүп, - дегенде, аны коштогон Мамбеталы дагы:

- Ордуна козулуу кой берейин, козуңду берип тур, Күкө? - дейт. Күрөңкөй бергиси келбей:

- Козум ургаачы эле Мамбеталы. Тукум боло турган... Мал кылайын дедим эле... Бере албайм го, - деп кыңжылат, дагы эле башын жерден албастан. Күрөңкөйдүн караңгы түркөйлүгүнө, адам кадырын аңдабас кейбирлигине жедеп чыдамы түгөнүп, жини шакардай кайнаган Байтемир:

-Ат-та ба-баңдын гана... Козуңду Мамбеталыга бербегенде, кубарыңдын куу чокусуна бересиңби, ыя!?- деп тигини камчысы менен баштан ары тартып жиберет. Аны көрүп ачууланган Мамбеталы:

- Эй, шошко! (чочко дегени) Сен бирөөнүн малын зордук менен аласыңбы, ыя? - деп Байтемирди камчы менен жондон нары тартып жиберип, атын моюнга чаап, тескери бастыра берерде жанатадан бери болуп жаткан окуяны сырттан байкап, акмалап турган Ормуш балбан тилмечтин алдын торой чуркап, жетип тизгиндеп:

- Маке, менде мунукундан дагы жакшы козу бар. Ошону алыңыз. Жарагыдай эле болсо алыңыз. Азыр эле берем, өңөртүп кетиңиз. Жүргүлө үйгө?-дейт, барбалактап. Аңтаң калган Мамбеталы:

- Айтчы айланайын, бекер да болмокпу. Чын эле бар болсо баасын айтчы, ордуна эмне аласың?-дейт.

- Бекер эле берем деп жатам го, Маке.

- Жок, бекер болбойт. Эмнеси болсо да чыныңды айтчы. Каалаганың эмне?

- Үйлөнгөнүбүзгө бир топ жыл болуп кетти, Маке. Негедир балалуу боло албай жүрөбүз. Сиздин касиетиңизге ишенип ушуга барып жатам. Бизге батаңызды берсеңиз эле болгону!? - дейт салбырап, сабылган Ормуш.

- Чакыр, анда келинчегиңди, - деген Мамбеталы аттан түшө калат. Ормуш калдаңдап чуркап, тез эле келинчегин ээрчитип жетип келет. Аларды күн батыш жакка буруп, кыбылага каратып: "Эмдиги жылы ушул кезде эркек уулдуу болгула, омийин?!" - деп, бата берип, анын берген семиз козусун өңөртүп барып, Байзак баатырды коноктоп узаткан экен.

Чын эле жыл айланып Ормуш балалуу болуп, балбан элине чачыла той берген деп айтышат экен, айылдаштары. Чындыгында Ормуштун балбандыгы дагы чын болгон экен. Анын Ийри-Суу жайлоосуна карай Кегети ашуусун ашып бара жатып, жүрбөй калган атын туу жонго жөө көтөрүп чыкканын айтышат.

Ал аталган ашуу болсо, Чүйдүн оң куймасынан, Кара Кочкордун чыгыш сол куймасынан орун алган дегенбиз. Ашуунун бийиктиги деңиз деңгээлинен 3702 метр бийиктикте жайгашып, учурдагы белгилүү Долон ашуусунан 672 метрге, ошондой эле Ала-Бел менен Өтмөк ашуусунан алда канча бийик экендиги белгилүү болуп жатпайбы. Тоо кыркаларынын бийиктиги ашуугa салыштырмалуу 450-500 метрге жетип, капталдары өтө тик жалама аскалардан куралган. Ашууну изилдеген окумуштуулардын материалдарына таянсак, ал девон менен карбондун кумдук катмарлуу конгломерат, сланец, мергель деген аталыштагы тектеринен турат деп башында жазганбыз.

Ат көтөргөн жөө адамдын мындай ашууну ашып өтүшү, (Кожомкул балбандын Төө-Ашуугa ат көтөрүп чыкканын эске албаганда) чындыгында эле тарыхта кала турган окуя эмеспи. Ормуш балбан жөнүндө жакшы билген адамдар жок болгондуктан башка маалымат ала алган жокпуз. Эл арасы кенч эмеспи, мүмкүн ал тууралуу айтыла турган сөз дагы табылар деген үмүттөбүз. Себеби, бул Кегети айылында атагы чыккан балбандар, ырчы-чоорчулар жана башка таланттуу адамдар көп чыгып, мезгилдин өтүшү менен унутулуп кетишкен.

Ал эми жогорудагы айтылгандын тескерисинче Күрөңкөй уста кемпири экөө баласы жок, куубаш өтүптүр. Бул айныгыс чындык. Кегетиликтердин жан-көйүндө сакталып калган, тарыхый окуя. Ушундан эле Мамбеталынын көрөгөчтүгүн, касиеттүүлүгүн жана элдин ынтымагын ыдыратпай сактаган тубаса калыстыгын аңдап-билсек боло турган.

Ушул эле Мамбеталы жөнүндө айтылган болумуштун башка түрлөрү да бар дешет айылдаштары. Алар жөнүндө толуктап айтып бере албасак да Кегетинин казак-орустардан бошоткону, жана башка ошол кездеги орусташып кеткен Юрьевка, Белогорка, Сосновкага окшогон бир катар айылдарды да бошотууга кылган аракетеи тарыхый материалдарда сакталып калган.

1916-жылкы козголоңдо Мамбеталы элине: "Туугандар үркпөгүлө! Орус элинин калыстыгы бар, чынчыл эл. Алар менен тил табышса болот. Эгерде сүйлөшүп, абалыбызды түшүндөрсөк, ал айткан-дегенибизден көтөрүлүштүн чыгуу себептерин чындап аңдашса, анда эле элдешебиз. Биз ушундай чындыкка жетишибиз керек. Андай шарт бизде бар" - деп качкан элдин алдынан чыгып, чакырык салып сайрап турса дагы Мамбеталы жана бир катар ал мезгилдин агымына түшүнүгү бар сабаттуу адамдардын айтып-дегенине карабастан Чүй аймагындагы кыргыздар орустардын күчүнөн жана өзүнө душман көргөн элге карата кара мүртөз кыялынан, ошондой эле алардагы түз атар мылтыктын огунан, ааламды тарыткан замбиректин каардуу сүрүнөн коркуп качканда Кегетидеги кыргыздар дагы үркүп, айрым түшүнүгү кем адамдар: "Мамбеталы чокундук болуп кетиптир. Ал элди орустун мылтыгына салып берет экен. Чокундуктун айтканын укпагыла!"- дешип, анын сөзүнө ынанышпай, башкаларды дагы иренжитишип, Тянь-Шань тоолорун аралай качып, көпчүлүгү бей ажал өлүмгө дуушар болушкандыгы зээнди кейитет. Эгерде эле ал кишинин тилин угуп, орустар менен сүйлөшүү жүрүп эл үркпөй калса, ал мезгилдеги бейажал өлүмгө кеткен адамдардын саны абдан эле аз болот беле?

Алар Кегетини таштап качышканда казак-орустар айылды ээлеп алышат дагы үй салышат, ал тургай айылдын атын Подгорный (Тоо түбүндөгү айыл) деп атап алышат. Кегетиликтер бул жерге кайтып келишкенде бир топ идиректүү адамдар Мамбеталынын жетегинде далай буту жеткен жерлерге арызданып барышкан. 1918-жылы Казакстандын Ак-Дөбө деген жеринде чоң жыйын болот. Буга Мамбеталы дагы катышат. Аны менен Кегетилик мундуз Касымбек уулу Шамыркан да бирге барган деген маалымат бар. Бул жыйынга Орто Азия республикаларынан көптөгөн өкүлдөр келишкен. Сөз өңүтү Совет өкүмөтүнүн түзүлгөндүгү жөнүндө жана Лениндин декреттеринин тегерегегинде жүрөт. Ошол жыйында Мамбеталы сөз алып, орус тилинде бир сааттан ашык сүйлөгөн экен.

Ал Кегети суусунун боюнда жашаган кыргыздар тегирмендерди жана акиташ зоотун куруп жаткандарын баяндайт. Андан кийин казак-орустар кыргыздардын дыйканчылыкка ыңгайлуу жакшы жерлерин ээлеп алышып, Быстровка, Орловка, Калиновка, Подгорный, Юрьевка, Ивановка, Сосновка жана башка аттарды коюп алгандыктары жөнүндө эч тайманбай айтат. Мына ушундан баштап Мамбеталы кыргыз журтчулугуна касиеттүү адам катары кеңири таанылган эле.

Аны кегетиликтер жана башка Токмок калаасынын айланасында жашагандар жогоруда айтылгандай "Тилмеч аке, тилмеч ата" дешип, өзгөчө урматтагандык менен аташчу. Ал эми анын ак батасын алгандар көксөгөн тилектерине жетишип, жогоруда айтылган Ормуш балбан сыяктуу Алла Тааладан каалагандарын сурап алууга чындап эле өздөрүн багыттап, ишендирип, анан бактылуу турмушту баштарынан кечиришип, жакшы жашоодо жашагандарын өз көздөрү менен көргөн адамдар бар болгон.

Улуу инсандын асыл ойлору 1921-жылы февраль-март айларында ишке ашып, орундалган экен. Эң ириде эле Кегети орустардан толугу менен бошотулуп, ошол жылдары жер-суу реформасы ишке ашып, жерлери өз ээлерине толугу менен кайтарылып берилген да ал өзүнүн баштапкы аты Кегети болуп кайрадан аталган. Бул кегетиликтер жылдап зарыга күткөн жакшылыкты Мамбеталынын өзү дагы көрүп, ага карата сүйүнгөн элдин алкышын өз кулагы менен уккан дешет.

Ошол Кегетидеги бошотулган эң мыкты үйлөрдүн бири жалпы элдин колдоосу менен Мамбеталынын үй-бүлөсүнө берилген. Анын бала-бакырасы, небере-чөбөрөлөрү мына ошол ак жолтой үйдөн тарбияланышып, өсүп-өнүгүштү. Ошол үй дагы деле сакталып турат. Ал кездеги салынган там үйлөрдөн айырмаланып, жер пайына тактай төшөлгөн. "Атаганат" дешет кегетиликтер, "эгерде ошол үйдү Мамбеталынын атындагы музей кылып коюшса

Мамбеталынын балдары атасынын арбагын сыйлап кандай гана чоң иштин өтөлүнө чыккан болот эле?!".

Ошентип, Мамбеталы орус тилин эң мыкты өздөштүргөн дүктөн, көзү өткөнчө көп жыйналыштарга катышып, ал тилде сөз сүйлөгөн. Кремлден келген өкүлдөр Мамбеталынын ысымын Владимир Ильич Ленинге да жеткиришкен. Анын көзү өткөндөн кийин 1921-1922-жылдары Лениндин колу коюлган, Мамбеталыны Кремлге чакырган кат келгенин аксакалдар бүгүн дагы аңыз кылып, сыймыктануу менен айтып келишет. Демек, Мамбеталы Мурataлиев, же Мухамет Али Мураталиндин Кегети эле эмес жалпы кыргыз элинин тагдырына, келечегине карата жасаган иши, тоодой эмгеги кийинки муундар үчүн калыстыктын, жигердүүлүктүн ошондой эле элин сүйүүнүн үлгүсү катары жашап:

Эмирлер эстен чыкса да,
Эл эсинде эр калар, - демекчи, Мамбеталы тилмеч кегетиликтердин эсинде түбөлүк кала берет.

Мамбеталынын байбичеси Саркалдай эне Кочкордогу кадимки айтылуу 40 жигиттүү Бектендин кызы болгон. Ыймандуу, казан-аштуу, ага жараша дагы пейили да көлдөй терең, көз карашы кенен байбиче экен элдин айтымында. Алар өмүрүнүн көп мезгилин Пишпек калаасында, Токмок калаасында жана Кегетиде өткөрүшкөн.

Алар Закир, Шакир жана Омор деген үч уулдуу болушуп, кийин Батый жана Зубайда аттуу кыздарды көрүшөт. Ошол балдарынын айтып, дегенине караганда Пишпекте жашап турган учурларында Мамбеталы менен Михайил Васильевич Фрунзе үй-бүлөлүк достук, жакын мамиледе болуп катышып турушкан.

## Атан өлсө, тайлак бар...

Мамбеталынын Оморунун кичүү уулу Эмилбек Оморов Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда өмүр бою эмгектенип, 1973-жылы биология илимдеринин кандидаты даражасын коргогон. 1978-жылы ага доцент наамы ыйгарылып, сегиз жыл бою аталган биология факультетинде декандык жооптуу кызтатта иштеген. Жүзгө жакын илимий эмгектери Москва, Ленинград, Бишкек, Киев шаарларында жарык көргөн. Ош шаардык Советинин эки жолку депутаты болуп шайланган.

Эл алдындагы өтөгөн эмгеги жогору бааланып мамлекеттик сыйлыктарга, атап айтканда 1970-жылы "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалына, 1981-жылы "Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги" төш белгисине, 1984-жылы "СССР агартуу отличниги" жана 1985-жылы "Ветеран труда" медалы менен сыйланган.

Ошентип "Аккан арыктан суу агат" дегендей Мамбеталы тилмечтин бул небересинин дагы эл үчүн жасаган эмгеги зор десек жаңылыштык болбойт.

Айтылгандай, Мамбеталынын элге, айрыкча Кегетиге келип жашап, орун-очок алып жашап калган кегетиликтерге өтөгөн эмгеги өтө зор экендигин дагы бир жолу кайталап коюш ашыкча болбос. Ошондуктан, Мамбеталы тилмечтин асыл сапаттары анын уул-кыздарында, небере-чөбөрөлөрүндө алтындын уюткусу сымал сарамжалдуу сакталып келет деп айтууга бизде толук негиз бар.

Ошентип, ал касиеттүү адам 1921-жылы каза болуп, сөөгү Кегетидеги көрүстөнгө коюлган.

# Аялар

Ошол эле Дөөлөсбактынын тун уулу Токо дегенбиз. Ал өлгөндө аялынын боюнда калып, андан төрөлгөн Каракурсак аттуу баласынын тукуму аз таралган экен. Бирок, Токо баласаак, боорукер жана колунда бар адам болгондуктан ал саяк жүргөн балдарды кароосуз таштабай карамдуу адам катары элдин эсинде кала берген. Ал багып алган Атыга, Сабыр, Чагалдак, Өзүк, Молой, Чечей, Бешкүрөң деген тондуу уулдары болгон. Алардын ар бирине энчи бөлүп, конуштарынын чегин ажыратып, үйлөп-жайлап шартын түзөп койгон. Аларга кошуп бир тууган иниси Жантайдын ырчы кызы Күмүшайды дагы багып алган экен. Белгисиз себептер менен Токо өлгөндө саруууларга күйөөгө чыккан Күмүшайга кабар жетпей калып, кийин бата окутканы кайындары менен күзгө жуук келген. Ал аттан түшүп жатып:

"Мен биздин айылды жоо чаап, Манап, Жантай жана Элчибек агаларымды, Атыга, Сабыр, Чагалдак, Өзүк, Момой, Чечей жана Бешкүрөңдү, деги эле баарын түгөлү менен кырып кеткен го десем, кудайга шүгүр, бардыгы эле аман тура" - деген экен, кабар бербей койгондорго таарынычын билдирип. Үйгө кирип, маркумду эскерүү учурунда дагы кошок менен:

Атыга, Сабыр, Чагалдак,
Атамдын тондуу уулу эле.
Өзүк, Момой, Чечейлер,
Өзүмө келген кул эле.
Өзү келген Бешкүрөң,
Атамдын качан уулу эле,
Өзүмдөн тапкан кул эле, - деп, тигилерди безге сайган дейт, акын кыз.

Эми, санжырада белгиленгендей, ошол Токонун тондуу балдарынын ичинен Атыганын агалары Кочкор менен Теке казактан эр өлтүрүп качып чыккан бир туугандар болгон деп айтылат. Теке жолдо колго түшүп, өлтүрүлгөн. Ал

эми Кочкор Токонун колуна келип корголоп, ошол жерден үйлөнүп-жайланып, Ая аттуу жалгыз балалуу болгон.

Кийин Кочкор өлүп, Ая Токонун колунда, багуусунда калып, айтылгандай анын урпактары дагы башка уруулардын катарында сарбагыштарга сиңип Кегетиде жашап калышкан экен.

Эми ошол, 200 жылдык тарыхы бар Кегетиде жашагандардын башатына кайрадан кайрылсак Орто Азия аймагындагы жашаган элдердин ичинен ар тараптан ар түрдүү себептер менен келип жайгашып калгандар да, ошондой эле мезгилинде шартка байланыштуу бул касиеттүү жерден чыгып кеткендер дагы болгон экен. Ошондой Кегети аймагын баймактап туруп, белгилүү, белгисиз себептер менен чыгып кеткендер жөнүндө айтылган баяндар ар түрдүү болгону менен негизги чыккан башатынын бирдейлиги байкалат.

Анын бирин баяндай турган болсок, Үчүкөнүн Маматкулунун биринчи аялынын балдары тентек чыгышып, бул тарапка келе жаткан Кашкардык соодагер кожолорду тоноп, баалуу буюмдарын талап алышкан экен. Муну билип калышкан айыл аксакалдары балдарды катуу урушуп, соодагерлерди мүмкүн болушунча ыраазы кылып узатышкан. Ошондо соодагер кожолор балдарга: "Тукумуң кыркка жетпесин, кыркка жетсе дагын күлүңөр бир жерде додо болбой, ынтымагыңар жок болсун" - деп, бата беришиптир. Ошол кожолордун каргышына калганбы, бул Маматкулдун тукумдары өздөрү арбын тукум болсо дагы ынтымагы жогураак, Кыргызстандын булуң-бурчунда чачырап жашап жүрүшкөндүгү айтылат.

Ошол Маматкулдун баласы Болот жоош, момун болуп Темири тың чыккан. Ал агасынын жашынын улуулугун сыйлап Кегетинин аймагында жашаган элге бий кылып коюп, бирок: "Мага кеңешпей туруп, өз алдынча маселе

чечпегин"- дейт. Ал бий иниси Темирден качан болсо дагы ыйбаа кылып, ал кирип келген сайын ордунан обдулуп, тура калчу экен. Болоттун баласы Эсенгул бир күнү: "Сиз иниңиз кирип келгенде дайыма ордуңуздан тура каласыз. Уялбайсызбы, өзүңүз андан улуу болсоңуз. Намыс деген барбы?!" - деп, атасынын намысына тийип сүйлөйт. Ошо баласынын сөзүнүн төркүнүнө чыйрыгып калганбы, бир жолу Болот Темирге кеңешпей туруп, ага каршы чечимге мөөрүн басып коюптур. Муну билип калган Темир агасынын үйүнө келип, аны жемелеп жатса этекте жарма ичип отурган Эсенгул аягы менен Темирди башка шилтеп жиберген экен. Ал шашпай бети-башын тазалап, чыгып бара жатып: "Болот, сен алдын-ала үйрөтүп, балаңа мени урдурдуң. Эми сенин жүзүңдү кыяматта көрөм"- деп, Кегетини таштап, Арстанбапта турган Карачорону туугансып көчүп кеткен деп айтышат.

Ошол Темирдин бир баласы Черикчи көзгө атар мерген болуптур. Күндөрдүн биринде мылтык, жаасын асынып, кылтак, капкандарын шалдыратып канжыгасына байланып, ууга кетип бара жаткан кезде Кегети суусунун жээгиндеги жол боюнда иниси Назардын үйүндөгү апасы менен учурашканча кымыз ичип кетүүнү ойлоп, бурулуп аттан түшүп үйдү беттейт. Эшиктен кире электе эле Черикчинин келгенин билип Назар апасына: "Апа, кирпичендей шалдыратпай мунуңдун сураганын эртерээк берип, сырттан эле кетирчи"-дептир. Аны үйгө кире элек жатып эшиктен угуп калган Черикчи эшик ачпай, боз үйдүн капталындагы көк чөпкө отуруп калат.

Апасы көөкөргө куюп чыгып, уулуна кымыз берет. Колундагы аяктагы кымызды бир кере жутуп жерге койгон Черикчи апасынан: "Апа, Назар уулуң эмне дейт?"- деп, сураган экен. Анда апасы: "Менин көзүм тирүү турганда бул үйгө келбей эле койчу, балам?!" - дептир. Ошондо Черикчи инисине: "Түтүнүң жетиден ашпасын, ашса дагы бир жерде чогулуп жашабай, күлүң додо болбосун!" - деп, тескери бата берген деп айтылат. Чынында Назардын

тукуму  аз болуп Кегетиде бирин-серин калганы менен, көрүнгөн жерге чачырап жашап калган экен.

Ошол Черикчи мергенчилигинин арты менен туугандар ын кайберендин эти менен камсыз кылып туруучу. Бул мезгилде Үчүкөнүн тукумдарынын көпчүлүгү Чүйдүн Кегети, Шамшы жана Кызыл-Суу аймагында жашап туруп, кийин Тянь-Шань тоолорунун ыңгайлуу жерлерин тандап көчүп кетишкен.Черикчи үйлөнгөндөн кийин, Кегетинин тоолорунда мергенчилик кылып жүрүп, ажыдаарды көрүп калат. Аны бир топ мезгилге чейин аңдып жүрүп,  бир булактын боюнда уктап жаткан жеринен жакын келип атып өлтүрөт. Ошол булак кийин "Ажыдаар булак" - деп аталып калган.  Ал булак ушул мезгилге чейин ошол баштапкы аты менен аталып келет. Черикчи ажыдаарды союп, өтүн алып үйүнө келсе кош бойлуу аялы эркек төрөп, туугандары баланы оозантпай Черикчини күтүп жатышкан экен. Айылдагы туугандары ырымдап, жаңы көздү ажыдаардын өтү менен оозандырып коюшат.

Черикчи бул баласына той берип, ат койдуруш үчүн Жумгалда жашаган мергенчи досу Абайылданы чакыртат. Досу: "Экөөбүз кыяматтык дос элек. Балаң достугубузду унутпай, эстей жүрсүн үчүн өз атымды эле коюп берейин. Балаңдын аты Абайылда болсун" - деп, батасын берген экен.

Эми булар Кегетиде жашап туруп, жогорудагы айтылган каргыштын кесепетиненби, же эмне себеп болгон кийин-кийин гана башка аймактарга тарап кеткен сарыбагыш уруусунун  Жообасардын Станбегинен тараган тукумдарынын көпчүлүк өкүлдөрү болуп эсептелет.

Аялардын дагы бир тобу  азыр ушул айылда жашап турушат. Алар өздөрүн Манаптан тaралганбыз дешет. Же Манаптан Сүтөй, андан Сарысейит, андан Түлкү. Түлкүдөн Тынай, андан Сатыбалды. Сатыбалдыдан Ая. Аядан композитор Сталбек Бактыгуловдор жана Эл мугалими Симила Абдрахмановaнын аталары тараган.

# Калмакы уругу,
# (Беш калмак), (Калмак)

Тарыхты билген адамдарга бештен белгилүү го. Көп жашаган айылдык санжыра айткан айрым жана белгилүү санжырачы адамдардын айтып-дегендерине, жазып калтыргандарына, ошондой эле тарыхтын кайсы бир белгилүү даталарына таянсак, өткөн кылымдардын терең катмарынын бүктөөлөрүндө калып, бирок элдин эсинде толук сакталып жүргөн кыргыз менен калмак элинин ортосунда нечендеген оор салгылашуулар, айрыкча жогоруда белгиленгендей, 1720-1800-жылдар аралыгында байма-бай болуп турган экен. Алардын биринде кыргыздар жеңсе, биринде калмактар жеңип, эки элдин биринин экинчисине карата үстөмдүгү бир тараптуу болгон эмес. Ошого карабастан шартына жараша бирин-бири колго түшүрүп, ал колго түшкөндөрдүн көпчүлүгү өз Ата Журтун тапса, айрымдары ошол элге сиңип кеткен учурлар дагы болгон.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы чоң согуш 1748-жылдын айланасына туура келет, деп жогоруда айтылды. А дегенде Зайсан Доржи, кийин Лама Доржи башкарган жуңгар колу согушта жеңилип көп аскеринен ажыраган. 1749-жылы калмактар кыргыздарга каршы 27 миң аскерин жиберген. Бул жортуул үч айга созулуп, кайрадан баскынчылардын жеңилүүсү менен аяктаган. Бул ири жеңиштер кыргыз-калмак мамилелеринин тарыхындагы бурулуш жылдардын башаты, тактап айтканда кыргыздар Ата Журтту баскынчылардан толук бошотуунун башталышы эле.

Бирок, Жуңгар хандыгы бытыранды кыргыз, казак урууларына караганда али кубаттуу болчу. Ошондуктан алар, XVII кылымдын экинчи жарымынан XVIII кылымдын биринчи жарымына чейин калмактардын бийлигине аргасыз моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган. Ошентсе дагы калмак хандарынын ич ара саясий

ынтымагынын бузулушу башка элдерге карата жүргүзүп келген үстөмдүгүн бошоңдотуп, тескерисинче кыргыз, казак элдеринин биримдиги жана көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жуңгар мамлекетинин алын кетирип салган. (Ө.Осмонов, Кыргыз тарыхы).

Бул мезгилде Сарыбагыштын бийи Атаке баатыр калмак баскынчыларына каршы күрөштө түндүк кыргыз урууларына башчылык кылган. Дайыма болуп турган жоонун жортуулдарынын маалында бүлгүнгө учураган, чачыраган элдин башын бириктирүүгө жана ошол кыйын кезеңдеги көз карандысыздык үчүн кармашта кыргызга арка бел боло ала турган мамлекеттер менен мамиле кылууга көп күч жумшаган.

Биз сөз кыла турган калмакы же Беш калмак, же калмак уругу да Кыргызстандын көп аймагында чачырап жайгашкан. Ага бир мисал, алар жалпы жонунан каймаздарга кирет, - деп жазат, санжырачы Үмөт Молдо. Бирок, каймаздар кайдан чыкканын айтпаган санжырачы Үмөт молдонун калмакылар жөнүндөгү гана санжырасы кагаз бетине жазылып калган. Ал ошол эле Каймаздардан Кенже, Кенжеден Итим туулган деп жазат. Итимден Акбото. Акбото калмактардын колуна түшүп кетип, баласын кийин Итим барып алып келет, деп айтылат. Ошондуктан Акботонун тукумдары дагы калмакы уругу аталып калган.

Булар Таласта жашап турушат.

Ал эми азыркы Сарыбагыш уруусунан чыккан Калмакы уругунун ички гендик сүрүлмөсүнө назар салсак аларды жалпы жонунан Кылжырдын Дөөлөсбактысынан таратабыз. Дөөлөсбактыдан Токо, Жантай, Элчибек, Манап төрт уул. Жантай кезегинде эсепсиз бай болгон. Ошол

Жантайдан "жантай" тукуму тарайт. Жантайдан жалгыз уул Сары, андан Бөрүчөк. Бөрүчөктүн Атабай, Аюке, Күзөкө жана Илике деген төрт уулу болот. Ошол үчүнчү уулу Күзөкөдөн эки уул: Калматай жана Акий. Акий алты балалуу болот. Алар: Ныязбек, Эшиге, Досон, Дайырбек, Тыныбек, Оболбек.

Булардын арасынан Тыныбек менен Дайырбектин балдары калмактар менен болгон согушта колго түшүп кетип, көп мезгилден кийин элине кайтып келишкен. Ошол себептен Дайырбектин Ыбыке, Инжим, Жакам, Сеңкилтай, Мадыкан беш уулунун бешөө тең жогоруда айтылган белгилүү себептерден улам "Беш калмак" аталып калышкан.

Тыныбектен эки уул Ажыгул, Кеней. Кенейи дагы калмактардын колунда калып, Ажыгулдун жалгыз уулу Итикеден таралгандар (башка бир айтымдарда Итигул) жөн эле "калмакы" деген лакап ат менен аталып калышкан. Итикенин (Итигул) эки аялынан алты уул: Бийже, Бийке, Нарбото, Шербото, Жайчыбек, Иткүчүк. Бийжеден Берик, Назар эки уул. Бериктен Алач, андан беш уул туулуп, алардан таралгандарды жалпы жонунан Алач уулдары деп жүрүшөт.

Ал эми Алачтан Мырзабай, Жаркынбай, Орозалы, Бөлөкбай. Орозалыдан Мамбеткалый. Мамбеткалыйдан Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиев жана иниси Марат.

Жантай уругуна сырттан келип кошулгандардан "Токтоку". Алардын ичинен Илекени Бөрүчектин тондуу уулу деп айтышат. Андан Алымсейит. Алымсейиттен беш уул – Үлүмжү, Рай, Асан, Солто, Жантай. Булар Сарыбагыш уруусундагы ири уруктардан болуп саналат. Сан жагынан дагы арбын урук. Бул уруктан өз мезгилинде Ормон хандын ички иштеринен тышкары дагы Орус, Кокон мамлекеттери менен байланыштарына активдүү катышкан хандын оң колу болгон Саза баатыр дагы Жантайдын уулу Сарыдан кетет. Сарыдан туулган Бөрүчөктүн тондуу уулунан

Илике дегенбиз. Ошол Иликенин Рай деген баласынын Мендекесинен (Мөндөк) туулган.

Ошол эле мезгилде "Жантайдын үч бөрүсү" деп атыккан Жайчыбек баатыр "Беш калмактан", Майтык, Карачолок "Ая тукумунан" чыгышкан баатырлары дагы белгилүү. Белек Солтоноев, Насирдин Бөөмбаев сыяктуу санжырачылар, Ысак Шайбеков, Аалы Токомбаев сыяктуу белгилүү акындар, Санжарбек Данияров өңдүү илимпоздор дагы ушул Жантай уругунан чыккан.

Эми ошол Жантай уругунан чыккан Саза баатырдын бейнесин ачып берүү үчүн хан Ормондун мезгилинде болуп өткөн бир окуяны чагылдырып берүүнү туура таптык.

## Саза баатыр

Анда жайдын толуп турган кези окшойт. Шабдан баатыр бир себептер менен Кеминден Кочкорго келип, кадимки айтылуу Кудайберген мүнүшкөрдүкүнө түшүп калат. Ары манап, ары бай, жетимиш өнөрдүн ээси Кудайберген бул чакырып келтире алгыс, кадырлуу баатырды өзгөчө ынтаа менен тосуп алат. Шабдан баатырды Канат баштаган Сарыбагыштын мыктылары коштоп жүрөт. Конок камы көрүлүп, туйлаган кысыр эмди тайга бата тиленет. Үйгө кирип жайланышып отуруп калгандан кийин Шабдан:

- Куке, Саза баатыр барбы? - дейт.

- Бар эмей, баатыр. Бар. Токсонго аяк басып калса да али тың, алдуу, күчтүү, - дейт, баамчыл Кудайберген Шабдандын Сазаны жөн жерден сурап жатпаганын боолголоп.

- Андай болсо жигиттерден жиберип алдырыңызчы?! Менин баатырдан сурай турганым бар эле, - дейт.

Саза Ормон хандын кырк жылдай кызматын кылып, бөрк ал десе баш алган жигиттеринин бири эле. "Саза келе жатат" дегенде ыйлаган бала соороnуп, караламан көпчүлүк Ормонго караганда Сазадан көбүрөөк сезденише турган.

Бир чай кайнам убакыт өтүп-өтпөй ат дүбүртү угулуп,

отургандар жапырт сыртка чыгышты. Ат үстүндө жашы өтсө дале далдайган Сазага Шабдан өзү кызмат көрсөтүп, колтуктап түшүрдү. Үйгө да өзү баштап кирип, төрдөгү өзүнүн жанынан орун берди. Мал-жан, ал-акыбал суралды. Быйылкы кыштын оор болгону, жаз кечигип бир топ кармап койгону жөнүндө сөз болду. Саза баатыр биротоло жайланышып отуруп, суусуну канганча дагы келди-кетти сөздөр сүйлөндү. Качан гана сакал-мурутун сылап, жемин алган бүркүттөй комдонуп отуруп калганда Шабдан:

- Саза аба?! - деди, жанатадан эмне жөнүндө сөз болорун күтүп отургандардын жана Саза баатырдын да көңүлүн өзүнө буруп. – Менин сизден сурай турган бир ооз сөзүм бар эле. Бирөөлөр: "Ормон кыйын болчу!" дешсе, жок "Жантай кыйын болчу!" деп башканы айтышат экен. Чындыгында ар тараптан бирине-бири коошпогон ар кандай жоопторду угуп жүрөм. Солто элине барсам, "Сенин атаң чоң болгон" дешет. Таластыктар дагы ушунун айтышат. Ал эми Нарын, Ат-Башы, Жумгалга барсам алар Ормон кыйын болгон дешет. Чүй тарабындагылар, Көлдүк бугулар дагы Ормонду айтышты. Сиз менин атамды да, Ормонду дагы эң жакшы билесиз. Ормон ханга кырк жылы кызмат өтөдүм эле деп ага тартпай, жаныңызда отурган менин атам эле деп Жантайга да тартпай калыстык менен айтыңызчы? Чын эле кимиси кыйын болгон эле?!

Капилет берилген суроо карт баатырды чын эле ойго салып койду окшойт. Башын ылдый салып, бир демге отурду да:

-Э-э балам! Сурооң өтө эле кыйын, олуттуу болуп калды. Ошентсе да, калыстык менен билгенимди айтып көрөйүн. Муну бекер сураган жоксуң го деп калдым. Чыйрыктырган кеп эшитип калган көрүнөсүң, баатыр. М-мы...

Кандай жооп болот (?), отургандар дем тартпай үй ичи дымый түштү. Сакалын салаалап тарап, бир оокумга көзүн жуумп отуруп сөзүн мындайча баштады Саза баатыр:

- Чынында эле кыргыздын жеринин бардыгы эле Ормон дуку болчу. Ормондун зордугу деп уккандырсыңар. Ал

каалаган жерине жаздап, жайлап, кыштап, күздөгөн. Ошентсе да менин баамымда экөө тең эле кыйын болчу. Ормон хан эрдиги, баатырдыгы менен эл башкарса, атаң Жантай акылы жана амалкөйлүгү менен элин бийлөөчү.

Ормон менен Жантай Манап бийдин урпактары: Үчүкө, Түлкү бир туугандардын балдары. Үчүкөдөн: Маматкул, андан Болот, андан Эсенгул, андан Ныязбек. А Ныязбектен Ормон болуп жатпайбы. Ал эми Түлкүдөн: Тынай, андан Атаке баатыр, андан Карабек, андан сенин атаң Жантай. Мен сага ушул эки агайиндин бири-бири менен бийлик талашып, наразылашып калганы жөнүндө айтып берейин.

Тамагы кургап кетти окшойт, алдындагы кеседеги кымыздан бир кере жутуп, тамагын кырынып алды.

- Кхм-м. Бир үйүң күйгүр Ормонго сенин атаңды жамандап: "Сенин ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөнүңдү Жантай көрө албай жүрөт!" деп жеткирген экен чамасы. Ормон мени чакырып: "Бар. Жантайды таап, кандай турса ошондой турушу менен айдап кел!"- деп буйрук берди.

Жантай азыркы Куу-Кайкынын (Кубакы) тескей бетиндеги жаздоого жаңы эле көчүп келген убагы экен. Ормон болсо ошол эле Куу-Кайкынын Кочкор тарабындагы өзүнүн конушунда отурган болчу. Бат эле жетип бардым. Эмне экенин билбейм, айтор саан бээңер чакан болобу, желеге кулунду кеч илип, ага чейин топтошуп, жайдын толугунда деле жоро уюштуруп, бозо иче турган адатыңар бар тура. Улам бир үйгө барып "Жантай барбы?!" дейм. Билинбейт. Анан бир куба төбөл үйгө чукулдасам күлкү чыгат. Алдымдагы аргымак менен үйдү жөөлөтө барып: "Эй, Жантай! Барсыңбы?!" дедим. Менин үнүмдү угуп эле анын: "Бармын, баатыр!" деген үнү чыкты.

Конуш жууп, жыйырмадай адам менен үлпөт куруп отурган экен: "Коку-уй! Сазанын үнү экен!?" деп эле бүлүнүп калышты. "Бар болсоң чык эшикке!" деп жалаң кылычымды оң колум менен шуулдатып абаны жара чаап турам. Жантай жылаң аяк бутуна маасысын кийбей, көлөчүн коңултак сала коюп, чепкенин желбегей

жамынып шашылгандай чыгып келди. Мен: "Бас! Сени Ормон чакырып жатат?!" дедим. "Калпагымды кийип алайын, баатыр?" дейт. "Калпак кийсин деген эмес" дедим, ороийлонуп. "Жок дегенде маасымды кийип алайынчы, Сазаке?" "Маасы кийсин деген дагы эмес". "Эми кандай, ат минип алсам болобу?!" дейт, мени үмүттүү карап. "Ат минсин деген эмес. Ушул турушуң менен жөө барасың!" десем кылчайбай басты. Артынан такымдатып айдап жөнөдүм. Менин кылыгыма үйдө отургандардын бири да кыңк эте алган жок. Эшик талаша чыгып, жардашкан боюнча эле кала беришти.

Ормон төрт түлүк малдан айры өркөчтүү төө баласын жакшы көрүп, жалаң төө күтүүчү эле. Эки ортодогу беш, алты чакырым жерди басып келсек, хан желеде байланган ботолордун ноктолорун кармалап, ошол жерде жүргөн экен. Чамасы ошол жерден күтөйүн десе керек. Жантай: "Хан чакыртыпсыз, келдим!" деп, маңдайына тура калды. Ормон аны карап да койгон жок. Башка ботого өтүп кетти. Желени айланып келген Жантай кайра алдынан чыкты. Ошентип ушул эле көрүнүш үч ирет кайталанды. Акырында Ормон Жантайды тике карап: "Эй Жантай! Кыргызда бир эле кызыл бөрк болот, уктуңбу? Уктуңбу? Уктуңбу?!" деди үч жолу кайталап. Тиги башын ийкеди. Хан: "Эми уксаң кете бер!" деди. Буйдалбай шарт бурулуп басып кеткен Жантайдын артынан бир жигитин акмалатып жиберип, ал келгенде: "Жантай артын кылчайып карадыбы?" деп сурады. Жигит: "Жок" деп жооп берди эле, "Ат-тиң, бекер кылган экемин. Эми бийлик анын тукумуна ооп кетпедиби!" деп, жерге отура калган эле, - деп сөзүн бүтүрдү Саза баатыр. Отургандар дымып калышты. Шабдан Сазаны жылмая карап туруп, бир убакта бырс күлүп жиберди. Отургандар аны коштоп жалпы күлүп калышты. Саза жылмайган да жок. Отургандарды айланта карап, сакалын адаты окшойт, салаалап тарап отура берди. Анда Шабдан:

- Туура, Сазаке! Сөзүңүздүн калети жок. Баракелде! Калыс сөз деп мына ушуну айт! Сиз атамды айдап бара

жатканда мен он экилерге чыгып калган тестиер бала элем, сиздин артыңыздан кылычымды суурсам, атам мени көзүнүн кыйыгы менен зекий карап токтотуп койгон эле,- деди. Саза:

- Карачы?! Атаң ашкере акылдуу болчу. Эгерде ал сени токтотпой, сен мага кол салсаң майып кылып коймокмун. Ал учурда мени кармай турган кыргызда күч жок болчу. Андай болгондо кыргызды азыр ким башкарат эле? –деди, эми карс-карс күлүп. Эми өзүң карап бак, кимисинин кыйындыгын.

Шабдан баатыр:

- Чындыгында Ормондон өткөн кыйын болгон эмес экен, - деп ыраазы болуп атганыптыр.

Ошондой калмактардын жапырыгындагы бир коогалаң дуу мезгилде Сарыбагыш кыргызынан Тыныбек уулу Ажыгул, санаалаштары Бешкемпир жана Боктубай үчөө бир нече жыл колго түшүп кеткен Текес, Жылдыз, Күнөз, Тарбагатай жана Алтайдагы калмактар арасынан Ибике, Инжим, Жапан, Сеңкилтай жана Мадыкан деген туушкандарын издеп, таппай келишкен.

Алардан башка дагы тууган издеген кыргыздар калмактар хан көтөрүп жатканынын үстүнөн чыгышат. Ошол учурда олжого түшүп кеткендер катын-балдары аларды издеп барган кыргыздар менен ыйлап көрүшкөн экен. Алардын көз жашын көргөн калмактын улуктары жана жаңы көтөрүлгөн ханы "жакшы күнгө туш болушту" деп, ырайым кылып, азаттык берген делет.

Булардын ичинде жогорудагы аты аталган жигиттер да үй-бүлөлөрү менен болушкан. Ошол издеп баргандардын ичинде бугу кыргызынын Тынымсейит уругунан Шопок бирге болуп, табылган туугандарды жайгаштырыш үчүн Үкүгө берген. Үкүнүн айылына бир жолу кайып-каскагынан барып калышкан Боктубай, Ажыгул жана Бешкемпир

Ыбыкени таанышып: "Булар биздин бир туугандарыбыз"-дешип, касам берип элине ээрчитип кеткен.

Ошол Ыбыке, Инжим, Жапам, Сеңкилтай жана Мадыхан беш агайын кишилердин тукуму азыр "Беш калмакы" деп аталышып Чүй боорундагы Чоң Кеминде турушат.

Ал эми Кегетидеги калмактар, калмакылар кийинки 40-50 жылдын ичинде Беш калмак аталып калышкан. Алар негизинен Бийже, Бийке, Иткүчүк (энелеш) тукумдары. Булардын түпкү атасы Ажыгул дегенбиз. Ажыгулдан Итигул (Итике) деп айтып келишкен. Аксакалдар Таштанбектин учурунда чырдаша кетишип, жогорудагы аталган үч атанын балдары Креминден Кегетиге көчүп келишкенин айтышчу.

Аталган Кеминдикушул уруудан чыккан атактуу адамдар Термечиков жана Жумабаев дегендер ВКП(б)нын алгачкы чыккан тың чыкма кызматкерлеринен болуп, эл көзүнө түшүшкөн. Ошондой эле Кеминде туулуп, кыргыздын алгачкы совет акыны катары таанылган Социалисттик эмгектин баатыры, Кыргыз республикасынын эл акыны, академик Аалы Токмбаев, Кегетилик кыргыз обкомунун катчысы, ошол эле Кыргызстанда Совет мамлекетин түптөгөндөрдүн бири Жайнак Саадаев жана Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын спикери Муратбек Мукашев да аталган калмакы уруусунан чыгышкан.

Жогорудагы айтылгандай Долон бийден Ак уул, Куу уул, алардан Адигине, Тагай кетет эмеспи. Тагайдан Дөөлөсбакты жана Орозбакты. Орозбактыдан Токо, Жантай, Элчибек, Манап дегенбиз. Жантайдан Сары, андан Бөрүчөк. Бөрүчөктөн Атабай, Аюуке, Күзөкө, Илике төрт уул. Күзөкөдөн Байжантай, Акий эки уул. Акийден Ныязбек, Эшиге, Досон, Дайырбек. Ал эми Акийден Тыныбек, Оболбек эки уул дегенбиз.

Ошол Тыныбектин Ажыгулу дагы бир жолу жанына бир топ жолдош алып, калмак жергесин аралап, дайынсыз

болуп кеткен инилерин жана карындашын бир далай мезгил издешип, бир иниси менен карындашын калмактардын бир айылынан таап, алып качышкан. Кайра кайткан жолдо да жөн келбей жылкы тийип, артынан калмактар куул жетип, чоң чабыш чыккан. Жолдошторунун баары өлүп, Көкчолок деген бир жалгыз күлүк атты жетелей качкан бир туугандар жана бир жигит ал күнү түн кирип кеткендиктен куугунду жазгырып, кутулуп кетишкен.

Учу-кыйры билинбеген узак жол, мээ кайнаткан ысык аптап, артынан калбаган куугун алардын айласын кетирип, туулган жер көздөн учуп, талаага от дагы жага алышпай ачкачылыктан алдары куруп келе беришет. Бир күнү түн ичинде кутулдук го деген ой менен от жагышып, Көкчолоктун кулактарын кесип, сан этинен оюп, куйкалап жеп отурушса жарык кубалаган калмактар жетип келип, жанындагы жолдошун чыркыратып кармап калышкан. Отту өчүрө салышкан бир туугандар качып, караңгыда кайда кеткенин калмактар билбей калып, тигилер бул жолкуда дагы таптырбай кетишкен экен.

Ажыгул аман калган иниси жана карындашы менен бир далай жерге келгенде инисине чечек чыгып, бир туюк чердин арасына бир канча күн аярлап жатып калышкан. Бир нече күн өтүп, жанынан түңүлгөн иниси Ажыгулга: "Минтип, менин менин айыгышымды күтүп отура берсек, эмне бар да, эмне жок, кокус тукумсуз өтүп кете тургамбыз. Силер суук түшө электе элге кетүүгө камынгыла. Суунун жээгине чөптөн жаан өтпөй тургандай кылып, калыңдап алачык жасап бергиле да жанына отундан көп жыйып койгула. Жаныма оттук, бычагымды таштап, алачыктын жанына таш үйүп койгула дагы өзүңөр кеткиле. Эгерде, кийинчрээк издеп келип калсаңар, өлүп калсам таш үйүлгөн боюнча калар. Жок, тирүү болсом ташты чачып кетем, анык-бышыгын ошондон билесиңер"- деген акылын айткан экен. Инисинин айтканындай кылып, Ажыгул карындашы менен элге бет алып жүрүп кетишкен.

Ажыгул элге келгенде карындашын Солтонун "Айрык

ком" урутунун бирөөнө берип, өзү Саруудан аял алган. Жыл өтүп балалуу болгондо "...инимдин керээзи аткарылды. Жолдон ит турмушту көрдүк эле" деп, баланын атын жогоруда айтылгандай (Итике) Итигул коюп, катын-баласын туушканы Бердике дегенге тапшырып, калмакта калган үч бир тууганын жана жолдо калган инисин издеп кайра жолго чыккан. Кетээринде Бердикеге эмне себептендир: "Колуңдан келсе балага мылтык атканды үйрөт?"- деп тапшырган экен.

Чечек чыккан иниси жаткан жерге келсе, үйүлгөн таштан бири калбастан чачылып, иниси кайдадыр жол басып кеткен. Андан нары калмак айылдарын айланчыктап, андан Алтайга чейин жете барып бир туугандарын бул жолу дагы таппай, алар ошол бойдон кабарсыз кала беришкен.

Ажыгул арадан 9 жыл өткөрүп, анан элине кайтат. Үйүнө келсе аны өлгөн экен деп ашы-жытын берип коюшкан. Аялын Бердике алып, баласы Итигулду асырап алган. Ажыгул келип сураганда , баккан баласын кыйбаган Бердике адашып калса бербей коюштун амалын кылып Итигулду көп баланын арасына коюп: "Карап көрүңүз. Эгерде балаңызды таанысаңыз, алып кетиңиз!?"- дегенде, өз баласын айнытбай таанып, таап алат. Ошондо Итигул 9 жашка чыгып калган, тестиер бала болгон. Кийин Итигул улуу аялынан эки балалуу болуп, атын калмакта калган туушкандарынын атынан Бийке жана Бийже деп койгон экен. (Экинчи аялынан жогоруда белгилененгендей: Нарбото, Шербото, Жайчыбек, Иткүчүк энелеш - төрт уул)

Бийжеден Берик, Назар дегенбиз. Улуусу Бериктен Алач. Алачтан Мырзабай, Жаркынбай, Орозалы, Бөлөкбай төрт уул. Орозалыдан Мамбеткалый, Мамбеткалыйдан Эл мугалими Султан Мамбеткалиев жана Марат туулган дегенбиз. Эми ошол Алач уулдары, же калмакта дайынсыз калган бир туугандарынын наамы менен булар дагы "Калмакы", "Беш калмак", "Калмак"- деп, аталып калышты.

Орозалынын Мамбеткалыйы жөнүндө да эл оозунда жакшы сөздөр ээрчип келет. Анын элесин даанышман

акын Н.Байтемиров эстелиги үчүн төрт сап ыр менен чагылдырган экен.

Адам эле өчүп кайра жагылган,
Бирде жабык, бирде жарык чагылган.
Бирде тыптынч мемиреген көл болуп,
Бирде албуут ак толкундай жарылган.

Учурда бул Жантайдан таралган уруу Кегети айылынын уюткусун түзгөн уруулардын бири катары, Манаптын тукуму жана башка уруулар менен чырмалышкан ынтымакта бир эл болуп жашап келишет. (Осмоналы Сыдыков, "Кыргыздар". Тарых илимдеринин кандидаты Рыскул Жолдошев "Аалам" эркин гезити №10 (882) 25-март, 2010-жыл).

Ошондой эле тарыхчы-этнограф С.М.Абрамзондун "Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" аттуу көлөмдүү китебинде: "Беш калмак жана калмакылар (Жантай бөлүкчөсүнөн) деп аталган уруктардын тарыхы чоң кызыгууну туудурат" деп жазган. Себеби, бул уруктардын өкүлдөрүнүн айткандарына караганда, алардын ата-бабалары илгери калмактардын (жунгарлардын) колуна туткунга түшүп калышып, ал жерде отуз жылдан ашуун убакыт жашап, кийин укум-тукумдары менен кайтып келишкен.

Калмактардын арасында жашап, алардын тилинде сүйлөшүп, алардын үрп-адаттарын тутуп калышкан. Ошондуктан, Дайырбек менен Тыныбектин бардык тукумдары туткундан кайтып келгенден кийин калмактар деп аталып калышкан. Анын дагы бир далили Синьцзянда болгон адамдардын айткандарына караганда Жунгариянын территориясындагы Боро-Талаа деген жерде Дайырбектин тукумдарынан 60-70 үй-бүлө жашап турат" деп берилген.

Бийженин биринчи уулу Берик, экинчи уулу Назар дегенбиз. Ал эми Бериктен Алач туулган. Берик кой

маарек, өзүнүн жашоосуна тың болгон менен эл арасынан өзгөчөлөнбөгөн адам болуп, андан туулган Алач анын тескерисинче өз курбалдаштарынан кескин айырмаланып, "эл четинде, жоо бетинде", тынчтык күндөрү бийлик сабында болуп, анын себебинен эл оозунда "Алач" уулу деген атын сактап калган окшойт.

Ошол Алачтын Мырзабай деген уулу мезгилинде атасынын атын чыгарып, белгилүү адам болгон. Анын иниси Орозалынын аялы Саруунун кызы Асыбөлү менен бирдикте эл башкарып, элдин ынтымагын чыңдаганы санжырачылардын, аксакалдардын айтуусу менен белгилүү.

Эл арасында Асыбөлү апа жөнүндө айтылып жүргөн мындай бир аңыз сөз бар. Күйөөсү Орозалы бир туугандар ичинде малдуу-жандуу чыгып, башка чукак болгон окшойт. Асыбөлү апа катары менен кыз төрөй берип, жашы өтүп бараткан чалына: "Байым, Кудайым бизге мал берген менен жандан кем кылып койду. Эми бул жайнаган малга ким ээлик кылат. Ошондуктан, күүлүү-күчтүү кезиңде уулдуу болушуң керек эмеспи?" деп, өз акылы менен токол алып берген дейт. Кызыгы, токолу кыз төрөп, ошол эле учурда өзү эркек бала төрөптүр. Ошол баланын атын Мамбеткалый койгон экен. Андан Султан менен Марат дегенбиз. Демек, пейлине жараша Асыбөлү апага Жараткан чындап берерин унуткан эмес көрүнөт. Марат да мезгилинде волейбол оюнунун чебери катары элге таанылган. Ал Сүймөнкул Чокморов менен бир командада ойногону эле эмнени айтып турат.

Айтмакчы, санжырачы Эсенкан Төрөкан уулунун түзгөн санжырасында Кегетиде жашаган жалпы Калмак, Беш калмак уруусун "Алач" уулдары дебей, уруусу деп жаңылыш берип жүргөнүн келтире кетсек жөндүү.

Ал эми ошол эле урууну Эсенкан санжырачы Сарыбагыш уруусуна кошпой, таза эле калмактардан таратып салат. Же ошол калмак жапырыгы мезгилинде калмактын эки баласы ойноп кетип, аларды издеген энеси качкан

калмактар менен кошо кете албай калып калган деген болжолдуу оюн айтат. Ошол эки калмак бала, Бийже жана Бийке болгон имиш. Журтта калган эки баланын бирин Таластык Саруулардын Чот баатыры олжолоп кетип, негедир энеси менен кичүүсүн таштап коёт.

Балдардын энеси келишкен сулуу аял болсо да Чот баатыр анын сулуулугун көрбөй бир баласы менен журтка таштап койгону деги эле чындыкка коошпойт. Журтта калган бала менен аялды андан кийин таап алган Атаке баатыр алып кетип, ошол сулууга өзү үйлөнүп, санжырачы кийин ал аялдын "Ак байбиче" аталганын айтат.

Эгерде, булардын тарыхына тереңирээк үңүлүп карасак, белгилүү тарыхчы Белек Солтоноев, санжырачы Үмөт молдо жана тарыхчы Рыскул Жолдошев ошол эле Бийке менен Бийжени Сарыбагыш Ажыгулдун Итигулунан туулганын тастыктап, аларды түп атасы Дөөлөсбактыга алып барып такап жатышат.

Тескерисинче Эсенкан Төрөкан уулунун аларды калмактардан таралган деп, божомолдоп алардын түпкү тегин даана аныктаган эмес. Демек, бул жөн гана божомол. Эгерде тарых божомолдон турбасын эске алсак, анда анын айтканынын эч кандай негизи, жөнү жок.

Эсенкан Төрөкандын варианты боюнча деги эле чындыкка дал келбей турган көптөгөн башка урууларга да тиешелүү имиштер жазылып калган. Ошонун негизинде Калмакы уругу жөнүндө туура эмес пикирлер эл арасында жаралып, алардын ата-тегине ар кандай бүшүркөөлөрдү пайда кылып жүрөт. Эгерде, жогоруда айтылган санжырачы, тарыхчылардын изилдөөсүнө таянсак, анда бул уруунун Сарыбагыштын байбичесинен туулган уулунан, б.а. Жантайдан тараткандыбыз башкы булактарга туура келет.

Дагы бир айтымда Дөөлөсбактыдан таралган уруулардын калмак же калмакы (толуман, дүкөн) урук бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрү өздөрүнүн аталышын: "Биз көчпөй кыштоодо кала бергенбиз, биз көчпөй турган болуп калдык, калмак болдук, же калмай болдук" деп айтышып, ошондуктан биз калмакы

аталып кеткенбиз дешет. Ага жараша кээ бир тилчилер "калмак" этнониминин келип чыгышын этнографиялык маалыматтарда кабыл алгандай, ойрот-моңголдор менен байланыштырышпайт. Аны "калмак", "калуу" деген түрк сөздөрү менен байланыштырышат. (Произхождение слова калмак. С.А. Наминахов. //Вестник АН Каз. ССР. 1959-г. Ал эми кыргыз элинин ичинде каракалмак, сарткалмак аттуу топтор бар. Буларды калмак элинин даана калдыктары экендигин тарыхчы-этнограф С.М. Абрамзон изилдеп, чындыгын далилдеген. Көл кылаасында жашаган Сарт калмактар жана Каракалмактар өздөрүн калмактарбыз дешип, өздөрүнүн каада-салттарын жоготпой келишет. Ошолор жашаган айылга барып, алардын салтын көрүп калган бир адамдын: "Сарткалмактардын конокко аш берүүсү да кыргыздардыкына окшобойт экен" деп айтканын уккамын.

Демек, буларды калмакы, Беш калмак, же калмак уруусу менен эч качан чаташтырбаш керек.

## Жайнак Саадаев - революционер жана алгачкы мамлекеттик кызматкер

Ал эми Бийкеден тарагандар учурда Чүйдүн Кегети, Калиновка жана Кызыл-Аскер айылдарында жашашат. Ошондой эле аталган айылдардагы жана Алчалуу айылындагы Калмак, же калмакы менен Мундуздар бир мезгилде Кегетиден көчүп кетишкен деген дагы сөз бар.

Жогорудагы айтылган Итигулдун бир баласы Бийкеден Байзак, андан Бектен, Бектенден Саадай туулган. Булардын ичинен Саадайдын Жайнагы акыл-эстүү, мыкты азамат болуп чыккан. Жаш кезинен оор турмушту башынан кечирип, өз алдынча окуп сабатын жойгон. Граждандык согуштун алгачкы күндөрүнөн эле өз ыктыяры менен Кызыл Армиянын катарына жазылып, өлкөнү душмандардан коргоодо алдыңкы жоокерлердин сабында болгон. Тактап айтканда, Жети-Суу фронтундагы ак гвардиячыларга

каршы салгылаштарда Жайнак Саадаев кол башчылык кылган Кыргыз кызыл атчандары нечен ирет эрдиктин үлгүсүн көрсөтүп, даңкы чыккан.

1920-жылдары Токмок шаарында, Чүй райондорунда жооптуу кызматтарды аркалап, кийин Пишпек шаарында Кыргыз АССРинин обкомунун экинчи секретары болуп иштеген. Кыргызстанда совет бийлигин орнотууда, өнөр жай жана айыл чарбасын өнүктүрүүдө, колхоз курулушун курууда, социалдык маданий тармакты өнүктүрүүдө Жайнактын ролу зор экендиги элдин эсине сакталып калды.

Кезегинде Жайнак Саадаев чарбадагы өстүрүлгөн эгинди мамлекетке тапшырууда айрым бөлүгүн эл арасындагы колунда жокторго жана башка аялуу катмарларга берүүгө алып калгандыгы үчүн эл душманы аталып, кесилип кеткен. Калпыс чыккан чечимдин негизинде атылып, өлгөндөн кийин гана акталып, партиялуулугу калыбына келтирилген.

Бул кишинин эмгегин баалаган азыркы мезгилдин алдыңкы атуулдары анын атын түбөлүккө калтырыш үчүн Токмок шаарынын көчөлөрүнүн бирин анын аты менен аташат. Туулуп өскөн өз айылындагы мектепке дагы анын аты коюлуп, Жайнак атындагы орто мектеп болуп калды. Токмок шаарынын Түштүк тарабындагы автобекеттин жанындагы уюшулган сейил бакта Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин өз күчү менен Жайнак Саадай уулуна жана Эл акыны Насирдин Байтемировго эстелик тургузулган.

Бирок, бул белгилүү адам тарыхчылар тарабынан изилденип, убагында кыргыз мамлекетин түзүүчүлөрдүн бири катарында өз ордун таппай келе жаткандыгы өкүнүчтүү. Себеби, Таабалды Пудовкин сыяктуу эле Жайнак Саадаевдин революцияга жана эл алдында өтөгөн эмгеги эсте каларлык жана бир караган кишиге табышмактуу. (Сапарбек Закиров, Турдакун Султанов, Эсенкул Төрөкан уулу).

Учурунда Жайнак Саадаев менен Аалы Токомбаев экөө

жакын тууугандар катары ысык мамиледе болгондугун көптөгөн жылдар ичинде мугалим, мектептин жетекчиси болуп иштеген Мухтар Осмоналиев Султан Мамбеткалиевге бир нече жолу айтып бергени бар экен.

## Аалы Токомбаев

Табият мол талант энчилеген, өзүнүн бардык күчүн, ички байлыгын өз өлкөсүнүн тарыхый зор иштерин көркөм сыпаттоого арнаган Аалы Токомбаев өз учуруна, өз муунунун мезгилинин агымына жараша агып, татыктуу жашап өттү. Анын чыгармаларында адабияттын жана искусствонун бардык ишмерлери үчүн чыгармачылык эргүүнүн жана толкундоолордун соолбос шар суу агымында чагылгандай чагылтылды. Адам жанынын эң терең сырларына үңүп кирүүгө жөндөмдүү акын адабий проблемалардын жана образдардын, ойлордун жана сезимдердин жаңы дүйнөсүн ачкандардын башатында турду. Акын кыргыз деп келди да, кыргыз деп кетти. Башкасын айтпаганда да "Күүнүн сыры" аттуу аңгемесинде чагылдырылган кыргыз элинин кылымдарды карыткан байыркы жашоосу аркылуу өз элинин түбөлүктүү жүзүн ачып берди.

Токомбаев сыяктуу элинин кең пейил жүрөгүнөн орун алуу бул - чоң бакыт эмеспи. Мындай сыймыкка өз элин чексиз сүйгөн, ал үчүн адал кызмат өтөгөн адам гана ээ боло алат. Ушундай арбын эмгеги менен элинин сыймыгы болгон адамдардын бири - ушул таланты менен жер шарынын учу-кыйырына кеңири белгилүү Аалы Токомбаев эмес беле. Азыркы кыргыз адабиятына, анын өсүшүнө, өнүгүп торолуп жетилишине бул адамдын эмгеги өтө зор. Анын, "Эл эмгектен эскерсин"деген уңгулуу сөзү кыргыз элинде өтө маанилүү, учкул сөз катары кеңири колдонулуп, керектүү жерде тартынбай пайдаланылып жүргөнүн жумурай-журт түгөл билет.

Акын:

...Ойлоп турсам эчен-эчен кылымды,
Оюм жетпей эрмек кылам чылымды.

Ок экен го бир атылган жашчылык,

Ошондуктан каламга айтам сырымды, - деп, каламга айтылган сырларынан каниет таап, өлүмгө моюн бербей, ага атаандашып, элибиздин жаркыраган келечиги үчүн кызмат кылууга үндөгөн ырларды жараткан. Акындын бул жашоодо сүргөн өмүрүнүн өлбөстүгүнө Чүй боорундагы Сарыбагыш эли гана эмес бүткүл кыргыз журтчулугу сыймыктана алары улам мезгил өткөн сайын тастыкталып келе жатат.

Ошентсе да, Аалы Токомбаевдин өмүрү жана баскан жолунда анын көзү өткөндөн соң бир канча жылдан кийин эл арасында да, массалык маалымат каражаттарында ар түрдүү пикирлер айтылып, ар кандай мазмундагы макалалар жарык көрүүдө. Ошондой талаш туудурган макалалардын бири 2012-жылдын 17-январында белгилүү жазуучу Самсак Станалиев тарабынан "Кыргыз Туусу" гезитине жарыяланган. Анда Касым Тыныстанов менен Аалы Токомбаевдин көздөрү тирүү кездеринде бири-бирине жасаган, айрыкча Аалы Токомбаевдин кастык иштери жөнүндө абдан кеңири маалымат берилип, К.Тыныстановдун трагедиялуу тагдырына Токомбаевдин себепкер болгону ар кандай ачык да, болжолдуу да фактыларга таянып баяндалган. С.Станалиев өз макаласында: "Тыныстанов жөнүндө сөз болгондо Токомбаевдин аты анын кас душманы катары айтылат. Ошентип айтууга негиз, тарыхый фактылар да бар. Атап айтып кетели. А.Токомбаевдин "Адабият жат идеядан таза болсун" ("КК", 1933.8.08), "Кыргызстан кеңеш адабияты" (1933-ж. №5), ушуга үндөш, автору көрсөтүлбөгөн макала ("КК", 1933. 22.08), "Жаңы жолбашчылыкка жаңы темп" ("КК" 1933. 24.12), "Адабият кыймылынын ар кайсы учурунан" ("КК", 1934.18.04) жана жазуучулардын сьездинде жасаган "Мазмуну социалисттик, формасы улуттук болгон Кыргызстандын адабияты өсүп жана чыңдалып жатат" деген мазмундагы доклады ("КК", 1934. 22.04.) ж.б. макалаларында К.Тыныстановдун чыгармаларынан

улутчул идеяны, буржуазиячыл ой айтуу көрүнүшүн таап, аёосуз сындай берген. Айрыкча жогорку макалаларынын ичинен, "Академия кечесинин" тыянагын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Макала 1932-жылы "Кызыл Кыргызстан" гезитинин төрт санына кенен жарыяланган. Бул макалада Тыныстановдун "Академия кечеси" драмасына саясий-идеялык күнөөлөр каалагандай коюлат. Бирок далилдүү мисалдар драмадан эмес, "Касым ырлар жыйнагынан" алынат. Талданбайт. Бүт бардыгы жети түрдүү айыптоо критерийи менен идеясы бузук чыгармалар катары аныкталат. Чынын айталы бул макала А. Токомбаевдин "атагын" чыгарып, К.Тыныстановдун күнүн батырган макала болгон. Мындай багытта А. Токомбаев алдына эч кимди чыгарган эмес" - деп жазат.

Ушуга эле удаа бир ай өткөрүп, аталган гезитке Асанкожо Айтикеевдин: "Арбактарды бири-бирине каршы койбойлучу" деген, көлөмдүү макаласы жарык көрүп, анда: "Кыргыз элинин көрүнүктүү уулу Тыныстановдун эли үчүн курман болгон өмүрү, чыгармачылыгы мактоого татырлык жана түбөлүктүү" деп жазат да андан ары автор, "Станалиев: биринчи акынын, биринчи жазуучусун, биринчи окумуштуусун атууга жетелеп барган биздей эл бул дүйнөдө бар болду бекен?" – деп бүтүндөй кыргыз элин күнөөлөйт, бул туурабы?- деп суроо коёт. Андан соң Улуттук китепканага барып жүрүп, өткөндүн тарыхтарын барактап, таптакыр башка чындыкка ынанганын айтып, "Касым Тыныстанов менен Аалы Токомбаев Ташкенттеги САКУда бирге окушуп, жолдоштуктары деле сый болгон экен. Кийин деле "Жыйындарда сындашканыбыз менен көчөгө чыкканда чогуу басып Касым, Касыке экөөбүз башкалар менен кошо тамашалашып кете бере турганбыз"- деп эскерет А.Токомбаев. Караңыз, "Сындашып!" –деп жатат. Көрсө анын дагы себеби бар экен. Тыныстанов САКУну мурдарак бүтүп келип, Фрунзеде иштеп калат. 1924-жылдын 7-ноябрында кыргыздын тунгуч гезити "Эркин Тоого" А.Токомбаевдин "Өктөбүрдүн келген

кези" деген ыры чыгат. Ал кезде ыры тунгуч гезитке чыгып "атактуу" болуп калганын билбеген Аалы Ташкенде окуп жүргөн мезгили болот. Ошол биринчи ырына шыктанган жаш акын 1924-жылдын аягында, "Ленин жөнүндө" деген ырын басмага берсе, К.Тыныстанов ага катуу сын жазып, чыгартпай коёт. Бир караганда сын деле жүйөөлүү болгон сыяктуу көрүнөт. Кантсе да 20 жаштагы жаш акындын шыгы жетиле элек дегени го. Аалы Ленин каза болгондо бүткүл Совет эли сыяктуу эле аза күтүп, бир түндө эле кошок түрүндө улуу жол башчыны жоктоп поэма жазат. Канткен менен кийин бул чыгарма алгачкы жазма адабиятыбыздын өнүгүшүнө белгилүү кызмат кылыптыр. Бирок, ошол кездеги кыргыз адабиятында жаздагы алгачкы карлыгачтар сыяктуу жаңы топтолгон жыйнакка ыраматылык Касым жолдоштук кылып, жүйөлүү сын айтып, каталарын оңдотпондун ордуна, жыйнактын себептери айтылбай, басмадан чыкпай калат. Бул эмне, көрө албастыкпы, же ичи тардык беле, белгисиз. Же "Керкисинде да, кемигинде да бар" деген ушулбу? Же ушундан кийин башталганбы, бирине-бири жасаган кастыгы.

А.Токомбаевдин 1937-жылдары белгилүү акын-жолдоштору деле бирин-бири аёосуз сындашып, каралашканын архивдик документтер далилдеп турат го. Анын баарын чубап чыгуунун кажети бар беле? А. Токомбаев кийин айтчу экен, "...мен аларга деле таарынбайм. Себеби заман ошондой болчу, болбосо өздөрү деле камалып кетмек" - деп. Мындан акындын улуулугу, кемеңгерлиги көрүнүп турбайбы.

Кийин "А.Токомбаев бир катар жаш акындарды согушка айдатып, алар кайтпай курман болушкан" - деген каралоолор да болду. Бирок, А. Токомбаевдин аларды алып калууга жасаган аракеттерин архивдик документтерде көрсөтүлүп, ошол эле Мукайдын, ошол эле Жусуптун Аалыга жазган каттары далилдеп жатса деле болбой эле, "Аалы күчтүү акындардын баарын өзүнө атаандаштар катары жок кылган" - деп коомдук пикир түзүшкөндөр

эмне максатты көздөштү экен? - деген дагы суроо туулушу мүмкүн.

Өмүрүнүн акыркы жылдарында Токомбаев, "Манаска" каршы чыкты дешип, мектептин окуучуларына чейин кат жаздыртып, төө бастыга алып "жайлап" тынышкан ушул эле арабызда жашап жаткан белгилүү адамдарыбыз. 1950-жылдарда "Манас" үчүн канча салгылашып, китебин чыгарган адамдын "Манастын ысымын коньякка, конфетке койбогула. Жөнү жок нерселердин бардыгын Манас дей берсек улуу сыймыгыбыздын баркы кетип калат"- деген аксакалдын жүйөөлүү сөзүн тетири бурмалашып каралашкан эле. Алар деле унутулду"- деп жазат, Станалиевге каяша айткан Асанкожо Айтикеев. Булардын канча чындыгы бар окурман өзү тындап алаар.

Бирок, ушул багытта кыргыз элине белгилүү илимпоз Сулайман Кайыповдун Аалы Токомбаев жөнүндө айтканы ушул макаларды салыштырып окуп жатып эсиме түштү. Анын: "Ушул жашоо-жазмышта өтө арбын кезиге турган өкүнүчтүү нерселер ого эле көп. Ошондой өзгөчө нерселердин бири – бул биздин көзү өтүп кеткен көзөл адамдарыбыздын артынан ой тизмегин чубалтып, эстутумдун сыдыргысынан өткөрүп, эскерип калганыбыз окшобойбу. Аты чыккан, ошентсе да ондогон пенделердин канчаларынын элестери байкалбай көңүлдөн сырт калып, тарыхтын бүдөмүк барактарынын каттоосунда түбөлүк сиңип, жок болуп кетип жаткан жокпу... Кудайга шүгүр, биздин Аалыкебиз андай тагдырга туш келген жок. Өмүрүнүн урунттуу деген учурлары кыргыз элине кызмат кылуу менен өттү. Эч качан кабак-кашынын катаалдыгын көрсөтпөй, сыны, сыры, сыпаалыгы, сырданалыгы, эң башкысы тазалыгы жана тактыгы менен башкаларга үлгү болгон асыл адам ар бир мен тазамын деген адам пендесине үлгү болот" - деп айтканы бар эле.

Аалы Токомбаев чынында эле ошондой адам болгонун эми гана эстеген адамдардын саны жыл сайын арбып барат. Себеби, ал Аалыкебиз түбөлүктүү.

# Жедигер

Кегети айылында Жедигер уруусунун дагы бир тобу жашап турушат. Тагайдын уулу Койлондун уулу Жедигердин тукуму көп деп айтылат. Анын көпчүлүгү кыргыздык түштүк бөлүгүндө жайгашып, Токтогулдан баштап Таш-Көмүр, Майлуу-Суу шаарларынын айланасын да алардын негизги көпчүлүк бөлүгү турук алышкан. Мунун себеби, мезгилинде Чүй боорунда жашап туруп, булардын түпкү агасы Солтонун калыстыктан тайган чечими менен Саяктын Каба деген баласына таарынып, түштүк тарапка көчүп кеткен экен. Булар жөнүндө ар кандай болумуштар эл арасында айтылып жүрөт.

Ал эми жалпы Чүй боорунда ушул Кегетиде бир ата гана Жедигер калган деп айтылат. Алар, Койлондок кооз Жедигеринин Асандарынан таралышкан.

Жедигер уруусунан чыккан атактуу адамдар өз уруусу чачыранды жашаса дагы кыргыз элинин элдүүлүгүн сактап калууда көптөгөн баатырдык иштерди жасагандыгы белгилүү. Айрыкча ошол кезде Жедигердин Асан деген баласынан туулган Мамбет туулгандан балбандык белгиси болуп, кийин Чоң Мамбет деп аталып калганы айтылат.

Ошол кезде Арсланбап-Чарбакты бийлеп турган калмак ханы Бакаманжчы Коңтаажы Чоң Мамбеттин балбандыгынан, баатырлыгынан коркуп аны амал, айлакерлик менен өлтүрмөк болот. Арсланбаптын жыш токоюнун ичине алдап чакырып алып, мелдешип жаа тартышат. А дегенде 5 кетменди катар коюп Мамбет атса, аны жебе тешип чыгат. Андан кийин Коңтаажы 7 кетменди катар коюп, теше атат. Мамбетке караганда эки кетменди ашык теше аткан калмак ханы: "Бул Мамбеттин күчү меникине тең эмес экен. Корко турганга негиз жок. Муну күч менен жеңсе болот тура" деп компоюп, өзүнө ишенип калганда Мамбеттин иниси Таскара 9 кетменди теше атат. Ошондо кыргызды күч менен ала албасын билген калмактар көчө качып, ал жерди толугу менен чоң Мамбет ээлеп калган экен.

Жедигерлер мезгил өтүп Арстанбап, Чарбакты биротоло ээлеп, турукташып калганда ушул жерде болгон окуя "Олжобай менен Кишимжан" деген турмуштук эпикалык, даректүү баянды жаратты. Ал чыныгы турмуштан алынган ошол кездеги элдин социалдык абалын толук чагылдырып көрсөткөн, сүйүү темасын ичине камтыган трагедиялык маанайдагы чыгарма болуп кала берди.

...Чылмайрам toонун өзүндө,
Кулжыгач деген бар экен.
Карды салык, малы көп,
Калкында бай жан экен.
Эркек уул мында жок,
Жалаң кыз балдары бар экен.
Кулжыгач байдын кыздары,
Укурук моюн, калем каш,
Кундузга окшош олоң чач,
Бойго жеткен кези экен.

Мунун эң улуусу Бегимжан,
Андан кийин Канымжан,
Андан кийин Акылжан... – деп дагы уланып кете берет.

Кыскасы Кулжыгачтын кыздары биринен-бири өткөн сулуу кыздар болгон. Ошол кыздардын улуусу Бегимжанды Тору-Айгырда турган кыпчак уруусунан чыккан Солтобай алат дагы, андан Олжобай деген уул көрөт. Ошол эле учурда Кулжыгачтын кичүү аялынан Кишимжан төрөлгөн экен. Кишимжан дагы эжелериндей эле турпаты булак башатындай тунук, акылы толук, көргөндүн көзүн талдырган сулуу кыз болуп чоңойгон.

Олжобай дагы келишкен жигит болуп эр жеткенде тай эжесин сүйүп калгандыгы айтылат. Жигиттин көйүн түшүнгөн кыпчактар Жедигерлерге жуучу жиберет. Ошондо Кожордун уулу Кудаке: "Тентип келген кыпчактарга кыз беребизби!? Олжобайынын атасы Солтобайдын эле бизге күч күйөө болгону жетишет. Мен

Кишимжанды калыңга сатам" - деп, агасынын ордуна бүтүм чыгарып салат. Кудаке чукул арада Кишимжанды ошол аймакта жашаган Үч-Багыштын Байназарына кудалашып келет. Кыздын калыңына деп Байназар тараптан көп мал алып коёт. Байназардын мурду бучук, ырайы ого эле суук неме экен. Албетте, Кишимжан Байназарды чанып, Олжобайга тымызын киши жиберет. Акыры, Олжобай менен Кишимжан качып, артынан куугун чыгып, көп өтпөй колго түшөт, Чилмайрам тоосунда өлтүрүлөт. Алардын канына сабын кадимки эле кыздын агасы Кудаке болгон экен. Муну Жедигер уруусунан чыккан Күчүк баласы (Каргабай каракчы) Абдрахманга айтып берген экен. (Жортуул повестинен)

Учурда Кегетиде бир атадан тарап, отурукташып калган Жедигер уруусунун Асандарынан чыккан Ажыбай уруктары түзөт.

Ажыбай, андан Жолой, Жапек, Орозбай, Акчекир. Акчекирден Шейшеналы, Аалыбай. Аалыбайдан Абдылда. Абдылдадан Турат жана Болоталы деген эки уул. Болоталыдан Кыял. Ошол Абдылданын Турат деген баласы бир топ жыл Кегети орто мектебин жетектеп, учурда жаш муундарга тарых жана коом таануу сабактарынан дарс окуйт. Булар Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин энелеш туугандары. "Аталаштан алтоо болгуча, энелештен экөө болсочу" деп эл бекеринен айтпаптыр. Булардын апасы Сабыркүл апа Мамбеткалыйдан үч, Абдылдадан тогуз перзент көргөн экен.

Ал эми Жолойдон Канай, Канайдан Калдыбай. Андан Алтымыш, Кубат эки уул. Ажыбайдын Жапегинен Казак, Сасыкул, Имаке. Имакеден Эралы Токтогон. Сасыкулдан Мукай. Мукайдан, Марат, Малик.

# Агабыздын аты өчпөйт, же Мукай Сасыкулов кыргыздан чыккан алгачкы профессионал, билимдүү журналист

Сасыкулов Мукай Кыргыз Республикасынын Чүй районуна караштуу Кегети айылында 1925-жылы 1-январда туулган. 1942-жылы 8-классты бүтүрүп, ошол эле мектептин 5-6-класстын окуучуларына кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Согуш ортолоп калган 1943-1944-жылдары Советтик Армиянын катарына чакырылып, Манчжуриядагы авиациялык бөлүмдө техникалык кызматкер катарында кызмат өтөгөн. 1945-жылдын август-сентябрь айларында Манчжурияда, анан Түндүк Кореянын Сингисю шаарында аскердик кызматын аяктаган. Ошол эле кан күйгөн учурларда Манчжуриядагы болуп жаткан согушка кирет. Армиядан аман-эсен 1949-жылы Ата Мекенине кайтып келет.

Мукай ага согуштан келген мезгилдеринде алгач Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин президиумунун председатели Төрөбай Кулатовдун өзүнүн техникалык секретары болуп иштейт. Ошол эле жылдары №12-мектептин 10-классын бүтүрөт.

Мукай Сасыкулов 1952-1957-жылдары Москвадагы М.В.Ломоносов атындагы университеттин журналисттика факультетинде окуган биринчи кыргыз жигити болуп эсептелет. Аны ийгиликтүү бүтүрүп келгенден кийин Республикалык маанидеги "Советтик Кыргызстан" газетасында кабарчы, Ала-Тоо журналынын сын, библиография бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеген. Ал эми 1959-жылы Кыргызстан КП БКнын катчысы А.Казакбаев менен Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, академик Б.Юнусалиевдин тапшырмасы менен алгачкы журналистика бөлүмүн уюштурган. 1964-1989-жылдары кыргыз адабияты кафедрасында ага окутуучу, 1974-1989-жылдарда кайрадан журналистика кафедрасында ага окутуучу, профессору болуп иштеген.

Ушул багытта бир нече китептердин автору. 1993-жылы дүйнөдөн кайтып, сөөгү Кегетиде коюлган.

Ардагери эмгектин,
Ардагери согуштун.
Атактуу Мукай жөнүндө,
Айтканымды эл уккун.
Аралашып бир жүргөн,
Агайын-тууган сен уккун.
Эл коргогон жашында,
Эрлерден экен деп уккун.
Окутуучу, мыкты адис,
Ойчулдугун бек уккун.
Изденүүдөн тажабас,
Илимпоздугун дагы уккун.
Журналисттин кабарын,
Жаштар уккун, кары уккун.
Чындыктын бети ачылсын,
Чыгармада жазылсын.
Көп жылдагы эмгеги,
Козголбой кантип жашынсын.
Эл арасына тарабай,
Эмне үчүн катылсын.
Жарык нуру ишинин,
Жалпы журтка чачылсын.
Сасыкул уулу Мукай,
Салмактуу эле аябай.
Көп жаштарды окутту,
Көңүлдөрүн калтырбай.
Кыйналгансып калганын,
Көтөрмөлөп тартынбай.
Камкордук көргөн жактары,
Калмак беле айтылбай.
Тарткан зымдай керилип,
Тыкандыгы көрүнүп,
Иштерман болчу бул киши,
Ишине катуу берилип.

Боорукер болчу абыдан,
Жүзүнөн мээрим төгүлүп.
Жайдары болчу дайыма,
Жүрчү эмес ойго чөмүлүп.
Адамдык далай сапаттар,
Акылы таасын көрүнүп.
Ылайыктуу иштерге,
Ынтаасын коюп берилип.
Университетте иштеп,
Улам кайратын күчтөп.
Качан болсо өз ишин,
Көңүлдөгүдөй түздөп.
Ишинде жаралар эле,
Ийгиликтер күргүчтөп.
Демилгесин арттырып,
Дайыма жеңишти көздөп.
Тандап алган кесиби,
Талыкпай көп жыл уланды.
Таланттуу жаштардың тобун,
Тарбиялап чыгарды.
Такшалтып сындан өткөрүп,
Таза билимге сугарды.
Сыналган журналисттер көп,
Санап кирсек аларды.
Жазуучу бар, акын бар,
Жалаң сонундарды жазып,
Жараткан чыгармаларды.
Эмгегине Мукайдын,
Эли-журту кубанды.
Ашык кеткендик эмес,
Аты угулду кыргызга,
Айткандары бүтүндөй,
Акыл менен бир нуска.
Ачык сөз Мукай элине,
Жетти эле сый-урматка.
Саламын үзбөй ар убак,

Студенттер бүт сыйлап,
Бири да калбай текши эле,
Баарысы турчу агайлап.
Окуусун бүтүп кеткендер,
Оюна салып кадырлап.
Сүйктүү агайын эстеп,
Сүйүүсү оттой жалындап.
Дайыма күлдүрүп сүйлөп,
Даамдуу эле сөздөрү.
Өнөрлүүдөн өтө көп,
Өз колунан өскөнү.
Мукайдан алып тарбия,
Максатына жеткени.
Тубаса жөндөмү окшойт,
Токтотпой ишти чечкени.
Аянычтуу аябай,
Асыл Мукай агаңын,
Арабыздан кеткени.
Жаман ойду билбеген,
Жакшылыкка дүрбөгөн,
Болор ишти шарт эле,
Болтуруп так сүйлөгөн.
Билгени көп адамдан,
Беттешкендер сүрдөгөн.
Кандай гана оор иш,
Кыраакы сезгич аганын,
Көчкөнү жалган дүйнөдөн.
Элиңе арнап сүйүүңдү,
Эсели болдуң күйүмдүү.
Ал эми жаштар жакшы окуп,
Алса деп жүрдүң билимди.
Даанышмандыгың жашыңдан,
Даана эле ачык билинди.
Жаш-кары деп бөлбөстөн,
Жалпыны бирдей сыйлаган.

Жакынсытып барганга,
Жардамын берген, кыйбаган.
Киришип керек ишине,
Кыйыктанып турбаган.
Сейрек келчүүнүн бири эле,
Сөз чынын айтсак бул адам.
Тамашага мыкты эле,
Таймашканын жыкчуу эле.
Таамай айткан сөздөрүн,
Тажабай эли укчу эле.
Топ бузган чечен болсо да,
Токтолбой аны утчу эле.
Таасын күлүк бөлүнүп,
Топтон узап чыкчу эле.
Эмгекчил, чынчыл агабыз,
Элине күчүн арнады.
Керек болгон турмушка,
Келтирди көп пайданы.
Кымбат адамды көздөп,
Каардуу ажалды карачы,
Кетирди биздин айланы.
Адашпаган оюнан,
Акылман эле, сынчы эле.
Ар кимге чын дилинен,
Ак тилегин сунчу эле.
Адилеттикти кармап,
Аябай бек турчу эле.
Каалабаган чатакты,
Катуу кетпес тынч эле.
Төп киши эле, так эле,
Таза жүргөн сак эле.
Кылдат карап иш чечкен,
Кылдаланган калыс жан эле.
Жалган айткан жерим жок,
Жакшы жагы көп эле,
Берекелүү аганын,
Пейили абдан кең эле.

Кайра тартпас сөзүнөн,
Коркууну билбес эр эле.
Кыскасы Мукай агабыз,
Кыйын болчу эң эле.
Көптү окуп, көп билген,
Калпыс ишти жек көргөн,
Менменсинген көйрөңгө,
Мамилеси өзгөргөн.
Калп айтканды билбеген,
Калпычыны сүйбөгөн.
Бузукудан алыстап,
Бурyy тилге кирбеген.
Сезип турчуу жаңылбай,
Сүйлөшкөнүн ким менен.
Сасыкулов агада,
Санаасы түз, ой терең.
Талантынын күчүн айт,
Түшүнүгү э кенен.
Такай түптүз жүрчү эле,
Тасмадай шыдыр жол менен.
Ажал болуп каргаша,
Алыска сапар аттанды,
Айрылып калдык агадан,
Колдон келер жардам жок,
Каргыш айттык өлүмгө,
Капалуу күнгө туш болуп,
Кыйналып турдук өтө эле.
Кош айтыштык айла жок,
Кайгы толуп көңүлгө.
Жумса да көзүн түбөлүк,
Жүргөндөй дале тирүү эле,
Агабыздын аты өчпөйт,

Ардакталып элинде, - деген мааниде кошок жазган экен, Мукай Сасыкулов бул дүйнөдөн көчкөндө кайгыга алдырган элдин маанайын көрүп чыдабай кеткен Кегетилик калмакы уруусунан чыккан акын Аскар

Жунушалиев. Бул текстти автор кандай жазса эч өзгөртүүсү жок, кандай болсо ошондой бергенге аракет кылдык. Ал математикадан сабак берип, ыр, кабар жазчу. Ал окуткан окуучулардан акын, журналист, Муслим Өмүралиев, экономист, илимпоз Сүйөркул Өмүралиев, учкуч Мырзабек Өмүргазиев, мугалим Султан Мамбеткалиевге окшогондор чыккан.

Учурдагы "Байчечекей" журналынын баш редактору, Кыргыз Эл акыны Токтосун Самүдүнов да Мукай Сасыкуловдун алгачкы окуучуларынын бири болгон. Ал агайын эскерип, анын алгачкы кыргыз журналисткасындагы орду жөнүндө оюн айткан экен. Анда мындайча баяндалат: "Жакында курсташтар чогулуп, университетти бүткөнүбүздүн 50 жылдыгын белгиледик. 50 жыл бир кылымдын жарым бийиктигиндей нерсе. Ойлой келсең – ал өмүрдүн өзүнчө бир бийик ашуусу экен. Илгеркилер айткандай: "Буга жеткен да бар, жетпеген да бар".

1963-жылы журналистика бөлүмүн 34 улан-кыз бүтүптүр бүз. Жолугушууга чогулсак, теңибизден ажыраптырбыз. "Алтын көкүл, асыл курбулар!" - деп ар бирин өкүт менен эскердик. Албетте, бизди адам кылган, акыл кеңешин айтып, илим–тарбия берген агайларыбыздын далайларынын да эчак көздөрү өтүп кетиптир. Алардын бири мен атайын сөз кылайын деп отурган ардактуу агайым - Мукай Сасыкулов.

...Журналистикада, профессионалдык кесип катарында даярдоочу бөлүм бизге чейин кыргызстанда болгон эмес. Газета-журналдарда, радио, телевидениеде иштегендер негизинен филфакты бүтүргөндөр болчу. Алар практик болушканы менен теориядан дарс уккандар жокко эсе эле. А чынында ар кесиптин теориясы менен практикасы айкалышканы жакшы эмеспи.

Биз биринчи курска киргенде журналистика кесибинде атайын даярдыктагы окутуучулар жок эле болчу. Мукай Сасыкулов агайыбыз гана ал кездеги эң абройлуу жогорку окуу жайы - Москвадагы Ломоносов атындагы университеттин журналистика факультетин бүтүрүптүр.

Алпейим мүнөз, акырын сүйлөгөн бул адам чоң жерден тарбия алган, бийик маданияты бар адамдардан экендигин бир көргөндө эле сездик. "Тарбиячы өзү тарбиялуу болушу керек" деген талап эзелтен белгилүү. Бирок, тилекке каршы андай касиетти алып жүргөндөр эл арасында көп деле кездеше бербейт.

Мукай агай университетти бүтөрү менен "Ала-Тоо" журналынын очерк жана публицистика бөлүмүнө башчы болуп орношот. Журналистика бөлүмү ачылганда окутуучу болуп которулат. "Бизди жөнөкөй мугалимдер эмес, Ломоносов университетин бүтүргөндөр окутат!" – деп шерденип айтканыбыздын жөнү бар болчу. Анткени, Рафаиль Покусович Овсепян да ошол университеттен которулуп келген эле. Ал "Советтик жана чет өлкөлүк журналистиканын тарыхы" деген сабактан берчү. Кыясы анын Кыргызстанга которулуп келишине Мукай агайдын таасири болгондой. Анткени, экөөнүн мамилелери жакын жолдоштордой эле.

Мукай агай бүгүн популярдуу болбой калган, бирок ал кезде газета-журналдардын бетинен түшпөгөн очерк жанрын көп баалап, барктап айтчу. Демек, бул көз карашы агайдын адабий көркөм чыгармачылыктын көрөңгөсү бар экендигинин жакшы далили.

Агайдын "Очерк жанры адабияттын журналистикадагы космостук старт аянтчасы. Жакшы очерк жаза албаган адам, жакшы жазуучу боло албайт" - деп айтканында чоң чындык жатат. Ырасында эле, кайсы атактуу жазуучуну албайлы, алар мыкты-мыкты очерктердин автору болушкан. Өзүбүздүн эле Чыңгыз агабыз "Правда" газетасынын өз кабарчысы болуп турганда кандай гана сонун очерктерди жазбады.

Мукай агай теориялык да, практикалык да даярдыгы бири-бирине төп келген бийик даражалуу (кандидаттык, докторлук наамдары жок болсо дагы) терең интеллектуалдуу окутуучу болчу. Практикалык талкууларда ал таланттуу жазылган очеркти айырмалашсын деп эки авторду жанаша

коёр эле. Эсенбек Медербеков менен Саткын Сасыкбаевдин калемине тиешелүү очерктер, албетте кызуу талаш-тартыш жаратчу. "Эсенбек Медербеков документалдуу фактыны көркөм ой жүгүртүүнүн деңгээлине чейин көтөрө билген чебер очеркист-жазуучу бекен?"-деп коюучу, биздин ынанганыбызга ыраазы болгондой. Мукай ага сабак өтүп жатканда, "Силер - келечектеги журналисттер, жөн гана кабарчы эмессиңер. Ата Журтуңардагы бардык иштерге жоопкер, жакшылыгына авторлош адамсыңар"- деп айтаар эле. Бул кебин эстеп, акылман мурасын аткара албай жатканыбызга өкүнөм. "Тирүүлөр көзү өткөндөрдү үйрөтө албайт, көзү өткөндөр тирүүлөрдү үйрөтө алат"- деген учкул сөздүн акыйкаттыгына ынана берем" - деп жазган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиев да: "биринчи Мамбеткалый - тапкан атам, экинчи Абдылда – баккан атам, үчүнчүсү Мукай – үйүнө жаткырып, тарбия берген атам деп, же бул кишини алгачкы турмуш астанасын аттап, окуп, иштеген мезгилден баштап атадай тарбия берген үчүнчү атам деп сыймыктануу менен айтат экен. Анын жөнү дагы бар.

## Саруу

Долон бийдин Көбөш деген баласы болгон. Көбөштөн Назар. Назардан Көнөк, андан Ылдаш. Андан Сары. Саруу деген ат ушул Сарыдан келип чыккан дешет. Же бул уруу жөнүндө Я.Бичурин, Г.Потанин, Ч.Валиханов, Н.Аристов, Е.Смирнов өңдөнгөн революцияга чейинки авторлордун эмгектеринде учкай кабарлар бар. Баарынан кеңири ойду Н. А. Аристов айткан. Ал казактардын Кирей (Керей) уруусунун чыгышы жөнүндөгү Г.П.·Потаниндин уламышына кайрылып, Сары Үйсүндүн (Усундун) Кара бий деген уулунан ошол Кирейлер тараганын билдирген. Андан кийин Кирейлер менен кыргыздардын тугандыгы динлиндер же Сары Үйсүндөр (Усундар) аркылуу болушу

мүмкүн деген Н. А. Аристов Сары Үйсүндөрдүн чыныгы аты кыргыз, же бул уруунун аты кыргыздын Сары Үйсүн деген кол башчысынан тараган деген гипотезаны окумуштуулар дүйнөсүнө он тогузунчу кылымдын акыркы чейрегинен тартып белгилүү.

Ошентип Саруу уруусу байыркы кыргыз элинин бир бөлүгү, XVI-XVII кылымдарда азыркы кыргыз элинин калыптанышына катышкан. Бул жагынан алып караганда Саруулар экинчи жолу бир же бир нече атанын балдарынан урукка, андан урууга айлануу процессесин башынан кайра өткөргөн. Тек байыркы Саруу уруусунун насилдери Элдик санжыраларда Саруу (сары) кыргыз атанын чөбөрөлөрүнүн бири деп айтылат.

Саруу а дегенде адамдын ысымы, андан кийин патриархалдык үй-бүлөнүн аты, андан Саруу уулу, андан Саруу уругу, андан байыркы кыргыздардын пайдубалынын бири Саруу уруусу пайда болгон.

Саруу уруусунун өкүлдөрү 1909-1910-жылдагы статистикалык кабар боюнча Жети-Суу облусунун, Пишпек уездинин Сарыбагыш болушунда 65 түтүн, 494 жан, Жамансарт болушунда 33 түтүн, 187 жан жашаган. Ошолордон таралгандардын айрымдары учурда Кегетиде жашап турушат.

Дагы бир айтылгандарга таянсак аталган кегетилик Саруулар Бийже менен бирге Таластан келишкен деген дагы имиштер бар экен. Анын себеби, мурда Бийженин тукумдары менен уруулук ынтымагы бир болуп, алар өздөрүн ошол Бийже менен жесирлеш тууганбыз деп жүрүшчү. (Бийженин аялы Саруунун кызы болгон). Кийин гана Кегетиде жашаган Саруулардын түтүнүнүн саны жыйырмадан ашкандан соң өздөрүнчө бөлүнүп кетишкен. Учурда алардын түтүнүнүн саны отуз, кыркка жетип калды.

# Мундуз

Мундуздан Акүйлүү жана Баймундуз. Акүйлүү өзүнүн аты эмес. Ал кайсы бир ханга барып, ак үйлүү туруп калгандыктан ошондой аталып калыптыр. Негизи эле Мундуздар байыркы кыргыздардын пайдубалын түзгөн уруулардын бири. Ошого карабастан жазма булактарга караганда алар саясий тарыхта өзүлөрүнүн изин калтырышкан эмес. Бул алардын жетекчилери кыргыз каганатынын мезгилинде жана андан соң, борбордон четке умтулган күчтөргө кошулушпаса керек. Болжолу мундуздар кыргыздардын башкаруучу топтору, элиталары менен ынтымактуу болушкан. Алардын батышка ат башын буруусу Байыркы кыргыз каганатынын уйгурларды сүрүп жана алардын артынан Чыгыш Теңир Тоого келиши божомолдонот.

Бирок, алардын азыркы аймактарга тарагандыгы жөнүндө маалымат жок, же ар кандай божомолдор айтылып келет. Мисалы, Тагай Базарбаев, Молдо Сүйөркулов жана башка мундуздар Ферганага калмактардын үстөмдүгү учурунда келгендигин айтышат жана бул окуя Орус бийдин убагында болгондугун белгилешет.

Мундуздар жаңы кыргыз этносунун калыптанышына, ар биринин чогуу жашаган ири уруулар, этникалык топтор аркылуу катышты. Аларда аймак, диалектика болгон жок. Бул алардын кыргыз жергесине таруудай чачылып кеткендиги менен түшүндүрүлөт. Мисалы, 1913-жылкы статистикалык кабар боюнча Пишпек уездинин Талкан болушунда 17 түтүн, 69 жан жашаганы белгилүү.

Учурда Кегетиде Мундуздардын 70тин тегерегинде түтүнү бар. Алар бул касиеттүү айылда жашап турган негизги төрт уруунун бири болуп эсептелип, алар Үкү, Барат уулу, Аркарчы жана Анжияндык деп бөлүнүшөт. Ушул эле Кегетилик Мундуздардан залкар акын Ысмайыл Борончиев, бийиктикке секирүү боюнча Орто Азия рекордсмени, XX кылымдын мыкты спортсмени аталган

Тобокел Мамыров, Академик Аскар Какеев, Толук ыйгарым укуктуу элчи Урмат Саралаев жана акын, журналист, прозаик, мамлекеттик кызматкер, бизнесмен Ө. Караевге окшогон белгилүү адамдар чыгышкан.

## "Ырчынын залкар бири эле..."

**"Ысмайыл акын, үч залкар тоонун көлөкөсүндө калып, акындык дарамети толук ачылбай калган бөксө тоо сыяктуу"**
*(Насим апа, төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин зайыбы)*

А дегенде Ысмайыл Борончиев жөнүндө сөз кылардан мурда анын төкмөлүк өнөрүнүн ичинде, ири алды эл арасына кенен тарап, элдин эсине кыттай уюп калган таасын, элестүү айтылган саптары эске түштү. Ал залкар төкмөлөрдүн бири, чыгаан акын Алымкул бул дүйнөдөн көчкөндө:

"Кош Алымкул, дүйнөдө,
Өлүм деген бар экен.
Аласасы келгенде,
Абыдан алды тар экен.
Алыбыз жетпей ажалга,
Айрылдык сизден, Алыкем.

Табигат берген күч менен,
Таалайлуу өсүп-өндүңүз.
Убактылуу өмүрдүн,
Учу-кыйырын көрдүңүз.
Ала-Тоонун байлыгын,
Ырдап жүрүп көрдүңүз.
Албан түрлүү сыйлыкты,
Алып жүрүп көрдүңүз.

Ак шумкардай булутта,
Айланып жүрүп көрдүңүз.
Ар шайлоодо депутат,
Шайланып жүрүп көрдүңүз.
Ажалга айла жок экен,
Амалсыздан көндүңүз.
Аягы Талас, башы Чүй,
Эл чогулду сиз үчүн.
Эзилип ичи кайгыда,
Эмгеги сиңген киши үчүн.

Келдибек менен Тыныбек,
Чоюке, Шапак, Дыйканбай,
Тарыхын кыргыз эл билет.
Караңгылык доорунда,
Калкта билим жогунда,
Баатыр Манас жомогун,
Байыртан айтып келди деп,
Ырчы, жомокчуларга,
Ыраазы болдук буларга,
Айкөл Манас деген сөз,
Алтындан баалуу чыгарма.
Сурамжылап көп уктук,
Сурнайчы деп уктук,
Дөнөнбай менен Турапты.
Дөгүрсүгөн ал кезде,
Манаптар билген убакты,
Казына болмок кыргызга,
Казыр уксак күүлөрүн,
Кагазга чийген киши жок...
...Кай доордо жүргөнүн,
Ыйласак укпайт шум ажал,
Ыраазы бол биз үчүн.
Туулуп- өскөн жер калды,
Туугандар калды, эл калды.
Кучакташып тең өскөн,

Курбу-курдаш тең калды.
Асмандан тийген эл калды,
Агын суу, дайра, сай калды,
Ажалдын огу ушундай,
Алаксытууга шай барбы.
Аркайган зоо, төр калды,
Чалкайган деңиз көл калды.
Каналдын суусу калкылдап,
Кайкалаган чөл калды.
Келгиндер келет жазында,
Кээ бирөө бактын башында,
Топурак ысып, гүл жайнайт,
Толгон токой куш сайрайт,
Биз да ушундай дүйнөнүн,
Келгиндери экенбиз,
Келип биз, бир күн кетээрбиз.
Санап-санап отурсак,
Замандар өткөн экен да.
Залкар-залкар нечен бир,
Адамдар өткөн экен да.
Көрбөй калдык далайын,
Көп акындар өтүптүр,
Көңүлүңүргө салайын.
Капаста кеткен булбулдар,
Караңгысында дүйнөнүн,
Акындыгы зор экен,
Ак-Кыялык Нурмолдо,
Аргендей үнү шаңкылдап,
Аксакалы жаркылдап,
Карганда өттү дүйнөдөн.
Эски динге алданып,
Эсилип башы айланып,
Эчен мындай акындар,
Арманда өттү дүйнөдөн

Кыйла жыл мурда өтүптүр,
Кызыл-Кыя, Баткенден,
Кыйын акын эле деп,
Кабарын уктук аркы элден.
Ичкиликтин Курманы,
Илгерээк өткөн бул дагы.
Окуу-билим жогунан,
Оозуна кетти ырлары.
Казыркыларда арман жок,
Кагазда турат сырлары.

Анжияндык Муса ырчы,
Бекназар кетти Жийдеден.
Түрү суук өлүмдүн,
Алыке,
Түрткүсү кимге тийбеген.
Ошолор жүргөн доордо,
Окуу-билим болгондо,
Бергендей сөздөр жазылып,
Белектер калмак миңдеген.
Жалал-Абаддын жанында,
Жакшы ырчы экен маалында.
Көзүнөн майып болуптур,
Күкүктөй шаңдуу чагында.
Салам айттым аба деп,
Сан жыйындын алдында.
Балам бери кел деди,
Барпы деген мен деди,
Ачык экен кулагы,
Аксакалдардын бүт бойдон,
Амандыгын сурады.
Арт жагында жарыктык,
Батасын берди балпылдап;
Барган экен көп жашка,
Башы турат калтылдап,
Сөзүнө сөөгүм ээриди.

Көзүнө көөнүм кейиди.
Барпылар кетти Таштактан,
Баасы кымбат сиздейдин,
Алыке,
Баарысын өлүм аксаткан.

Өзгөндүн өйдө жагынан,
Өзү шайыр абыдан,
Кебин уккан кишилер,
Кеткиси келбей жанынан.
Күн-түнү бирге жүргөндөр,
Күлкүдөн жаагы талыган.
Ылый-Талаа мекени,
Ырдап жүргөн кечээги,
Кочкорбай кетти элинен.
Кочкорбайды көргөндөр,
Коргошундай эриген.
Өзгөчөлүгүң өзүнчө
Өткөрбөйт өмүр чегинен.
Алкып суусу ташыган,
Алайкуунун башынан,
Жолокондун жолунан,
Кышы-жайы шаңшытып,
Кыягын үзбөй колунан.
Улардын үнүн тууراган,
Улуу тоонун шайыры,
Узап кетти дүйнөдөн.
Угулбай жүрүп дайыны,
Алайкуулук Чалырга,
Абыдан ооруйт кабырга.
Ныязалы аксылык,
Комузга колун маш кылып,
Өзү кетти дүйнөдөн,
Өнөрүн элге тапшырып.
Батырган экен кара жер,
Баарысын соруп жашырып.

Кутулуп кайда кете алат,
Кууп жүрсө шаштырып.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Түндүк жана Түштүктүн,
Баарысын тең жердеген,
Толкуну көлдөй Токтогул,
Торгою экен адамдын.
Эшмамбет кетти эртерээк,
Эркинин көрбөй замандын.
Каракурман ырчы өттү,
Катарлашы алардын,
Жаңыбай, Коргоол, Бекназар,
Жанында Жолой баш болуп,
Ошонун баары бир катар,
Таңшыган зоонун булбулу,
Алыке,
Тамашаң элди суусатар.

Жеңижок деген бир ырчы,
Жетим калып Таластан,
Жек-жааты жок карашкан,
Аксыга барып чоңоюп,
Ала деген оорудан,
Арандан зорго оңолуп.
Таластын манаптарынан,
Жаш кезде качкан жалтанып,
Аксынын манаптарынан,
Карганча жүрдү жалтанып.
Тик сүйлөсө ошолор,
Тилин кесип алышмак,
Тирүүлөй көргө салышмак,
Арманда өттү көп ырчы,
Андагы турмуш табышмак.

Карыялар көп мактайт,
Казак менен кыргызга,
Кадамы жеткен деп мактайт,
Эсенаман, Чондуну,
Эртедир-кечтир өлүмдүн,
Алыке,
Эчен тийет кордугу.

Үмөталы, Сулайман,
Айдаралы комузчу,
Ар кимиси Таласта,
Алынча шайыр болушту.
Алар да кетти Капкадан.
Көөдөндөн ысык жан кетип,
Алыке,
Көз сүзүп кимдер жатпаган.

Таластын аяк жагынан,
Талантуу ырчы абыдан,
Жеңижок менен беттешип,
Жети уруу Сол тааныган.
Ырчы жеңе Ырыскүл,
Алыска даңкы чыкпаган,
Аялга теңдик жогунан.
Арбын иш келбей колунан,
Айланып үйгө ыктаган.

Калк аралап көп уктум,
Каны кыргыз деп уктум,
Казактан өткөн Жөжөнү,
Кыргыздан ооп казакка,
Кыйналгандан жөнөдү.
Каардуу заман болбосо,
Карыптын күнүн көрөбү.
Ар кимден уктум Жөжөнү,
Артык экен өнөрү.

Ала-Тоолук энелер,
Алптардын алпын төрөдү.

Манасын айтса түгөнбөй,
Маңдай-тескей эки өзөн,
Кошулуп аккан үйөрдөй,
Жайы-кышы айтса түгөнбөй,
Жанаша дайра көк муздар,
Жарылып аккан үйөрдөй.
Баласы экөө тең ырдап,
Балык да кетти калкынан.
Айныбай тарткан атасын,
Айманбай кетти артынан.
Куу өлүмдүн алар да,
Кутулбаптыр карзынан.
Эркиндиктин таңынан,
Элдик кыймыл жагынан,
Эч кабар жок буларда,
Көз каранды болушкан,
Көбүнчө залим куударга,
Ээрчишип эки бүркүттөй,
Тумчугуп өткөн туманда.

Жазгы келгин булбулдай,
Жаңыдан үнүн ачканда.
Аттан озгон кунандай
Алыс келе жатканда,
Бөрүбай уулу Жаманкул,
Бөлүнүп учту булуттай,
Көрүп-билип калгандар,
Көп айтып жүрөт унутпай.

Абдыкерим, Мысакан,
Аз көрүп калдым Борбуну.
Ысаканга ич күйөт,
Ирдентпей сокту шордууну.

Сумсайып ажал жеткенде,
Алыке,
Сундуң акка мойнуңду.

Сары-Өзөн-Чүйдүн башынан,
Санжыргалуу сөздөрү.
Сайдагы суудай ташыган,
Жашыл-Көлдүн жанынан,
Кайран Ысак молдону,
Казак-кыргыз тааныган.
Кандуу жылдын маалында,
Кашкардан бери ырдаган.
Кайран эл деп ошондо,
Каламы экөө ыйлаган.
Көп өнөрү бар экен,
Көөдөнүнө сыйбаган.
Омурулган чынардай,
Ошонун баары кыйраган.
Көл боюнда туулуп,
Көп жерге даңкы угулуп.
Күү чалган темир комузга,
Күңгөйдөн чыккан чоң уста.
Күндө оюн, селкинчек,
Күлкүсү элге бир нуска.
Бурулча жүргөн буластап,
Кала берди а дагы,
Кара жерди кучактап.

Ысык-Көлдүн жээгинен,
Канча күн-түн ырдаса,
Калк тажабай кебинен,
Оргочордун жанынан,
Өзү жүргөн доордо,
Омоктуу ырчы абыдан,
Солтобай кетти Бугудан.
Соолуган гүлдөй шалкайып,
Сонундун баары куураган.

Көөдөнүндө Алыке,
Көп алтын кетти уюган.
Сагынбай кетти Кочкордон,
Таңын таттуу жараткан,
Сайрагысы келгенде,
Санаты бүтпөй таң аткан.
Салмагы элден кем эмес,
Сайрандаш эли Ала-Тоо,
Сагынбай койчу эл эмес.

Кудайберген, Мисиркан,
Кочкордон чыккан комузчу.
Кудайберген айрыкча,
Кубултуп черткен комузду.
Жактырбай, жаман көрчү экен,
Бай-манап, эски болушту.
Андыктан элге батпаган,
Эшигиңди ачпа деп,
Эки жакка баспа деп,
Үстүртөн бийлеп манаптар,
Үй түрмө кылып таштаган.
Өнөрүн элге чача албай,
Өртөнүп ичи шакардай,
Өнөрүнүн баарысын,
Өзөгүнө сактаган.
Кадыры элге байкалбай,
Каалаган сөзүн байкаган.
Музооке өткөн муңданып.
Элдин залкар акыны,
Эмгегин окуп турбадык.
Кала берди ар жерде,
Карыштай бөзгө чулганып.
Азыркы доорго кез келсе,
Ачпайт белек кендерин,
Албайт белек бергенин,
Жакшы да билбей калышкан,
Жаратылышка келгенин.

Акындыгы бар экен,
Аванга өтө даана экен,
Ат-Башылык Боогачы.
Арбын аял алам деп,
Алдыга чыга чабам деп,
Азапка кетти өз башы.

Бай-манап билген заманда,
Баш ийбей туура сөз сүйлөп,
Пайдасы тийген далайга.
Карыптарды жактаган,
Кандан, бектен, залимден,
Калтаарып жаздым айтпаган.
Оозунан чыккан сөз үчүн,
Ок келатса кайтпаган.
Көкөтөй кетти Нарындан.
Көкөндүн сөзү куулардын,
Көзүнө тийген чагылган.
Көкөтөй жөн жүрсүн деп,
Көп жыйынга салынган.
Өлбөсүн Көкөм бали деп,
Өксүгү барлар жалынган.
Көкөтөйдүн дүбүртү,
Көп эле жерге таанылган.
Алы келбей жанына,
Ажалдын түштү кайырмагына.
Алар да бир күн чалынган.
Токсонго жашы толгончо,
Томуктай маалы болгончо,
Токтобостон калеми,
Толук билет Ала-Тоо,
Тоголок Молдо абамды,
Тооруп жүргөн ажалдын,
Торуна кирди а дагы.

Кубантып элди күлдүрүп,
Кучакташып бир жүрүп.
Куйручук менен кошулуп,
Айдаке кетти Жумгалдан.
Ажалдан буйтап ким калган.
Кубулжутуп күү чалган,
Куу жыгачка тил салган,
Курман болуп согушта,
Кулмамбет кетти Жумгалдан.
Куу өлүмдөн ким калган?

Жашында ырдап жаркылдап,
Жар чакырса заңкылдап,
Жамбыл көрүп жактырган,
Тойдо, ашта, көп жерде,
Токтогул менен бастырган.
Тоорушам деген ырчынын,
Тогузун жалгыз шаштырган.
Узун Кабак, Жумгалдан,
Ушул биздин доордо,
Улуу куш эле бир албан.
Калык да кетти катардан.
Кайран сонун асылдар,
Кайрылбас болду сапардан.

Калк унутпайт эмгиче,
Калмурат, Сыртпай, Мусаны,
Алтындан баалуу нечен бир,
Асылдар колдон узады.
Калк тааныган сонундан,
Канчалар колдон узады.

Каз-өрдөктөй кулпунуп,
Карганча кооз жасанган.
Салмагы да ошондой,
Салттуу кары атанган.

Карыганда коштоштук,
Кайран Молдобасандан.
Жорголордун далайы,
Жоголуп кетти катардан.

Куйма кулак, кара тил,
Укканы жерде калбаган.
Улуу, нуска сөздөрдү,
Улап сүйлөп жалгаган.
Көкөтөйдүн кептерин,
Көкөтөйдөй кыргызга,
Кимдер сүйлөп кеткенин,
Көңүлүнө жаттаган.
Бирге жүргөн эмедей,
Бир сөзүн жаздым айтпаган.
Тың сүйлөгөн киши эле,
Тыныбектин Актаны.
Кайда барса кетирбей,
Калк үйүлүп жатканы,
Калк түгүл кара чымын жок,
Кабар алар ыгым жок,
Караңгы көрдүн түбүндө,
Кала берди баштары.
Эмгекке өлүм жок экен,
Элинде калды жазганы.

Таластан Атай чыкты эле,
Таңшытып комуз чертишке.
Таасын эле, мыкты эле,
Карамолдо өлгөндө,
Кайышып турдук өлгөндө.
Комузчу Атай өлгөндө,
Кордугу кыйын шум ажал,
Кол барбай турду көмгөнгө.
Жарашыктуу жакшы мүлк,
Кыргыздын кыл кыягы.

Күрөңкеев абамдын,
Куусун Маскөө сынады.
Кайра-кайра тартса да,
Канбай турду кулагы.

Жетим калып жашынан,
Жекечилик доордо,
Жетилбей сөөгү жашыган.
Эркиндик тийип адамга,
Эл катары ал дагы,
Ээ болгон теңдик заманга.
Кыягы колдо каркылдап,
Кыялы ачык жаркылдап,
Телегейи тең эле,
Темир комуз жагынан,
Теңдеши жок эр эле.
Куурчагын ойнотуп,
Кубанычка элин бөлөгөн,
Кууп ажалы жеткенде,
Колунан күч кеткенде,
Курдашы Адамкалый да,
Куюндай сызып жөнөгөн.
Атын укса шашылып,
Залга адам толчу эле,
Эңсеген суусу табылып,
Эс алгандай болчу эле.
Сүйлөгөн сөзү адамга,
Сүйүктүү эле, курч эле,
Сахнадан кетирбей,
Зал жаңырып турчу эле.
Гүлдөгөн Чүйдө туулду эле,
Күлкүгө бүткөн уул эле.
Термечиктин Шаршени,
Теңдешсиз кетти кантели,
Кыялы менен өнөрү,
Кызарып күйгөн чок эле.

Орто Азия элинде,
Ойлосом мындай жок эле.

Кыргыздын далай булбулун,
Алып ажал тойбоду.
Элге керек экен деп,
Эч бирөөнү койбоду.
Сурансак ажал тыңшабай,
Суулуктап жатат жоргону.
Күтпөгөн жерден алдырып,
Күйүгүп көп эл кайгырып,
Күндө жаңы, гүлдөн кооз,
Күлкүлүү сөздөн айрылып,
Ыйлап туруп жөнөттүк,
Райкан менен Мидинди,
Амалы канча жүрөктүн,
Ачышып жүрүп түңүлдү.
Алыке кош бол! Турабыз,
Айлана курчап үйүңдү.
Дүңгүрөтүп жатырбыз,
Дүйнөдөн өткөн күнүңдү.

Кадырын билген кишиге,
Калкыган көлдөй сары алтын,
Кайран Жоомарт, Жусуптар,
Кадамынын баары алтын,
Алар дагы кетип жоголду,
Адабият жагынан,
Аябай катуу коромжу.

Эмгеги турат, өзү жок,
Эсеби турат, сөзү жок,
Элебайдын эркеси,
Элин шаңга бөлөнтүп,
Эми бир кайра келсечи.

Жазайын деп колуна,
Жаңыдан калем алганда,
Таланты курчу жетилип,
Таасын болуп калганда,
Аралай албай дүйнөнү,
Ачылбай эч бир гүлдөрү,
Алыкул кетти арманда.

Жыламышта туулган,
Жылаажындай ак келин,
Эркинче жашап Нуркамал,
Эл көрбөй калды эмгегин.
Кадам шилтеп басканда,
Калем шилтеп жазганда,
Көлдөн учкан бууга окшоп,
Көрүнбөй синди ааламга.
Көзүң аккан шум өлүм,
Көрмөксөн болсо жаштарга,
Сезбейт элек анчалык,
Сексенден ары ашканда.

Тоголок Молдо, Токтогул,
Томдор калды артында.
Сагынбайдын манасы,
Залкар байлык калкына.
Шаршендин шайыр сөзүнүн,
Баа жетиш кыйын баркына.
Ыраазы болдук алынча,
Ысак менен Барпыга.
Сыймыктанабыз алардын,
Сыр дайрадай даңкына.
Кыргыз эли дүйнөгө,
Кыйкырып өткөн каркыра.
Ошолордой сизди да,
Жүрөккө дайым сактайбыз.
Алымкул деген атыңды,
Ааламга айтып даңктайбыз.

Жетимишке жеттиңиз,
Жети жүз жылга татырлык,
Ырахат көрүп кеттиңиз.
Ыраазы болгун баарына,
Эчен кылым тургудай,
Элиң, эстелик коёт жаныңа..."

деп кошкону, убагында узун элдин учуна жетип, бир илеп менен айтылып кеткен сөздүн сыйкырына тамшанбаган адам калган эмес экен. (Кызыл кырман ырлар жыйнагы. Фрунзе, 1958-жыл)

Эл акыны Осмонкул дүйнөдөн кайтканда дагы өзүнөн улуу замандашын, үзөңгүлөшүн муңкана кошкон тура Ысмайыл. Мындай залкар адамдарды кошуу акындык традициянын көөнөрбөс үлгүсү эмеспи. Ошондуктан, Ысмайылдын бул кошогунун өмүрү дагы бизге чейин көөнөрбөй жетип отурат.

Өзүнүн аткаруусундагы бул кошок ал кезде тирүүлүктүн парзы катары сыйкырдуу сезилген эле. Ал сыйкыр азыр деле өзүнүн маани-маңызын жоготпой келет. Аны бардыгыбыздын бара турган жерибиз ушул дегенди маданияттуу, керек болсо ошол кайгылуу саптардын арасына юмор аралаштырып, абдан эле элестүү кылып берген экен.

Тагдыр деген ушу экен, айткандай эле төкмө акындардын ошол мезгилдеги бир катарынын акыркысы болуп өзү дагы белгисиз жакка жөнөй берген. Ошол Ысмайыл каза болгондо акын Байдылда Сарногоев дагы минтип жазган экен:

"...Ысмайыл деген ким эле,
Ырчынын залкар бири эле..."

Бул саптар төкмө акындын өзүнүн мурда айтылган стилине окшоп жазылган, Байдылда тарабынан берилген кандай гана нукура баа? Чындап келгенде сакага кыт куйгандай эле жарашып калган тура. Кыргыз эл жазуучусу Аалы Токомбаевдин, "Ысмайыл залкар акындардын акыркысы" деген сөзүндө чоң маани жатат.

Кызык. СССРдин эл сүрөтчүсү Г.Айтиев менен О.Кожокматовдун "Акындар" деген полотносу ошол жарыкка чыккан күндөн бери бир кылымга чукулдап калса дагы өзүнүн барк-баасын жоготпостон кыргыз сүрөт музейинин көрүнүктүү жеринен орун алып, көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келет. Анда кыргыз искусствосунун нечен-нечен залкарлары, анын ичинде төкмө ырчылардан Осмонкул, Калык, Алымкул отурат. Алардын катарында искусствонун башка даңктуу өкүлдөрү дагы бар. Ошол залкарлардын бардыгынан жашы кичүү, чачын тасырайта алдырган, толмочунан келген москоол жигит өзүнөн улууларга куштарлана карап, оң жакта четтерээк жылмайып турат.

Ошол адам жанатадан бери сөз болуп жаткан Ысмайыл Борончиев болчу. Ал ошол сүрөттө катары менен турган кыргыз искусствосунун өкүлдөрүнүн эң жашы экендигин бир карап, сын көз менен айырмалоого болот.

Азыр алардын биринин дагы көзү жок. Бирок, алардын ар биринин артында калтырып кеткен эмгектери түбөлүктүү. Обончулардын обондору оболоп, күнү бүгүнкүдөй кыргыз жергесин аралап жаңырып келет. Төкмө акындардын тандалган китептери, окурман журттун китеп текчелеринде сакталып турат.

Белгилүү төкмө акын, айтыш өнөрүнүн чыгаан чебери Кыргыз Республикасынын Эл артисти (1958) Ысмайыл Борончиев 1910-жылы Бурана айылында туулган деп айтылып жүрөт. Бирок, чындыгында Кегетиде, атасы Бороончунун багында туулган экен. Аны өзүнүн ырларында да тастыктап берет. Мисалы:

Илгертеден белгилүү Токмок шаары,
Берекелүү деп сүйлөйт элдин баары.
Кегетим кенен өзөн чалкалаган,
Токмоктун тоо тарабы, түштүк жагы.

Кыдырып ойногондо толкунданам,
Кызыл-Суу, Шамшы менен Буранаңы.

Каргадайдан каныма аралашып,
Жүрөктө жүргөн сүрөт мунун баары.

**Кегетим** туулуп, көзүмдү ачкан жерим,
Туруп ойноп, тамтандап баскан жерим.
Шокаладдын ордуна текей терип,
Шашпай издеп, мандалак казган жерим,

- деп, мында Бурана жөнүндө учкай гана сүрөттөлүп, Кегетиде туулуп, көзүн ачканы айтылат. Кандай гана таасын сүрөттөөлөр.

Ысмайылдын жаш курагы бош өтпөй жаңы ыр өнөрүн үйрөнүү жана такшалуу менен өткөн. Эрезеге жетип, жигиттик куракка толгондо гана эл арасына чыгып ырдай баштаган. 1936-жылы Фрунзе шаарында кыргыздын өнөрпоздорунун карoo-сынагына катышып, ошол күндөн баштап эмгек жолун Калык, Осмонкул жана Алымкул сыяктуу залкарларды ээрчип ырдоо менен баштайт жана алардан алган таалими анын ырларынын негизин түзөт. Акындын алгачкы ырлары өзүнүн туулуп-өскөн айылындагы жаңы турмуштун ар кандай көрүнүштөрүнө арналып, оозеки поэзиянын көркөмдүк системасына салынып айтылган жана ошол ык менен ырдоого ылайыкталган. Акын согуш мезгилинде: "Фашисттерге өлүм", "Улуу майрам", "Жеңиш менен келебиз", "Жоокердин каты", "Кыргызстан" деген ырларында эзелтеден келе жаткан патриотизм кадимки элдик стиль менен өтө көркөмдөлүп берилсе, согуштан кийинки мезгилдерде чыгарылган "Кең Алай" аттуу ырында Алай жергесинин көп жерде жок берекесин чагылдырса, "Ноокенде" деген ырында ак пахталуу Түштүк жергесинин кереметин ырдаган.

Ысмайыл Борончиев байыртадан келе жаткан айтыш өнөрүндө дасыккан акын катарында азыркы доорго ылайык жаңы мазмун киргизип, жаңыча формаларды тапкан акын катары дагы элдин эсинде калды.

Адам өмүрүнө чоттоп караган адамга төкмө акын Ысмайыл Борончиев жетимиш жашка бир аз жетпей

кетиптир. Бирок, өзү айтып жүргөндөй өмүрүндө өкмөт менен партиянын сыйын жакшы эле көргөн экен. Республиканын Эл артисти деген ардактуу наамга жетти. Эмгек Кызыл Туу ордени, эки Ардак белгиси ордени жана бир топ ар кандай медалдар, республиканын Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Ал өзү жашаган аймакты да бир топ элестүү кайруулар менен төккөн экен. Мисалы:

Бир болуш болчу илгери,
Бурана менен Алчалуу.
Ар жагы Шамшы, Кызыл-Туу,
Дөң-Арык менен Кегети.
Ак-Бешим болчу бир чети.
Аягы Арал, Кең-Булуң... деп жер

өңүтү ирети менен улана берет. Ошондой эле дагы бир аты белгисиз акындын:

Калкыбыз сүйүп эскерет,
Ысмайылдай төкмөнү, - деп, Мичурин

колхозунун колхозчусу Шайдылданын эскерүүсү сүйүктүү акындын өмүрүнүн түбөлүктүү экендигинин далили эмеспи. Бул чындык!!!

Ысмайыл Борончиевдин дагы бир өзгөчөлүгү айтышка ыр эмес кара сөз түрүндөгү "жөө айтыш" деген түрүн киргизген новатор акын экендиги да белгилүү. Анын кадимки айтыштардан айырмасы эл арасында актуалдуу көрүнүштөрдү чукугандай сөз менен каптап, күлкүгө айландырган.

Буга далил катары акындын чыгармачылыгы гүлдөп турган мезгилинде бир күн ичинде болуп өткөн окуя чагылдырылган, "Менин таржымалым" деген чакан чыгармасы сакталып калган экен. Ошонусун эч өзгөртүүсүз берүүнү туура таптык. Ал чыгарма акындын өз сөзү менен баяндалыптыр да, анын төкмө өнөрү менен катар эле чукугандай сөз тапкан чечендигинен дагы кабар берери көрүнөт. Ошону менен бирге эле чогуу жүргөн жана иштеген адамдар арасында акындын кадыр-баркынын

бийиктиги, каймана болсо дагы ал туулган жердин өңүтүү так эле сүрөттөлөт. Анда муну окуйлу.

...1940-жылдын кыш айларынын бири. Байсалбаев Абды Көчкөнов экөөбүздү конокко чакырды. Ал үйдө бизден башка чакырылган адамдар бири-бири менен эзелтеден тааныш, ошондой эле ишенимдүү жолдоштор боло турган эле. Ошондуктан, тамашадан тамаша уланып, оюбузча ичип-жеп, ооздон чыккан илеп да эркинче кетип жатты. Мен:

- Силерге караганда мен көрүнүктүү адам, чындап айтканда, көк жал карышкырдын тукуму эмесминби. Арстандын тукуму десеңер дагы боло берет, - деп, өзүмдү көтөрмөлөп койгон элем. А күнү ошону менен шатыра-шатман тарап кеткенбиз.

Эртеси күнү менин бул сөзүм филормониядагы коллективиме угулган экен. Таң эрте кызматка келгенден баштап эле, отургандардын баары мени шылдың кыла баштаашты.

"Ысмайыл арстандын тукуму экен. Жок, көк жал кырышкырдыкы дешти го, ыя?!" - дешет, биринен бири өтүп. Айтор, "миң ооз сүйлөсө, бир ооз тек турат" дегендей, мага сөз деле тийгидей эмес. Бул отургандардын бир тобун көп эле жерден шылдың кылып койчу элем, эми мага асылышып, табасы канып жаткандар ого эле көп. Бирөөлөрү: "Бул карышкырдын тукуму болсо коркуш керек экен. Мунун туугандары көп, короо баш сайын карышкырдын туугандарынын түпкү теги ит тукуму да арбын эмеспи. Жөн койсок бир күнү ит кармоочу келип муну да кармап кетет эми" дешип, күлкү күн сайын менин үстүмдөн боло баштады.

Ошондой күндөрдүн биринде бизде чоң чогулуш болуп, месткомдун мүчөлөрүн кайра шайлоо каралып калды. Мен дагы шайлануучу кандидаттардын катарында шайлоого катышып жаттым. Негедир, чогулуш а күнү көпкө созулуп, эл тажап калган кезде менин таржымакалымды сүрүштүрө баштаашты. Кээ бирөөлөрү: " Ысмайылдын биографиясын

өзүбүз деле билебиз. Айтпай эле койсун!" дешти эле, Көкөнов:

- Бул айтсын. Ата-теги табышмактуу көрүнүп калды, даана биле электер дагы көп экен, - деп жылдырып, сунуштап калды. Отургандар унчукпай калышты эле, айрым сөздүн төркүнүн түшүнө койгондор:

- Айтсын, карышкырбы, же жолборспу? - дешип күлкү күчөп, ал тамашага айланып, жыйналыштын тарки кетти. Эл токтобой, жабыла күлүшүп, акырында, " бүгүн деги эле бүтө турган эмеспиз, эртең улантaлы" деп тарап кетишти.

Эртеси кайра чогулдук. Эл тегиз чогулгуча өткөн күнкү тамашаны уланткысы келгендер мени сахнага чыгарып алышты. Алар:

- Айт, тек-жайыңды, жаралганы канча кой жедиң? Анча болду ырдап айт, өзүң дагы ырчы карышкыр экенсиң, - деп кыйнап киришти. Деги эле ойлору менен болуп бербесем болгудай эмес дедим да:

Бадалдуу жерге байралам,
Башынан корком тайгандан.
Ийиндүү жерге байралам,
Илгертен корком тайгандан.
Кара жол менен жүрбөймүн,
Капканчы көрсөм сүйбөймүн.
Мылтыгы бар короого,
Ачка да болсо тийбеймин.
Козу, кой, кунан-тай болсо,
Жарып алып бир тоём,
Кыйкырык чыкса кокустан
Куйрукту кычып жылт коём, - деп токтодум

эле, "туурасын айтты, шайлансын" дешти, күлүп жатышып. Бир топтору ага көнүшпөй, "оозеки айтсын, толук болбой калды" дешти, дагы да күлкүнү улантууну самашкандар.

Эл дагы эле толук чогулуп бүтө элек, убакыт деле бар болчу, мен ойлонуп отурбастан мынтип баштадым: 1940-жылы Чүй районундагы Кегети жайлоосунун башындагы Кара-Үңкүр аталган үңкүрдүн караңгы түбүндө

туулуптурмун, - деп баштадым эле, отургандар чекесинен жарыла баштады. Мен сөзүмдү улап:

- Ата тарбиясында алты эле ай турдум. Дагы күлкү күчөп кетти. Бирөө:

- Бөрү болду да, - деди. Аларга көңүл бөлбөй улай бердим.

- Андан кийин өз күчүм менен оокат кыла баштадым. Тоодон талаага түшүп келип, бир чоң коргондо койлордун бар экендигин жытынан билип, айланып дубалдан түшө албай жүрүп, таңды аткарып жибериптирмин. Көрүп калган ала бээ минген жылкычы аралга чейин кууду. Камыш арасында үч жыл жашадым. Колхоз-совхоз болуп, камыштарды түрө оруп киргенден кийин, ал жерге бата албай тоого чыгып кеттим. Ал жерде жалгыз көздүү жалаңкыч жүрүптүр, андан качып Ак-Соктунун сазына барсам, чоң сары жигит кара эчкини сазга жыгып алган экен, оозунан кара жин агып: "Атаңдын оозун урайын" деп, ачууланып жатыптыр. (Бул сөздөр Байсалбаев менен Көкөновго тиешелүү эле)

- Ушундай дагы таржымал болобу, таржымакал болбой кара жерге кирсин, атаңдын көрү-гуррайын калжыраган, - дешип, чычалай баштashты. Аларга да карабай:

- Бул жерге дагы батпай калдым окшойт деп, Ысык-Көл тарабына өтүп кеттим. Караңгылатып, күңгөй тарабы менен өтүп бара жатсам, төөлөрдүн бышкырыгы угулат. Ал жерге жуушаган төөлөр жаткан экен. Тегерек сакал кызыл жүздүү киши бир төөнүн өркөчүн кучактап уктап калыптыр, андан качып жөнөдүм. Көлдү жээктеп баратсам, бир чоң кара киши он чакты суу бүркүткө отуздай ак чардакты куудуруп келеткан экен, коктудан чыга калды. Мындан качып жөнөдүм. (Бул сөздөр Ыбырай Туманов менен Чалагызга тиешелүү эле)

Ыбырай:

- Таржымакал болбой куруп кетсин, деп, ордунан тура качып, эшикке чыгып кетти. Эл кыраан-катки күлүп калды. Эл толук чогулуп калды дегенде гана тамаша токтоду. Президиум отуруп калыптыр, чогулуш башталды...

Бир канча жылдап мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген, Ысмайыл жөнүндө өзү теңдүү залкарлардан угуп, жадына сактап калган, куйма кулак адам Нурбек Жумалиев. Ал учурда Чүй университетинде кызмат өтөп жатат. Нурбек аганын айтканы боюнча Ысмайылдын төмөндөгү жөө айтышы да мурда-кийин жарыкка чыккан эмес окшойт. Ал Ысмайыл менен Токтоналынын жөө айтышы а кишинин эсинде белгилүү залкарлардын бири Эстебес Турсуналиевдин айтуусунда калган экен.

"Ысмакем айтаар эле" деп эскерген экен Эстебес акын. "1936-жылы күзүндө филармонияга алындым. Ошол жерден Токтоналы менен таанышып, чогуу иштеп калдык. Ал менден 14 жашка улуу болсо дагы, экөөбүз теңтуштай элек. Ал кезде артисттерге үй берүү деген кайда. Экөөбүз Төкөлдөштө кошуна квартирада турабыз. Күнүгө жумушка жөө келебиз да, кайра кечинде жөө кетебиз. Жол алыс. Аны кыскартыш үчүн жол боюу баштан өткөн окуя, кызыктуу жомоктор айтылат. Бир күнү Током жолдун боюндагы бир түп кара жыгачты көпкө телмире карап турду да, үшкүрүп коюп жолун улантты. Дагы бир топко унчукпай барып, мага: -"Ысмайыл, мен ушул кара жыгачка атымды байлап коюп, тетээтиги ак үйгө кирип кетсем. Жанымдагы жигиттериме ары-бери самоорду койдуруп, койду сойдуруп, куурдагын алып келтирип, бөтөлкөлөрдү дасторконго үйдүрүп койсом ээ?! Сага окшогон жигиттер, "Ляп-бай, аке эмне дейсиз?"- дешип көзүмдү карап турушса, - деди эле мен:

-Токо, сен мындай шаан-шөкөт менен жүрсөң, абдан чоң мансаптуу адам болгонсуң го, ыя? Эмне кызматта элен? - дедим.

- Мен анда Кара-Кыя болуштугунун болушу элем да.

- О-о, анда сен жөн киши эмес турбайсыңбы! Кайсы жылдар эле? Ошол эми...

- 1927-жылдын акыры болчу.

- Анда колхоздоштуруу башталган турбайбы. Айтам да,

эмне эле мынча мырзача ыңгыранат деп. Далай байларды кулакка тарттырып, үйүн опус кылдырып, оокаттарынан кымтыган экенсиң да ээ, Токо? - дедим, сөзүнүн нугун башка тарапка буруута аракет кылып. Жок, өзүнүн оюнда эмне турат, менин оюмду илик албай уланта берди.

- Эми... Ысмайыл мен жигитчилик доорду жакшы өткөрдүм. Сен байкуш анын ондон бирин да көргөн жоксуң. Мен сага мырзалар кандай болот. Аны ээрчип жүргөн жигиттери кандай болот. Алардын жүрүм-турумдары жөнүндө сүрөттөп айтып берейин, сен сөздү бузбай угуп, баса бер, макулсуңбу? - деп, Током кебин баштады.

- Үсүмдө карышкыр ичик, башымда сеңселген суусар тебетей, бутумда кап-кара жалтыраган, баскан сайын кычыраган хром өтүк, алдымда басканы шамалдай, соорусуна бир чөйчөк суу койсо чайпалбаган кара боз суу жорго болсо. Жоргомду орус така менен такалатып, кыштын кыраан чилдесинде Көл башында жашаган таякелериме жол тартсам. Ошондо жанымдагы жигитим сен болсоң!

Сенин кийгениң үкүсү чыккан эски жаман тон, көбөсү жок тери шым, башыңдагы тебетей деген эле аты болбосо, ага деле окшобогон, жылуусу качкан эски кара көрпө тебетей, бутуңда кончунда, башында жамактын үстүндө жамак салынган эски маасы. Мингениң бою эки метр зоңкойгон басыгы жок, теминсең зоңкулдап желип, ичеги-карыныңды оозуңа алып келген чоң баш кара айгыр болсо. Боосу жиптен байланган жыгач үзөңгүгө бутуң жетпей, айгырыңды дубалга такап араң минсең. Колуңда он жеринен үзүлүп, түйүлгөн кендир чылбыр болсо.

Эти бал даамданган тайдын этинен, казы-картасынан, чучугунан, коньяк, спирт, арактарынан куржунга салып сен бөктөрүнүп алсаң. Кара боз айгырдын оозун коё берип койсом, бир чакырымдай жерге озуп кетсем. Мен жоргонун оозун тартсам, жете келип, оң колуң чарчаганда, сол колуң менен камчыланып, тердеп-курган сен жүрсөң, кара айгырыңды, "каран-калгыр, ий!" деп каргап-шилеп. Ошол күнү Жел-Аргыдан өтүп, Байдамталга барып токтосок.

Ошол жердеги Тынай элинин байлары, бийлери, "Току Көлдөгү таякелерине өтүп бара жатыптыр. Коку-уй, кайсы үйгө түшүрөбүз!?" - деп шашып, бүлүнүп калышса. Бир чоң үйдү тазалатып, таманына аюу талпак, килем төшөп, жасалгалап мени киргизишсе. Мен суусар тебетейди жүктүн үстүнө коюп, карышкыр ичикти желбегей жамынып, ногой топучан төрдө отурсам. Тынайдын мыктылары улам бири келип, мага кол берип турушса. Мен чайланып бүткүчө сен байкуш ирегеде жатып, тырп уктасаң. Тамак желгенден кийин мен: "Ой, Ысмайыл, тур аттарды жайлап кел!" - десем. Үйдөн сен байкуш онтолоп араң туруп "бутум ий, белим ий!" деп тайталаңдап сыртка араң чыксаң. Ошентип жүрүп таякелериме араң жетсек. Таякелерим Көлдүн өйүз-бүйүзүн, Тянь-Шандын, ары жагы Аламатыдан казактарды чакырып, Жыргалаңдын боюна миң үй тигип, жүздөгөн мал союлуп, эт көл, май көл кылып, чоң аш берип жатса. "Ашты жээн башкарсын"- деп мага тапшырышса. Сен жаакта жок чоң ырчы болуп ашка жар айтсаң. "Бул жээндин ырчысынын эмгеги күч болду"-дешип сага бир сур жорго беришсе. Мен жоргону сага мингизип, "Мындан кийин мени мактап ырдап жүр!"- десем.

Ошентип, таякелеримдин сыйын көрүп, экөөбүз он беш күн дегенде үйгө келсек. Менин үйүм Аламүдүн суусунун башында, тегереги карагай, кайың токойлуу жерде болсо. Бар мүчөсү келишкен эки сулуу катыным, бир бойго жеткен сулуу кызым болсо. Сенин үйүң менин үйүмдүн төмөн жагында шамалы тынбаган шар суунун жээгинде болсо. Кийизинин тамтыгы жок, тешиктерине саман, чөп тыккан кара боз үйүң болсо. Өзүң жаш аялмет болсоң. Эртең менен үйдөн чыкканымда үнүмдү бийик чыгарып: "Ыс-майыл, ой Ысмайыл! Комузуңду алып, тез келе кал!" - деп ыңгыранып, үйгө кирип кетсем. Бир аздан кийин жаман тебетейиңди баса кийип, белиңди ууктун эски боосу менен курчанып, комузуңду колтуктап, суукка калтырап, көзүңдөн жашың шоролоп, колуңду куушуруп кирип келсең.

Менин үйүмдө дасторкон жайылып, боорсок, май, бал, түрдүү момпозуй, упараган ак нан, Алматынын соку канты жайнап жатса. Самоор кайнап, сөксөөлдүн чогуна коюлган кострюлда таруу бозо көбүрүп турса, сулуу, эрке токолума бирде жүз бешинчи чай демдетип сундуруп, бирде бозо куйдуруп, чекемдин терин үлбүрөгөн ак жоолук менен экинчи катыныма аарчытып, төрдө кырданып жатсам. Сен жакты көзүмдүн төбөсү менен карап: "Байбиче, тиги Ысмайыл байкуш өлгөнү калган го, баягы мен ичкен тамактан жүз элүү грамм куюп берип, сообуна калчы?!"- десем. Ошондо сен арактын тартып жиберип, алка-шалка түшүп тердеп, чоктой кызарып кетсең. Мен болсом дасторкондогу ак нандан, эттен, чучук, карын, картадан улам кыя-кыя кесип алдыңа таштап коюп: "Ысмайыл, кана жегин!" - деп отурсам. Кышкысын согумуңа деп бир торпок, жайкысын саап ич деп бир саан уй берсем. Кандай дейсиң? Мырзаң мен болуп, жигитим сен болуп, мени мактап ырдап, жыргап жүрө берет белең? Ыраазы болот белең, ыя? - деди компоюп, мени төбөмдөн ылдый карап. Мен:

- Ыраазымын Токо. Ыраазы болбоско айла барбы?- дедим.

- Эмне жетпегениң бар? Мен мырзаң болсом, сен өзүң жигитим, ырчым болсоң, оокат деп башың оорубаса, баары белен болсо. Дагы эмне керек сага? - деди, дагы эле өзүнө-өзү ыраазы болуп.

- Токо жакшы айттың. Бирок, бир гана жерин айтпай калдың. Ошол жерин мен кошумчалап айтайын. Сен да чыдап угуп, жүрө бер! - дедим да, мен да анын сөзүнө жараша уңгу кубалап, баянымды улай бердим. – Ошо, сен экөөбүз Көл башына барып келчүдө 1929-жыл болсо. Колхоздоштуруу башталып, жеке чарбалар колхоз-совхоздорго биригип жаткан маал болсо. Мен кедей тобунун башчысы болуп дайындалсам. Сенин туугандарың: "Токтоналы болуш далай адамдардын убалына калган. Муну жазалаш керек. Мал-мүлкүн колхозго алып, өзүн

жер оодарыш керек" - деп арыздаңышса. Мен жасоол чакырып, каткан малыңды колхозго алдырып, бир үйүңдү сельсоветке кеңсалар кылып берсем. Эрке токолуң: "Барса өзү барсын, мен Сибирине барбаймын" - деп чатак салса. Мен ага үйлөнүп, өзүң билесиң аялым жок экенин, экинчи үйүңө сенин эрке токолуң менен мен көчүп кирсем. Өзүңдү кулакка тарттырып, улуу катыныӊ менен Сибирге айдатсам. Кара боз жорго менин колумда калса.

Сен ал жерде дагы жөн жүрбөй, жаат уюштурганың үчүн жазаланып, андан да алыс жерге айдалсаң. Сени шаарга жолотпой, шаардын чет-жакасындагы жаман үйдө кемпириң экөөң турсаң. Колуңда ошол жерлик бир татар чалдын сага боору ооруп, "Ушуну менен эптеп оокат кыл!" - деп берген эшегиң болсо. Ошол эшекке күнүгө жаныңдагы токойдон отун артып келип, шаарга алып барып сатып, күнүмдүк оокатыңды тапсаң. Ошентип кыйналып жүргөнүңдө кемпириң өлүп, өзүң жесир калсаң. "Алым начар. Силер справка жөнөтсөңөр болчудай экен. Болбосо эл-журтту, туулуп-өскөн жеримди көрбөй, ага-туугандан топурак буюрбай, бөтөн жерде өлүп калам го. Эптеп бир айласын тапкыла, айланайындар!" - деп кат жиберсең. Мен анда сельсоветтин председатели болсом. Сенин туугандарыңды чакыртып алып, катыңды окуп берсем да: "Кандай дейсиңер? Келсинби, жокпу айткыла?"- десем. Туугандарың ары кетип, бери келип: "Мейли эми. Азапты жакшы эле тарткан экен. Эми акылына келгендир. Аны талаага таштап, не муратка жетмек элек. Жибер справкасын, элге келсин!" - дешсе. Мен справка жазып, печатымды басып, сага жиберсем. Сен бир жыл өткөрүп, темтеңдеп араң келсең. Бир аз күн айылда туруп, жек-жаат, ага-туугандарың менен толук жүз көрүшкөндөн кийин: "Мени колхозго алсаңар экен?" - деп арыз жазып келсең. Ал кезде мен колхоздун башкармасына шайланган кезим болсо. Сени алты айлык сынак менен колхозго алып, колуңа бир өгүз, жыйырма кап берип, "Сибирден үйрөнүп келген кесибиң" - деп колхоздун устаканасына көмүр даярдай

турган ишке чектеп жиберсем. Сен өзүңдүн илгерки кыштооңдун жанындагы карагай кыркып, көмүр өчүрүп, кара көө болуп устаканага көмүр ташып турсаң. Бир күнү токойдон кышында өгүзүң музга тайгаланып жыгылып, сен бутуңду сындырып алсаң.

Мен ошол жылкы эмгегиңди өгүз үчүн карматсам, - деп келатканымда артыбыздан маркум Шаршендин үнү чыгып калды.

- Ой, экөөң эмнени эле кызуу сүйлөшүп келатасыңар, ботом! Жолдо силерди күтүп турган мени байкабай кеттиңер. Айткылачы деги, эмне талаш сөзүңөр бар?- деп калды. Эртеден берки менин сөзүм кычыгына тийип калганбы, Током:

-Э-ээ, Шаке. Өзүң калыс болчу. Мен болуш болуп, Ысмайылды жаныма ээрчитип, жигит кылып алып жүрсөм - деп тилек кылсам, бул эргул менин мал-мүлкүмдүн баарын колхозго алып, бир үйүмдү сельсоветке кеңсаларга берип, бир үйүмө эрке токолумду да кошо алып, өзү көчүп кирип алды. Өзүмдү улуу катыным менен кулакка тарттырып, Сибирге айдады. Ушундай да болобу? Өзүң эле калыс болчу!? - деди Токтоналы.

- Мен деле сен мингизген кашаң айгыр менен Көл башына барып, жыргаган жокмун го, - дедим мен. Анда Шакем:

- Ой-ба-ай, акелер! Экөөңөрдүн бул тилегиңер эң эле жакшы тилек экен. Бул тилек кур ооз айтылбай турган тилек экен, капырай! Буга эки литр арак, беш кил уйдун семиз этин алып, жылуу үйдө, этти казанга салып коюп, кең-кесири отуруп анан айта турган тилек экен, - деп калды эле, Током:

- Шаке менин мал-мүлкүмдү колхозго алып койду, бул башкарма. Ушунун колунда баары турат. Ушул Ысмайыл башкарма алсын, - деди.

- Шаке колхоздун мүлкү менин жеке менчигим эмес. Анын ээси бар. Мен элдин мүлкүнө кол сала албайм. Токтоналы алсын, - дедим мен.

- Мен колхоздун ыйык мүлкүнө кол сал деп айта албайм.

Ал үчүн жооп бериш керек болот. Ошон үчүн Токтоналы сен эле ала кал! - деди Шакем.

- Мен болуш да болбоймун. Ысмайыл кара жерге кирсин, муну жигит да кылбаймын. Сүргүнгө да барбаймын, эт, арак дагы албаймын, - деп Током качып кутулду.

Ошондой эле Нурбек Жумалиевдин кайын атасы Ак-Бешим айылынын тургуну Токубайдын үйүндө Эстебес Турсуналиев атайын чакыруу менен келип, адаттагыдай эле өзү менен отургандардын суранычы боюнча Ысмайылдын жоруктарынан айтып берген экен. Бул эми акбешимдиктер шайыр менен аймакташ жашаган бир тууган эл болгондуктан анын айткан-дегени албетте кызык болгондур. Ысмайыл өзү деле атасынын (Бороончунун) багына келип, жердештерине көп жолу эрмек болгону айтылып жүрөт. Бирок, эмнеси болсо да айтылып, айтылбай турган, же бир айтылып унутулуп, кагаз бетине түшпөй, бирок кээ бир куйма кулак адамдардын эсинде калган үңгүлүү сөз каражаттары залкарлардын бардыгынын үлүшүнө тиешелүү эмеспи.

"Эстекем колуна комузун алып, бир сааттан ашык жамактатып ырдады" – деп эскерет, Нурбек Жумалиев. "Андан кийин комузун четке коюп, "Эми бир аз тамаша сөзгө өтөйүн"-деди эле, кайын атам Токубай: "Эстеке, Ысмайылдын тамашаларынан айтып берсең?" деп суранып калды. Башын ийкеген Эстекем тамашасын минтип баштады" - дейт.

-"1953-жыл бекен, айтор Осмонкул баш болгон артисттердин бригадасы азыркы Панфилов районунун "Күрпүлдөк" колхозуна концерт менен барып калдык. Кечинде Билал деген башкармасыныкына кечки тамакка келдик. Жашыбызга жараша бир четтен ырдап жатсак Билал башкарма Ысмакеме кайрылып: "Ысмаке, тиги Токтоналы шакыйым кармап жатат деп жатып алды.

Дарысын билчүү белеңиз?" - деп, Ысмакеме көзүн кызып койду. Ысмакем бир стаканга арак куйдуруп алып, тиги бөлмөдө ичигин жамынып жаткан Токтоналынын жанына келип айтып турган жери:

Элине келдик Билалдын,
Эстүүсүң Токо тил алгын.
Эми эле туруп кетесиң,
Эки жүздөн бир алгын.

Айылына келдик Билалдын,
Асылым Токо тил алгын.
Айыгасың заматта,
Алдагыдан бир алгын, -

десе, Токтоналы былк этпейт. Анда Ысмакем андан ары улантып:

Чын эле таппай калган го,
Током,
Чымындай жандын айласын.

Чоң атаң жеген тамак да,
Чогойно жесең айыгасың,
Алдастап таппай калган го,
Током,
Алтындай жандын айласын,
Атакең жеген тамак да,
Ак тикен жесең айыгасың,

десе деле Токтоналы үн дебейт. Анда Ысмайыл:

Кайдасың (?) Билал бери кел,
Чогойноң болсо терип кел.
Чоңураагын тууратып,
Чоң чарага салып кел.

Айттым го Билал бери кел,
Ак тикен болсо терип кел.
Аябай майда тууратып,
Ак чарага салып кел,

деп жатпайбы. Себебин кийин түшүнүп жүрөм, көрсө Ысмайылдын Токтоналыны төөгө салыштырып ырдаганы, ал "Ак буура" деген кичинекей уруудан чыккан экен. Ысмакем ырын токтотор менен Током башын теңдеп койгон кайыш курду жулуп ыргытып, мындай деп жатат:

Шалдырап жатсам бул жерде,
Шакыйым кармап чыдатпай.
Жанымды койбой койдуң го,
Жабышкан көчүккө үйгактай.

Ээгинде эки кылың жок,
Кум чайкап койгон арыктай,
Семирип алдың сен өзүң,
Суудагы ит балыктай.
Калганын өзүң түшүнгүн,
Койдум мен сөздү улантпай, - деп токтогондо,

Ысмайыл акындын айтып турган жери:

Салттуу акын деп жүрсөм,
Токо,
Кеп баштадың сакалдан,
Сакалы жок кишини,
Кууйт бекен катардан.

Эки эли кылы ээгинде,
Эчкиге орден тага элек,
Эки кулагы узун деп,
Эшекти эч ким чаба элек.

Үстү-башы кооз деп,
Үпүптү эч ким сала элек.
Тартайып буту узун деп,
Тайганга сөйкө сала элек.
Сакалдуу чалдар көп жүрөт,
Көрсөтмөгө бара элек...
...Сен сакалыңа мактанба,
Ошондон жаман нерсе жок,

Оокат ичип жатканда.
Жугуп калган май-сайын,
Жууйсуңбу жатканда,
Оңуна келген сөздөр көп,
Токо,
Оозум барбайт айтканга, - деп элди кыраанкатты күлдүргөн эле" - деп эскерет. "Эстекем бир аз токтоп кайра сөзгө кирди" - дейт Нурбек ага. Эстебес: "Ысмакем залкар акын болчу. А кишини Калык акын өзгөчө жакшы көрөөр эле. Ал: "О-оой, силер билбейсиңер. Ысмайыл чоң акын. Осмонкул экөөбүздүн жашыбызды сыйлап эле, бизге тийишпейт. Болбосо Токтоналыны тим эле желкелеп жүрбөйбү. Токтоналы дагы чоң акын эмеспи" - дечү. Кайда жүрсө да Ысмайылды көргөндө, "Кел, төкмө, кел менин жаныма!" - деп чакырып жанына отургузуп алар эле.

Ошол эле Ысмакемдин 1939-жылы Москвага, Кыргыз ССРинин декадасына баргандагы кызыктарын айтып берейин, – деди, оңдонуп отуруп жатып. Ысмакем айтаар эле: «Ошол жылдын декабрь айында Москвада Кыргыз ССРинин маданиятынын он күндүгү өтмөк болуп, ага маданият ишмерлери, искусство чеберлери жана башкалар бармак болдук. Акындарды Калык баштап барды. Алардын ичинде мен дагы бармын. Барганча мен тумоолоп калып Кремлдин ооруканасында бир аз күн жатып калдым. Бир күнү ооруканадан чыгып мейманканага келсем, мени менен бирге келгендердин бири жок. Сураштырсам мейманкананын ресторанына тамакка кетишкен экен. Барсам Калык акын баш болуп, Мураталы Күрөңкеев, Турсун Карымшаков, Чалагыз Иманкулов, Саид Бекмуратов, Атай Огонбаев ж.б. отурушкан экен. Мен салам айтып кирип келсем эле Какем, "Кел төкмө менин жаныма?!" - деп чакырып, жанына отургузуп алды. Ал жайды сураштыргандан кийин, "Ысмайыл сен Ленин, Сталин дарыланган Кремлдин ооруканасына жатып чыктың. Сен эми Кыргызстанга барганда той өткөр" - деп калды. Мен Какемдин бир тамаша чыгар бекен деп жатканын байкап, дароо эле макул болдум. Анда Какем,

"Кана тойго кимдерди чакырасың айтчы?" - деди, мени ормоё карап. Какемдин сол капталында Мураталы аксакал отурган. Мукем жанында насвайы, тамекиси болсо деле башкалардан "чектирип койчу?" - деп сурай берер эле. Акчага дагы зыкымырак болчу. Мен ошол Мукемден баштадым.

Эки Кемин жердеген,
Акчасын атка теңдеген,
Асылып сурап турсаң да,
Алты тыйын бербеген.
Эртели-кеч үйүнө,
Эч ким басып кирбеген.
Мураталы аксакал,
Тойго калбай келсин де.
Тойдо тамеки деген көп болот,
Чылым чегип берсин де, - дедим эле, отурган эл дуу күлүп ийишти. Мукем отурган ордунан обдулуп, бир нерсени кобурап барып тынчыды.

Ка-ап! Сакалдуу кишини уялтып алдымбы деп Какемди карасам, ал көзүнүн жашын аарчып жаткан экен, уланта бер дегендей башын ийкеп койду. Мукемдин катарында Турсун Карымшаков отурган. Ал экөөбүз курдашпыз. Өзү бойлуу, алибеттүү, балбан мүчөсү бар. Тамакты дагы кебетесине жараша жакшы жечү. Ал өзүндөй болгон Калмурат экөө бир табакка отуруп калышса, сен көп жедиң, жок сен көп жеп койдуң дешип чатакташып калышчу. Ошол Турсунга өттүм

Каткалаң- Сайлык жердеген,
Карaанын көргөн кишилер,
Кан Кошойдой эр деген.
Каарына алганда,
Казан толо тамакты,
Калтырбастан бир жеген.
Карымшактын Турсуну,
Калбай тойго келсин де.
Тойдон арткан тамактын,
Азабын колго берсин де, - десем, Какем

каткырып күлүп, "И-и, жакшы айттың, уланта бер!" - деди. Андан кийин Чалагыз курдашыма өттүм. Ал өзү акын, жамакчы, жомокчу, мүнүшкөр. Комуз да чапчу. Анын аялы Нюра орус кызы. Ошого байланыштуу Чакем орусчаны так сүйлөп, орустун ырларын дагы көп билчү. Ошого байладым.

Тондун сыртын жайлаган,
Согумга кара ат байлаган.
Иманкулдун Чалагыз,
Аз жерден болбой калган кыз.
Чакемди тойго келсин де,
Бүркүтүн салып шол жерде,
Тамаша куруп берсин де.
Гармон алып колуна,
Нюра аяш үйрөткөн,
Орустардын ырларын,
Элге ырдап берсин де, - деп андан ары Саид Бекмуратовго өттүм. Ал жердиги Оштук болгондуктан "ашты" жакшы көрчү. Бир аз колубуз бошой калса эле сабиз, пияз, эт алып келип, "Аш жасайлычы?" деп калчу.

Аны:

Оштон чыккан Бекмурат,
Ошту кармап жеп турат.
Ошко барып калганда,
Ашың кана деп турат.
Бекмурат тойго келсин де,
Шамшар, бычак колго алып,
Сабиз, пияз, эт туурап,
Тойго келген мейманга,
Ашын жасап берсин де, - деп каптадым эле, чычалагандары да болуп, бирок баары коштоп күлүп калышты»

Нурбек ага төкмө акын Замирбек Үсөнбаев менен анын апасы Насим апа менен да жолугушуп, алардын дагы Ысмайыл Борончиев жөнүндө айтканын угуп, эстеп

калган экен. Замирбек: "Мен филармонияга жаңы келгенде Ысмайыл Борончиев ден соолугуна байланыштуу пенсияга чыгып кеткен экен. Бир күнү эле Ысмакемдин 60 жылдыгы филармонияда өткөрүлүп калды. Эл чогулуп, залда салтанаттуу жыйын өткөрүлдү. Андан кийин концерт болду. Ысмакем аялы менен сцена нын сол жак чекесинде отурду. Бир убакта ырдап жүрөн киши чыдабай кеттиби, айтор комузу жок эле трибунага келип:

Мен бүгүн 60 деген жердемин,
Кырк-элүү деген белести,
Кыйналбай басып келгемин.
Кылчайып артты карасам,
Көз жеткис жерде калыптыр,
Кызыл гүлдөй кезегим.
Эми жакшылап мени баккыла
Жебирейил-жан алгыч,
Издеп келсе каткыла.
Кысталып турган кезиңде,
Кыйуу сөз келет эбине.
Кудагыйын ээрчитип,
Кубага кетти дегиле.
Далбастап турган кезиңде,
Далай сөз келет эбине,
Таякесин ээрчитип,
Тайгага кетти дегиле.
Ага да болбой кыйнаса,
Таап бергин деп чырдаса,
Көчөдө бекерпоздор көп жүрөт,
Бирөөсүн кармап бергиле, - деп, элди

күлдүргөн деди эле.

Ал эми Насим апа: "Ысмайыл Калык, Осмонкул, Алымкулдун көлөкөсүндө көмүскөдө калып, акындыгы талантына ылайык бааланбай калбадыбы, кайран булбул!" – деген экен.

Кийин Ысмайыл дүйнөдөн кайтканда, Ала-Арча көрүстөнүндөгү акыркы сапарга узатуу митингисинде

Кыргыз Эл баатыры, Эл акыны, академик маркум Аалы Токомбаев:

"Элибиздеги залкар акындардын акыркысын узатып жатабыз. Ысмакемден кийин кыргыз элинде залкар акын калган жок" - деп айткан сөзүн Нурбек ага өз кулагы менен уккан экен. Демек, Ысмайыл Борончиев атасынын кыштоосунда туулуп, апасы калың бактан кармалган булбулдун тили менен оозандырган деген сөздүн калети жок көрүнөт. Себеби, "булбул" деген атка тоо булбулу Токтогул татыса, кийинкилерден ушул Ысмайылды ага теңеп жүрүшкөнү бекеринен эмес.

## " Аккан арыктан суу агат"

Мейли шаардыктарга болсун, мейли айылдыктарга болобу, тоолуктарга, ошондой эле талаа-түздө, кыскасын айканда жалпы Кыргызстандын аймагындагы жашаган элге аты толук жетип, айткан сөзү курч, таамай, чукугандай капилеттен сөз тапкан, кыйын учур башка түшсө да, караңгыда көз тапкан, тууганы менен дагы, жаты менен дагы тил табыша билген тубаса дипломат, ар нерсени алдын ала баамдай билген жетиктиги аркылуу жашынан белгилүүлуктүн чегине жеткен дипломат, Тажикстан республикасындагы Кыргызстандын Толук ыйгарымдуу өкүлү-элчи, профессор Саралаев Урмат Кадыкеевич дагы Кегети айылынын кулуну.

Ал өзү жазган көлөмдүү китебинин кириш сөзүндө: "Адам турмушунда, ал тургай анын ата тегине жана өз ысымына анын тагдыры, жашоосу, ошондой эле өткөн күнү катылган деп эсептешет санжырачы-тарыхчылар. Себеби, алардын ортосунда канча мезгил өтсө да аралыгын да боштук калбай уруунун ичинен чыккан адамдардын социалдык абалы жана башкалар жөнүндө ошол ата-тегинин тиричилиги, жашоосу атадан балага айтылып келген алардын аты менен байланышып, улам кийинкилерге жеткен эмеспи.

Турмушта болуп өткөн окуянын кайра кайталанышы

илимде да белгилүү экен. Муну менен генетиканын атадан балага өткөн таасири аркылуу бабалардын турпаты урпактарына өтүшү толук мүмкүн. Кантсе да биз өзүбүздүн кайдан чыкканыбызды, бабаларыбыз кимдер болгонун, өзүбүздүн уруулук түзүлүшүбүздү аз билебиз. Ошондуктан, учурдагы урууччулукту сүрүштүрүү боюнча жаралган кем баа сөздөр чыга калып, азыркы муунду тарбиялоодо алашемдиктер кетип жатканы жалган эмес. Ата баскан жолду кайталап баскан урпактын иш аракетине карай, "Аккан арыктан суу агат" деген, кыргызда жакшы сөз калган. Бул деген сөз- адамдын адам болуп калыптанышына анын ата-бабаларынын басып-өткөн жолу сөзсүз таасири берет деген сөз.

Урууччулук кыргыз элинин ар бир уруктун тарыхый басып өткөн жолу, тагдыры. Учурдагы кээ бирөөлөр белгилегендей уруулук түзүлүш бөлүнүп-жарылууччулукка алып келсе, кыргыз эли эчак эле түп оту менен жок болуп кетмек. Тескерисинче кыргызды кыргыз кылып, керек болсо өз алдынча мамлекети жок кезде да мына ушул урууччулук түзүлүш сактап келген. Урууччулук, уруу сүрүштүрүү бул Улуу биримдикке алып келүүчү жол. Бул тарыхый зарылчылык.

Менин генеалогиялык сүрүлмөм менин атам Кадыкеден кетет. Биздин жетинчи атабыз Барат болгон. Бараттан Кызыл Абышка, андан Жалаңтөш, Жалаңтөштөн Жообасар, андан Кожомкул. Кожомкулдан Сарала (Сараланын өз аты Дүйшөмбү болгон). Сараладан жогоруда айтылгандай Кадыке туулуп, ата-бабам касиеттүү Кегети айылында жашап келишкен.

Айткандай, Барат Мундуз уруусунан болот. Кезегинде Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган бул белгилүү уруу өз мезгилиндеги манап гукумунан чыгып, мал-жандуу элдин катарында жашоо кечиришкен. Анын жүздөгөн майда жандыгы, бир нече үйүр жылкысы жана ондогон кара малы болуп, жаздоосу, жайлоосу, күздөөсү жана кыштоосу ошол Бараттын аты менен аталган.

Атасынын жолун жолдогон Кызыл Абышка да уруунун

башында туруп, анын акылдуу чечими менен биздин уруу башкаларга тең жашоо кечиришкен. Ал эми Жалаңтөш аталарынан айырмаланып мергенчиликке шыгы ооп, көзгө атар мерген катары аймакка таанымал адам болгон. "Атанын уулу, аргымактын кулуну" демекчи, аталарынын накай касиетин боюна сиңирген Жообасар аты эле айтып тургандай "Эл четинде, жоо бетинде" аймакты көздүн карегиндей сактаган жоокер адам болуп, уруулаштарынын ишеничи болгон. Кожомкул бабабыз чарбачыл адам болсо, анын тескерисинче Сарала атабыз чукутандай сөз тапкан, элдин тарыхын саймедиреген санжырачы, комузда кол ойноткон жана үн созуп ырдаган, өнөрлүү адам болгон. Кандай адам маңдайында отурса да анын табитин таап сүйлөшкөн, элдин тагдырына күйүп-бышкан тубаса дипломат адам болгон экен.

Атам Кадыке - менин жүрөгүмдүн түпкүрүндө ар дайым жашай турган жылуулуктун илеби сымал, элеси көз карегимден түбөлүккө өчпөй турган касиеттүү адам. Менин турмушумда канчалаган окутуучу-устаттар болду, аны албетте тана албайм, бирок атамдын таасири өзгөчө экендигин айтуу менин парзым" – деп жазат Урмат Кадыкеевич.

Чындыгында эле Кадыке атанын тагдыры өзгөчө экен. Ал учурунда кедейлешип кеткен үй-бүлөдө туулуп, турмуштун айынан он жашынан байларга жалданып иштегенге аргасыз болгон. А дегенде эки жылдай малдын артынан түшүп, бир аз бой тарткандан соң талаачылыкта бел талдыра иштеген. Анын аткарбаган кызматы, иштебеген иши калган эмес. Жаштайынан көптү көрүп, ага жараша ар нерсеге кызыгуусу чегинен ашкан, кыймылдуу тиричиликтин казанында кайнаган, жөндөмдүү, бою кичинекей тирикарак баланын (Асан чакырылган аты Мамбеткадыр) аткарган ишине карап, айылдаштары Кыдыке деп эркелетише турган. Барабара айтылышы жеңил чыккандыктан Кадыке дешип, өзүнүн чыныгы аты унутулуп кеткен.

Кадыке он алты-он жети жашынан татар-мусулман

мектебинен билим алат. Келечегинен көпту үмүттөндүргөн жөндөмдүү боз улан убакытты текке кетирбестен татарча, орусча үйрөнгөн. Айрыкча орус тилинде сүйлөп, сабаттуу жаза билгенди өздөштүргөн. Ошону менен бирге эле ал окуган мектеп мусулман мектеби болгондугуна байланыштуу куран түшүргөн деңгээлге чейин жеткен.

1925-жыл өтүп бара жаткан. Ушул жыл анын тагдыры күтпөгөн жерден өзгөрүп, Коммунисттик жаштар союзуна кабыл алынат да, ушул мезгилден баштап коомдук иштерге жакындан аралаша баштайт. Жаштарды коомдук-пайдалуу иштерге тартуу жана өзү жашаган райондогу карапайым элдин сабатсыздыгын жоюу багытында алгачкы аракетин ишке ашырган.

Көп өтпөй партиялык мектепке жиберилип, анда кесиптик жана комсомолдук иштерди уюштуруу бөлүмүндө окуп калат да, 1930-жылы аны ийгиликтүү аяктап, өзү жашаган районго кайтып келет. Ошол жылдардан баштап, Чүй райондук комсомол комитетинде катчылык ишин аткаруу менен Чүй өрөөнүндөгү жана Ош облусунда бай-манаптарды кулакка тартуу жана басмачыларга каршы күрөшүүгө активдүү катышат.

1934-35-жылдары Фрунзе шаарындагы партиялык мектептен окуй баштайт. Бирок, эки жылдык окуу мөөнөтүн аягына чыгарбай, аны Жалал-Абад облусундагы Ийри-Суу совхозуна саясий бөлүмүн начальниги кылып жиберишип, андан кийин тез эле аны Кочкор районундагы Төлөк кой чарба совхозуна ошол эле кызматка чегеришкен.

1939-1942-жылдары Кадыке Кыргызстан компартиясынын Кочкор райондук комитетинде экинчи секретарь болуп иштеп туруп, 1943-жылы Нарындагы машина-трактор станциясынын (МТС) саясий бөлүмүнө кайтып келген.

Улуу Ата Мекендик согуш ушул жылы өзүнүн апогеясына жетип калган эле. Кадыке сыяктуу саясий кызматкерлердин каны жерге тамбай, согуш жүрүп жаткан бардык аймактарда алар аба менен суудай керек болуп турган. Ал а дегенде Түркмөнстандагы Мары шаарында

жайгашкан пулемёттук училищени бүтүп, лейтенант наамы менен согушка кирген. Согуш дээрлик бүткүчө Европа шаарларынын көпчүлүгүн бошотууга катышкан капитан Саралаев жеңишти 1945-жылы Чехословакиянын борбору Прага шаарынан тосуп алган.

Ата-Журтуна кайтып келген Кадыке Саралаев кайрадан өзүнүн баштапкы ишине кайтып, а дегенде Кыргызстан Компариясынын Нарын райондук компартиясында экинчи секретарь, андан кийин Тогуз-Торо районунда биринчи секретарь болуп иштеп туруп, аягына чыкпай калган өзү окуган партиялык мектепке келгенге чейин үзүрлүү иштеген.

Кадыке ата кайда гана иштебесин, тапшырылган иштин өтөлүнө чыгып, ар дайым өзү кырдуу кызматкерлердин алдыңкы сабында жүргөндүктөн жалпы Тянь-Шань облусунун коомчулугуна кеңири таанымал адам катары бардык жерде сый-урматка татыган.

Ал мезгилинде Турдакун Усубалиев, Ахматбек Сүйүнбаев, Абды Сүйөркулов, Төрөбай Кулатов, Сакин Бегматова, Күлүйпа Кондучалова, Аалы Токомбаев жана Ысмайыл Борончиев сыяктуу коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, маданият жана адабият лөктөрү менен жолдоштук мамиледе болгондугун ВДНХнын катышуучусу, ошол эле ВДНХнын алтын медалынын ээси, мал-чарбасынын устаты кегетилик Исаке Үркүнчиев эскерген. (С.Мамбеткалиевдин маалыматы боюнча). Ошентип, эл эсинде калгыдай эстен чыккыс эмгек өтөгөн Кадыке Саралаев өмүрүнүн акыркы минуталарында балдарынын ичинен Урмат Кадыкеевичтин колун кармап алып, ага ишенерин, андан келечекте эл ишенимине ээ болор инсан чыгарын, эл арасында, жакындарынын жана бир туугандарынын арасында кадыр-барк күткөн сыйлуу адам болорун айтып, керээзин калтырган экен. Анын сыңарындай ата өлгөн менен балага анын арбагы жар болуп, көп жерден өзүнө билинип, билинбеген жышааналуу эскертүү берип, дайыма жанында ээрчип, ар кандай

калабадан сактап жүргөнүн эскерет, Урмат Кадыкеевич. Эми анын баарын айтып отуруш узак сөз.

Ата ишеничи акталып, өзүн Кочкор айылын кичи мекени деп эсептегени менен (Урмат Кадыкеевич Кочкор айылында туулуп, балалыгы жана эр жеткен убагынын эсте калаар көпчүлүк мезгили ушул эле Тянь-Шань тоолорунун арасында өткөн) ата-бабасынын түп мекени касиеттүү Кегети айылынын деми менен атасы каалаган, атасы ишенген бийиктикке жеткени айтылат.

Кыргызда "Туулганда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" деген жакшы сөз бар. Урматтар жашаган үйдүн шамал тосо турган бетинде баскетболдун кольцосу орнотулуп, талапкер өспүрүм эс тарта баштаганда эле ошого топ салуу менен алектене баштаган экен. Ошол нерсе себеп болуп, кийин Урмат Кадыкеевич Кочкор районунун борбордук командасында ойноп, айрыкча алкакка топ ыргытып салууда таамай экендигин далилдеп, алдыңкы оюнчулардын катарын толуктаган. Ал өз эскерүүсүндө: Мен ушул багытта таамай болуп, өзүм Ленинград шаарынын СКА командасынын оюнчусу Арнов менен теңтайлаша аларыма сырттан баа берип калган элем. Себеби, ошол жылы Арнов таамай ыргытуу боюнча 18 топту алкакка салса, меники 16 топ болгон эле. Ошол оюмдан ажырабай Ленинградда окуп жатканда да аны издеген күнүм болгон. Тилекке каршы Арнов ал жылдары башка жакка кетип калгандыгына байланыштуу аны таппай калгам" деп эскерет. Чындыгында эле кийин өзү баштап ойногон командасы Кыргызстандын чемпиону болушкан.

Урмат Кадыкеевич 1953-жылы мектеп босогосун Чолпон орто мектебине аттап, орус классына кирген. Бир жыл өтпөй Кочкор орто мектебине которулуп, ушул жерден жана кайсы жерге атасынын иши боюнча которулуп барбасын орус тилчи Анна Ивановна Севергина, чет тилчи Римма Герхардовна Лунга, тарыхчы Владимир Фёдорович Скочило, Римма Ивановна Ручкина, Ибрагим Оморович Оморов, Андрей Александрович Олимпиев, Салахидин

Өмүрзакович Конурбаев, Жолчу Асаналиевич Асаналиев, Нахим Салихович Салихов, Виктор Тимофеевич Силантьев жана айрыкча өмүрүнө өчпөс из калтырып спортко кызыгуусун арттырган, өз предметинин жана аткарган ишинин фанаты Жума Алтаев сыяктуу устат мугалимдердин тарбиясын алган.

Ленинград. Андагы Урмат Кадыкеевичтин эки жыл окуган студенттик жылдары биринин артынан бирин кубалап өтүп, бирок, ар кандай социалдык муктаждыктар жана турмуштук кырдаалдардын негизинде өз каалоосу менен сырттан окууга которулуп айылына келген. Ошентип, 1970-жылы КУУнун чет тилдер факультетинде окуп калат да, 1975-жылы "Немец тили жана адабияты" кесибин алып чыгат. Ошондон ушуга чейин Урмат Кадыкеевич ар кандай багытта мамлекеттик кызматтарды аркалап, өлкөнүн кызыкчылыгы үчүн ар кандай өлкөлөрдө элчилик кызматын аткарып келет.

Ал жакшы адамдар менен үзөңгүлөш жана табакташ, таламдаш болду. Айрыкча өзүнүн жердештеринин ичинен Султан Мамбеткалиевдин ишмердүүлүгүнө баа берет.

Ал жөнүндө:

"Мени Султан Мамбеткалиевичтин педагогикалык ишмердүүлүгү өзүнө тартып алган эле. Айрыкча анын өзүнүн кичи мекени болгон Кегетинин, Чүй районунун, Чүй облусунун, анан жалпы эле Кыргызстандын келечеги үчүн кыргыз элинин чыныгы патриот уулу катары жасап жаткан иштерине суктанганым бар. Ал кандай гана жерде, кандай гана жолугушууларда, же конокто болбосун өзү туулуп өскөн айылынын өзгөчөлүгүн, коздугун айтып түгөтө албай, анда жашаган адамдардын кулк-мүнөзүн жомоктоп айтуудан тажабайт. Ал жердештерин таанып-билүү менен эле чектелбестен, алардын түп аталарына чейинки санжырасын чечмелөө менен аныктай алар тубаса акылгөй адам экен.

Керек болсо, менин Мундуздардын ичинен талдап жети атага чейин жеткирип, Барат уулунан тарагайныбызды

тактап берген. Аны менен эле чектелбей мен башка аймакта туулуп-өскөнүмдү эске алып, кичи Ата Мекеним Кегети жана анда жашаган жалпы кегетилик туугандарым менен жакындашууга түрткү болду. Аны менен туугандын тузун татып, өзүмдү-өзүм таанып-билүүмө көмөктөш болгонун кантип айтпай коё алам.

Ошентип, ал мени мамлекеттик кызматтарды убактысынча таштай туруп, университеттин негизги ишине аралышууну сунуштады жана илимий изилдөөмө шарт түзүп, эң башкысы ата-бабамдын жашаган жери менен тыгыз байланыштырып койду.

Кандай болгон күндө да Султан байке билим берүү багытындагы чоң уюштургуч, Кудай берип койгон тубаса жетекчи, базар экономикасын ар кандай кырдаал менен айкалыштыра билген менеджер, өзүн-өзү каржылай ала турган окуу жайларынын лидери, көптөгөн Эл аралык академиялардын мүчөсү, өлкөдө болуп жаткан саясий процесстердин аналитиги, эң эле башкысы айылында болуп жаткан бардык жаңылыктар менен көйгөйлөрдү убагында билип, ага жакындан жардамдамын аябаган тубаса мекенчил адам экен" - деп эскерет.

Өзү белгилегендей Урмат Кадыкеевич эти нарындык болсо да, сөөгү кегетилик, кыскасы кыргыздын чыныгы атуулу катары эл кызматын аткарып, анын үчүгүн дагы чубап келет. Азыркы учурда кегетиликтердин сыймыгына татыган уулу биринчи Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу элчиси, ошондой саясий илимдеринин доктору, профессор.

Урмат Кадыкеевичке ишеним дагы да болсо зор.

## Моңолдор

Моңолдор (Мунгулдар, Моңголдор) уруусу боюнча кытай даректеринде "Си-юй-ту-чжиде" Ч.Валиханов, Г.Загряжский, А.Н. Аристов сыяктуу революцияга чейинки изилдөөчүлөр бир пикирде болушкандыгы жазылып

калган. Алар, моңолдор кыргыз этносуна сырттан келип кошулган деген пикирди жакташат. Моңолдордун келип чыгышы боюнча О. Сыдык төмөндөгүдөй кабарды жазып калтырган. "Моңолдор деген сөздүн ичинде "О" арибин "алифке" айландырып, "маңгол" деп жазылып кетти. Жөнөкөй элдин тилинде кыскарып моңолдор деп кетти... Илгери Көкө, Тахир деген эки уул Түркстандын Ак-Дөбө деген жеринен качып келди. Алардын атасы Кылыч хан деген болуптур. Ал кезде Адигине, Тагай Оштун үстү жагындагы Керме-Тоо, Сары-Белде турушкан. Хандын баласы болгон үчүн Көкөнү бир туугандары Наал деген эжесине үйлөнтүшөт. Тахир Көкөгө таарынса керек, Жалайыр деген казак ичине барып турду. Наал эже дагы бир бала төрөгөн эле. Атын Муңуулдур койду. Могул (Моңголдор) ушундан чыккан.

"Маджми ат-Табарихте" болсо Атан бийден Кулжыгач төрө, андан Инги төрө, андан Акматбек, андан Моңолдор тарайт делет. Махмут Чурастын "Тарыхында" Кыргыз Муханбед хан (1609-1672), андан Шах-Шуджа ад-дин Ахмаджан, анын бир баласынан (аты белгисиз) Зия ад-Дин Темир султан, андан Ахмед султан (Фурлат хан), Махмуд хан (Кылыч хан) , Кылыч хандан Дайыр, Көкө эки уул. Элдик оозеки санжыра менен бул чыгарма ушул жерден бири-бири менен айкашат. Так үчүн болгон күрөштө Кылыч хан ууланып өлөт. Анын аялы Кушчу уруусунун жана Кашкар кыргыздарынын бийи Сокур бийдин кызы эки эркек баласы менен качып кетет. Сокур бий хандан коркуп аларды Ала-Тоого качырат. Бул 1636-жылкы болгон окуя. Жогорудагы уламыш боюнча алар Тагай бийге келишкен имиш. Тагай бий мындан 450 жыл мурда өлгөн делет. Ал кезе Сарыбагыштын манабы Маматкул болгон.

Мунун өзү Ч. Валихановдун так айтуусундай "Чыгыштын жомогунун бири" экендигин айгинелейт. Чындык ортодо жатат. Моңолдор уруусу могол империясы кулай баштаган мезгилде кыргыз жергесинде пайда болгон, экинчи "жаңы" уруулардын бири. Махмуд Чурас моңголдорду түз эле Кыргыз Муханбеддин небереси катары берип отурганы

бекеринен эмес. Муну чындык катары кароого болот. Ошондуктан ал байыркы кыргыз этносунун курамына болгон эмес.

Алардын түпкү аталарынын бири кыргыз болгонуна карабастан кийин монголдун бийлик кылуучу чөйрөлөрү менен аралашып, анан кыз алып, кыз берүү жолдору менен кыргыздар менен куда-сөөк болуп кетишкен. Ошол себептүү Моголстан кыйраганда алар таякелерине, түпкү тегине келип баш калкалап калышы толук мүмкүн. Бул узак доор элдин эсинде ар түрдүү чагылып, ар кыл болумуштарды пайда кылган.

Ошо топко калмактардын кандуу жүрүштөрүнүн мезгилинде кытай императорунун "Жунгар мурасы" үчүн болгон чабуулунун мезгилинде моңголдордун айрым топтору Кылыч хандын тукумуна келип, баш калкалашы табигый нерсе. Киринди болгону менен алар өздөрүнүн түп атасын, ысымын, этникалык тобун эстерине сактап калышкан.

Иши кылып булар жөнүндө варианттар көп. Бирок, Кылыч хандын варианты чындыкка жакын. Анткени, жазма булактар, тарыхый инсандар менен бекемделип турат. Анын үстүнө моңголдордун түпкү аталарынын бири Самансур калмактарга каршы күрөштө аты чыккан инсан. Ал эми анын атасы Көкө Нойгуттар менен согушка катышкан.

Бул XVII-XVIII кылымга туура келип, санжыра менен жазма булактардын дал келиши мына ушундай. XIX кылымдын аягында моңолдорлор туташ Бишкек уездинин Быстровка, Канай болуштуктарында жайгашып, чакан тобу Кегетиге келип отурукташып калышкан. Ошондой эле Моңолдорлор Кыргызстандын көптөгөн жерлеринде жашап турушат.

## Новатор мугалим-депутат

Ошол моңолдорлордон чыккан Кегетилик Солтобаев Осмонбек агабыз Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген мугалими наамын 1978-жылы алган экен. Ага чейин Ноокат районундагы Максим Горький атындагы жатак мектептин директору болуп 20 жылга жакын иштеген. Анын Мекен алдындагы өтөгөн көп жылдык үзүрлүү эмгеги эске алынып, Крупская атындагы сыйлыкты жана алтын медаль, ошондой эле "Эмгектин ветераны медалы" менен сыйланган. Көп өтпөй ушул эле жылы "Ардак белгиси" ордени менен сыйланып, андан сырткары дагы көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси болгон.

Бул - белгилүү адам дагы айтылгандай Кегети айылынын кулуну. Же ушул эле айылда 1925-жылы жарыкчылыкка келген. Эс тартып тиешелүү окуусун бүткөндөн кийин Ноокат районуна караштуу Правда айылындагы кечки мектептин директору болуп иштөө менен баштап, көп өтпөй ошол эле райондогу Карл Маркс атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулуп келет.

Солтобаев Осмонбек кырк жылдан ашуун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйырма жыл мезгил ичинде ушул эле райондогу Уркуя Салиева атындагы мектеп-интернаттын жетектеп, миңдеген окуучулардын устаты катары алардын жолун ачкан. Учурунда эң артта калган аталган жатак мектепти кыска мезгил ичинде Республикага белгилүү билим берүү борборуна айландырган. Бактыга жараша ошол мектепти бүтүргөндөрдүн арасынан өзгөчөлөнгөн Кыргызстанда белгилүү мугалимдер, коомдук ишмерлер, ошондой эле ар кандай тармактардын жетекчилери өсүп чыгышкан.

Солтобаев Осмонбек Ноокат райондук Советинин 13 жолку чакырылышына депутат болуп шайланган. Ошондой эле мезгили менен жергиликтүү райОНОнун Советине мүчө катары иш алып барган. Ал Кыргыз ССРинин

мугалимдеринин Республикалык съездине, ошондой эле 1980-жылы СССРдин мугалимдеринин 1-съезддине делегат болуп шайланып, ошол съезддин ардактуу президиумуна отурган.

Эң эле кызыгы, ушул съездге Кыргызстандан Кегетинин, болгондо дагы КГБнын ардагери Естебес Ботбаевдин күйөө баласы Кыргызстан КП (бк) нын секретары Кеңеш Кулматов жана дагы бир кегетилик, ал кездеги агартуу министри Аскар Турсунов дагы делегат болуп барышып, үчөө тең съездин ардактуу президиумунда отурушкан экен.

## Саяк

Саяктын түпкү атасы Акбалта деген экен. Ал Акбалтадан Саякка (Байызбек азан чакырылып, коюлган аты) чейин көптөгөн ата-бабалары болуу керек. Бизге жеткен санжыра боюнча алардын башаты Сурантайдан башталат делет.

Бул уруунун негиздөөчүсү Тагайдын уулу саяк деген адам экендиги жөнүндө Сайфедин Аксикентинин "Маджму ат-Таварих" - деген эмгегинде бир жолу кездешет. Анда өз же асыранды баласы экени жөнүндө сөз жок. Бирок, кийинки изилдөөчүлөр Саяк уруусунун келип чыгышы боюнча башка пикирди жакташат. Алардын оюу боюнча Саяк Тагайдын асыранды баласы. Ушул эле ойдун башка түрүн көрүнүктүү Түркolog Н.Аристов илимий болжол менен анын келип чыгышын негиздөөгө аракет жасаган. Ал адегенде кыргыздарды бир атанын баладары, бир уруктан тарагандар деген теорияга каршы чыгып, саяктар байыркы "Се" башкача айтканда байыркы сактардын насилдери деген пикирди кытай жазмасына сүйөнүп туруп айткан. Тоголок Молдо дагы өзүнүн санжырасында да Фергана өрөөнүнөн, өз эл журтунан-саяктардан ар кандай себептер менен ооп келген эки жигиттен таратат. Жогорудагы айтылган ой ушуга негизделип айтылды.

Саяктар уруусу илгертеден Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана, Чаткал тоолорунун кокту-колотун жакшы

өздөрүшкөн. Аларды тышкы баскынчылардан сактап калган табигый чептери: Тогуз-Торо, Чаткал, Кочкор, Жумгал тоолору жана Кетмен-Төбө өрөөнү болгон. Алар Чынгыз хандын, Темирландын жана Галдан Церендин кандуу жортуулдарынан ошол чептерге кире качып, анын босоголорун, кыр-белдерин баатырларча коргоп турушкан. Өз күчү менен кырылуудан, качуудан сактанып калышкан. Бул активдүү коргонуу саясатын элдик баатырлар (Үч-Куртка, Садыр, Тайлак) турмушка активдүү ашырышкан.

Саяктар саны жагынан башкаларга үстөмдүк кылган этникалык топ. Ал кыргыз элинин улутунун азыркы жашаган аймагында калыптанып калышына чоң таасир эткен. Алардын бир топ бөлүгү өздөрүнүн этникалык өзгөчөлүгүн жоготуп башка элдерге (Өзбек, Казак, Тажик) урууларга сиңип кетишкендиги айтылат.

Кегети айылында да саяктардын чакан тобу жашайт.

## Коңурат

Кыргыз нааманын белгилүү окулдөрү тарабынан Коңурат уруусунун келип чыгышына көп көңүл бөлүнгөн эмес. Революцияга чейинки изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү аларды кыргыздарга сырттан келип кошулган, а дегенде түрктөшкөн, анан кыргыздашкан моңголдор катары карашкан.

Уруунун аты уруктун атынан башка бир шарттарда ар кыл этностордун бирикмесине кирген, жетекчи уруунун атынан келип чыгат. Аталык доордо көпчүлүк учурда туушкандардын тобунун жол башчысынын ысымынан аталат. Ал эми кээ бир артта калган калктарга уруктун, уруунун ысымы анын пиринин атынан коюлат. Бул көпчүлүк учурда жаныбарлардын атынан коюлган.

Коңурат уруусу жөнүндөгү алгачкы кабарды Рашид-Эд-Диндин "Сборник летописей" жана П.Карпиндин "История монголов" деген эмгектеринен алабыз. Абулгазы, Радлов жана С.Аманжолов ж.б. аларды байыркы түрк

уруусунан болушат дегенди колдошот. Чыңгыз хандын армиясында 5 миң Коңурат болгону болжонгон. Бул Моңгол, Коңураттар кийин, Өзбек, Казак союздарына катышып, түрктөшүп кетишкен жана алардын өкүлдөрү казак, өзбек жана кара калпак элдеринин калыптанышына шарт түзгөн. Коңураттардын Кыргызстанга келиши да ошондой эле.

Я.Винников сыяктуу окумуштуулар тарабынан Коңураттарды Адигине уруусунун бөлүгү катары караган. С.М.Абрамзон Ысык-Көлдө жана Ошто жашаган Коңураттар өзүлөрүн байыркы моңгол-коңураттарынын тукуму деп эсептешет дейт. Бирок, XIV-XVII кылымдарда алардын айрым өкүлдөрү бул жакка келишип, Дөөлөс, Кытай, Бугу, Адигине урууларынын өкүлдөрү менен коңшу туруп калышкан. Кыргыз санжырачылары аларды жээн кыргыз, кыргыз-коңураты дешет. Коңурат уруусунун санжырачылары өзүлөрүн түбүбүз түрк дешет. 1913-1914-жылдардагы Жети-Суу обулусунун Пишпек уездинин Сарыбагыш болушунда 11 түтүн, 91 жан коңурат жашаган. Ага чейин алар жөнүндө такыр эле маалымат болгон эмес.

Учурда Кегетиде да коңурат уруусунун өкүлдөрүнөн төрт үй-бүлө жашап турушат.

## Асыл апа

Ошол Коңураттардан чыккандардын ичинен узак жана көзгө толумдуу иш аткаргандардан дагы иши менен кескин айырмаланган Асылбүбү Максүтбаева (Чечейбаева). Асылбүбү апа 1908-жылы Кичи-Keминде төрөлгөн. Асылбүбү апа ал кездеги бардык балдар-кыздардай эле кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө тарбия алып, шартка ылайык 14 жашында эле ошол эле Кегетилик орто чарба адамдын баласына турмушка чыккан.

1931-жылы ВКП(б)нын катарына өткөн. Ал мезгилде ВКП(б)нын катарына өтүш аял кишиге эмес, дымагы

асман чапчыган азаматтардын бардыгынын эле бактысына туш келе берчү эмес экен. Ал жөнүндө Асыл апа өзү да: “Турмушка чыкканыма бир топ жыл болуп, ошол кездеги алдыңкы таптын өкүлдөрү сыяктуу эле ВКП(б) нын катарына өтүүнү чечкен элем. Бирок, ал аял кишинин иши эмес экендигин белгилеген караңгы кайын атам каршы чыгып, ошонун кесепетинен жолдошум экөөбүз ажырашып кеткенбиз” деп, эскерген экен. Андан соң жаңы турмуштун агымы менен агып, Асылбүбү апаны түшүнгөн Кебеков деген адамга турмушка чыгат.

Алгач 1931-жылы Фрунзе шаарындагы Билим берүү бөлүмүндөгү курсту бүтүрүп, ошол багыттагы инструктор деген кесип алып чыккан. Ошол эле жылдары мугалимдердин курсунан билимин жогорулаткан. Аны ийгиликтүү бүткөндөн соң, алгач Кызыл-Кыядагы Жергутан айылында, 1934-жылы Чүй районундагы Дөң-Арык орто мектебинде мугалим, 1936-1937-жылдары Тогуз-Торо районундагы Дөрбөлжүн айылында да мугалимдик кесипте эмгектенген.

Андан кийин Ак-Талаа районунда партиянын райкомунда инструктор, ошол эле жылы партиянын Ак-Талаа райкомунда 3-секретарь болуп шайланган. 1938-жылдын май айында партиянын Ак-Талаа райкомунун мүчөсү, бюро мүчөсү болууга татыктуу болгон.

Ошол эле жылдын 24-июнунда Асылбүбү апа Ак-Талаа районунун №141- шайлоо округунда биринчи чакырылган Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Көп өтпөй Кыргызстан КП(б)нын 2-съездине делегат болуп, ошону менен бирге эле Кыргызстан КП (б)нын Борбордук Комитетине пленум мүчөсү болуп шайланган.

Ал Асыл апа Кегети айылына башкарууга келген жылдары айыл Советине 4 колхоздун башкармасы баш ийген. Аларды кызматка коюп, кызматтан алганга укугу болгон. Мезгилинде тапшырылган планды аткара албай калганбы, же башка себеби барбы, айтор ошол 4 колхоздун

эки башкармасын кызматтан кетирип, анысы аз келгенсип, айылдан көчүрүп жибергени эл арасында айтылып калган. Ал кишилер Кегетиге кийин көчүп келип, бул дүйнөдөн ушул айылдан өткөн экен.

Ошентип, кегетиликтердин ичинен Жогорку Советке депутат болгондордун ичинен көч башында Асылбүбү Максүтбаева (Чечейбаева) апа турат. Аны кегетиликтер атынан толук айтышпай, "Асыл апа" дешкендеринин дагы себеби бар. Кан күйгөн согуш учурунда, андан кийин да көп жылдар бою Кегети айыл Советин ийгиликтүү башкарып, айылдын калыптануусуна көп күч жумшаган.

"...зажигало и не давало угаснуть в сердцах советских людей, жгучей ненависти к врагам, и любви к Родине" - деп, баса белгиленгендей, ал кездеги замандын алдыңкы сабында турган Асылбүбү апа сыяктуулар өз кызыкчылыгынан коомчулуктун кызыкчылыгын жогору коюп, каруусун казык кылып иштегенинин негизинде Кегети сыяктуу айылдын калыптануу мезгили ошол эле биринчи күндөн башталган десек болот.

Кептин ырасы, кечээ өткөн кандуу согуш советтик адамдардын моралдык байлыгын, туруктуулугун, мекенин терең сүйгөндүгүн сынап, тагдырдын тай күлүк ташы жакшылыгынан дагы жаман нерсеге көбүрөк ооп турбады беле. Ошондой сыноолордон Асыл апа дагы жаса басып тайгылбай, ишенимдүү өтүп, башкаларга айрыкча өз айылынынын жамааттакан чарба мүчөлөрүнө адашпагыдай таасын жол көрсөткөн десек көп деле жаңылыштык болбос. Себеби, аял киши болсо да, Асылбүбү Максүтбаеванын айыл үчүн жасаган иши ат көтөргүс. Эми анын ысымы ошол ишине жараша кегетиликтердин тарыхына жазылып кала берет.

Ошентип, Асылбүбү Максүтбаева, тагыраак айтканда "Асыл апа" кегетиликтердин баласынан чоңуна чейин эсинде түбөлүк сакталып, анын ысымын сыймыктануу менен атап келишет.

## Азыктар

Санжырачылар Азыктар козугуна, бычман, коён болуп бөлүнүшөрүн айтышат. Ал эми азыктардын чыгуусу жана уруу катары калыптануусу боюнча ар кандай бири-бири дал келбеген айың сөздөр айтылып келет. Ошонун бирин бул уруунун келип чыгышына жакын деп кабыл алуу менен төмөндөгү болумушту берүүнү туура таптык.

Анда Мухамбет шахтын Желелет-дин аттуу баласы Чыңгыз хандын жапырыгынан качып жүрүп Сейитмурат аттуу уулдуу болот да аны сактап калуу максатында баласынын тагдырын бир жөн-жай адамга тапшырат. Ошол Сейитмураттан коогалуу кезде туулган (андай мезгил ого эле көп,Чынгыз хандын кандуу, бир катар элди жер жүзүнөн сып-сыйпыл кылган бийлиги төрт жүз жылга созулганын билебиз) Ахмеджунус аттуу баласы эс тартканда ата-тегин угуп, бирок шах тукуму экендиги билинип калса өмүрүнө коркунуч тууларын сезет да жашырынып жүрүп, кайып-каскагынан Карачорого жолугуп калат деп айтылат. Сөз алышкан жигиттер кыргызга бирге кетүүгө убадалашып, Карачоронун азыгын көтөрүшө келет. Тагай бийдин азыроосунда үй-бүлө күтүп, алгачкы азык көтөрүп келген кези менен "Азык" аталат деп айтылат. Бирок, тарыхый булактар азыктардын келип чыгышын тээ эле кыргыз эли пайда болгондон кийин бир аз мезгил өткөрүп калыптанганын көрсөтөт.

Азыктар Кемин районундагы, Кичи-Кемин (мурдагы аты Үч-Урук, анда жашаган уруулар жалпысынан: азык, таздар жана жетиген болуп бөлүнүшөт), Чым-Коргондо, Буранада, Кочкор районундагы Чолпон, Туз, Дөң-Алыш айылдарында, Ат-Башы районундагы Кара-Суу, Кызыл-Туу айылдарында жашап турушат.

Ал эми Кегетиге келип жашап калган Азыктар негизинен аксакалдардын айтуусуна караганда бир тобу Кичи-Keминден, бир тобу Кочкор району тараптан көчүп келип, туруктaшып калган сыяктуу. Ошолордун көпчүлүгү

академик Султан Мамбеткалиевдин таятасы Мусаке (ал Мундуз Үркүнчүнүн кызы Батма аттуу кызына үйлөнүп, андан Сабыркүл жана Керээз аттуу деген эки кыздуу болгон) менен кошо көлүнда жок туугандары, жетим-жесирлер жана ага ишенген, тактап айтканда Дүйшөкө, Эрмегалы, Жамансары, Жунушалы, Жумалы, Жумаш сыяктуу жакын туугандары көчүп келишкен деп айтылат. Мусакенин көзү өткөндөн соң, анын улуу кызы Сабыркүлдү, анын биринчи күйөөсү Мамбеткалыйды, анын көзү өткөндөн кийин экинчи күйөөсү Абдылданы паанала п, биротоло турукташып калышкан. Сабыркүл апанын пейилине жараша туугандарына караштуу болгону айтылып, кийин турмуш оңолгондон кийин гана Арпа-Тектирде жашаган Чүйкүйдү жана атактуу жылкычы Абдыгазыны тууган сып, көчүп кетишкен. Анын себеби дагы бар. Абдыгазы мезгилинде Кыргызстанда алгачкылардан Ленин жана башка орден, медалдарга татып, атактуу жылкычы болсо, Чүкүй Арпа-Тектирде жашап, мезгилинде сабаты ачылбаган адам болсо дагы мыкты уюштургуч, көрүнүктүү жетекчи болуп, эс алууга чыкканга чейин эмгектенген.

Ошондой эле учурда Азык уруусунан чыккан коомдук жана мамлекеттик ишмер Аскар Салымбековду, экс. депутат Камчыбек Жолдошбаевди, кыргыз журналистикасында өзгөчө орду бар Мелис Эшимкановду атап, алардын коомчулукка таанымал адамдар экендигин айтсак жетиштүү болоор. Эми Азыктардын Кегетиде жашап, эмгеги менен эсте калган Абдыгазы жылкычы сыяктуу белгилүү өкүлүнүн бейнесин ачып берүүнү туура таптык.

## Бактылуу жылкычы, же Абдыгазынын сыйкырдуу укуругу

Джамгуров Абдыгазы Кичи-Кеминдин Үч-Урук айылында 1880-жылы туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, алардан калган өзүнөн кийинки эки иниси жана карындашына ага да, ата да, эне дагы болгондугу айтылып

жүрөт. Абдыгазы 1928-1929-жылдары "Ударник" совхозуна (борбору азыркы Шамшы айылы) турмуш-шарттын айынан жана ошол чарбанын директору Кудайберген Канаев мурдатан эле үзөңгүлөш жолдошу болгон экен, мүмкүн анын чакыруусу мененби, айтор көчүп келген. Кийин совхоз "Шамшы" аталып, анын бир бөлүмү болгон Арпа-Тектирде орун-очок алып туруп калат. 1945-жылы бул чарбалар ирилешип, Кегети совхозу аталып, Абдыгазы 32 жыл бою, же дээрлик өмүрүн акырына чейин аталган чарбада малчы болуп иштеген.

Абдыгазы 1935-жылы жылкычылык кесипке өтүп, карамагына 15 баш жылкыны кабыл алат. Ошол бир аз жылкынын башын 1948-жылга чейинки 13 жыл аралыгында Абдыгазы башында турган Кегетилик жылкычылар албан-түрдүү эмгегинин натыйжасында 600кө чейин жеткиришкен. Согуш учурунда атчан согуша турган кавалерияга тынымсыз миңгич жөнөтүп, кайра ордун мезгили менен толуктап турушкан. Мал чарбасын өстүрүүдө өтөгөн эмгеги эске алынып Абдыгазы Джамгуров Чүй районун тарыхында үчүнчү болуп "Ленин" орденинин ээси болгон.

Абдыгазы айылына кадыры өткөн, кең пейил, келим-кетимдүү киши болгон экен. Ал сабаттуу, жаңылыктан артта калбаган, өзүн тыкан кармаган таза, өзүндө болгонун эч бир жандан аябай берип салган жылаңач баатыр (аристократ) адам катары элдин эсинде калган. Согуш учурунда жана андан кийинки каат жылдары көптөгөн жетим-жесир, турмуш-шарты начар, жетишпеген адамдар ушул кишинин үйүндө баш калкалашып, кийин Абдыгазынын жардамы менен өз алдынча жан багып, бөлүнүп кетип турушканын эмдигиче эл арасында айтылып жүрөт. Ошол себептен ал кишини "Эл атасы, эл баккан киши" деп атап калышкан сыяктуу.

Ошол Абдыгазынын кадыр-баркы жана анын сөзүнүн өтүмдүүлүгү боюнча аңыз болуп айтылып калган эл арасында сөз бар экен. Ал мындайча баяндалат.

Өмүрү Кочкор өрөөнүндө эл бийлөө менен өткөн кадимки Канат манаптын Карыпбай деген уулу бай-манаптын тукуму, болуш катары 1937-жылдары репрессиянын курмандыгы катары көп жылдар бою түрмөдө отурган. 1950-жылдары ошол кездеги Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы Төрөбай Кулатов кандайдыр бир себептер менен Молдовановка түрмөсүнө барып калып, Карыпбай ага атайын суранып жатып жолугуптур. Өзү жөнүндө жана атасынын ким болгонун айтып, анан: "Атасы баласы үчүн жооп берсе болоор, а баласы атасынын артында жашап калса ал эмне, кылмышка жатабы? – деп, суроону үстү-үстүнө берип, аягында жардам сураган экен. Кулатов жообун бир нече күндөн кийин бермекке убада берет. Айткандай, анын жардамы менен Карыпбай бошотулуп айылына кайтат.

Бирок, ал кезде мезгил ошону талап кылып жаткан кез эле, ага эркин басып, эмгектенүүгө такыр тыюу салынат. Жан аргасы кылганбы, же көп жылдап түрмөдө отургандыктан суу сокту болгон киши кымыз ичип, "боорун агартыш" үчүнбү, айтор Карыпбай 1951-жылы Кегетиге келип Абдыгазыныкына эки жылдай жүрүп калат. Мындай нерсе жерде калмакпы, эл арасында "Абдыгазы эл душманын жашаруун багып жүрөт" деген, ушак-айың кеп тарап, ал укук коргоо органдарына чейин жеткен. Мына ушул жерден Абдыгазы өзүнүн кадыр-баркын, көп жылдар бою топтогон аброюн, керек болсо керт башын кепилдикке коюп, Карыпбайды сактап калган делет.

Албетте, ошол учурдагы совхоздун директору А.Курманбаев дагы аларга максатташ-тарапташ болгону айтылат. Кийин Карыпбай Токмок шаарында жашап, каза табат. Көздөн учкан туулган жерге, Кочкорго сөөгүн жеткирген Абдыгазы сыяктуу жолдоштору өлүк карызынан кутулган деп жүрүшөт.

Ал эми ал кишинин алган сыйлыктарын кайталап эске алсак, ал учурда айтылгандай сый-урматка жеткендер өтө сейрек болгон. Ушуну менен эле Абылгазы карыянын эл

үчүн өтөгөн эмгегинин канчалык зор болгонун элестетүү кыйын деле эмес.

Кадырман карыя, жаштардын жылкы багуудагы устаты Абдыгазы 86га чыгып каза таап, сөөгү Кегетиге коюлган.

## 200 жыл тарыхы бар Кегети айылы жана кегетиликтер

Бул аталган айылдын калыптанган мезгилин толук баяндай турган болсок, Кегети айылы Кегети болуп жаралганы 1916-1917-жылдары гана оозеки түрүндө айтылбай, кагаз бетине түшүп, чыныгы Кегети атын алганы жөнүндө документ сакталган.

Ал эми Кегети айылында айылдык Кеңеш болжол менен 1927-1930-жылдардын аралыгында уюштурулгандыгы тууралуу айтылып жүрөт.

Алгач айыл Совети болуп, анан бара-бара калыптанган чарба катары Кегети айылы айыл Советинин аткаруу комитети катары өзүнүн чыныгы аты менен аталышы жөнүндөгү справка 1939-жылга тиешелүү экен. Бул жылдар ичинде Кыргыз ССРинин Чүй райондук жумушчулар-дыйкандар жана Кызыл-Аскер депутаттарынын Кегети посёлкалык Кеңешинин алдында Кегети айылдык аткаруу комитети катары иш алып бара баштаган.

Андан кийин дагы айылдын статусу бир нече жолу өзгөртүлүп, башкача айтканда 1944-жылдын 20-июнунда майда чарбаларды ирилештирүү боюнча Кыргыз ССРинин Элдик комиссариатынын №280 буйругунун негизинде "Шамси" совхозунун аймагындагы бир нече айылдардын башын кошуп, ирилештирилген "Кегети" совхозу болуп кайра түзүлгөн.

1946-жылдын июнь айынан 1947-жылдын март айына чейин Кыргыз ССРинин мал чарба министрлигинин эт өндүрүү жана айыл чарбасын өнүктүрүү багытындагы совхоздор аралык башкармалыгынын алдындагы асыл

тукум мал өстүрүүчү, андан эт, сүт өндүрүүчү ири совхоз болуп дагы кайрадан аталган.

1946-жылдын июнь айынан, 1947-жылдын март айы мезгилинде асыл-тукум мал өстүрүүчү Кегети совхозу.

1967-жылдан тартып, Кыргыз ССРинин Чүй районундагы Эмгекчилер депутаттарынын Кегети айылдык Совети болуп такталып, ал эсели болгон СССРдин күнү бүткөнгө чейин жашады.

Азыркы аталышы - Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Чүй обулусуна караштуу Чүй районундагы Кегети айыл өкмөтү (айылдык округу, Кегети айыл аймагы). Бул айыл өкмөтүнүн карамагындагы Кегети айылы, Кегети капчыгайын курчаган тоолордун этегинен (жайсаңынан) орун алган. Ал деңиз деңгээлинен 1000 метр бийиктикте турат. Чүйдөн 17 чакырым, Ивановка темир жол станциясынан 23 чакырым алыстыкта турса, борбор калаабыз Бишкек шаарынан 80 чакырым алыс жайгашкан.

Ошентип, Кегети айылдык Кеңешинин курамында беш айыл, эки токой чарбасы бар. Алар: Кегети айылы, Совет айылы, Арпа-Тектир, Акматбек (Кыпчак) айылы, жана Чапай айылдары болуп, бир айылдык округдун курамында турат.

Башында айтылгандай ар кандай мезгил аралыгында канчалаган өзгөрүүлөр болсо дагы бул айыл өзүнүн Кегети деген атынын сакталып калышы менен баалуу көрүнөт. Болбосо мындай узак убакыт бою жашап келген абройлуу айылдан чыккан көптөгөн белгилүү адамдардын, коомдук, партиялык ишмерлердин ысымы непаада коюлуп калса кыргыз коомчулугуна жаңылык деле болбойт болчу, - деп эскергенбиз. Ал эми айылдын атын өзгөртпөй сактап калыш үчүн буга чейинки аракети жалпы кегетиликтердин жан кишиге айтпай турган жан сырыбы?..

Аны жогорудагы ат коюудагы ар кандай себептерди аныктап, ал боюнча учурда жаралып жаткан көйгөйлөр жөнүндө айтканыбыз ушуга дал келип отурат.

Ар бир айылда алыс-жуукка таанымал, ошол айылдын

тургундарынын ынтымагын сактаган айылдан чыккан башкаларда жок талант-шыгы, жөндөмү менен таанылган эл жакшылары болот эмеспи. Башкасын айтпаганда да, кыска мөөнөттө болсо дагы, Кыргыз Республикасынын эл өкүлдөр кеңешинин спикери Муратбек Мукашевди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы, министр Аскар Какеевди, Кыргыз обкомунун катчысы, Кыргыз мамлекетин түптөгөндөрдүн бири Жайнак Саадаевди эске салсак болот. Ал эми Кегетиден чыккан министр, районкомдун секретарлары, акимдери жана башка жогорку кызматта иштеп, эмгеги сиңгендер бул айылда ого эле көп.

Ал эми чын эле Кегети айылынын тургундары бул багыттан алып караганда сыймыктанар замандаш жердештеринин көптүгүнө таяныша алат окшойт.

Бул даректүү чыгармада Кегети айылы жана анын тарыхы жөнүндө сөз болуп жаткандан кийин, ошол айылдын түптөлүшүнө кыйыр болобу, же түз багыттабы, өз салымдарын кошкон адамдар жөнүндө кеп удулун узартууну туура таап, ошону эп көрдүк.

Кандай болгон күндө дагы ар мезгилдин, ар кыл көз караштагы адамдары жаралып, ал мезгил ошондой адамдары менен баалуу эмеспи. Себеби, андай адамдар ошол доордун, ошондой мезгилдин духун өзүнө сиңирет жана элине жөлөк-тирек болот тура. Кылым кыйырында жана Совет өкмөтүнүн чыгышы менен мурдагы жана кийинки тополоңдордо, ар түрдүү шарттарга байланыштуу жер-жерлерден чыккан куугунтуктоолор жана таарынычтардын негизинде, кезеги келгенде репрессия, кулакка тартуу мезгилдеринде да тияк-буяктан жакынын, куда-сөөгүн, дос-тамырын жана туугандарын издегендер дагы Кегети жергесине ооп келишип, анын аймагындагы айылдары да ар түрдүү уруу эл менен толукталып,

1929-1930-жылдардагы коллективизация жүргөндө бир чарбага биригишип, туугандашып бир эл катары турук алышкан.

Көптөгөн мезгилдер өтүп мурдагы айылдын негизделишине колдон келишинче салымдарын кошкон, аттары белгисиз болуп кеткен эл жакшыларынын ар кимисинин ар кандай салымдары болсо дагы, анын калыптанышына жана түптөлүшүнө Мамбеталы тилмечтин эмгеги зор болгон экен. Анда кеп удулун ушул касиеттүү кегетилик өз мезгилинде жалпы Чүй аймагына белгилүү болгон адам менен баштасак болчудай.

Чын эле жаңы заман келип, жаңы система түзүлүп, мурдагы чачыранды жашаган эл биригип, чарба уюшулуп, мындай жаңылыкка көнбөгөн эл маң баш болуп, эмне кыларын билбей турган учурда жалпы элге баш көз болгон билимдүү жана ар кандай кырдаалга түшүнүү менен караган көзү жетик, даанышман адамдар аба менен суудай эле керек эмес беле.

Аңгемебиздин башында Сарыбагыш уруусун жана Мамбетаалы тилмечтин баскан жолун талдап келип, алардын башаты Түлкүнүн уулу Тынай дегенбиз. Түлкү өлгөндөн кийин ал чоң атасынын колунда калып, балалыгы оор турмушта өтүп, кийин ага кыдыр конуп, мал-жандуу, казан аштуу адам болуп, баркы көтөрүлөт. Тынай эки аял алып, биринчи аялынан Сатыбалды жана Атаке деген эки уул көрөт. Сатыбалдынын Жообасар деген баласы куш салган мүнүшкөр адам болуп, кезегинде ал агасы Атакенин Таштанбек деген баласын багып алган. Кандайдыр бир себептер менен Жообасарды Таластык жигиттер байлап кетип, аны Таштанбек куткарып келген экен. Ошонун урматына Жообасар балалуу болгондо Таштанбектин иниси Станбек болсун деген ой менен ага уйкаш ат ыйгарат.

Станбек дагы эки аял алып, биринчи аялынан үч уул: Жунус, Түлөгабыл, Калпак. Калпак баатыр көзгө атар мерген

болуп, казактарга каршы турган жана алар тарабынан өлтүрүлгөн. Анын Түлөгабылы төрт аял алган. Биринчи аялынан жогоруда биз кеп кылган тилмеч Мамбеталынын атасы Мурataлы. Түлөгабылдын балдары жети Темир аталып Мураталы ошолордун биринин баласы. Ал эми анын экинчи аялынан Чыйтемир.

Ошол Чыйтемирдин Ыйсасы мезгилинде мыкты чыгат. "Мен аз гана жашасам да, чексиз узак жол жүрдүм" деген Мукай Элебаевдин саптарында белгиленген сыяктуу, Ыйсанын Өмүралысы дагы өмүр бою агартуу тармагында ак кызмат өтөп, өзү демилге көтөрүп, уюштурган учурдагы Кегетидеги орто мектеп, ал кишинин атын алып, анын өмүрүн түбөлүккө узартып койгон.

Аталган орто мектептин кире беришинде ал адамдын бюсту коюлуп, Кыргыз Республикасынын Эл депутаттарынын Чүй райондук Советинин 1991-жылдагы үчтүн айынын 17синдеги №6-чечиминин негизинде чыгарган Өмүралы Исаевдин ысымын мектепке ыйгаруу жөнүндөгү токтому көрсөтүлгөн.

Демек, "Эл эмгектен эскерип" мезгилинде өтөгөн кызматы элдин эсинде калган ал адам жөнүндө дагы атайын сөз кылууга арзыйт.

## Мектеп атын алган инсан

Исаев Өмүралы Кегети аймагында туулган. 1920-жылы ал Токмоктогу татар-орус тузем мектебинен окуп, кыска мезгил ичинде сабаттуулукка жетишкен. Андак кийин билимин Ташкент шаарынан улантып, кыргыз жергесиндеги кедей-кембагалдар табынын сабатсыздыгын жоюу маселеси Совет өкмөтү тарабынан курч коюлгандыктан өз айылына келип, өз демилгеси менен Кегетиге алгачкы баштооч мектепти ачат. Ал кезде жаңылыкка умтулган элдин дагы мектепке кызыгуусу артылып, аларды Өмүралы жаш-кары дебей текши окууга тартат.

Ушул эле Өмүралынын күчү менен 1933- жылы мектеп 7 жылдык болуп уюштурулат да, мектепке Өмүралынын

өзүн директор кылып дайындашат. Мектеп 1939-жылы орто мектепке айландырылып, мында дагы мектептин директору алмашылган эмес.

Исаев Өмүралы 1940-жылы КПССтин катарына өткөн. 1943-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1944-жылы согушка кирип, ошол айыгышкан катуу айкашта жаракат алып, Ата Журтуна кайтып келгенден кийин дагы мектепте өз ишин уланткан жана 1959-жылы татыктуу эс алууга чыккан.

Согуштун жана эмгектин ардагери Өмүралы Исаевдин эл алдында өтөгөн бараандуу эмгеги татыктуу бааланып, Кыргыз ССРинин Эл агартуусунун отличниги төш белгисин алып, бир нече жолу Кыргыз ССРинин Ардак граммоталары менен сыйланган. Ал Ленин орденинин кавалери.

Өмүралы Исаевдин көзү өткөндө тирүүсүндө өтөгөн эмгеги эли тарабынан да жогору бааланып, 1987-жылы Кегети айылынын чоң көчөсү ал кишинин атынан аталган. Ал эми 1991-жылдын 8-февралында жалпы кегетиликтердин сунушу менен Чүй райондук Кеңешинин сессиясында Исаев Өмүралынын ысымын мектепке ыйгаруу боюнча чечими чыгат. Анда жогоруда белгиленип кеткендей:

"Кегети орто мектебине Исаев Өмүралынын ысымын ыйгаруу жөнүндө;

Чүй райондук Эл депутаттарынын Совети Токтом кылат;

"Кегети №1 орто мектебине Исаев Өмүралынын ысымын ыйгаруу жөнүндө" 1991-жылдын үчтүн айынын 17синдеги райондук аткаруу комитетинин №6-чечими бекитилсин" деген чечим ишке ашырылып, мурдагы Кегети орто мектеби Исаев Өмүралы атындагы Кегети орто мектеп аталып, мына андан бери 20 жыл өттү.

Исаев Өмүралы атындагы Кегети орто мектеби учурда да жаштарга билим берип, тарбиялоодо 90 жылдан ашуун мезгил ичинде ийгиликтүү иш алып барууда.

## "Мугалим мөмөлүү дарак", же кегетилик мугалимдер

Кегети орто мектебинде "Ленин" орденин Кыргызстанда, ошондой эле Кегетинин тарыхында биринчи болуп алган Исаева Анара эжей Дүйшөмбү кызы, "Ардак белгиси" орденинин ээси Исагалиева Ташкен эжей, "Кызыл жылдыз" орденинин ээси Уметалиев Кочкорбай агай, "Ленин", "Эмгек Кызыл Туу" жана "Кызыл жылдыз" ордендеринин ээси Соoронбаев Осмоналы агай, "Эмгектеги күжүрмөндүгү" медалынын ээси Мажитов Азым агай, 14 медалдын жана "Ардак белгиси", "Кызыл жылдыз" ордендеринин ээси, "Ал кездеги биз" повестинин жана "Кыздын махабаты" романынын автору, жазуучу Сыдыков Чолук агай, Эл агартуусун отличниктери Андашев С, Кутманов, Шейшеналиев, Курманбүбү Сасыкулова жана көптөгөн ырлар жыйнагынын автору, акын Арзымашев Ысман агай, Эл мугалими Симила Абдрахманова жана башка көрүнүктүү иш алып баргандардын ысымдарын атай берсек тизме улана бергидей.

Ал эми Өмүралы Исаевден кийин бул мектепти Сатыбалдиев Жумаалы (1943-1944- жыл), Ыманбаев Алый (1944-1947-жылдар), Кошоев Сулайман (1948-1951-жылдар), Сыдыков Чолук (1951-1953-жылдар), Батырканов Рысбек (1954-1956-жылдар), Исаев Муңатай 1957-1959-жылдар), Мусаев Керезкул (1960-1981-жылдар), Өмүралиев Муслим бир жыл, Турсунов Турумбек 1982-1989-жылдар), Эстебесов Майрамбек (1990-2000-жылдар), Ногойбаева Айым (2001-2003-жылдар), ал эми 2003-жылдан баштап Абдылдаев Турат эмгек эс алуусуна чыкканга чейин жетектеген. Учурда Кегети айылынын Курулуш көчөсүнүн жашоочусу, "Эл агартуунун отличниги" Курманалиева Замира Өзбековна жетектеп келүүдө. Ошолордун ичинен

дээрлик чейрек кылымга жакын мектепти жетектеген Мусаев Керезкул агайдын эмгеги эмдигиче элдин оозунда унутулбай айтылып келет.

## Асыл адамдын аты эсте калды

Мусаев Керезкул Төлеевичтин туулган күнү жана жери жөнүндө сөз кылуунун алдында ал кишинин согуш жылдарында башынан кечирген бир күнү жөнүндө баяндап берүүнү туура таптык. Себеби, ошол учур Керезкул Мусаевдин адамдык, атуулдук ариетинин алдында кандай гана чоң жоопкерчиликтин башталышы болгон экен.

1942-жылдын кыш айлары. "Айлана тынч. Дабышсыз "... лапылдата" жааган кардын суру денедеги жылуулуктун үшүн качырып, учурдун катаалдыгына байланыштуу каарданган сымал тынымы жок элеп жатат. Токой ичиндеги шашылыш даярдалган чакан аэродромго табияттын татаалдыгына карабастан бири учса, экинчиси конуп жаткан УТ-2 (учебный тренировочный самолёт) учактарынын күркүрөгөн добуштары жааган кардын жыштыгына жутулуп, караандары гана элдир-селдир көрүнөт. Кызыл желек кармаган багыттоочуну жандап токтогон чакан самолёттон орто бойлуу, кызыл жүздүү азия улутундагы жаш жигит секирип түштү. Катар тизилген учкучтардын арасынан суурулуп чыккан взводдун командири:

- Азаматсың, Мусаев! Сен бүгүндөн баштап чыныгы учкуч катары ИЛ-16 жана ЯК-1 самолётторуна отурууга укук аласың, - дегенде, Мекенге кызмат кыларын айткан жигит катарга тура калды.

Бул учкай сүрөттөлгөн учурдун каарманы учкуч жигит Кыргызстандан согуш даярдыгы үчүн чакырылган Чүйлүк Керезкул Мусаев эле. Ал ошол күндөн баштап ар кандай согуштук максатта чыгарылган самолёттордо да учуп, бул багытта да билимин жогорулатуу менен согуш аяктагандан кийин дагы алты айдан ашуун аба мейкиндигинде саякат жасап, кийин гана ар тараптан келген жоокерлер

демовилизацияланганда Керезкул дагы Ата-Журтуна кайткан экен.

Ошол учкуч Керезкул Мусаев "Аккан арыктан суу агат" демекчи, кадимки айтылуу Өтөгөн олуянын небереси болгон. Учурдагы Бириккен айылы ошол Өтөгөн олуянын атын алып жүрөт.

Атасы Муса дагы кезегинде мезгилдин агымына жараша агып, караламан калктын алдыңкы сабында ошол өзү жашаган аймакта болуштук кызматта иштеген. Анын писири орус болгондуктан, алардын дилин да жакшы өздөштүрүп, натыйжада сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы менен 1916-жылкы Үркүндө Муса башында турган болуштук үркпөй калган экен.

Бирок, ошол эле учурда эзилген калк менен жергиликтүү феодалдардын ортосунда, экинчи тарабынан, карапайым эл менен колониялык бийликтердин ортосундагы карама-каршылыктар айкын көрүнө баштаган. Мына ушул карама-каршылыктардын алкагында кыймылдаткыч күчтөр-жергиликтүү эмгекчи калк менен жер ооп келген калк (орустар) жана башкалар боло алышмак. Ошолор арасында тап күрөшүүнүн ар түрдүү түрлөрү пайда болгон. Орус чиновниктеринин чечимдерин, буйруктарын аткарбагандыктан, феодалдар менен колонизаторлордун кызыкчылыгы үчүн иштеген мыйзамдарды, уктарды, инструкцияларды урматтабагынан жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө жакшы мамиле кылбаганынан алар ар кандай түрдө каршылык көрсөтө баштаган. Ошондой элдин кызыкчылыгын көздөгөн болуштардын бири Муса болгондуктан, анын артынан түшкөн орус бийлигинин Авраам жана башка өкүлдөрү 1919-жылы мыкаачылык менен кескилеп өлтүрүшкөн.

Аты айтып тургандай эле Керезкул агай энесинин курсагында калып, атасы өлтүрүлгөндөн алты айдан соң, тактап айтканда 1920-жылы 12-январь күнү жарыкчылыкка келген. Ошондо Керезкул агайдын энеси болгону 17-18 жаштагы келин болгондуктан, жаш келинге жуучу көп

түшүп, төркүндөрү алып кетишке аргасыз болушат. 10го чыккыча чоң атасы Төлө жана чоң энеси Айшанын колунда тарбияланып, качан гана окубай жүргөнүн көргөн аталаш агасы Жусупкулдун күчү менен Аламүдүн районундагы Таш-Дөбө айылында жайгашкан жетим балдар үйүндө 1938-жылгачейинтарбияланып, ушул эле жылы Кыргызстан Борбордук Комсомол комитетинин жолдомосу менен Казакстандын Жамбыл шаарындагы темир жолчуларды даярдоочу (ДЭПО) окуу жайынан билим алат.

Аны аяктагандан кийин ошол эле аймактагы Сары-Өзөк темир жол бекетинде слесарь-паравозчу кызматында бир жыл иштейт. Көп өтпөй Фрунзе шаарына келип, мугалимдерди тездетип даярдай турган курстан өтүп, алгач Жалал-Абад облусундагы Октябрь районунда (азыркы Сузак) жайгашкан Дзержинский атындагы балдар үйүндө директордун орун басары болуп иштеген. Согуш башталган алгачкы күндөн баштап эле армияга алынган.

Ошентип, жогорудай айтылгандай учкучтардын мектебинде окуп калган экен. Согуштан кайткандан кийин 20 жылдан ашуун, тактап айтканда 1960-1981-жылдар аралыгында Кегети айылында жашап, аталган айылдагы үч кабат орто мектепти куруп, анын директору болуп үзүрлүү эмгектенген.

Керезкул агайдын тарбиясын алган окуучуларынын ичинен 2 Кыргыз Эл мугалими (С.Абдрахманова, С.Мамбеткалиев, жогорку окуу жайларынын эки ректору (И.Исамидинов, С.Мамбеткалиев), үч жолку генерал (Ч. Абышкаев), ондогон жазуучулар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, Кыргыз Республикасына Эмгек сиңирген ишмерлер чыгышты.

Учурда туулуп- өскөн Бириккен (Өтөгөн) айылындагы мектептин алдында Мусаевдин эстелик-скульптурасы окуучусу Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин күчү менен коюлган.

Жогорудагы эскерилип кеткен мектептин жетекчилеринин ишин алдыга жылдырган, мектептин атын жалпы

кыргыз элине таанымал кылышкан белгилүү агай, эжейлердин ысымдары да аталып келет. Демек, алар мектептин гана эмес жалпы Кегети элинин сыймыгы болуп калышкан.

## Анара эжей

Кегетилик кадырман карыя аталар, каадасынан жазбаган ак элечек апалар, улуу ага-эжелер айтып жүргөндөй Кыргыз коомчулугунда мугалимдердин арасынан Кегетилик Дүйшөмбү кызы Анар эжей биринчи болуп Ленин орденин алган экен. Эжей ошол орден менен сыйланып, Москвадан Фрунзеге келгенде кегетиликтер жана анын окуучулары, окумуштуулар, коомдук ишмерлер, мамлекеттик жана маданият кызматкерлери аны темир жол вокзалынан оркестр жана жасалгалуу гүлдестелер менен тосуп алган дешет. Кыргыз тарыхында жөнөкөй мугалимдердин арасында мындай сыймыкка татыктуу болгон жана элин ушундай жогорку сыйлыгы менен кубандырган инсандын аты али атала элек болчу.

Исаева Анаранын колунан кимдер гана тарбияланган жок. Окумуштуулар, коомдук жана партиялык кызматкерлер, коомдук ишмерлер, социалдык багыттагы кызматчылар жана башка деги калкынын кадырына ээ болгон мен деген кегетилик улан-кыздар ушул эжейдин таалим-тарбиясы менен кандай гана баш айланткан бийиктиктерди багынтышкан жок.

Мисалга алсак, кыркка жакын кайталанып басылган "Кыргыз тили" окуу китебинин автору, илимпоз-лингвист Д. Исаевди, Кыргыз Эл жазуучусу, акын Н.Байтемировду, Кегетиден чыккан биринчи министрдин орун басары, чыгаан педагог, илимпоз С. Чечейбаевди, чыгаан журналит, педагог, профессор Мукай Сасыкуловду, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, министр, илимпоз, депутат А.Турсунов жана башкаларды айтсак жетиштүү болор.

Анара эженин жолун жолдошкон канчалаган Кегетилик эр жигиттер, келин-кыздар мугалимдик кесипке ээ болушту. А дегенде мугалимдик кесипте эмгек жолун баштап, бара-бара илим бийиктигин багындыргандар дагы көп. Алардын ичинен ишинен айырмаланып, Кегети мектебинин атын алыска таанытып, элдин алкышына татыган Ташкен Исагалиева жана Абдрахманова Симила Бактыгуловна эжейлер да коомчулукка кеңири белгилүү болуп калышты.

## Айылдык Эл мугалими, же Симила эжейдин мастер класстары

Эл мугалими Абдрахманова Симила Бактыгуловна Ө.Исаев атындагы Кегети орто мектебинде 1970-жылдан бери башталгыч класстын мугалими катары эмгектенип келе жатат. Ал өзүнө тиешелүү башталгыч класстын окуучуларын окууту методикасын эң мыкты өздөштүргөн жана билген мугалим катары коомчулукка кеңири маалим. Айткандай өз ишин жакшы өздөштүрүүгө ар убакта деңгээлин кесип ооштуруу жолу менен жогорулатып, чыгармачылык жана инновациялык методдордун негизинде иш алып баруу менен кесипкөй адам катарында жалпы аймакташ ушул багытта иштеп жаткан кесиптештерине белгилүү болду.

Симила эжей окуучулардын өз алдынчалыгын калыптан дыруунун үстүндө иштеп, таяныч таблицаларды, блок-схемаларды, талапка ылайык түрдүү тесттерди, мастер класстарды уюштуруу менен иш алып барат. Окуучулардын айлана-чөйрөнү жана адамдын рухий дүйнөсүн таанып-билүү ишмердигин өнүктүрүүдө стандарттык эмес, адаттан сырт сабактарды өткөрүп, анын негизинде болуп көрбөгөндөй жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Өзүнүн турмуштан алган тажрыйбаларына жана тынымсыз алган билимине таянып, чыгармачыл алдыңкы методикалык куралдарды пайдалануу менен

тарбиялоонун ар кыл жактарын иргөө жана проблемалык окутуунун элементтерин колдонуу аркылуу окуучуларынын билим деңгээлин тездик менен көтөрө алды. Анын негизги максаты Ата Журтун сүйгөн, ар тараптан өнүккөн жаштарды тарбиялоо. Окуу класс-кабинетин жасалгалоосу дагы өзүнүн табитине ылайык, изденүү менен талапка жооп бергидей өзгөчө мүнөздө иштелип чыккан.

Абдрахманованын педагогикалык жана методикалык ишмердик принциби эки бөлөк аспектиден турат. Алар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн.

а) окутуу,

б) тарбиялоо

Ал жаш мугалимдердин дагы устаты катары күндөлүк сабактарына катышып, туура жагын көтөрмөлөп, натуура жагын көрсөтүп бергенден тажабайт. Эжей "...убакытты туура пайдалана билип, инновациялык ыкмаларды ыгы менен көп-көп колдонсоңор, ал чоң ийгиликтерди алып келет" - деп, жаштарга дайыма эскертип турат. Окуткан классынын билим сапаты эсептөөлөр көрсөткөндөй 60-70 пайызды түзүп, окуучулары ар дайым мектептин алдыңкы окуучуларынан боло алышат.

Тарбиялоонун жаңы ыкмаларын издөө менен, жаңы аларды ыктуу пайдалана алган, окуучуларга берерин толеранттуулукка багыттаган алдыңкы педагог.

Симила эжей Абдрахманова заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун: "Мугалимдер чоңдор үчүн да, кичинекейлер үчүн дагы мугалим болуп кала бериши керек" деген сөзүн эсинен чыгарбай, өз окуучулары үчүн жаңычыл мугалим катарында талыкпай эмгегин жаш муунга дагы эле арнап келүүдө.

Симила эжей эл алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн бир канча баалуу сыйлыктарга ээ болуп, кыска мезгилде сыймыктуу атак-даңкка жетишкен. 1990-жылы Эл агартуунун отличнигин алса, беш жыл өткөрбөй Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, дагы ошончо мезгилдин ичинде Кыргыз Республикасынын тизме боюнча №1- "Эл мугалими" деген наамга татыды.

Эжейдин өмүр баяны дагы абдан эле байсалдуу жана өтө эле жөнөкөй. Ал 1945-жылы Кегети айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1962-жылы Кегети орто мекетебинен орто билимге ээ болуп, ал кездеги Фрунзе шаарындагы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка жана башталгыч классынын мугалими факуьтетине кирип, аны 1967-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ал эмгек жолун Калинин районундагы Эркин-Сай орто мектебинде ыр жана музыка сабагынын мугалими катарында баштап, 1970-жылдан бери өзү туулуп-өскөн Кегетидеги аталган орто мектепте жаш муундарга тарбия берүүдө талыкпай эмгектенип келе жатат.

Мына, өтөгөн эмгеги зор адамдын өтөлгөлүү өмүр жолун жаза келгенде бир баракка жетпей калды. Бирок, Симила Абдрахманованын Кегетинин айтылуу Кароол-Дөбө сыяктуу бийиктигинен карап, жаш муунга тарбиянын эң сонун үлгүсүн берген элеси түбөлүк өзүнүн окуучуларынын жана элинин эсинде кала берет. Мен буга ишенем. Эл дагы ишенет. Себеби, Симила эжейдин алдында ал баса элек дагы бир бийиктик турат. Ал эжеге жалпы кыргыз коомчулугунун бере турган батасы жана баасы.

## Мээнет карыбайт, же кар үстүнө түшкөн из

Жазгы алашалбырт. Кечээ кечтен бери жааган кар, эртеси түшкө жакын гана басылды. Күн жарыктык бир жарым айдан бери жаабаган кээрин чыгарайын дедиби, жер көөп бийиктей түшкөнсүдү. Ага жараша суук дагы бир кыйла күчүнө киргенсип, адамды ичиркентет. Чарбанын жумуштары менен жүрүп, бак-бак эткен бирин-серин кишилердин аңырты болбосо, айыл ичи тынч.

Тигинде кар жиреп, кара пальто, ак тыбыт жоолукчан жапалдаш бойлуу аял келе жатат. Анын сырткы көрүнүшүндө кандайдыр бир нерсеге кабатыр болгондой түрү бар. Анда-мында мезгилдин изи түшкөн аялдын кара тору жүзү суукка тотугуп, кызара түшүптүр. Күн ачылганы

менен таңкы ызгаар али күчүндө. Кадамы түшкөн кардан арбыбайт. Бирок, шашканы байкалат. Азыр анын оюнда бир гана нерсе - ал бала келечеги.

"Кап, эми... Ушул баланы кантсем. Анан деги эле баладан башкача тентек. Курбуларына да күн көрсөтпөйт. Анысы аз келгенсип сабагынан дагы начар. Ата-энесинин айтканы бул болсо..." Эжей өткөндө келгенде алар: "... эмне чара көрөрүбүздү билбей да калдык. Кагып-сокконго деле ашмалтай болуп алды. Дагы эле уруп-сого берип, маңыроо кылып алабызбы деп коркобуз" - дешкен. Демек алар дагы, мейлиге салып калышкан өңдүү. Бул жерде эми ким күнөөлүү? Балабы? Ата-энесиби? Мүмкүн мен болуп жүрбөйүн? Аял терең улутунуп алды. "Күнөөлүүнү табыш керек" - деди өзү менен өзү кеңешкендей. "Антпесе, кийин кайсар, турмушка терең карабаган адам болуп чыга келери чын. А келечекке андай адамдардын кандай зарылчылыгы бар. Ошондуктан, баланын кыял-жоругуна ушул кезден бурулуш жасоонун оңдуу жолун издөө зарыл. Эгерде ал оңолуп кетсе менин жеңишим, менин кубанычым. А ушул бойдон кала берсечи...Кызык, анда кийин муну бала кезинде ким окутту болду экен деген адамдар чыгат го?"

Ушундай ойлордун жетегинде келе жаткан аял жолдун нугунан чыгып кетиптир. Борошо түздөп салган арыктын нугуна буту кирип кетип, жыгылып кете-каздады. Оңдонуп, айланасын карап бырс күлүп жиберди да: "Капырай байкап калган бирөөлөр болсо, мас экен деп ойлоду го. Баарыдан береги келе жаткан өспүрүм эмне деп ойлоп калды. Чоң жолдон тетири кетип..." Кар жабышкан этегин күбүп, кайра жолго чыкты. Жанагы өспүрүмдүн аралыгы жакындап, ал бажырая күлүп келе жатат. Кыз бала экен.

- Саламатсызбы эжей!? - деди, жүзүн өзгөртпөстөн.- Жакшы жүрөсүзбү?

- Жакшы айланайын, - деди аял кызды бүшүркөй карап.

- Иштериңиз жакшыбы, эжеке?

- Жакшы... Жакшы кагылайын. Силердей азамат болчу балдар, кыздар менен иштегендин да жаманы болчу беле. Күндөрдүн кандай өткөнүн, балдардын кандай өскөнүн,

өзүңдөй кыздарды көргөндө гана баамдап калам. Баса, өзүң иштеп жатасыңбы? Кесибиң кайсы эле? - деди, суроо жаадырып.

- Иштеп жатам эже. Университеттин физико-математика факуьтетин бүтүп, Фрунзедеги Мамлекеттик политехникалык институтка мугалим болуп киргем. Азыр деле ошондомун. Педагогдук кесип иш чыны менен эле кызык да, кыйын да экен, эжеке. Мектепте окуп жүргөндө тим эле балалык кылып, сиздердин кыжырыңарга тие берчү турбайбызбы. Эми ошону өзүбүз көрүп жатабыз.

- Турмуштун жолу ошондой, ээ... Ташкен эже оюна бир нерсе түшө калгандай, кыздын көзүнө тигилди. Акырын чекесинен өөп, кыздын карааны үзүлгөнчө карап, узатып кала берди. Анан кыздын качанкы бир өткөн балалыгын эстеди.

Күкүн тентек, эрке кыз боло турган. Сабакты дурус өздөштүргөнү менен, көп калтырар эле. Сабакка келбей калган күндөрү жок шылтоолорду айтып карап турчу. Бир күнү Ташкен эже анын калпын кармаган.

- Кечээ эмне сабакка келбей калдың? - деп сураган, балдардын тизмесин тактап жатып.

- Ооруп, - деген кыз, мелтейип.

- Эч жери ооруган жок, эже, калпты шыпыртып жатат. Күкүн менен бир партада отурган Калыйча ага айгак чыккан. Ал тура калып:

- Калпычы десе, ыйлап жатып апаңды ээрчип айылга барбадыңбы кечээ. Кызды көп уялтпайын дедиби:

- Ушундайбы, Күкүн? - деген жылмайып. Күкүн үн ката алган эмес.

- Отур. Калп айтып, жолдошторуңду, мугалимиңди алдаганың үчүн бүгүн тартибиңе эки коёмун, -д еген, ручкасын белендеп. Күкүн анткен менен намыскөй эле. Шолоктоп ыйлап жиберген.

- Экинчи кайталабайм, эжеке. Койбой эле койсоңуз?! Кыздын чын дили менен сүйлөгөнү Ташкен эжеге ынанымдуу сезилип, негедир жибип кеткен. Кызык,

мугалимдин жүрөгү балага ата-энеден кем сокпосо керек. Ушуну Ташкен эже дагы бир жолу аңдап билгендей болду. Күкүндү ушинтип мээримдүүлүк менен тартипке чакырып алган болчу. Ал кыз андай жоругун экинчи кайталаган эмес. Бүтөөр жылдары окуунун алдыңкыларына теңелип, суйсала чыга келген. Мына эми, ошол Күкүн жогорку окуу жайында мугалим экен.

25 жыл. Чейрек кылым бир мектепте. Ооба, Ташкен эже 1941-жылы Фрунзедеги педагогикалык окуу жайын бүткөн күндөн баштап, ушул убакка чейин Чүй районундагы Кегети орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими. Ошондон бери Күкүн жана өзүнүн эсинен чыкпай калган тентек Канатбекке окшогон далай балдар, кыздардын канатын тарап, кабыргасын катырып, калк кадырына ээ болгон уул-кыздардын сүйүктүү эжеси болду. Алар иштебеген, эмгектенбеген жерлер Кыргызстанда аз. Алды илимдердин сересине көтөрүлүшүп, арты колунда тарбияланып жатат.

Көкүрөгүндөгү жаркыраган "Ардак белгиси" ордени, "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси, анын көп жылдык чыгармачылык эмгегинин үзүрү. Ал жергиликтүү Кеңештерге бир нече жолу депутат, Кыргызстан мугалимдеринин III съездинин делегаты.

Келтирилген эпизоддор Ташкен Исагалиеванын 25 жылдан ашуун педагогдук ишинин көзгө илешпеген бир-эки гана көрүнүшү. Анын турмушундагы жана ишиндеги көрүнүштөр өзүнчө эле бир дастан. Ага азыр биздин колду созсо жетпей, кыйкырсак үнүбүз жетпей турган бийиктиктей сезилип жатат. Мезгили менен ал кишинин адамдык сапатын, педагогдук ишмердүүлүгүн кеп кылар учур дагы бир ирет келер.

Ташкен эжей менен бир катар, анын теңтушу Курманбүбү Сасыкулова да ушул эле мектепте бир нече

жылы үзүрлүү эмгектенген. Кийин соттордү даярдоочу курсту бүтүп, Кегетиден чыккан биринчи сот - сот аял болгон. Ал кишинин азыркы фамилиясы Майрикеева. Баатыр эне. Нарын шаарында турат. Султан Мамбеткалиев Курманбүбү тууралуу: "Кандайдыр бир себептер менен эженин күйөөсү өлгөндө топурак сала албай калгам. Кийин куран окутканы барганда бир саатка жакын кошок кошту" деп айткан эле. Демек, Курманбүбү эже иниси Мукай Саңыкуловдой талантуу болгон окшойт.

## Булут үстүндө кылым оодара жаңырган обон, же талаштуу обонду калыбына келтирүү. Кошчунун уулу Эсеналы, же Ойтобо

Кошчунун Эсеналысы. Бул адамдын аты музыка сүйүүчүлөрдүн эсинде бүдөмүк калса калып, калбаса жок, бирок анын чыгарган обону ондогон жылдарды мезгил бүктөмүнө жашырып, ушул кезге чейин көөнөрбөй жашап келгени чындык. Эми ошол бир кылымга жакын популярдуулугун жоготпой ырдалып жүргөн Эсеналы чыгарган "Ой тобо" деген обондуу ыр жөнүндө айта турган болсок бир дем менен окула турган чакан баян боло турган эмес.

Чындыгында эле мезгилинде обондун чыныгы автору унутулуп, Муса, Атай жана башка обончу-аткаруучуларга ыгы жок энчиленип бара жатканда академик Аскар Какеев, Эл мугалими Султан Мамбеткалиев, Кыргыз Республикасынын маданиятына Эмгек сиңирген ишмер Сайдин Исаков баштаган бир топ кегетиликтер соттошуп жүрүп, автордук укугун Эсеналы Кошчиевге кайтарып беришкени маалым.

Ошол 2003-жылдын 18-январында Жаңыл Мамбеталиева нын жетекчилиги астында Свердлов райондук сотунун чечими чыгарылган. Ал отурумга жабырлануучулардын катарында обончунун балдары жана неберелери, Эсеналиева Кенже, Эсеналиев Сабырбек. Абдыкалыков

Сагынбек жана Султан Мамбеткалиев сыяктуу бир топ кегетиликтер катышып, андан соттун төмөндөгүдөй чечими чыккан. 2003-жылдын 18-январы, Бишкек шаары, - деп, көрсөтүлөт бул тарыхый документте.

Курамында төрагалык кылуучу судья Жаңыл Мамбеталы кызы, катчысы Скрипкина М.А. болгон Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту тараптардын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы илим, интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агенттикке юридикалык фактыны (авторлукту) аныктоо жөнүндөгү Эсеналиева Кенжештин, Эсеналиев Сабырбектин, Абдыкалыков Сагынбектин доосу боюнча жарандык ишти карап чыгып, аныктаган.

Анда, "Ой тобо" ырынын тексти жана обону Эсеналы Кошчиев экендиги аныкталып, авторлугу калыбына келтирилсин, - деген соттун чечими чыгып, элге жеткирилген.

Ошол отурумда жабырлануучулар Свердлов райондук сотуна Кыргыз Республикасынын алдындагы илим, интелектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агенттигине юридикалык фактыны (авторлукту) аныктап берүүсүн өтүнүшүп, Эсеналиева С. жана Абдыкалыков С. белгилүү обончунун урпактары экендиги эске салынып, "Ой тобо" Эсеналы Кошчиевдики экендиги, бирок, аны аныктоочу документтер жок болгондугуна байланыштуу ушундай абалга келип отурганы айтылган. Учурда бул обондун чыныгы авторун аныктап, документтерди иретке салуу менен коомчулукка жеткирүүнү керектиги белгиленген. Себеби, аталган обондун автору ар кандай булактарда ар башка адамдарга жамалып, Кыргызпатенттин каттоосунда обондун тексти Кубанычбек Маликовдуку, обону Муса Баетовдуку деп жазылган. Алдын ала кайрылгандарга булар да сот аркылуу чечилерин белгилешкен.

Чындыгында эле эл арасында деле ошол мезгилге чейин обон Кошчиевдики экендиги билинбей келген эмес беле. Ошол эл арасында чейрек кылым өтсө да обон сакталып

калган. Ал эми Кошчиевдин аты унутулуп, жогоруда айтылгандай башка адамдарга жамалып, мына эми гана сөзүнүн да, обонунун дагы автору Эсеналы Кошчиев экендиги аныкталып отурат.

Ал обондун автору Эсеналы экендигин Насирдин Байтемиров дагы тээ илгери бул багытта жаралган талаш маселе жарала электе эле жазып калтырган экен. Ал:

Өзүң салчу куштар учуп ой, тоодон,
Сени эстеп, күйүп, бышып ой-тооңон.
Өзүң эбак өтсөң дагы дүйнөдөн,
Учуп, конуп элде жүрөт "Ой тобоң"-

деген саптары менен Кошчиевдин чыгармасы экендигин тастыктап койгон. Ал жөнүндө ошол эле Кегетиден чыккан жазуучу Өмүрбек Караев да көлөмдүү макала жазган. Анан кантип кегетиликтер бул обонду бөтөнгө тарттырып жиберип, тим жатып алышсын.

Алар туура, эң эле туура кылышкан.

Эми "Кыргызское народное музыкальное творчество" деген ат менен ошол кезде айына бир чыгып туруучу журналга Эсеналы-Ойтобо жөнүндө даректүү баян жарыяланган экен. Ал обончунун башынан өткөргөн окуяларынын негизги бөлүгү өзүнүн баяндоосу менен чагылдырылган. Ошону эч өзгөртүүсү жок жарыялоону туура таптык. Себеби, бул баянда обондун тарыхы менен обончунун башынан кечирген окуялар бири-бирин толуктап тургандыгы менен баалуу жана буга чейин болуп келген талаш маселеге чекит коё турган баалуу документ болуп эсептелери белгилүү.

1916-жылдын 25-июну. Орто Азия жана казак элдеринен аскер алуу жөнүндөгү орус падышасынын жарлыгы жарыяланат. Ага каршы жергиликтүү калктардын козголоңу башталат. Орус аскерлеринин кандуу чеңгелинен качкан Чүй, Ысык-Көл, Нарын өрөөндөрүндөгү кыргыздар жан

соогалашып, баш калкалоо үчүн Кытай жергесин беттеп, качып самсып жөнөшөт. Калк башына алаамат түшөт. Алардын баштары апан, аяктары сапан болот. "Бөлөк эл, бөтөн жерден" баш маанектөөгө жай, ичерге тамак, киерге кийим, жатарга төшөк табышпай, көрбөгөн кордуктарды, тартпаган азаптарды тартышат. Ачарчылыктан, ар кандай жугуштуу оорулардан, суукта калк кырылат. Ушундай кайгылуу окуяга, капсалаңдуу турмушка Кошчутегин Эсеналы дагы кабылат.

...Үркүндө... Турпанга барганда... Кошчунун балдары үч бир тууганбыз. Үйүбүздө жалам талкан жок... Арып-ачып жер ооп келгенбиз. Башка эл, башка жер... Жаагымды жанып деле кыйын ырдачумун. Аны үйдөгүлөр деле билчү эмес. Бир билгенден бир-эки курбуларым бар эле. Алар да ырчылыгыма анча назар салышчу эмес. Бир күнү бардык Кошчунун тукумдары чогулуп, өлөрүбүздү санап отурдук. Ары оодук, бери оодук... Кантип оокат кылуу, ушул алгачкы күндөрү кантип жан багуу... Мындай сөздөр көп айтылганы менен маңдай жылытарлык акыл чыкпады. Башыма бир ой келди да, мен үйдөн чыгып шаарды араладым. Кетип баратам...

Наабайлар көздүн жоосун алат. Чий калпактай болгон тандыр нандар жыйылып турат. Эмне болсоң ошол бол деп, бир наабайчынын жанына бардым да ырдап коё бердим. Андагылар чогулуп калышты. Отургандардын көбү калмактар экен. Баары эле зыңгыраган немелер көрүнөт. Аңгыча алардын бири мага бир нан таштады. Аны көрүшүп башкалары да нан таштап, нандан серге өтүп... Заматта этегим нанга толуп, анча-мынча сер колго тийди. Кудуңдап сүйүнгөн бойдон үйгө келдим. Ошол ырдын, үндүн пайдасы тийип, жан багып кеттик.

Бир жарым жыл Үч-Турпанда жашадык. Кайтадан туулган жерге кайттык. Жол узак, арбыбайт. Жөө-жалаңдап жүрүп отуруп Долонго жеттик. Эптеп андан ашып, бери эңкейдик. Атабыз Кошчу катуу оору. Биз аны алмак-салмак көтөрүп келе жатабыз. Арып-ачкан Турпанчыда ал кайда,

карып басып эле тынып калабыз. Жалам талкан да калган эмес. Ачкачылык бир жактан, келте бир жактан...

Атабыздын шайы кетти. Берели десек тамак жок, айла түгөнүп, амалыбыз кетип, томсоруп бири-бирибизди карайбыз. Анан эле эмнегедир ырдагым келип кетти. Ошондо муңканган үн менен созолонтуп ырдадым. Үркүндү, көргөн азап-тозокту ырдадым. Төрөлгөн айылым эске түштү. Зээним кейип, каңырыгым түтөп туруп ошондо оозумдан ушул "Ой тобо" чыкты. "Кыштообуз бирге болгон жок" дегенимде, уккандар көздөрүнө жаш алышып, кадимкидей шолоктошуп ыйлап жиберишти. Ал оозумдан чыккан илеп жеке менин күйгөнүм эмес, жалпы элдин күйүттүү арманы, эл-жерден айрылгандан кийинки кайгысы өңдөндү. Атам ал ырымды кунтун коюп укту. Көпкө көз ирмебей, алыска карады. Издегенин таппагансып умсунуп карады. Ошо бойдон көзү жумулуп кетти. Кайран кишинин сөөгү ошентип жолдо калды.

Анын сөөгүн эптеп жашырып коюп, биз жолго чыктык. Чыккандан тартып оозумдан "Ой тобо" кеткен жок. Жолду карай жаагымды жанып, ырдап жүрүп отурдум. Улам барган сайын ыргагына ыргак уланып, сабына саптар кошула берди. Аны ырдаган сайын жүгүм жеңилдеп, жолубуз кыскаргандай болду.

Мына, ошол капыстан кыйналганда пайда болгон "Ой тобону" ошол күндөн ушул күнгө дейре ырдап келе жатам. Калган бардык ырымды унуттум. Бардык ыр, бардык обон эле элге сиңбейт экен" - деген Эсеналынын эскерүүсүн эл жазуучусу Насирдин Байтемиров өз оозунан жазып алып "Ленинчил жаш" гезитинин 1963-жылдын 13-декабрындагы санына "Ой тобонун тарыхы" деген чакан макаласын жарыялаган экен.

Деги, Кошчутегин Эсеналы деген ким? Ушул суроого жооп издеп көрөлү.

Ал 1873-жылы, тактап айтканда Чүй районундагы Кегети айылында туулган ырчы, обончу. Ал жыл Сталиндин туулган жылына туура келет деген да сөз бар.

Анын балалык чагы, күлгүндөй жаштык курагы кендирди кескен кедейчиликте өткөн. Ата-энеси дагы карапайым адамдардан болгон. Алар деле катардагы угуучулардай ырды, күүнү кадырлап угушкан. Эсеналы жарык дүйнөгө келгенден чымыр денелүү, балбан билектүү, кабагына кар жаадырбаган жайдары мүнөз, бешенеси жарык, маанайы тийген күндөй ачык, качан болсо да жылмайып сүйлөгөн, улууну урматтап, кичүүнү сыйлаган адамкерчиликтүү жигит болуп өсөт.

Кыргызстанда эле эмес бүткүл Союзга, андан өтүп дүйнөгө Кегетинин атын чыгарган, таланттуу дарыгер, чөптөн ар түркүн дары жасаган замандашы Жуманалы карыянын айтымында Эсеналы жарашыктуу кийине билген, үстүнө бир тал кыл жугузбаган, өзүн таза кармап, тыкан алып жүргөн, өтө маданияттуу адам болгон. Жаз, жай, күз айларында көбүнчө ак бешмант, ак калпак, ак шым кийген, жада калса минген атына дагы ак жабуу жаап, тизгинин ак жүз аарчы менен кармаган мырза киши экен.

Ал Кеңеш бийлиги келгенден тарта сабатсыздыгын жоюп, колу кат таанийт. Киндик каны тамган Кегети айылын коллективдештирүүгө жандуу катышат. Катардагы колхозчулуктан айыл аткаруучулугуна чейинки кызматтарда иштейт. Ал кайда жүрбөсүн, кайсы иште эмгектенбесин оозунан ырын түшүрбөйт. Анын ырчылыгы, обончулугу айылына 16-17 жаштардын аралыгында белгилүү болот.

Эсеналынын алгачкы ырлары бардык шайырлардай эле элдик ырлар, дастандар болгон. Алар Эсеналынын шык-учкунунун тутанышына, андан ары өнүгүшүнө күч-кубат берген. Ал айылдык курбу-курдаштарынын арасында Үркүнгө чейин эле элдик ырлардын мыкты аткаруучусу жана жамакчы ырчы катары таанымал эле. Бирок, анын обончулугу, төкмө ырчылыгы 1916-жылдын экинчи жарымынан тартып калк арасына кеңири таанымал боло баштайт.

Эсеналы ырларын, обондорун көпчүлүк шайырлардай

тигил же бул улуттук аспаптардын коштоосунда ырдаган эмес. Ал ат үстүндө турганда камчысын бөйрөгүнө таянып, ал эми жөө болсо эки колун бөйрөгүнө коюп алып, ар кандай мазмундагы ырларды ырдаган. Анча бийик эмес, мукамдуу коңур үн менен созолонто ырдаганда угуучулар гана эмес, айлана-чөйрө да көшүлө угуп жаткандай бейкутчулукка батчу экен. Ал ырчылык кесипке өткөндөн ашыктык, секетбай, күйгөн, арман, терме, насыят өңдүү жана башка мазмундагы ырларды чыгарат.

Бирок, Эсеналынын убагында музыкалык сабаты толук ачылбай калгандыктан ырлары жана ага жазылган обондору кагаз бетине түшүрүлбөй алар ырдаган жерлеринде эле кала берип, угармандарын таппай багы ачылган эмес десек болот. Ал эми "Манас, Манас болгону, Манас атка конгону" дегендей Эсеналыны ырчы, обончу катары атка кондурган, атак-даңкка жеткирген, биз кеп кылып жаткан "Ой тобо" аттуу ыры болгон.

Аны бизге:

Жагалмай деген жапан куш,
Жар ташка барып конгон жок.
Жарпымды жазар тең курбум,
Ой тобо деги, деги
Жайлообуз бирге болгон жок.
Кыргыек деген кыраан куш,
Кыр ташка барып конгон жок.
Кылыкташ менин тең курбум,
Ой тобо деги, деги
Кыштообуз бирге болгон жок.

Агарып сүргөн таң менен,
Аркарлар оттойт кумайда.
Алыска кетип калды деп,
Ой тободеги, деги
Асылкеч курбум муңайба, - деген мөлтүр саптарына айкашкан керемет кайрыктары ушул биздин заманга чейин көөнөрбөй жетип отурат.

- Кыркынчы жылдардын аягында мен, - деген экен, Кегети совхозунун карыялыр Кеңешинин төрагасы Чолук Садык уулу Эсеналы Кошчиевдин обончулугуна кайрылып жатып. – Мен айылдык Кеңештин катчысы, Эсеналы айыл Кеңешинин аткаруучусу болуп, бирге иштешип калдык. Кээде иштен кийин кеңсе кызматкерлери менен аркы-беркинин айтышып, отуруп калчу элек. Ошол кезде Эсекемдин жашы алтымышты таяп, акылга карк болуп турган чагы эле. Бирок, ал киши карылыкка бой таштап, илгеркидей жаагын жанып көп ырдабай калган. Биз ага карабай:

- Эсеке карылыктын алды, жашчылыктын арты деп, бир-эки ооз таштап койбойсузбу, - деп, акидей асылып алабыз. Эсекем болсо:

- Жаш өтүп бара жатат. Улгайган сайын ырга улан кезиңдегидей көңүлүң жакшы түшпөй, улуу-кичүүдөн ийменип калат экенсиң. Мени эми ырдатпай эле койгулачы, - деп баш чайкаар эле.

Ак көңүл кишиге айла жок тура, бир аздан кийин Эсекем:

- Ээ балдар, шагыңар сынып, шаабайыңар суул калбасын. Ырдаса ырдап деле берейин, - деп өзүнүн эң бир жакшы көргөн жана эң бир сүйгөн ыры "Ой тобону" уккулуктуу үнү менен ырдап коё берер эле. Бир жолу Эсекем бул ырын толугу менен ырдады. Баш-аягы болуп "Ой тобо" жыйырма эки куплет экен. Алардын арасында, акыркы саптарында Зыйнат деген кыздын ысымына ак деген сөздү кошуп, Ак Зыйнатым деп муңкана ырдады.

Кайран киши кайрылгыс жайга кетсе дагы "Ой тободой" элибиз менен бирге жашаган чыгармасын калтырып кетти, - деген эле, анын элесин кайрадан көзүнөн өткөрүп жаткандай түнжурап.

Эсеналынын небереси Сагынбек Абдыкалык уулунун жардамы менен "Ой тобонун" экинчи варианты (түрү) жазылып алынган.

Анда:

Кыргыек деген кыраан куш,
Кыр ташка барып конгон жок.

Кылыгы бир Ак Зыйнат,
Кыштообуз бирге болгон жок.
Жагалмай деген жапан куш,
Жар ташка барып конгон жок.
Жарпымды жасып аларга,
Ак Зыйнат
Жайлообуз бирге болгон жок.

Ак-Сайдын башы Балгынды,
Ак-Байтал, Кең-Кол, Салкынды.
Айтпай бир кантип коёюн,
Ак пери сындуу жаркынды,
Илик ай, илик ай, курбум сен ойло.

Көк-Сайдын башы балгынды,
Көк-Байтал, Кең-Кол, Салкынды.
Көрбөй бир кантип коёюн,
Көк пери сындуу жаркынды.

Илик ай, илик ай жан курбум сен ойло,- деп ырдалат экен. Ал эми Эсеналынын ырчы жана обончу Бурулкан деген келини "Ой тобонун":

Көпүрө көлдүн булагы,
Көз адамдын чырагы.
Көңүлдөш болуп бир жүрсөк,
Көңүлдүн сүйгөн ынагы.

Кара-Дөбө, Жагалмай,
Калкымдан сендей таба албай.
Кел экөөбүз ойноойлу,
Ак билектен шап алмай.

Илик ай, илик ай курбум сен ойло, - деген саптарын өзгөчө ыргак менен ырдап берди. Жогорудагы келтирилген тексттерди толугу менен ушул айылдын тургуну Кыдыралиев Качкангул да ырдап жүргөнүн Султан Мамбеткалиев көп жолу уккан экен. Ага жараша Качкангул да улак тарткан чабандес, шайыр, кандай ыр болсо да ийине келтире ырдаган таланттуу адам болгон тура. Эгерде

эл ичинен дагы жакшылап иликтесек "Ой тобонун" калган саптары дагы табылар беле?

Эсеналынын "Ой тобосу" алгачкы ырдалышынан эле угуучулардын жан шеригине айланат. Ал Эсекенин сүйгөн селкисине жетпей калган жеке күйүтүнө арналып чыгарылса да, ар бир жөнөкөй улан өздөрүнүн ойлоруна ортоктоштугу, дилдештикти табышкан. Ал эми Эсеналынын айылдаштары Ойтобо, келиндери Ойтобо аке деп тергешкен.

"Ойтобону (Эсеналыны айтып жатат) кай бирөөлөр,- деп эскерет Насирдин Байтемиров. – Ойтобо дебестен эле Эсеш деп дагы тергешчү. Ойтобосу го Ойтобо болсо, эми дагы бул Эсеши дегени эмнеси деп ойлоп калчумун. Элди туурап мен деле бирде Ойтобо, бирде Эсеш деп жүрө берчүмүн. Ойтобонун кабагы бүркөлдү дегенди уккан эмесмин. Качан болсо деле жылмайып, көңүлдүү, өзүн шайыр алып жүрүүчү. Алда кайдан анын карааны көрүнгөндө эле "Эсеш келатат, Ойтобо келатат!" дешип, көргөндөр кубанып, сүйүнүп жылмайып күтүп алышчу. Бала болсун, чоң болсун андан тартынышчу эмес. Ал келгенде "Эсеш ырдап койчу?" дедиби, атынан лып түшө калып, камчысын таянып чөгөлөй калып:

"Жагалмай деген жапан куш,
Жар ташка барып конгон жок" - деп, үнүн деле уккулуктуу чыгарып, ырдап коё берчү.

Ал ырдап коёюн деген ойду бирөөнүн көңүлүн алмакка эле ырдачу эмес. Кимге, качан ырдабасын, сындан өтүп жаткандай бардык шыгын, билгенин, сезимин, үнүнүн коздугун аябай, тамчысын калтырбай, бүткүл дитин жумшап анан ырдачу. Ал ырдап жатканда башкалар гана эмес, өзү да ошол ырдан ырахат алып, жаңырып, көркүнө чыгып, жашарып алчу. Анан көзү укмуштай болуп кетчү. Жөнөкөй кезде байкалбаган не бир сүйкүм, мээрим, от байкалып, учкундар жылт-жулт этип ары-бери учкандай, ал учкундар бири-бирин тутандырып жаткандай болчу. Анын караги алда кайда алыска кетчү. Капкайда калган

бир учурдун сүрөтүн көрүп тургандай өңдөнчү. Анчамынча жаш кылгыра түшкөндө кой көзү мурдагыдан дагы мээримдүү, сулуу болуп кетчү. Ал комуз чертчү эмес. Анын жүрөгү комуздун добушундай кубулуп, ырдап тургандай сезилчү. Ал ырдап жатканда отургандар күүлөп, мактап, кыйкырып, сүрөп, тамшанып отурушчу.

Ал бир эле ырды, бир эле обонду ырдачу. Башка ырды көп билген менен эл андан ошол бир эле ырды талап кылчу. Баягы ырыңды ырдап койчу деп деле айтышчу эмес, угармандар. Жөн гана ырдап койчу дешчү. Ал элдин эмнени сурап жатканын ошондон эле билчү. Бара-бара андан башка ыры жоктой, андан башка ыр билбечүдөй болуп кеткен, Ойтобо.

Ооба, автордун ырларынын туу чокусу "Ой тобо" болгон. Ошондуктан, ал "Ой тобонун" аркасы менен жан баккан, атак-даңкка жеткен. Ошону менен Ойтобо деген ылакап атка ээ болгон. Эсеналы "Ой тобосун" кеңири, кубаттуу үн үчүн чыгарган. Обонунун композициялык түзүлүшүнөн, ыргактуулугунан, мукамдуулугунан жеке гана авторго мүнөздүү жекечиликти, жаркындуулукту туябыз.

Обон токтоо, төмөнкү регистрде башталат да, бара-бара көкөлөгөн бийиктикке көтөрүлөт. Ырдын ар бир сабындагы "Ой тобо, деги, деги" же "жана, жана" деген сөздөргө өзгөчө музыкалык басым жасайт да, ырдын маанайы дагыдагы тереңирээк ачылат. Андай ажардуулук бара-бара ар бир угуучуну туткундап, жүрөгүнөн түнөк табат.

Ошентип, "Ой тобо" элдик ыр чыгармачылыгынын классикасына айланат. Анын чыкканына жетимиш жылдан ашык убакыт болду. Ошондон бери элдин оозунан түшпөй, сөзү, обону элдики делип ырдалып келе жатат. "Ой тобо" карапайым угуучуларга көөнөргүс асылдыкты берүү менен шыктуу жаштардын да музыкага карай өздөрүнө тиешелүү дүйнөсүнүн капкагын ачты. Арийне, Кыргыз ССРинин эл артисткасы Мариам Махмуд кызы 1937-жылы Бишкекте өткөн эл чыгармачылыгынын жумуриятынын олимпиадасында "Ой тобону" ырдап, опера жана балет театрына кабыл алынат.

Композиторлор В.Фере, П.Шубин, дирижёр А.Жумакматов "Ой тобону" үн жана фортепиано, эл аспаптар симфониялык оркестрлер үчүн иштеп чыгышты. Ар кандай муундагы, түрдүү шык-жөндөмдүү ырчылар ырдашып, өздүк репертуарларын байытышты. Айрым композиторлор "Ой тобонун" обонун опера, балет, симфониялык чыгармаларына пайдаланышты. Ж.Малдыбаева аваздык-аспаптык ансамблге салды.

Бирок, обондун тегинде эстрадалык кудурет, жыт жок болгондон кийин, ал таптакыр бузулуп салынган. Анысынан да Малдыбаев ага автор болуп алган. Бул такыр туура эмес. Алиге чейин үналгыдан, сыналгыдан, филармониянын залдарынан берилген концерттерде, басма сөз беттеринде "Ой тобонун" автору айтылбастан, элдики делип келе жатат. Бул бир эсе жакшыдыр. Бирок, анын автору бар болгондон кийин өзүнө беришибиз керек.

Айтылуу Эсеналы "Ой тободон" башка дагы ырларды чыгарыптыр. Бирок, алар учурунда кагаз бетине түшпөптүр. Автордон да эч ким жазып алганга кызыкбаптыр. Тек гана 60-жылдары белгилүү композитор, Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер Сатылган Осмонов жердеши Эсеналы карыянын оозунан "Сүйгөнгө" аттуу ырын сөзү менен нотага түшүрүп, жазып алыптыр. Бул ырдын аты эле айтып тургандай ал автордун ашык болгон селкисине арналыптыр. Жай жүрүштөгү, муңайыңкы мүнөздөгү обон экен. Анда:

Ак талдай белиң буралып,
Айнектей көзүң мен көрүп,
Асыл (бир) жаным кубанып,
Ошол,асыл бир жаным кубанып.
Көк талдай белиң буралып,
Күзгүдөй көзүң тунарып,
Күзгүдөй көзүң мен көрүп,
Күйгөн (бир) жаным кубанып.
Көпүрө көлдүн бурагы,
Көз адамдын чырагы,

Көрүшкүчө эсен бол,
Курусун (бир) жердин ыраагы.

Элиң бир Арпа жайласын,
Эрмегим секет кайдасың.
Кайгыны салдың ичиме,
Кантейин (бир) жандын айласын.

Жагалмай таман, күйкө көз,
Жакшына үндүү, ширин сөз.
Жаркылдап ойноп күлгөнгө,
Жайдары сонун жаштык кез, - деген ырдын (сөздүн) коштоосунда ырдалат экен. Ырга канат бүтүргөн обону "Ой тобонун" тегинде чагылдырылып, эл арасына тараган бул чыгарма да түбөлүктүү десек болот.

1998-жылы октябрь айында Кыргыз элинин көрүнүктүү инсаны, обончу, ырчы Эсеналы Кушчиевдин 125 жылдык юбилейине арналган "Ой тобо" аттуу конкурс Кыргыз Республикасынын композиторлор Союзу жана Кыргыз Улуттук Мамлекеттик телерадиокорпорациясы, "Сары-Өзөн" телерадиокомпаниясы, ошондой эле Чүй университети менен бирдикте уюштурулуп өткөрүлүүгө аракеттер жасалган.

Конкурстун максаты, Э.Кушчиевдин чыгармачылыгынын тарыхый барактарын эскерүү, изилдөө жана аны замандаштарыбызга пропагандалоо болуп, калыстар тобунун Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, музыковед Балбай Алагушев баштаган Сапаралиев Алтынбек, Субаналиев Сагыналы, Сырымбетов Абас жана Бактыгулов Сталбек сыяктуу мүчөлөрү болушкан.

Бул конкурс дагы "Ой тобо" эч кандай, эч бир башка адамга тиешеси жок, Эсеналы Кушчиевдин кимдир бирөөгө арналып, жан-сырынан жаралган чыгармасы экендигин кыргыз коомчулугу моюндаган иш чаралардын бири болгон.

## Эсеналы чалмачы

Эми, "Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" деген накыл сөз, ушу Кушчиев өңдүү адамдарга тиешелүү айтылып калган го деген дагы ойго жетеленип кетесиң. Эсеналынын дагы бир кегетиликтердин эсинде сакталып калган өзгөчө өнөрү болгон экен. Анын чалмасы бар эле деп эскеришет, аны жакындан билгендер. Анын ошол сыйкырдуу чалмасына туш келген кандай гана балбан болбосун, жыгылып эле тим болбой, айрым учурларда колу-буту сынып кеткенин айтышат.

Ушул эле Кегетиде Сайдин аттуу сөөк-саактуу, балбан билек адам жашап өткөн. Анын балбандыгы да чын эле. 200 килограммдык бочкадагы солярканы жалгыз эле арабасына жүктөп алып, көздөгөн жагына муңбай кете берчү дешет анын замандаштары. Чагымда, экөө кошуна туруп биринин сырын бири жакшы билбегенине караганда ал Эсеналыдан көп кичүү болсо керек. Алардын жашаган жайлары дагы жанаша, ага жараша огороддору да танапташ болгон экен. Эсеналынын адам кызыгарлык чалмачылык өнөрүн Сайдин көзү менен көрбөсө да кантип укпай койсун. Мүмкүн угуп алып, кызыгып жүргөнбү, айтор...

Эми, Эсеналынын жолдошторунун көпчүлүгү жогорку көчөдө жашагандыктан ал аларга айланбай бара турган жол ошол огороддорду тепчип өтчү. Анын мындай кылыгына албетте, Сайдиндин жини кашайбай койчу беле. Айрыкча чөп бийиктеп калганда тебеленди болгону... Күндөрдүн биринде Эсеналынын дагы ошол тараптан келе жатканын көрүп, алдынан тосуп чыгат. Шайырдын жүзүнөн демейдегидей эле жылмаюу кетпей, Сайдинге мурдагысындай эле жайдары карайт.

Тескерисинче үтүрөйгөн балбан бетме-бет келгенде салам бергендин ордуна:

- Байке, эмне огородду тебелейсиң? - дептир, маңдайына далдайып тура калып. Анын илгери-кийин өзү көрүп билбеген жана күтүлбөгөн кылыгына таң калган Эсеналы:

- Эмне, түш көрдүңбү? - дейт, дагы эле жүзүнөн өзгөрүү билинбей.

- Түш көрбөй эле чын айтам, байке. Же эмне, күрөшөсүңбү? - дейт далдайып, Эсеналынын төбөсүнөн ылдый карап.

- Болуптур, күрөшсө чындап күрөшөлү, бирок таарынмайдан жок болсун. Биринчиден сен Сайдин, өзүң балбансың. Аны көрүп-угуп жүрөм. 200 килдик бочканы ичиндеги жүгү менен арабаңа жалгыз эле жүктөп алып жүрөсүң. А биз кайдан, керек болсо аны ордунан жылдыра албайбыз. Угуп-билип калгандырсың, атаң дагы балбан болгон...

- Ооба, ошону мен сага эскертейин деп жатканым да.

- Анда эстедим. Ошол эле болсо жөн эле койбойлубу?

- Эмне, коркуп турасыңбы?

- Эмнеге кормок элем. Жөн гана сый эле калсакпы, шагың сынып калабы деп жатам да.

- Аны бара көрөбүз, кимдин шагы сынат. Күрөшкөн эле кишилер сыйырышып калмак беле. Менин жөн гана күрөшкүм келип жатат, сени менен байке. Мына, эч ким деле көрбөйт...

- Болуптур. Кой десем болбодуң. Кел эмесе карма! - деп колун сунат.

Күркүрөгөн Сайдин тигини айлана басып, колдон алып силкип көрөт. Тигинин башы аласына кире түшөт. Анысына эрдемсип калган балбан эми дааналап окутуп коёюн дегенби, будалап жибергиси келип чындап кармай бергенде алачакмактаган көзүнө асман-жер аралашып, шалак этип Эсеналынын алдында калат. Боз-ала болуп тура калат да, дагы кармайт камсып-кумсуп, тигинден озунуп. Дагы астында калат далдайып.

Ошентип, ал экөө ошол жолу он үч жолу кармашып, он үчүндө тең Эсеналынын астында кала берген экен, Сайдин балбан. Акырында денесин жерден ала албай, талтайып отуруп калган Сайдинге:

- Болдубу? - деген тура, эми ал тигинин төбөсүнөн ылдый карап.

- Болду, - дептир, демин жыя албай энтиккен балбан. Анда Эсеналы:

-Эми, эч кимге айтпа. Эсеналы абышкадан жыгылдым десең сага баары бир эч ким ишенбейт, - деп, үйү тарапка кирип кетет. Бирок, Сайдиндин ичине кеп жатпай, андан да уялып калбай, ошол эле күнү жолуккан адамдарга жарыялап салган деп жүрүшөт, Эсеналынын чындап эле балекети бар экенин.

Кийин Эсеналынын жолдоштору Сайдинге: "Эсеналы сени дагы аяган экен. Чындап келсе туугандык жана кошуналык кылган окшойт, же болбосо буту-колуңду сындырып деле коёт эле. Сен өңдөнгөн далай балбандын бутун сындырганын көргөнбүз" - дешиптир, мындан кийин байкап жүрүшүн эскертишип.

Кандай болгон күндө да ошол Сайдин, ошол эле Эсеналы жана башка өнөрлүү адамдар кегетиликтердин сыймыгы, алардын эсинен чыкпай тургандар эле да. Эми мындай Кегетиден чыккан адамдардын баарын иргеп айтып отурса, дем жетер бекен.

Мына ушунусу менен дагы өзгөчөлүү көрүнөт, Кегетини жердеген кегетиликтер.

## Жуманалы табып
## (Караев)

Ушул касиеттүү Кегети жергесинен ар кандай багыттагы талантка жана жөндөмгө эгедер адамдардын көп чыкканы айтылат. Жуманалы табып жөнүндө алгач укканда ал кишинин касиетине таң калып, ал сыяктуу адамдар эл арасында сейрек кездешкен, арийне, жөнөкөй адамдарга салыштырмалуу өзгөчө жөндөмгө жана жашыруун касиетке ээ болгону менен айырмалуу экендигин сездим.

Адам акылы учкаяк, ал изденип, жаңылыкка умтулуусу менен кээ бир жаңылыштыгы адам тагдырына кескин бурулуш жасап, айрым учурда анын өмүрү менен чектелип калып жүргөнүн деле көрүп жүрөбүз. Айтайын дегеним,

Жуманалы табыптын сыркоо адамдардын оорусунун белгилерин (диагноз коюуда) аныктоодо өтө кылдат, так ажыратып, ал багытта жаңылганын эч бир адам байкабаптыр, көрбөптүр да.

Демек, башында айтылгандай тубаса, сейрек жаралган касиеттүү адам болгон тура, Жуманалы табып. Ал рак оорусу менен ооруган кегетилик Абдыкалыков Керим деген адамдын апасын айыктырганы эл арасында таң калуу менен ушул кезге чейин айтылып жүрөт. Бул эмне, дал келүүчүлүкпү, жаңылыштыктанбы, же апыртуубу? Жок, чынында эле бул болгон окуя экен.

Ооруканадан ал адамдын оорусунун белгисин "рак" экен деп так аныкталып, ал тууралуу жакындарына жашыруун билдирилип, үйүнө чыгарып беришкен тура. Дагы кошумчалаган дарыгерлер тиги өлүм оозундагы кишинин көңүлүн оорутпашын эскертишип, ашып кетсе он күндүк жашы калганын айтышат. Кадырман эненин балдары белгиленген жамандыкка даярданышып, ичтеринен сызгандары канча.

Айыл жеринде "ооруну сураса айыкканга тете" дегендей, сыркоо адамды кирип, чыгып сурагандар көп болот. Жуманалы дагы эл менен чогуу келип, ал-жай сурашып отурат. Оорулуунун жанына жылып отуруп тамырын кармайт, чекесин басат, оозун ачтырат, кыскасы айланасындагыларга көңүл бурбай өзү менен өзү жана тигил сыркоо менен алек боло берет.

Анан балдарын чакырып, эч бир буруп-терип отурбай эле:

- Энеңерди кудай албайт, - деген экен. Оорулуунун акыбалын сурап, аны аз болсо дагы жакшы сөзү менен алаксытыш үчүн ар кандай мааниде сүйлөгөн адамдар унчукпай тигини карап отуруп калышат. Жуманалы дагы:

- Энеңерди балталаса дагы өлбөйт. Дагы көп жашайт, мен муну айыктырам, - дейт.

- Оозуңузга май, - дешет, аң-таң калган балдар, Жуманалыга ишенип-ишенбей.

Ошол аялды кандайдыр бир чөптүн тамырлары жана

адам көрүп-билбеген, анын дарылык касиетине түшүнбөгөн табигый дары чөптөр менен дарылап айыктырган экен. Кийин Жуманалынын мындай табышмактуу сырынын себебин сурагандарга: "Рак деген оору болбойт. Бардык оорунун өтүшүп кеткен түрү эле бул - рак. Убагында байкап, оорунун белгисин так аныктап, ошого жараша билгичтик менен жакшылап дарыласа бардык оору айыгып кетиши мүмкүн. Ал эми оорунун саны канча болсо, дарынын дагы саны ошончо болот. Бирок, оору ачык келип, тескерисинче дары жашыруун жүрөт. Ошол дарыны жашырынган жеринен таап алуу да каалоого жараша болот. Бул аялдын оорусу дагы чегине жете элек экендигин көрүп анан дарылап, айыктырдым" - деген экен. Ошол аял андан кийин дагы бир канча жыл жашап, бактылуу карылыктын доорону сүргөн тура.

Жуманалы табып убагында Кегети аймагынан өтүп, Кыргызстанга гана эмес, жалпы Советтер Союзуна ошондой эле чет элге дагы белгилүү болгон дарыгер эле. Жогоруда белгиленгендей ал көптөгөн оорулардын дабасын таап, айыккандардын ыраазычылыгын алган. Дары чөптөрдүн көптөгөн түрүн билип, аларды бири-биринен айырмалай билчү экен.

Райондук, шаардык ооруканынын дарыгерлери Жуманалы табыптын байлап жана таңып берген, чыккан ошондой сыныктарды эч оңдобой, карабай туруп, сыркоого бюллетен жазып беришкени маалым.

Жуманалы Караевден кеңеш сураш үчүн медицинада көрүнүктүү орду бар Алтымышов сыяктуу белгилүү чөптөн дары жасагычтар жана дарыгерлер келип-кетип турушчу дешет. Анын катышуусу менен ошол эле Алтымышов баштаган окумуштуулар чөптөн дары жасашканы белгилүү. Бирок, көрө албастыктын кесепетинен жана жеке адамдын кызыкчылыгынын себебинен ал ойлоп табуучу окумуштуулардын ичинде анын аты аталбай калганы чындык.

Жуманалы табып Ата Мекендик согуштун катышуучусу

жана майыбы. Ошол согуш учурунда ок жаңылган жарадар колун өзү айыктырып алган экен деп айтышат. Жуманалынын колхоз жумушунда, курулушунда жетекчиликте жүрүп, элине эмгеги бул багытта дагы өткөн.

Жуманалы табып дарыгерлигинин аркасында Кегетинин атын чет өлкөлөргө дагы тааныткан. Себеби, ал тапкан дары чөптөр негизинен ушул эле Кегетинин аймагынан, тоолорунан, кокту-колотторунан табылган эмес беле.

Андан башка дагы, "ал кишинин жасаган эмгеги ат көтөргүз, же айыл четиндеги мүрзөлөрдү айланта тосмологону эле канчага турат" - дешет айылдаштары. Тактап айтканда, Жуманалы табыптын өмүр жолундагы бош калган барактарын толуктоо дагы кегетиликтердин бирден-бир милдети болуп кала берет.

Мен 2012-жылы Жалал-Абад облусуна иш сапар менен барып, Бүргөндү айылында бир катар адамдар менен жолугушуп калган элем. Ошондо менин Чүйдө жашап жатканымды уккан бир орто жашап калган аял ушул кегетилик Жуманалы табып жөнүндө сураган. Мен табып жөнүндө уккан-билгенимди айтсам, алымсынбай калганы жүзүнөн билинген ал: "Жуманалыдай болобу! Мен ооруума себеп таба албай бүт Кыргызстандын аймагында жашаган "мен табып" дегендерди жана ооруканаларды кыдырып жүрүп, акырында ошол Жуманалы табыптан оорумдун дабасын тапкам. Ага эки дүйнөдө ыраазымын! Андан айланып кетсе болот!" деген эле.

Ошондой эле кыргыз коомчулугуна белгилүү илимпоз, тарыхчы, адабиятчы, Чүй университетинин ректору Сулайман Кайыпов дагы Жуманалы табыптын касиетин өз көзү менен көргөнүн айтат. Ал: " Мен Жуманалы табып менен 1978-жылы күз айларында тааныштым. Себеби, апам катуу ооруп, айылдан, райондон, ошондой эле облустук ооруканалардан текшерүүлөрдөн өткөндөн кийин"боору кургап, функциясы бузулуптур" деген диагноз коюлуп, борборго жолдомо жазып беришкен. Ошол кезде онкология инститтутунун директору Саенко жана орун

басары доцент Илиясов дегендер иштейт экен. Ошолор менен сүйлөшүп ал жерге жаткырдым. Бул жерде дагы бир нече жолку текшерүүлөрдөн өткөрүлгөн соң ачык эле, "Апаңдын он беш күндөй гана жашоосу калыптыр" деп чыгарып беришкен. Амалым түгөнүп, ошентсе да балалык милдетимден кутулайын деген ой менен: "Апа" дедим, акыркы сөзүм кылып. "Кыргызстанда доктур дегендин чоңу ушул. Дарыландык, жазган дарыларын алдык. Эми каалаган же көздөгөн жериң болсо айт, дагы барып көрөлү" дедим. Апам: "Балам, доктуруң деле болбойт окшоп калды. Ушул тарапта Жуманалы деген олуя киши бар имиш, ошого эле барып көрбөсөм!" дейт. "Ким экен?" десем. "Билбейм балам. Мени менен чогуу жаткан кемпирлер айтты эле" дейт. Мен жүгүрүп барып ошол кемпирлерден дарегин алдым.

Көрсө ал киши Токмоктун үстүндө Кегети деген айылда Маркс деген бөлүм бар экен, ошол жерде жашайт экен. Ал кезде мен Тил, адабият институтунда иштечү элем, ал жерге келип, "Кегетиден ким бар?" деп сурамжыласам, Дөөлөтша Исаев деген агайыбыз бар болуп чыкты. Тилекке жараша Жуманалы табып анын жээни болот экен, кат жазып берип, "Менден салам айт! - деп аябай дайындады.

Ошол эле күнү шашылыш жетип барсам жума намазга кетип калыптыр. Ал жерден жолуккандар намаздан эрте келсе карашы мүмкүн, эгер бешимден ооп кетсе карабайт дешти. Кудай жалгап, Жуманалы убагында келип апамдын тамырын бир нече жолу имерип кармады да:

- Он беш күндөн кийин дары даяр болот. Буюрса апаң айыгып кетет. Айылыңа жеткирип кой. Өзүнүн көнгөн суусун ичип турсун, - деди.

Он беш күн?! Апамдын өмүрүнүн акырына чейинки дарыгерлер тарабынан чектелген кооптуу күн да ошол он беш күндүн тегерегинде болчу да. Анын да беш-алты күнүн ары-бери болуп жүрүп өткөрүп жибергенбиз. Эми кандай айла болот? Акырында табыпка:

- Он беш күн болбой калат го! - дедим акырын сүйлөп. Дегн эле бир караган кишиге орой киши экен:

-Эмнеси болбой калат? - деди, бурк этип. Он беш күндүк эле өмүрү калды деп ооруканадан чыгарып бергенин айттым эле:

- Ким айтты? - дейт.

- Саенко менен Илиясов айтты эле, дедим, алардын жөнүн толук түшүндүргөнгө аракет кылып.

- Ат-таңдын гана оозун урайын акмак! Аларың туура эмес айтышкан. Ошону айткандар өлөт, а апаң болсо жашайт. Мен тамырынан кармап, билип турбаймынбы. Айылга алып барып кой. Ошол он беш күндөн кийин чөп бышат, анан мен дары даярдап берем, - деди. Мен:

- Азыр эле бериңизчи? - деп болбой жабышып туруп алдым эле:

- Бери кел, жармашкан Кудайдын каары, - деп ээрчитип сыртка чыкты да, өсүп жаткан чөптү көрсөтүп:

- Карачы? Мобу чөп азыр быша элек. Бышкандан кийин күндүн көзүндө, айдын жарыгында ала турган чөптөр бар. Мунун эркек, ургаачысы дагы болот. Ошол чөптүн бышаарына дагы бир нече күн бар, ошондо гана ыгы менен терип кургатып анан дары жасайм. Бери келчи?! деди. Үйүнүн капталында ашкана сыяктуу кичинекей үй, анын ичинде жер төлө бар экен, ошонун ичин көрсөттү. Башымды салсам ичи толгон эле жылан. Шишеге салып коюптур.

- Мына дары! – дейт, сөөмөйү менен көрсөтүп. – Чөп бышканда ушулардын уусунан кошулуп дары даярдалат. Он беш күндөн кийин келсең, акмактанбай. Коркпо, апаң эч нерсе болбойт.

Он беш күндөн кийин барсам жасап койгон экен. Мага бир бөлүгүн берип жатып: "Бир айлык кылып жасап койдум" деди. "Баарын эле бериңизчи?!" деп жабышып алдым. Ал башка да бирөөгө керек болорун айтып, менин көжөлгөнүмө ийидиби, же көйүмдү түшүндүбү, баарын эле берип койду. Ошентип апам айылга кетти.

Доктурлар айткан "Он беш күн" эсимде эле да. Жүрөгүм дүпөйүл. Күн сайын айылдан бир жаман кабар күтүп

эле жүрөм. Күндөр өтө берди. Тынч. Бир айдан кийин Жалал-Абадга абамдын үйүнө телефон чалсам ал жакка атам келип калган экен. "Кандай, эмне жаңылык?" дейм, кабатырланып. "Жакшы, баары жакшы. Аманчылык" дейт, атам бейкапар. "Апам кандай?" дейм. "А-а апаң жакшы жүрөт. Баягы дары жагып кыргыйдай болуп кеткен. Эшик-эликте ишин кылып жүрөт" дейт, күлүп.

Баары бир түтпөй, отпуск алып жетип барсам апам үйдө пол жууп жатат.

- Сенден башка пол жууй турган киши жок бекен? - дейм, амандыгына, анан да кадыресе иш кылып жүргөнүнө сүйүнүп.

- Өзүм эле жууйм. Кыймылдабай деле жүрбөдүм беле. Айыкпадымбы балам. Жуманалыга ырахмат! - дейт, күлүп.

Ошо, ошону менен апам ошондон кийин дагы 31 жыл жашап, кийин өз ажалы менен каза болду" дейт, Сулайман агай канча мезгил өтсө да, белгилүү адам менен тааныштыгын ыраазылык менен эскерип.

Жуманалынын айылдаштарынын айтканына караганда Жуманалы элдик дарыгердин устаттары да өзүндөй эле элдик дарыгерлердин катарын толукташкан белгилүү адамдар болушкан. Шааке аксакал, Байдөөлөт (Ийри каптал), мал доктур Сейналы сыяктуулар Жуманалынын устаттары катары элдин эсинде калышкан. Шааке аксакал менен Байдөөлөт манап тукумунан, ал эми Сейналы моноддор уруусунан чыккан. Ушул аталган адамдар менен Жуманалынын мамилеси өтө жакын болгонун айтышат. Алардын бардыгы чөптү бир-биринен айырмалай билишкен жана андан дары жасашкан. Мисалы Шааке аксакал сыныкты, чыгып кеткенди кайра ордуна салганды мыкты өздөштүрүп, анын ал гана эмес Ата Мекендик согуштун катышуучусу мугалим, акын-жазуучу-журналист Чолук Садыковдун манжасынын тарамышы үзүлүп, жаны жок болуп калганда дарылап жан киргизген экен. Байдөөлөт аксакал дагы чөптөн дары жасап ал гана эмес тубаса хирург болгон дешет. Ал жөнүндө; «Бир жолу

араба менен чөп тартып келе жатып кулаганда арабанын астында калып, беш-алты кабыргасы сынган. Алардын жарактууларын ондоп танып, үч кабыргасын операция жолу менен алып салган. Ошондон кийин (Ийри каптал) атыккан дешет» жердештери. Анткени, кабыргалары толук болбосо, бир жагына кыйшайып калат экен.

Ал эми Сейналы аксакал малга жакын болуп мал менен өмүрү өткөн. Анын натыйжасында көк мээ болгон койдун баш сөөгүн ажыратып, мээсин каптап калган шишикти алып салып айыктырган. Ошон үчүн ал «Сейналы мал доктур» деген лакап атка ээ болгон. Булардан башка да дарыгерлер көзү көрбөй карайлап калган сокурларды дарынын күчү жетпей калса чел кабыгын сыйрып салып айыктырганын көргөндөр болгон.

Кегетиден кандай гана таланттуу адамдар чыкпаган!

Жуманалы элдик дарыгердин өнөрүн кызы Тамара менен анын күйөөсү Асылбек улантып жүрөт дешет. Айылдыктар айрыкча Асылбекти сыныкты танып, чыккандарды ордуна келтиргенин баалашат. Мисалы Ички иштер органдарында көп жылдар иштеген полковник Жумадил Шейшеналиевдин буту сынып, эки-үч айда айыкпай койгон. Ден соолугуна байланыштуу ишинен бошоп каларында Асылбек танып, бир жума ичинде айыктырган экен.

Демек, бирөөнөн үйрөнүп, бирөөнө үйрөткөн Жуманалы табып түгөл кыргыз жерине кабары жетип, элге таанымал болгон тубаса дарыгер адам болгону чындык.

## Дарыгер Аалы жана акушерка Бүбүйса

Кулов Аалы 1920-жылы Чүй районундагы Талды-Булак айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал 11 жашка чыкканда атасы Кул каза болот. Жетимчиликтин каарын тарткан өспүрүм, энеси экөө өлбөстүн күнүн көрүп, жаштайынан колхоздо бел майыштыра эмгек өтөйт. Тийип-качып жүрүп айылдык мектептен 7-класстык билим

алгандан кийин 1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ошол жылдын 22-июнунда каргашалуу согуш башталып, ал жерден жөндөмүнө жараша дарыгерлик курстан өтүп, дээрлик 4 жыл бою согуш лазаретинде кызмат өтөгөн. Тарткылыгы жок экен, согуш аяктагандан кийин Ата Мекенине аман-эсен кайтып, Талды-Булак колхозунда кампачы болуп иштеген.

Кандай себеп болгону белгисиз, 1956-жылдары Кегетиге келип, фельдшер болуп иштеп, ошол эле жылдары Фрунзе шаарындагы медициналык окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө кирип, согуштан алган дарыгерлик билимин өркүндөткөн.

Ошондон өмүрүнүн акырына чейин Кегети айылында сыркоо адамдардын жанында күн тынымын, түн уйкусун бөлүп, жан-дили менен эмгектенген Алы элдин эсинде чыныгы ден соолуктун сакчысы катары сакталып кала берди. Жердештеринин айткандарына караганда күндүн кайсыл маалы болсо да баш тартпай чакырган жерге кете берчү экен. Жаштайынан турмуштун татаал жолун басып өтүп, андан алган тажырыйба ага боорукерликти, кайрымдуулукту чексиз жок ыйгарып, тескерисинче ичи тарлыкты, ач көздүктү, куулук-шумдукту жан-дүйнөсүнөн алыс качырган.

Өмүрүнүн акыркы мезгилдеринде шал илдетине кабылып, бир ыптасы иштебей калган дешет. Ага карабастан, "Ошол кыймылдабай калган колтугуна оорулуунун башын кысып алып, тиш сууруганын далай көргөм"- дейт, кызы Айгүл атасы жөнүндө эскерип жатып.

Аалы жалаң гана фельдшер катары ийне саюу, дары берүү менен чектелбестен сыркоодогу оорунун белгилерин тамыр кармоо менен туура аныктап, ар түрдүү жолдор менен дарылоонун жолун өздөштүргөн кыл табып болгон экен. Билим өркүндөтүүчү курстарга барып, катышуучуларга тажрыйбалуу дарыгер катары сабак өткөн учурлары көп болгон.

Ишиндеги жетишкендиктери үчүн 1966-жылдын 27-

майында СССРдин Саламаттыкты сактоо министрлигинин №239 буйругу менен "Саламаттыкты сактоонун отличниги" деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Айылдаштары дагы анын өтөгөн эмгегин жогору баалап, өзү иштеген имаратты дарыгердин менчигине чыгарып беришкен. Көзү өтүп кетсе да "Эл эмгектен эскерип" Кегети айылынын бир көчөсүнүн дареги Аалы дарыгердин атына коюлган.

Акушерка Бүбүйса апа дагы күйөөсү Аалы атанын дарыгерлик өнөрүн туу тутуп, өзү дагы кегетиликтердин көпчүлүгүнүн киндик энеси болгон экен. "Түн ичинде деле эшиктин алдында бутка сала койгонго ыңгайлуу дечүбү, айтор желим галош даяр турчу эле" деп эскерет, Бүбүйса апанын кызы Айгүл. Көрсө аба ырайынын катаал күндөрүнө карабай, түн катып толготкон аялдардын дарегине чакырык менен кете берчү тура.

Учурда бул атактуу дарыгерлерден калган үйдө кызы Айгүл үй-бүлөсү менен жашап турат.

## Согушта жоголгон сааттын тарыхы, саат ээси Асызбекке кайтарылды

Улуу Ата Мекендик согуштун жана агартуу майданынын ардагери Ибраимов Асызбек 1924-жылы Кегети айылында ислам динин ыйык туткан молдонун үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Улуу Ата Мекендик согуш башталып, 17ге жаңы чыккан өспүрүм өз ыктыяры менен согушка жөнөп кеткен. Согуштун алгачкы күндөрү Асизбек өзү менен бирге согушкан майдандаштары менен аскердик даярдыктан өтүп, согуш учурундагы эр жүрөктүүлүгү эске алынып, күжүрмөн жана саясий даярдыктын отличниги наамына жана сержант деген чинге татыктуу болот.

Эми бул согуш учурунда жаралган кырдаал ойго келбей турган иштерге кирипгер кылып, адам өмүрү түккө арзыбай турганда тагдырдын тай күлүк ташы ар кимге ар кандай сыноосун тартуулабады беле. 18 жашар жаш жоокер согушка биринчи жолу катышып, андан

аман-эсен, керек болсо ошондо алгачкы жолу каармандык көрсөтүп, командиринин алкоосуна татый алгачкы айкаштан ийгиликтүү чыккан. Ошол күндөн баштап өзү менен бир пулемётту тейлеген Семён деген орус жигити менен достошот. Асызбек дагы 1942-жылдагы согуштук салгылашууда чукул түшкөн снаряддын чачырандыларынан колунан ажырап, ал колундагы тагылган саат ошол жерде көмүлүп кала берет. Бул согушта Семён каза болуп, Асизбек көрсөткөн эрдиги үчүн биринчи жолу өкмөттүк сыйлыкка татыктуу болгон экен.

Андан чейрек кылым мезгил өтүп, кезинде согуш жүргөн талаага телефон түркүгүн орнотуу үчүн чуңкур казып жаткан жумушчулар Асизбектин жулунган колу менен кошо түшүп калган баягы саатты таап алышкан. Аларды кызыктырган нерсе сааттын капкагынын ички бетинде жазылган: "10 саат 45 мүнөт. Падколп посёлогу. Согушуп жатабыз. 1942-жыл. 156-аткычтар полку. А.Ибраимов. Фрунзе шаары" деген курч предмет менен кыра жазылган жазуу чыгып, жумушчулар саатты согуштун ардагери, жергиликтүү кабарчы Павел Граборго алып барып тапшырышкан. Ал саattын ээсинин кийинки тагдырына өтө кызыкдар болгондуктан, 1965-жылы "Советтик Кыргызстан" газетасына "Сааттын сыры" деген темада макала жазып жиберген. Кабарчыга сааттагы жазуулардын ичинде Фрунзе шаары көрсөтүлгөндүктөн, баатыр жоокер кандай болсо дагы Кыргызстандык болсо керек деген ойго келген. Газетага чыккан макала окугандардын кызыгуусун жаратып, Асизбекке да жеткен. Ал Павел Граборго алкыш айтып кат жазган. Жыйынтыгында, ал Воронеж шаарын калыбына келтирүүнүн 25 жылдык маарекесине катышууга чакыруу телеграммасын алып, ал жерге барат да ал кездеги согуш жүргөн талаа ушунча чукул арада өзгөрүлүп, шаар түшкөнүн көргөн. Аны кубануу менен тосуп алган майдандаштарынын колунан баалуу белектерди алып кайткан.

Кан күйгөн согуш талаасында өлүм менен өмүрдүн

ортосунда кармашып жүрүп, 1945-жылы Кенисберг (азыркы Калининград шаары) шаарын бошотуу согушуна катышып, бир колунан ажыраган Ибраимов Асизбек Улуу Жеңиш жарыялангандан кийин 1945-жылы туулган жерине аман-эсен кайтып келген.

Ал атайын адистикке ээ болуу максатында Фрунзе шаарындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган. Баатыр жоокер 1947-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынып, мугалимдик кесибин уланта берет. 1951-жылы Арпа-Тектир айылындагы башталгыч мектепке директор болуп бекитилип, жетекчиликке да такшала өмүрүнүн акырына чейин сүйгөн кесибинде үзүрлүү эмгектенген.

## Эл жазуучулары элеттен чыгат, же Насирдин Байтемировдин бейнесине тартылган штрихтер

Эми ошол Манап Станбектен тарагандардын ичинен Насирдин Байтемировдун аты жалпы өлкө аймагына чагылгандай тез тараган чыгармачыл чөйрөдөгү Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Алыкул Осмонов, Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу кыргыз адабиятынын башатында турган адамдардын катарын толуктап турат. Ал кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошуп, анын тематикалык, жанрдык, стилдик көп түрдүүлүгүн артырууда чыгармачылык менен эмгектенген көркөм сөз чебери, кыргыз окурмандарынын сүймөнчүлүгүнө татыган улуу жазуучу.

Чынын айтсак, анын чыгармаларысыз кыргыз адабиятын, маданиятын элестетүү мүмкүн эмес.

Н.Байтемиров 1916-жылы Чүй районундагы Кегети айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Андан соңбардыкэлеалкездегиакын-жазуучулардынтагдырындай оорчулукту башынан кечирип, жетимчиликтин капшабына кабылган. Атасынан эрте ажыраган Насирдин, атасыз

жетим-арсыздын күнүн көрүп жүрүп, Кегетиде колхоз уюшулгандан кийин гана мектепке окууга мүмкүнчүлүк алган.

Насирдин Байтемиров мектепти бүтүп-бүтпөй шартка жараша Кегети совхозунун №2 бөлүмүндө бөлүм башчы болуп иштеген. Ал иштеген бөлүмдө Алыкул Осмоновдун бир тууган эжеси жашаган экен. Ошол аркылуу да болочок акын- жазуучу улуу акын менен жолугушу да мүмкүн эле.

Чарбада иштеп, айылдык мектепти бүттү кылгандан кийин, Фрунзедеги зооветтехникумунда окуйт. Болочоктогу акын- жазуучу жана драматург чыгармачылык таржымалы мына ушул мезгилден башталган. 1934-жылы "Ленинчил жаш" газетасына жаш акындын "Жаш тилек" аттуу алгачкы төл башы чыгармасы жарык көргөн.

Н.Байтемировдун чыгармачылык шыгынын ойгонушуна, аталган алгачкы ырынын жаралышына бала чагындагы энесинен уккан жомокторy жана Калмырза, Жаманкул, Осмонкул, Ысмайыл өңдүү атактуу ырчылардын ырлары болгон. Ошолорго таасирленген акын-жазуучунун "Жомоктор" (1939) аттуу биринчи китеби жаралган. Н.Байтемировдунпоэтикалыкдүйнөсүнүнкалыптанышына таасир эткен негизги булак турмуш чындыгы эле. Анткени, айыл жеринде жашоо, чоң турмушка аралашып, анын карама-каршылыктары, адамдардын мүнөздөрүн үйрөнүү жазуучу үчүн өзгөчө чоң мектеп болгон. Ал эми "Кызыл Кыргызстан" газетасында атайын кабарчы катары иштөөсү анын сөз менен иштөө чеберчилигин калыптандырган.

Калемдештеринин арасында "адабият дыйканы" деген атка конгон нукура элдик акын Н.Байтемиров жалаң гана кара сөздүн үстүндө эмгектенбестен өмүр бою ыр жазып келген лирик акындардын бири.

Мен ырдан бир сулуу кыз жасап койдум,
Лира деп аны өзүм атап койдум.
Лираны эки ирет өпкөнүмдө,
Оюмда эки жүз жыл жашап койдум, - деп,

махабат сезиминин алдында өзүнүн күчтүүлүгүн көтөрө

чалып, пендеге берилүүчү кыска өмүрүн лиранын күчү менен 200 жашка узартып алганын сыймыктануу менен айткан экен.

Насирдин Байтемиров Совет өкмөтү согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаларды кайрадан калыбына келтирүү этабынан өтүп, Кегети айылы айыл болуп калыптанып калган мезгилинде өзү сын көз менен карап, анан жазып калтырган "Кубаныч" аттуу аңгемеси 1966-жылы "Ленинчил жаш" газетасына жарыяланган экен.

"Чүйдөгү Кегети менин жерим" деп башталат бул чакан аңгеме. Анда Кегети жергесинин ажайып сулуулугун, жаратылышынын өзгөчүлүгүн айтуунун алдында ошондой жерде жаралып калганына сыймыктанганын жашыра албай. Андан соң:

- Мен айылыма эс алуу үчүн эмес, көбүнчө иштөө үчүн барам. Айылым тоонун түбүндө. Токмоктон чыкканда эле тоо түбүндө дүгдүрөйгөн кара бак көзгө чалдыгат. Башкалардын көзүнө кандай экенин билбейм, ал жер менин көзүмө алда немедей сонун көрүнөт.

Жакында бир катар жазуучулар ошол жерде болдук. Кыштактын дал үстү Боз-Секи деп аташат. Биз ошол секиге чыкканда андагы төрт күлдүн так бурчунда тургандыгыбыз эсимде.

- Карачы Муса, бул секи эмес эле сахна. Ырдай берсең болот. Мына, жаткан кең дүйнөнүн бардыгы сенин угуучуларың, - десем Жангазиев да төмөнгө карай жылмая көз жиберет. Чыгышы Кеминге, батышы Кант шаарына чейин так, алаканга салгандай дапдаана көрүнөт. Алда кайдан көздүн жоосун алып, Канттагы цемент заводу турат. Андан бери ар кайсы жерде кыштак.

- Тетиги "Сын-Таш" колхозу дейм. Ал жөнүндө айтып жатсам, ал колхоздун элеси көз алдыма тартылат. Анын байлыгына кубанам. Башкармасы Карыпбай менен мындан бир топ жыл илгери сүйлөшкөнүмдү эстейм. Анын: "Көп кемчилик бар" деген сөзү кулагыма угулат. Ал киши эми Социалисттик Эмгектин Баатыры болгондугун ойлойм, кубанам.

- Сиз туура айтасыз. Чын эле сахнага окшош экен. Сиз ушундай керемет жерде туулган үчүн акын болгон турбайсызбы. Мындай жерде акын эмес киши деле акын болуп кете турган, - деген Муса жердин көркүнө суктанат. Кыштактын дал ортосундагы эки-үч катар бир канча тамдарды карап, көз жиберет.

Алар мындан эки жыл мурда эле жок болчу. Тээтиги түтүнү булап жаткан мончо. Анын чыгыш жагында машиналар тынбай кирип-чыгып жатат. Ал жерде мехпарк жайгашкан. Ал гана дейсиңби? Бул кыштактын борбору тап-такыр кайрадан курулат. Эки-үч катар үйлөр салынат. Өзүнчө бир чакан шаарчага айланат. Кегети совхозунун борбору биринчи фермадан ушуга көчөт. Биринчи ферма дегенибиз, тетиги чыгыш-түндүк жагында көрүнүп турган топ бак. Өткөн жылы эле ага баруу үчүн тээ төмөндөгү "Бурана" колхозуна барып, андан өөдө кайрылып отуруп көп жол басып, көп убакыт кетирчүбүз. Эми кашкайып жол түшүп калган тура.

Совхозубузга Кадыр Шайыков деген жаңы директор келгенден бери чарба чыйрала түштү. Эгиндери эчак алынган. Чөптөрү чабылган. Баса, чөп демекчи, мурдагы жылы бир тоого чыкканым эсимде. Кең-Жылга деген жылганын оозунда эки чоңүймөк чөп турат. Андан ары чөп тырмагыч машиналар. Бир топ киши бирдеме кылып, өзүнчө эле убара. Мен жөө чыгып, аларга атайын бардым. Таңгакталган чөптөрдү үйүп жатышкан экен. Бир эки кишиден башкасын тааныганым жок. Бардыгы жаштар. Менден көп кичүү балдар. Жаңы муун. Баягы айры, тырмоо дегендер таптакыр жоголгон. Баары эле машина. Үймөктүн үстүнө дагы чөптү машина көтөрүп жатат. Тракторчу, шофёру болсун, башкасы болсун баары тең эле ошол өз айылынан экен.

Так ушул жылгада мындан отуз жыл мурда болгон бир учур көз алдыма тартылды. Анда мындай машиналардын бири жок. Жалаң кара күч жумшап, иштемей. Тандалган жыйырма чакты жигит таң кулан өөк болгондон бери тынбай чөп чаап жатышат. Биринин артынан экинчиси

түшүп, ак көйнөк, көк көйнөк болушуп, шырт-шырт чалгы шилтешет.

Кайран ошол жигиттердин далайы согушта курман болуп кетишти. Калгандарынын ичинен: Асаке, Сары Абдылда, Шакир, Омор, Сапар дегендер карып калышыптыр. Алар өздөрүнчө бир муун. Бардык кыйынчылыктарды далысына көтөргөн эргулдар. Ал эми мобул чөп үйүп жаткандарчы? Жалаң билим, техника менен иштеп жаткандар.

Ушул секинин үстүндө бир кызыл трактор баятан бери тынбай, өөдө-ылдый чапкылайт. Аңгыча айдоонун чаңын асманга бурап, бизге жакын жетип келди. Ал арык түздөп жүргөн Жеңиш экен. Ал менден көп жаш кичүү. Жаңы трактор алганга ыраазы.

О-о, аны сүйлөтүп коюп эле угуп отурсаң бооруң эзилип калат. Бир айылдын мүлдө какшыгын өзүнө бүтүн жыйып алган жигит. Ал кайра чаң ызгытып өөдө кеткенде кыштак жакка көз жиберсем, дал астымда даңкайган боз там турат. Ал так ошол Жеңиштин тамы. Биринен-бири кичине капкара балдар мындан аз эле жыл илгери чыт курсак, терчил мурундарын жылтыратышып, баткак менен баткак болушуп, жолдо ойноп, ары-бери өткөндөрдүн аттарын үркүтүп жаткандарын көрчүмүн. Ошонун бири ушул Жеңиш болчу.

Бир канча жеринен тирөөч тиреген жаман кепеде турушар эле. Баарыдан жаан жаагандабы? Чылапчын, чака, чыны, чайнек, табакка чейин тамчыга тосуп, тышта жүргөндөн бешбетер суу болуп, же жамбаштары жай алып уктабай, же биротоло эшикке чыгып кете алышпай, жаман да болсо үй аты бар эмеспи, көздөрүн жылтыратып жатышар эле. Эми ошол балдар заңгыратып үй салыптыр. Бир иниси Бектурсун Москва шаарында окууда экен. Консеваторияда болуу керек. Анысы обон чыгарат дешет.

Ушул шартта жашап турган, өзүбүз аралашып, курулуп жаткан бул жөрөлгө биз үчүн анчалык деле таң каларлык көрүнбөйт. Эгер, кырк жыл мындан мурда башка жакка кетип, кокусунан кайра келген бирөө болсо, ушунун баарын көрүп өз көзүнө өзү ишенбейт эле.

Ошентип, биз Кыргызстан баскан кырк жыл ичинде өзүнчө эле бир улуу дүйнө болдук. "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" деп, илгери кыргыздар айтчу эле. Бул сөзгө учурда оңдоо киргизүүгө туура келип жатат. Эл гана тургай жердин өзү дагы ушул кырк жылдын ичинде таптакыр башка болуп калды. Аны адам жаратты. Аны биз жараттык. Биз эч качан жаңылыкка тойгонубуз жок. Жаңылыкка, жакшылыкка биз эч качан тойбойбуз. Биздин анткенибиз - ал биздин келечекти ойлогонубуз. Келечекке кам көргөнүбүз. Келечек деген бүгүндөн башталат. Эртеңки сонун жөрөлгөнүн, эртеңки жакшы турмуштун даны, үрөнү бүгүнкү күндө. Эртеңди эртеңден издебей, бүгүндөн издеген жакшы. Биз так ошентип жатабыз, - деген ойдо бүтүргөн экен жазуучу бул чакан аңгемесин.

Ошентип, туулган жерди тузу тартып анда-санда келсе дагы айылындагы болуп жаткан жаңылыктарды жан-дүйнөсүнөн өткөрүп, жакшылыгына жан алы калбай кубанганы көрүнүп турат Кыргыз Эл жазуучусу, Мамлекеттик сыйлыктардын ээси, кара сөздүн чебери, акын, драматург, либеретист, "Аста секин колукту" операсынын автору Насирдин Байтемировдун.

Эң эле белгилей кете турган кызыгы ушул "Аста секин колукту" операсынын айрым обон кайрыктары автордун сунушу менен жазылганын айтып жүрүшөт.

1989-жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын "Учкун концернинин пресс-конференц" залында Кыргыз элинин залкар акыны Алыкул Осмоновдун туулган жериндеги Панфилов атындагы колхозу менен Чүй облустук "Чүй баяны" гезити биргелешип, белгилешкен эң эле биринчи, алгачкы Алыкул сыйлыгынын жеңүүчүсү, Кыргыз Эл акыны Насирдин Байтемиров аталып, ал сыйлыкты ошол кездеги Чүй облусунун губернатору Апас Жумагулов тапшырган учурдагы тартылып алынган сүрөт күнү бүгүнкүдөй сакталып калган экен.

Ал эми акын-жазуучунун ысмын айылдаштарынын эсине түбөлүк калтырыш үчүн жердештери Чүй райондук маданият үйүнө атын ыйгарышып, ошол эле Токмок шаарынын чок ортосундагы уюшулган паркындагы

"Кылым кыяматы" комплексинин жанына Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин жеке өздүк каражаты менен жазуучунун эстелиги курулган.

## Чындыктын алкагынан карап

Коюу чаңын аралап калың топтун,
Кумурскадай кыбырап жаткан жокмун.
Куурай сүйрөп келсем да кээ бир күндөрү,
"Дөңгөч түртүп келдим" деп айткан жокмун, - деп өзү жана аз жашаса да өтөлгөлүү өткөн өмүрү жөнүндө оригиналдуу ырын жазган Жапаркул Алыбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеп кылганда адабиятыбызда айтылып жүргөн айрым бир окшоштуктар, тактап айтканда, "...ата-энеден эрте калды, балалыгы согуш мезгилине туш келген, зээндүүлүгү менен окууга умтулган, анан эле жазуучу боло калган" деген сыяктуу, көпчүлүк акын-жазуучулардын өмүр жолуна союп каптагандай окшош кайталоолор менен өзүнүн жеке тагдырына таандык айырмачылыктар да чыгармачылык өрүшүндө ийгиликтер жана пенделик, калемгерлик оош-кыйыштар да орун алган.

Чындыктын алкагынан чыкпай туруп айта турган болсок, акын-сатирик Жапаркул Алыбаев башкалар сыяктуу эле өмүр кечирип, ошолордой эле жөнөкөй жана өрнөктүү тагдыр күтүптүр. Бир караган адамга бул өмүр таржымалда айтарлык деле өзгөчөлүгү жоктой, ошону менен катар бир дем менен окуса боло тургандай, өтө эле кыска жана жупуну сыяктуу сезилет.

Жапаркул Алыбаевдин өмүрү жана баскан жолуна сары эсеп салган адам бул жылдан, тигил жылга деген узак мезгилдердин кучагына сыйдырган мезгилдик катмарларга туш болот. Ал эми мейкиндик жактан алып караганда Жапаркул Алыбаевдин баскан жолунда ары татаал, ары кеңири масштабды камтыган чыгармачылык доор камтылган.

Улуттук адабиятыбызда Жапаркул Алыбаевдин

калеми тийбеген жанр жокко эсе десек жаңылыштык боло койбос. Демек, акын катары жүрөк кылдарын күүгө келтирген учкул канат лирикаларын жазса, сатирик катары жазган сатиралык чыгармалары коомдун тазалыгы үчүн "дезинфекторлук" милдет өтөйт.

Ал эми журналист-фельетончу катары жер-жерлерде болуп, элдин жашоо турмушу, ийгилиги менен кемчилигин ашкерелеп, ар бир эле жөнөкөй адамдар байкап-байкабаган турмуштук ар түрдүү кырдаалды жаза кетирбей, курч фельетондорун, куйкумдуу аңгемелерин, күлкү менен күйдүргүгө ширелген жолдоштук азилдерин, жаныгмаларын жараткан.

Мына ушундай чыгармачыл инсандын өмүр таржымалы менен таанышуу окурман үчүн ары кызыктуу, ары сыймыктуу болсо, жарк этип өчкөн сымал эли-журтунан эрте ажырап, жарыкчылыктан мезгилсиз бөлүнгөн калемгердин тагдыры ары байсалдуу, ары кайгылуу болгон.

Акын 1937-жылы, 12-октябрда Чүй районуна караштуу Бириккен айылында колхозчунун үйүндө туулган. Бал татыган балалык күндөрү байкалбастан көз ирмемде өтүп, өспүрүм курагы алаамат согуш жылдарына туш болду. Ата Журттун башына келген оор сыноо мурдагы Совет эли үчүн темирдей эркти, кажыбас кайрат-күчтү талап кылды. Эңкейген карыдан эмчектеги балага чейин болгон күчтү согуш үчүн, жеңиш үчүн жумшашты. Өспүрүмдөр бир мезгилде окуп да, чарба иштеринде кара жандарын карч уруп, кадыресе күчкө толгон адамдардай эле чарбага чоң күч катары жардам берип жүрүштү. Ошол кездеги Жапаркул менен бир курдай өспүрүмдөрдү согуш тарбиялады, өстүрдү, телчиктирди. (Султан Мамбеткалиевдин айтуусу боюнча).

Согуш бир гана кан майданда оор жоготууларды жаратпастан, оорукта дагы өз өкүмүн ырайымсыздык менен жүргүзүп, учур татаалдыгы жаш-карысын иргебей белгисиздикке карай мезгилсиз алып кетип жаткан. Бирок, ооруктагылар үчүн мындай көрүнүш кан майданга

салыштырмалуу жеңил, көнүмүш сыяктуу баркы-баасы кем сезилип калган учур эле да. Батышта кан кечкен уулдарынан айрылып, бүткүл туугандык жек көрүү менен ач көз душманды каргаган ата-энелердин өзүнүн асыл жаны тыйынга татыбай калган. Ал кезди эстегенде жоокерлердин аман-эсен келишин тилеп, уйкусуз өткөргөн түндөр гана азыр дагы тирүүлөрдүн эсине түшөт.

Айыл жеринде айрыкча согуштун акыркы жылдары оор болду. Күн куру эмес батыштан келип жаткан кара кагаз жүрөктүн үшүн алып, бирине тартса бирине жетпеген көр оокат, ачарчылык жана башка түрдүү жагымсыз жагдайлар бүткүл элдин күндөлүк турмушун кучагына алган. Бул мезгил Жапаркул Алыбаев үчүн дагы оңойго турган жок. 1944-жылы апасы каза болуп бир үйдө жалгыз калат. Каралашар адам жок. Мындайда келип караан болор жакындарынын дагы андан айырмасы жок, бир эмес, экиден капталдары эңшерилип турган кез болчу.

Ал ошол убакытты акын мындайча эскерет:

...Канынан бөлүп жараткан,
Кайтканда байкуш жан апам.
Жаш жетип араң он бирге,
Жап-жалгыз үйдө таң аткан.
"Ала жат мени кошо" деп,
Армандуу көздөн кан аккан...

Эмнеси болсо да согуш алып келген азап-тозоктун аягына чыккан күн келип, согуш Совет элинин жеңиши менен аяктады. Бардык кыйынчылыктарга карабай мектептен окуусун уланткан Жапаркул анын тогуз жылдыгын 1947-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы мугалимдер институтуна кирип, аны дагы ийгиликтүү аяктаган соң, эмгек жолун Ысык-Ата районундагы Кең-Булуң сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп баштайт.

Негизи эле жогорку билим албаса турмушунда өзгөрүү болбой турганын сезген Жапаркул Алыбаев Кыргыз Мамлекеттик университетине келип кирет. Мына ушул

күндөн баштап акындын жан-дүйнөсүндө бықшып, чыга албай жүргөн чыгармачылык булагынын көзү ачылып, тез эле коомчулукка чыгаан жуналист жана акын-сатирик катары таанылa баштаган.

Анын:

Ата-Журт уя турбайбы,
Эр жетип, көңүл жай кылган.
Тил албай кетсем кээ жылы,
Тизгиним тартып, бар кылган.
Жан бирге бүткөн Ата-Журт,
Жашоомду бүгүн бал кылган.
Эне өлдү кошо өлбөдүм,
Ата өлдү, ыраз мөгдөдүм.
Баарынан кымбат Ата-Журт,
Айнысам сүйөп жөлөдүң.

Кылымдар бою картайбас,
Кымбатты сендей көрбөдүм.
Айрылсам сенден Мекеним,
Анда эле менин өлгөнүм, - деген саптарды окуганда анын ичинен элдик поэзиянын үлгүсүн көрүп, Ата Журттун койнунда жашоонун кызыкчылыгы ар бир адамдын жан-дүйнөсүнө жылуулук тартуулап, ага карата болгон сүйүүсү дагы артыла түшөрү сезилет. Ал эми:

...Кыйла эле жердин төрөсү,
Каректе калган элеси.
Кыйылып жүрөм жете албай,
Кымбаттуу жергем Кегети! - деген ырдын жөпжөнөкөй, бирок терең сырдуу кайруусу өзүнүн эмоционалдуу күчү аркылуу акынды гана эмес, сиздин да мурдатан ойгоно албай жүргөн, туулган жерге болгон сүйүү сезимиңизди козгоп жибериши толук ыктымал.

"Поэзия акындын басып өткөн турмуш жолун чагылдырган күзгү, ал эми проза күзгү ичиндеги сыйкырдуу турмуш" деп айтып жүрүшөт. Жапаркул Алыбаевдин ырларынын бир-эки кертимин гана алып, ошол күзгүдөй

жарык поэзиясынын ичиндеги сыйкырдуу жашоодон анын өмүр жолун даана көрө алдык десем жаңылыштык болбойт.

Акындын чыгармачылык тагдыры Кегети айылынын жашоочуларынын тагдырына байланып, жуурулушуп, анын тарыхый өсүшү менен тутумдаш болду десек болот. Бир гана окурмандарды таң калтырган нерсе Жапаркул Алыбаевдин өзү башка жерден төрөлгөн болсо дагы, аны эмне үчүндүр ушул Кегети жергеси тартып алганынын себеби не болду экен, табышмак. Анын "Шамбет" аттуу поэмасы дагы ушул Кегети аймагындагы тиричиликти баяндап, ошол эле кегетилик адамдарды каарман катары чагылдырган экен.

Ошондуктан, бул белгилүү акынга дагы Кегети айылынан жана кегетиликтердин катарынан орун берилбесе, анда бул чыгарманы даярдап жаткандардын кайсы адамкерчилик жөнүндө сөз болушу мүмкүн.

Деги эле көрүнүктүү акын-жазуучулардын чыгармаларын туура талдоодо, алардын басып өткөн өмүрүн үйрөнүүнүн, ал көрүп- билген адамдарды, географиялык жерлерди кыялы менен кыдырып чыгуунун дагы эң чоң мааниси бар көрүнүп калды.

Бириккендик (Өтөгөндүк) акын Жапаркул Алыбаевдин эл-жерге болгон атуулдук ариетин Кегети айылы менен тутумдаштырып жатканымдын себеби да анын чыгармаларында ошол аймак жана ошол жер аймагынын өңүтү, ошондой эле ал айылдын жашоочуларынын арбын кезиккенине байланыштуу болуп жатат.

## Аскардын айдыңы

Коомдук жана мамлекеттик ишмер, философия илимдеринин доктору (1991), профессор (1993), Улуттук илимдер ккадемиясынын академиги (1993), Кыргыз Республикасынын илимине Эмгек сиңирген ишмер (1995), Кыргыз Республикасынын Илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (2002), Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик секретары,

Президенттин администрациясынын башчысы (1992), Президенттин даанышманы (советниги) (1998), биринчи класстагы мамлекеттик чини бар, Кыргыз-орус (славян) университетинин кафедра башчысы, министр, Улуттук университетин ректору (2000), Айыл чарба институтунун парторгу, Кыргызстан КП (бк)нын бөлүм башчысынын орун басары, “Ардак белгиси” жана “Манас” ордени баштаган көптөгөн мамлекеттик жана чет элдик сыйлыктардын ээси, дүйнөлүк деңгээлдеги саясий-коомдук ишмер, чыгаан илимпоз, белгилүү педагог, жүздөн ашуун (анын ичинде 4 монографиянын, 5 окуу китебинин) илимий эмгектердин автору Аскар Какеев дагы чыныгы Кегетинин кулуну.

Ал 1935-жылы Чүй районуна караштуу Кегети айылында жарыкчылыкка келген. Кегетиде орто мектепти аяктагандан кийин жогорку окуу жайына тапшырып, 1958-жылы КМУну бүтүргөн. Эмгек жолун Кыргызстандын ИИМдин архив фондусундагы фото-көчүрмө лабораториясында улуу илимий кызматкер катары баштаган. Ошондон бери илим айдыңында бел чечпей эмгек өтөгөн Аскар Какеевдин аты жалпы коомчулукка таанымал болду.

Мезгил талабына ылайык обьективдүү турмуш логикасына туура, таасын, ачык-айкын баа берип, келечектеги кыял-тилекке, максатка майышпас эрк менен багыт алыш үчүн тарыхтын ак-саргыл барактарын, андагы элибиздин чексиз акыл-эсинен жаралып, дүйнө туюм, дүйнө таануу жагдайындагы маанилүү маселелер ойломдун пайдубалына астейдил саресеп салууда айрым көрүнүктүү философтор салмактуу салым кошууда.

Окумуштуу Аскар Какеевдин көп жылдан берки илимий тажрыйбасын жалпылап, соңку эмгектеринде (философская мысль в Кыргызстане: “поиски и проблемы”) жогорку проблеманын даана чечилишин сунуш кылды десек болот. Себеби, окумуштуу кыргыз философиясынын өнүгүш этаптарын жаңыча көз караштa б. а. ар бир тарыхый доордогу коомдук-философиялык ой жүгүртүүнүн конкреттүүөзгөчөлүгүн эске алуу менен тактаган. Мезгил, анын алкагындагы социалдык-экономикалык мамилелер,

рухий маданияттын философиясы, акыл кенчтери ар заманда өзүнчө бир терендикти, кенендикти алып жүрөт. Мына ушул аксиома изилдөөчүгө башкы методологиялык принцип катары кызмат кылган.

Этаптарды аныктоодо окумуштуунун дагы бир өзгөчөлүгү мезгил диалектикасынын тамыр согушун таасын сезип, андагы карама-каршылыктардын биримдигин ача билгендигинде. Себеби, кыргыз философиясынын өнүгүшү зымга тизгендей шыр эле кете койгон жок. Дээрлик бир деңгээлдеги ыраатуулукка карабастан, ар доор өзүнүн ойку-кайкысын, төмөндөөсүн, жаңылыштыгын ала жүрдү. Окумуштуу мына ушул абалды кыраакы, кылдаттык менен изилдей алган.

Эми этаптардын өзгөчөлүктөрүнө изилдөөчү берген белгилерине назар сала кетсек. Окумуштуу XX кылымга чейинки мезгилди жалпы жонунан бир этап деп алат да, андан кийинки философиянын өнүгүшүн негизинен үч этапка бөлүп келген. Октябрь Революциясына чейинки мезгил философтордун ж. б. илимпоздордун эмгектеринде үзүл-кесил байкоого алынып жүрөт. Андан кийинки этапты негизинен үчкө бөлүп алуу орундуу боло тургандыгы А.Какеев тарабынан ынанымдуу, илимий тактык менен аныкталган.

Биринчи этапта ал XX кылымдын башталышынан Октябрь Реболюциясынан тарта 20-жылдардын аягына чейинки мезгилди бөлүп көрсөтөт. Окумуштуунун оюу боюнча бул мезгил оозеки маданият менен жазма адабияттын айкалышынын алгачкы басма иштеринин кыргыз эли үчүн тийгизген таасиринин, дүйнө түшүнүгүнүн жаңы теориялык-категориялык баскычынын калыптанышынын мезгили болгон. Ал мезгил түздөн-түз философиялык эмгектер болбосо дагы Б.Солтоноевдин, Т. Жолдошевдин кыргыз тарыхына, тил, адабият проблемаларына арналган эмгектери, теориялык китептерди которуудагы алгачкы кадамдар башталып, үзүрүн бере баштаган.

Экинчи этап илимпоздун аныктоосунда 30-жылдардын

башынан Улуу Ата Мекендик согуштун аягына чейин созулган. Бул мезгилде илимий материалисттик көз караш калыптанып, илимий теориялык изилдөөлөр башталган. К.Тыныстановдун, Ю.Абдырахмановдун эмгектерин талдоо менен окумуштуу эми теориялык даярдыгы бар, өз алдынча илимий жүк көтөрүп кете ала турган потенциалдын калыптана баштагандыгын өзгөчө белгилейт. Бирок, бул этап бүт эле мурдагы Союздун республикалары үчүн өтө оор болгон эле. ВКП(б) тарыхынын кыскача курсу, 1937-1938-жылдардагы эч негизи жок репрессиялар кыргыз философиясынын өнүгүшүнө терс таасир тийгизген. Жалпы элдин тагдырын мертинткен мезгил жаңылыштыгы окумуштуу тарабынан таасын тастыкталган.

Үчүнчү этап – илимий-теориялык философиянын биротоло калыптанып, анан тармак-тармак болуп, өнүгүшүн өзүнө камтыйт. Бул жерде окумуштуу тарабынан келтирилген чоң жаңылык – Республиканын философия илиминдеги фундаменталдуу багыттарды кенен да, терең да изилдөөгө алгандыгы. Бул жерде улут, ойлом, аң-сезим, тил маселелерин, табият таануудагы философиялык маселелерди изилдөө багытын, эстетика, этика, атеизм проблемаларын иликтөөнүн өрнөктүү жактарын жактарын белгилөө менен кыргыз философиясы мына ушул тармактарда күчтүү өнүккөндүгүн ачып бере алган. Чындыгында, мындай илимий бүтүмдөрдүн кыргыз философиясынын тарыхы үчүн мааниси зор. Ар бир этап, тармак, багыттар өзүнчө илимий назар сала турган объект катары кызмат кыла алат. Кыскасы, окумуштуунун омоктуу ойлору келечектеги кыргыз философиясынын тарыхын изилдей турган илимпоздор үчүн теориялык-методологиялык негиз болуп кызмат кылмакчы.

Окумуштуу мурдатан "заманчыл", "улутчул" деген жалаа жабылып жүргөн инсандардын эмгектерин биринчилерден болуп объективдүү илимий электен өткөрдү. Бул багыттагы булгардык-социологиялык окууларды сындоочулардын алгачкыларынан болду, б. а. бир жактуу мамиле жасоого,

тигил же бул бүтүмдү такыр эле абсолют кылып көтөрүп чыгууга карата таразаланган илимий тыянактарын каршы койду.

Окумуштуу оозеки жана жазуу маданиятынын өз ара байланышынын уникалдуулугун изилдөөгө өзгөчө көңүл буруп келет. Мындан тышкары кыргыз коомдук философиялык ойлордун өкүлдөрүн, айрым эпосторду, ошонун ичинде "Манасты" да бир беткей, катаал идеологиянын негизинде сынга алууну, б.а. элүүнчү жылдардан негиз алган вульгардык-социологиялык методду ашкерелеп, рухий байлыктын асыл нарктуу мурасын болгонун болгондой изилдөө окумуштуунун башкы илимий принциби болуп калды.

Илимпоздун кыргыз философиясына киргизген кийинки бир чоң салымы көп жылдар бою "жети катар сандыктын" түбүнө катылып, элден жашырылып келген, элибиздин революцияга чейинки жана кийинки ойломуна тиешелүү материалдарды "сууруп чыгып" илимий айлампага салгандыгы.

Кыскасы, А.Ч.Какеев кыргыз философиясынын өнүгүшү нө, өркүндөшүнө үзүрлүү үлүшүн кошкон ири окумуштуу. Анын он толгонгон оюнан, сыясы кургабаган калеминен кырктан ашык илимий эмгек жаралып отурат. Азырынча өзүнүн теңдешин таба элек. "СССРдин философиясынын тарыхы" беш томдугунун авторлорунун бири.

Окумуштуунун дагы бир өзгөчөлүгүнүн бири – ар дайым илимий педагогикалык иштерди айкалыштыргандыгында. 1968-1984-жылдары Кыргыз айыл чарба институтунда философия кафедрасын жетектеп лекцияларындагы бийик теориялык жана илимий-методикалык деңгээлди эмдигиге чейин окуучулары тамшанып кеп салышат. Ошол мезгилде эле ал аспиранттарга жана студенттерге арналган методикалык программаны иштеп чыкты. Ал тажрыйба ошол бойдон токтоп калган жок. Натыйжада, "Кыргызстандагы коомдук-саясий ойлом" аттуу, элибиздин эзелинен тарта өнүгүп келген ойломунун тарыхынан кабар

берген атайын курс иштелип чыгып, жогорку биз айткан окуу жайына киргизилди. Азыр улуттун өткөн тарыхына, анын ойлом деңгээлинин өсүш тарыхына "суусап" турганда, китепке айланып, ар бир студенттин столунда орун ала турган эмгек.

Кыргыз Илимдер Академиясынын Философия институтунда анын кайратүзүүгө жумшалган уюштуруучулук жөндөмү, ири теориялык проблемаларды чечүүдөгү илимий компетенттүүлүгү – ар тараптуу теориялык билимге, уюштуруучулук касиетке ээ окумуштуубуз бар экендигин далилдеп койду.

А.Ч. Какеев ак ниет, калыс, объективдүү, ар бир нерсенин маңызына сүңгүп кирген окумуштуу жана жетекчи. Ал адам такыр ишсиз отура албайт. Эмгек анын өмүрү, жашоого болгон кумары. Ошондуктан, кайсы гана кызматта иштебесин, кандай гана эл жүгүн көтөрбөсүн – философия деген өзү сүйгөн илим менен жемиштүү алпурушуп келет.

Жогоруда учкай гана жондотуп айткан пикирлерден эле А.Ч.Какеев кыргыз философиясын изилдеген, ал илимге татыктуу көрүнүктүү салым кошкон илимпоз экендиги көрүнүп турат. Ошондуктан, Кыргыз Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденттигине шайлоого бир ооздон сунуш кылынды. Окумуштуунун кыргыз философия илимине сиңирген эмгеги анын бул наамга толук татыктуу экендигинин кепили боло алат.

Өзгөн Козубеков,
Аскар Бекбоев,
Алымбек Асанбаев.

# Оттон, суудан жалтанбаган Султан Мамбеткалиев

Учурда олуттуу жасаган иши менен өлкөгө дем берип турган чыгаан адамдар, ошол аткарылган иши анын жеке тагдырынын бир бөлүгү болуп калгандар көп деле эмес. Чындап алып келгенде беш кол менен саналышы мүмкүн. Болуп жаткан өзгөрүштөрдү алдын ала сезе билип, коомдук-нравалык зарылдыкты аңдап түшүнгөн андай адамдар айланасында болуп жаткан бардык нерселер үчүн тагыла турган жоопкерчиликти моюндап, ал оор иштин дене талдырган салмактуу жүгүн көтөрүп алышы көрүнгөн эле колунан келе бербеси анык.

Машакаттуу эмгектин башталышына өзү себепкер болуп, өзүнө-өзү демөөрчүлүк кылуу учурда мен деген материалдык байлыгы барларды жолунан адаштырып коюшу дагы толук ыктымал. Анткени, алар капиталын өзүнө пайдасы аз, мындай мамлекеттин бир бутагы болгон ишке багыттап, кадыресе машакаттуу, баш ооруткан иш үчүн тобокелчиликке бара албашы анык.

Жаңыны көрө билүү, мезгилдин багытына жараша коомдун духовный өнүгүүсүн учурунда баамдоо, баштаган ишинен кайтпаган чыныгы эр жүрөк, көк мелтей адамдардын колунан келип, азыркы замандагы ар ким эле өз көмөчүнө күл тартып калганда алар гана өлкөгө дем бере алары ушул Кыргызстан эгемендик алган жыйырма жыл ичинде айкын көрүнүп калбадыбы. Андай адам бул мезгилде арабызда экөө болсо, анын бири Султан Мамбеткалиев, эгерде бирөө эле болсо ал дагы жалгыз өзү десек аша чапкандык боло койбос. Муну айтканымдын себеби, эч ким даап бара албаган, башкалардын колунан келбеген иштин өтөлүнө чыккан адам кыргыз жергесинде Султан агайдан башка бар болду бекен деген гана ой.

Кыргыз Республикасында болгону 23 Эл мугалими болсо, ал 21-катардагы Эл мугалими, Эл аралык түрк академиясынын академиги (Москва), Эл аралык кадрлар

академиясынын академиги, ардактуу доктору (Киев), Өзүн-өзү каржылаган окуу жайлардын ассоциациясынын ардактуу президенти, Кыргыз Республикасынын туризм академиясынын ардактуу профессору, Кыргыз Республикасынын ректорлор союзунун вице-президенти, ошондой эле Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, Манас-1000, Ош-3000 медалдарынын ээси, Чүй районунун, Сын-Таш айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу - ушул айтылгандардын бардыгы элине жаккан, эселектерди ээрине мыктап отургузуп, келечектеги илимпоздорду асырап баккан, көптөгөн мамлекеттик сыйлыктарды төшүнө таккан, карапайым айылдык тракористтен илим бийиктигин багынтып, президенттикке чейинки жолду эринбей баскан ,учурдагы Чүй университетинин президенти Султан Мамбеткалиев дагы ушул касиеттүү Кегети айылында туулуп, өскөн. Султан агай дешет студенттерден баштап окумуштуулларга чейин, ошондой эле карапайым айыл-шаар калкы дагы.

Кыргызстанда 20 жылдан ашуун ректор болуп иштеген ишмер жок. Арийне, Султан агай ушул кызматта жана окуу жайдын президенти болуп 22 жылдан бери иштеп келет.

Султан агайдын ургаалдуу мезгили Кыргыз мамлекеттик университетинде өтүп, андан кийинки ишмердүүлүгү Чүй университетинин тарыхы менен тыгыз байланышкан.

Султан агай атасы Мамбеткалый Орозалиев Фин согушунда жарадар болуп келгенден кийин 1942-жылы Чүй районундагы Кегети айылында жарыкчылыкка келген. Бул мезгил Улуу Ата Мекендик согуштун оорчулугу бүткүл Совет өлкөсүндө жашаган элдин башына түшүп, жөнөкөй сөз менен айтып жеткире алгыс оор мүшкүл катары адамзат тарыхында кала турган мезгил эле. Ошол катаал мезгилде эр бүлө майданга кетип, аялзатынын тылдагы көрсөткөн эрдигин таазим кылып, "Энелерге" деген эстеликти "Эне багынын" жанына өз каражаты менен орноткон.

Башка түшкөн оорчулукту жапа тырмак көтөрүшкөн ал убактагы жана бүлүнгөн чарбаны кайрадан калыбына келтирүү мезгилдин адамдары социалдык чөйрөдөгү жетекчиликтен жамааттык биригүүгө көбүрөөк ыкташып, коомдук кызыкчылыктардын биримдигин өз кызыкчылыктарынан жогору коё билүүнү үйрөнүшүп, коомго карата ар кандай философиялык, социологиялык жана эстетикалык мамилелерин турукташтырышып, айрыкча кыргыз журтчулугунда түбүнөн түптөлүп келген адеп-ахлактык ишенимдерди жана дүйнөнү жаңыча кабылдоону, ошондой эле революциячыл аң-сезимдерди жан-дүйнөсүнө терең сиңиришип, ошол мезгилден чоң сабак алышкан.

Ошондой жан-дүйнөсү изги-таза адамдардын чөйрөсүн дө тарбия алган Султан агай жогорку окуу жайында окуу менен бирге эле мугалимдик эмгек чыйырын 1963-жылы өзү туулуп-өскөн айылындагы Кегети орто мектебинде баштаган.

Ал 1968-1992-жылдары ал кездеги өлкөбүздөгү бирден бир көрүнүктүү окуу жайы болгон Кыргыз мамлекеттик университетинде жигердүү кызмат өтөп, ал жылдардан тартып мамлекеттик тилде сүйлөөнү калыбына келтирүү, аны интенсивдүү окутуу жана жогорку окуу жайларында өзүн-өзү каржылоо боюнча жол издеп, түйшүктүү ишмердүүлүгүн баштаган.

Талбаган аракеттин жана алдына койгон максатынын өтөлүнө чыгуу талабы Чүй университетине келгенге чейин эле түптөлүп, бул жерде толугу менен ишке ашырылган. Айта кете турган болсок, бул аталган университет өзүн-өзү каржылай ала турган жана мамлекеттик тилди биринчи орунга коё турган Республикабызда биринчи кадам жасаган жеке менчик жогорку окуу жайларынын бири, тактап айтканда алардын ана башы болуп эсептелип, анын ачылыш себеби дагы жалпы коомчулукка кеңири белгилүү.

Өлкөбүз өз алдынча эркин мамлекеттик статус алган күндөн тартып, кылымдарды карыткан кыргыз

тили мамлекеттик болумуш болгону менен аны орус аудиториясында окутуу ал мезгилдерде, ошондой эле кийинки учурларда деле эң эле орчундуу жана көйгөйлүү маселелердин биринен болуп келет.

Султан Мамбеткалиев жеринен эле кыргыз тилин тез жана сапаттуу үйрөтүүгө болорун билчү. Ал эми 1990-жылы коомчулукка белгилүү усулчу А.Н.Горндун классынан окуп, кыргыз тилинин эмоциялык-маанилик, б.а. ылдамдатылган жана эң эле жөнөкөй ыкма боюнча толук усулдук комплексин мыкты өздөштүрүп келгенден кийин аны жадыбалдай билип калган Султан Мамбеткалиевди түйшөлткөн жана жүрөгүн ооруткан маселенин түйүнү мына ушуга такалып, борбор уюштурууга белсенет. Тубаса мекенчил адам гана мындай "... мурда-кийин ачылбаган дарбазаны" ачууга даап бара алат болчу. Анын ачкычы табылып, бул багыттагы өз усулун чыгаруунун ыкмасын күнү-түнү ойлонуп, жадабай изденүү менен акыры талбаган аракетинин негизинде кыргыз тилин тез жана сапаттуу үйрөтүүгө мугалимдерди даярдаган.

Ошентип, 1990-жылы Султан Мамбеткалиев жана анын идеясын колдогон максатташ окуучулары К.Кыдыкбаева, М. Бабаева, И.Байтемирова, Ү.Кыдыкбаева, А.Абсаматова жана башкалар бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышса, ошол кездеги финансы министри А.Муралиевдин жана иш башкаруучусу А. Маматовдун колдоосу менен анын каалаган борбору ачылып, мугалимдер иштерин башташкан.

Маселен, өзүн таланттуумун деп эсептеп, ага карабай көпкө даярданып сахнага чыккан ырчынын деңгээли көрүүчүлөр тарабынан бааланат эмеспи. Ошол сыяктуу эле Султан Мамбеткалиев ачкан "Университет" борбору дароо эле элдин колдоосуна алынып, биринен-бири угуп окуйбуз деген жеке кааалоочулардан, мекемелер жана ишканалардагы иштеген адамдардан өтүнмөлөр көп түшүп, мугалимдер үчүн убакыт жетпей калган күндөр башталган. Бул аталган түйшүктөрдү толугу менен

С.Мамбеткалиев түзгөн эки томдук китептен табууга болот. (Билим берүүнүн бийиктигин көздөп... Б. 2012)

Алгачкылардан болуп Финансы министрлигинен төрт топ, жол куруу министрлигинен эки топ, Өкмөттүн аппаратынан 4 топ, Бишкексүт комбинатынан, Ленин районунун акимчилигинен, Өнөр жай курулуш банкынан, борбордук жылуулук берүү станциясынан, шаардагы №2-төрөт үйүнүн кызматкерлеринен, санитардык-эпидемия станциясынан, Мамлекеттик коопсуздук комитетинен, облустук ички иштер бөлүмүнөн, алардын ичинен жоон топ ар түрдүү адамдар, ар кандай кесип ээлери, башка улуттун өкүлдөрү кыргыз тилин үйрөнүүгө келишкен.

Элге белгилүү КМУнун профессору Л.В.Тузовго окшогон 18 жаштан 65 жашка чейинки жаштагы белгилүү инсандар бул борбордон окуп чыгышып, учурда кыргыз тилинде эркин сүйлөп калышкандары коомчулукка белгилүү. Бул жетишкендиктердин негизинде, ошондой эле борбордон тил үйрөнүп чыккан белгилүү адамдардын колдоосу менен бул аталган борбор башат болуп, 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Республикалык жогорку колледж түзүлгөн.

Арадан төрт жыл өткөрүп, башкача айтканда 1996-жылы, 18-августта Чүй университети деген макам алды.

Ушундай жакшы саамалыктын башаты С.Мамбеткалиев дин ыкмасынын негизинде борбордо англис тилин окутуу методикасы окутуучу Үмүт Кыдыкбаеванын котормосу менен даярдалып чыкты. Бул жаңы ачылган бөлүмгө чет өлкөлөрдөн мугалимдер келип ар кандай мөөнөттө иштеп кетишти.

Чүй университетинин президенти, ардактуу профессор С.Мамбеткалиевдин талыкпаган демилгеси менен ЮНЕСКО менен Европалык кеңештин Киевдеги эл аралык кадрлар академиясынын академиги жана аткаруучу директору ЭКАнын (Эл аралык кадрлар академиясы) жамааттык мүчөлүгүнө кабыл алуу жөнүндөгү чечимин жүзөгө ашырып, академиянын чыныгы мүчөлүгүн

күбөлөндүргөн сертификатын тапшырган. Мунун аркасында Чүй университети ЭКАнын анык мүчөсү болуу менен мындан ары анын Азия аймагындагы расмий өкүлү болуп калды.

Билим берүү системасында билим берүүнү комплекстүү өнүктүрүү деген түшүнүк бар. Ага бала бакчадан тартып, академияга чейин киргизүү абдан пайдалуу. Бул университеттин алдында колледж ишин жүргүзүп жатат. Эми ага бала бакча ачуу белгиленип жатат жана башталгыч мектепти ачып, аны "Султан мектеби" деп атап, даярдалган мугалимдер өз иштерин Чолпон-Атада жана Кара-Балта шаарында алып барууда. Жогоруда айтылгандай келечекте бала бакчалар бул комплексти толуктайт деген ой жаралып, келечекте аларды ачуу дагы белгиленүүдө.

Султан Мамбеткалиевдин көзү өтүп кеткен белгилүү инсандардын элесин түбөлүк сактап калуу үчүн жасаган иштери да эске аларлык. Ал 2005-жылы Кегети айылындагы эс алуу паркынын ортосунда турган эстеликтин эки капталынан көзүөтүп кеткен белгилүү инсандардын бюсттарын тургузууга айыл өкмөтүнөн уруксат сурап кайрылган. Көп өтпөй ал өтүнүч аткарылып, Кегети айылынын эс алуу паркынын ортосундагы эстеликтин эки четине төмөндөгү инсандардын аттары чегерилген эстелик жана алар жөнүндө маалымат берген такта тургузулган.

Мураталиев Мамбеталы -тилмеч,

Эсеналы Кошчиев - ырчы, обончу,

Мамытов Тобокел - спортсмен, профессор,

Насирдин Байтемиров - акын, жазуучу,

Сасыкулов Мукай - Москва мамлекеттик университетинин кыргыз улан-кыздарынын ичинен алгачкы бүтүрүүчүсү, Кыргыз журналистикасы боюнча профессионал кадрларды даярдоонун баштоочусу.

Ушул аты аталган көзү өтүп кеткен улуу инсандардын эстелик бюсттарын орнотууда финансы каражатын туугандарына милдеттендирилип, орнотууга уруксат берилсин, - деген токтомдун негизинде иш жүзүнө

ашырылган. Андан сырткары дагы көрүнүктүү адамдардын бейнелерин эстелик аркылуу калтыруу жаатында бул кишинин көп аракеттери бар.

"Иштеген тиштейт" демекчи элге иши менен белгилүү болгон агартуучу-академик Султан Мамбеткалиев учурунда мезгилден жана жакшы адамдардан таалим алып, инсандык касиети калыптанса, азыр бул улуу кас иетти башкаларга берүү менен дагы бийиктикке умтулуп, дагы далай дабандарды ашууга даяр.

## Чыгаан педагог

Исамидинов Искендер жөнүндө сөз болордон мурда анын аткарган кызматтарын атап кетүүнү туура таптык. Себеби, кыска мезгилде ушунчалык башкаруу багытына жана илим бийиктигине жеткен инсандын бейнесин ачуу ошол өтөгөн кызматтары аркылуу берилери чындык. Ал 1952-жылы Кегети айылында туулган. 1973-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Ошол эле жылы окуу жайдын өзүндө калып, филология факультетинде катардагы окутуучу катары эмгек жолун баштаган. 1980-1993-жылдардын аралыгында факультетин деканынын орун басары, андан соң проректору, 1998-2000-жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Адистерди максаттуу даярдоо институтунун директору, ушул эле жылы Кыргыз Улуттук университетинин биринчи проректору болуп иштеген. Ал эми 2008-жылдан баштап Социалдык-гуманитардык илимдер-институтунун директорлугуна келип, учурда Кыргыз Улуттук университетинин ректору болуп иштеп жатат.

"Жакшыга жанашсаң жетерсиң мураска" демекчи, Искендер Исамидинов педагогика илимдеринин доктору, профессор, Улуттук Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү И.Бекбоевдин, Академик Аскар Какеевдин, Мукай Сасыкуловдун, Султан Мамбеткалиевдин

таалимин алып, аларды өзүнүн устаттары катары санарын билгендер айтышты.

Окумуштуу-жетекчи Искендер Исамидиновдун илимий ишинин негизги багыты - кыргыз мектептеринде адабият теориясын окутуу болуп саналат. Ал кыргыз адабиятын окутуунун методикасына арналган 60тан ашуун методикалык макалалардын автору.

Педагогика илимдеринин кандидаты (1993), педагогика илимдеринин доктору (2005), Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (2003), Кыргыз Республикасынын билим жана илим профсоюздук кыймылынын отличниги. 2004-2008-жылдары Бишкек шаардык кеңешинин депутаты болгон.

"Аккан арыктан суу агат" деген кыргыздын сөзүндө калет жок белем, таятасы Муса Мураталиев 18 жыл болуштук кылып, элдин эсинде калган инсан экенин жазганбыз. Түп аталарынын гениненби, же ата-энесинин тарбиясынанбы, айтор Искендер агай дагы эл үчүн кызматын аянбай эмгектенип келет.

## Туугандык сезимге гүл өстүрүп...

Кыргыз элинин белгилүү композитору Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Сатылган Осмонов 1938-жылы Кегети айылында туулган. 1940-жылы апасы каза болуп, 1943-жылы фронттогу атасынан кара кагаз келген. Томолой жетим калган баланы туугандары ошол кездеги Ак-Бешимдеги орто мектептин карамагындагы интернатка беришип, ал ошол жерден окуп, тарбияланат. Канткен менен анын адам болуп калыптанышына, көздөгөн максатына жетишине, кийин деле кем-карчынын баарын толуктаган агасы Азим Бечеловдун салымы зор экендигин кегетиликтер айтышат экен.

Жашынан курбуларынан зээндүүлүгү менен айырмаланган бала өз алдынча комуз черткенди үйрөнүп,

алгачкы обондорун чыгарууга далалаттана баштайт. Мектептеги өздүк-көркөм чыгармачылык кружогуна катышып, музыкага болгон шыгы артыла берет.

1958-жылы Мураталы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайга өтүп, аны ийгиликтүү бүтүрөт. Ушул жерден турмушка жолдомо алган өспүрүм борбордогу №1-мектеп-интернатына ыр сабагынан мугалим болуп эмгек жолун баштайт. Ташкендеги консерваторияны окуп жатып, 1965-1966-жылдары Ош шаарындагы музыкалык окуу жайында окутуучулук кесибин улантып, 1969-1970-жылдары Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин репертуарлар жана анын редакциясынын мүчөсү болгон. Ошол эле жылы Ташкенттеги консерваторияны бүтүрүп, Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы институттагы теория жана композиция кафедрасында окутуучу болуп иштеп, чыгармачылык ишин андан ары өркүндөткөн.

1979-жылы республикалык композиторлор Союзунун башкармалыгынын жооптуу катчылыгынын милдетин аткарган. 1972-жылдан бери СССР композиторлор Союзунун мүчөсү.

Сатылган Осмоновдун чыгармачылык иши көп кырдуу. Ал "Кычан", "Сепил" жана "Жусуп Баласагын" аттуу опперетта, "Куудул Шаршен" деген лирикалык комедиясын, "Ак мөөр" симфониясын, скрипка жана оркестр үчүн №1 жана №2 концерттерин, виолончель, оркестр үчүн концерт-рапсодиясын жана бар нече кантаталарды жазган.

Композитордун камералык-аспаптык чыгармалары дагы бар. Фортепиано үчүн сонатина, баллада, вариация, скрипка жана фортепиана үчүн соната, балдар үчүн музыкалык пьеса жазып, кыркка жакын романсттардын, жүздөн ашуун ыр-хорлордун автору.

1989-жылы Сатылган Осмонов "Сепил" операсы үчүн Абдылас Малдыбаев атындагы сыйлыктын лауреаты болгон.

Элибизде музыкасыз той-тамашаны, оюн-зоокту элестетүү мүмкүн эмес. 1995-жылы өткөрүлгөн "Манас-1000"

маарекесинде Талас жергесинде өткөн театрлаштырылган көрсөтүүдө негизги маанинин бирдигин түзгөн музыкага композитордун кошкон салымы өзгөчө болгон. Ошол той-маарекеге арналган оюндун баштан-аягына чейин анын музыкасы коштоп турган.

Улуу акын Токтогул Сатылгановдун 125 жылдык маарекесине карата тартылган "Токтогул" киносун да да анын музыкасы коштогон. Ал азыр "Кербез" деп аталып жүрөт. Драматург Токтоболот Абдымомуновдун "Жыгылган оогонго күлөт", Мырзабек Тойбаевдин "Кары бойдок", "Жаңы келин" спектаклдеринде музыка, Жолон Мамытовдун "Түрк эненин балдары" аттуу чыгармасына пьеса жазган.

Сатылган Осмоновдун кыргыз элине тартуулаган чыгармачылык эмгеги өкмөт, коомчулук тарабынан жогору баа алып, бир нече Ардак граммоталарга татып, 1986-жылы Ардак белгиси ордени менен сыйланган.

Кегетилик композитордун туулуп өскөн Кегети жергесине арналып жазылган "Туулган жер" жана "Кегетинин келиндери" деген музыкалык чыгармалары жердештеринин жүрөгүнөн түнөк тапкан жана туугандык сезимге гүл өстүрүп көпчүлүгүнүн ой сандыгында катылуу.

## Талант сыры уланат

Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Бактыгулов Сталбек Алтымышович 1954-жылы 7-октябрда Чүй районуна караштуу Кегети айылында туулган. Сталбек көркөм адабиятка жана ыр дүйнөсүнө ошол мектепте окуп жүргөн мезгилинен эле тартылган. 1968-жылдан тартып эле балдарга арналган чакан ырларын, этюттарын, макалаларын райондук, облустук жана республикалык айрым газета-журналдарга жарыялай баштаган. Ошол эле учурда өз алдынча мандалин ойноого үйрөнгөн Сталбек обон чыгарууга да талаптана баштаган. Ал нота тилин билбей туруп, аларды цифра түрүндө

мандалиндин струналарынын ыгына жараша жазып, аткарууну өздөштүргөн.

Мектептин адабий кечелери Сталбек жок өтпөй турган. Ал андай концерттердин ар бирине жаңы номер менен чыгып, мектеп угармандарынын сүймөнчүгүнө айланган.

Мектепти бүткөндөн кийин Сталбек бардык бүтүрүүчүлөрдөй эле, кайда барып окуу керек? - деген суроонун тегерегинде чайналган. Себеби, анын тандай турган жолу эки багытты көздөп турган эле. Адабият, же музыка... Акыры адабиятты өз алдынча өздөштүрүүгө болорун, ал эми музыка тилин үйрөнүү жана атайын билим албай туруп профессионал музыкант болууга мүмкүн эмес экендигин түшүнгөн Сталбек 1972-жылы Мураталы Күрөнкеев атындагы музыкалык-хореографиялык училища нын элдик аспаптар бөлүмүндөгү плектр классына тапшырат. Бир жыл окуп ал А.Жаныбековдун композиция сынан факультативдүү даярдыктардан өтүүчүн теориялык бөлүмгө которулат.

Жаш талапкердин композитордук ишмердүүлүгү 1975-жылы республикалык кароо-сынакта "Даярмын" ("Всегда готов") аттуу обону жеңүүчү деп табылып, биринчи сыйлыкка ээ болгон күндөн тартып башталат.

1976-1981-жылдары Сталбек Бактыгулов Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы Кыргыз Мамлекеттик искусство институтуна тапшырып, алгач профессор Мукаш Абдраевдин классынан, ал өлгөндөн кийин доцент Таштан Эрматовдун классынан сабак алат да симфония жанрына болгон кызыгуусу ойгонот.

Жаш композитордун эмгек жолу окуусу менен бирдикте 1979-жылы, азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтунда окутуучу катары башталган. Жогорку окуу жайынан диплом алган күнү ошол мурдагы эле иштеп жаткан окуу жайына жолдомо алып, ишмердүүлүгүн уланта берген. Ал студенттерге жалпы фортепиано, музыканын элементардык теориясынан, сольфеджио, гармония, полифония, кыргыз

музыкасынын тарыхы, совет музыкасынын тарыхы, кыргыз эл чыгармачылыгы, кыргыз элдик педагогика, музыкалык эстетика, дүйнөлүк маданияттан дарс окуп, керектүү методикалык деңгээлде билим берет. Алгачкы күндөн эле аталган предметтердин ар бирине чыгармачылык жоопкерчилик менен карап, өзүнө талапты катуу коё билгени менен башкалардан айырмалана баштаган.

Аны менен бирге эле Сталбек Бактыгулов коомдук иштерге активдүү катышып, музыка маданиятына студенттерди тартуу менен кыргыз композиторлорунун музыкаларын пропагандалоо багытын көздөйт. Сталбек Бактыгулов жогорку квалификациядагы кесип ээси. Анын композитордук, жазуучулук, журналисттик ишмердүүлүгүн жана көп жылдык чогулган кесиптик көрөңгүсү эске алынып, 1994-жылы кафедрага доцент болуп шайланган.

Композитор 1989-жылдан бери өзүнүн ишинен сырткары Ч.Айтматов клубунда музыкалык секцияны жетектеп келет. Жаш композитордун чыгармачылыгы кыргыз музыкасынын жаңы үлгүсүн изденүүдөгү талбаган эмгегинен байкалат. Ал жаңычыл заманбап ыкмаларды издеп табуу менен композитордук кабыл алуунун техникасын өркүндөтүп, ата мекендик композиторлордун мектебине таянып иш алып барат.

Дмитрий Шостакович, Альберт Шнитке, Гие Канчели жана башка дүйнөлүк композиторлордун чыгармалары Сталбек Бактыгуловго багыт алуунун үлгүсү катары кызмат кылып, алардын чыгармалары бай түп дарак болсо, кегетилик композитордун чыгармачылыгы жаңы гана гүлдөп келе жаткан чырпыктын кичинекей бүчүрү десек болот.

Кыскасы, кегетилик композитор келечекте Кегети жергесинин коοздугуна маашырлана тамыр байлаган, нечендеген бороон-чапкындарга моюн сунбаган, ошол тамыры жер менен киндиктеш, бийиктиги асмандагы булут менен орун талашкан, ары көрктүү, ары алп караандуу

чынар теректей бүрдөй берерине күмөн жок.

Ал эми Сталбектин артында күн санап өсүп келе жаткан жаш теректердин саны дагы көбөйүүдө, буга да шүгүр. Ошондуктан, Салижан Жигитовду "ыйлаткан жана ырдаткан терректерине" кайрылып :

Шуулдай бер шуулда терегим, теректерим,
Шуулдасаң жыргагым, ырдагым келет менин,

- дегим келет, Сталбек Бактыгулов тигип, жел аргынын күү жараткан ыргагы менен обон созгон жандуу теректеринин шоокумун тыңшап жатып...

## Баягы биз билген "партизан"

Ак мөңгүлүү аска тоолордун жайсаңынан орун алган Чүй облусунун Чүй районундагы тоо таяна жайгашкан Кегети айылында эч кимге дайыны билинбеген, эч ким деле анын ким экендигине кызыкпаган, өзү дагы өзүнүн өткөн өмүрүнө, өтөгөн эмгегине, жасаган ишине мактаныч кылбаган бир сырдуу адам жашап өткөн. Анын тагдырын, тарыхын, кийинки дарегин ушул күнгө чейин изилдеп, тактап койгон адам да болгон жок. Сын көз менен баамдаган адамга кандайдыр бир чоң тарых кумга сиңген суудай жок болуп кетпесе дагы, көз жаздымда калгандай, эгерде кызыгып, чыгынып изилдеп карап көрсө дагы эл билбеген кызыктуу нерселер, тактала элек фактылар ал адамдын тирүү мезгили ичиндеги ишмердүүлүгүнөн калкып чыга тургандай сезим жаралат. Ушул Кегети айылында жашаган караламан көпчүлүктүн арасынан айырмаланбаган жөнөкөй бир адам жөн эле бул дүйнөдөн өтүп кеткен сыяктуу.

Канткен менен, ошол адам бир эле алакандай Кегети айылынын уулу болбостон, кезегинде мурдагы бүтүндөй СССР элдеринин бүтүндүгүн сактап, өмүрүнүн жыргалдуу учурун, жаштыгын жана ден соолугун өз журту үчүн сарптап салганын эч ким деле жакшы билбейт окшойт. Арийне, "Бөдөнөнүн жатагын көр да, этине таарын",

же "Сындуунун сыры ичинде, эленген кумдай эшилет" дегендей, ал адамдын жасаган эрдиктери майда сезилип, эмгеги көмүскөдө калды го деп жатканым ошондон го.

Бирок, ал кишинин көзү өткөндөн кийин "атын атаса, куту сүйүнөт" болуп, айыл Кеңешинин чечими менен Кегети айылынын бир көчөсүнүн аты берилгенине да шүгүрчүлүк. Ал жөрөлгөдөн башка чындап келгенде анын ким жана кандай адам болгонун ушул күнгө чейин иликтенбегенден кийин жалпы эл билбей, "баягы партизан Сураналы да" деп коюшчу тура.

Болгону ошол. Башка деле айтылбайт. Эл анын жанында болбосо, же өзү чачылып айтып бербесе, билбесе андан артык эмне демек эле. Ошол "партизан" деген аталыштын тегерегинде эмне деген улуу иш жатат, билген адам бар бекен? Же согуш мезгилинде кыргыз улутундагы жоокерлердин ичинен мурда-кийин баланча "партизан" болгон деген сөздү уккан жан болду бекен? Ошол "партизан" болуштун өзү эле канчалык жоопкерчилик экендигин сезген жан болгонбу? Мына ушундай суроолордун тегерегинде ойлонгон жан жок.

Кегети орто мектебинин мугалимдер жамааты уюштурган "Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондор жана Мекенди коргогондор эч качан унутулбайт" деген тактада сүрөтү менен кыскача өмүр баяны берилген. Андан башка деле биз сөз кыла турган каарманыбыз Сарыбаев Сураналы согуш мезгилинде кандай тагдырга туш болгону эч кимге белгисиз болуп, табышмак бойдон калгандай...

Анда биз уланта турган сөз башынан болсун. Тагдыр ар бир адамды кандай гана сыноого кириптер кылып, азапка салбайт. Ошондуктан, Сураналы атанын көргөн күнүн, тарткан азабын душманга бергилик кылбасын. Өткөн өмүрү табышмак болгон Сураналы ата 1910-жылы Чүй районуна караган Кегети айылында жарыкчылыкка келген тура. Тестиер кезинен эле курбалдаштарынан кескин айырмаланып, чыйрактыгы билине баштаган. Ошол кездеги кат сабатын ачып алган, талапкер балдар

сыяктуу эле окуу издеп келип, Бишкек шаарында жаңыдан түптөлгөн кыска мөөнөттүү "Рабфакка" тапшырат. Аны кызыгып окуп, үлгүлүү аяктаган.

Айылына келип жаш муундарга тарбия берүү менен илимге кызыгуусу байкалып, өзү байкаган кыргыз тил илиминдеги кээ бир терминдерди ошол кездеги И.Арабаев түзүп, жаңыдан жер-жерлерде окула баштаган окуу китебине киргизе алган. Мунусу да белгисиз бойдон калууда. Эгерде наалаты болгон кан күйгөн согуш болбосо...

1941-жылы Фашисттик Германия Советтер өлкөсүнө күтүүсүздөн кол салып, согуш "тамашасы" тагдырдын тай кулук унаасын мүдүрүлтүп, өлүм менен өмүрдүн чек арасын бузган каардуу күндөрү жаш мугалим-окумуштуу Сарыбаев дагы коңулда калбай фронтко өз ыктыяры менен кеткен. Күчтүү жоонун колуна капысынан жана айласыз колго түшкөндөр менен чогуу туткундардын лагеринде болуп, анын азап-тозогун аябай эле тарткан көрүнөт, шордуу киши.

Ал жерден чогуу идеялаш, каарман жолдоштору менен качып чыгып, Украина жана Белорусь токойлорун бир канча күн аралап жүрүп, акыры тарткылыгы да, ажалы дагы жок экен, ошол токой арасында душмандарга каршы аракеттенип жаткан Советтер Союзунун эки жолку баатыры "Копак" башкарган партизандардын бригадасына келип кошулган. Ошол алгачкы күндөрдө эле душмандарга каршы күрөшүүдө жигердүүлүгүн көрсөтүп, "Кызыл жылдыз" орденине жана бир канча согуштук медалдарга татыктуу болгон.

Билимдүү жигит кыска мезгил ичинде партизандардын арасынан жөндөмдүүлүгү менен айырмаланып, аброй алат. Көп өтпөй душмандан бошотулган аймактагы жашаган элдин бүлүнгөн чарбалык ишин жетектеп берүү сунушу түшүп, Дамачеев районунун аткаруу комитетинин төрагасына көрсөтүлөт дагы Сураналы аны жүрөксүбөй туруп кабыл алат. Согуштан кийин дагы ал жерде бир канча убакытка чейин калып, ал райондогу чачыраган чарбаны калыбына келтирүү иштерине толук катышкан.

Бөлөк эл, бөтөн жердеги Сураналы атанын өтөгөн эмгеги жерде калбаптыр. Ал кийин өз Ата Мекенине кайтып келгенден соң, КП(б) Белорусь комитетинин экинчи секретары жана Белорусиянын Министрлер Советинин төрагасы Аксенов кыргызстандык партизан жана ак ниет чарба жетекчиси Сураналы Сарыбаевдин ошол жерде өтөгөн эмгегин жогору баалаган катын жөнөткөн экен. Сураналы атанын ал каты деле эл арасында эскерилбей, бир гана айылдаштары: "Сураналы партизан мындай кылган экен. Сураналы катышкан партизандык отряд баланчадай эрдик жасашкан тура!" - деген ар кандай мазмундагы аңыз сөздөрдү таратышып, ал кишинин ошол күндөрүн жомок кылып алышкан.

Эмнеси болсо дагы Сураналы ата бактылуу адам экен. Согуштан аман-эсен айылына кайтып, үй-бүлө күтүп, уулкыздуу болду, элине албан-субандай эмгегин арнап артына изин калтырып кетти.

Ошого дагы шүгүрчүлүк.

## Эрдин аты эл менен, ырыска шерик жар менен

Чечейбаев Жумак 1920-жылы Чүй районундагы Кегети айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген экен. Балалык кездери бардык эле кегетилик балдар сыяктуу эле ата-энесинин багуусунда күнүмдүк оокат менен алек болуу менен өткөн. Аны көрүп калган улуу адамдардын айтымында Жумак ата адептүү, өзүнөн улууларды сыйлоону, сылык мамиле жасоону туу туткан өспүрүм болуптур.

Ал Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Пржевальск шаарындагы С.М.Киров атындагы Кыргызстан колхоздук айыл чарба техникумун артыкчылык дипломy менен бүтүргөн. Ошол эле жылдары тылдагы күндөлүк пайда болуучу оорчулуктарды алдын алууга дарамети жете турган кызматкер катары согуштан "брон" менен калтырылып,

Кант районундагы райком партияда инструктор болуп эмгек жолун баштаган.

Бул адамдын карапайым мүнөзү, адамдарга жасаган сыпаа мамилеси, улуу-кичүүнү тең көрүп, бирдей урматташы, ошондой эле ишин жакшы билип, алысты көрө билүүсү анын андан ары ишинен көтөрүлүүсүнө түрткү болуп, ал 1946-1950-жылдары Ворошилов районунда райком партиянын 2-секретарына чейин жеткен.

Кийин Жумак ата жашоо-шартка байланыштуу өзүнүн туулуп-өскөн Кегети айылына келип, айыл башчы болуп, ишин уланткан.

Ошол мезгилден өмүрүнүн акырына чейин мал чарбасында зоотехник болуп, эмгегин элине сиңирди. Ошол өтөгөн эмгегинин акыбети кайтып, мамлекет тарабынан баалуу сыйлыктар жана граммоталар менен сыйланган.

## Эрди эр кылган да - аял,

жер кылган дагы - аял, демекчи, Жумак Чечейбаев атанын биринчи баш байлаган өмүрлүк жары Жамал апа чыгаан мугалим гана эмес, мээрман эне да болгон экен. Жамал апа Жеңишкүл, Сүйөркүл, Клара, Камил жана Эмил аттуу уул-кыздарды төрөп, алардын арасынан мыкты мугалим, илимпоз-экономист, колунан көөрү төгүлгөн уста болгонун көрбөй дүйнө салган. Жамал эжеден окуган Симила Абдрахманова, Султан Мамбеткалиевге окшогон Эл мугалимдери, учкуч, илимпоздор, ар кандай тармакта өздөрүн көрсөткөн кызматкерлер чыгышты.

Экинчи жары Турусбекова Жайнаке апа да Кегети айылындагы мектепте иштеп, кегетилик айылдаштарынын эсинде жаңычыл мугалим, мугалим-эксперимент катары сакталып калган.

Ал 1930-жылы Чүй районуна караштуу "Он бир Жылга" сельсоветиндеги Маданият айылында туулган. Айылындагы толук эмес орто мектептен окуп, орто билимди борборубуздагы айтылуу №5 орто мектептен

алган. Жайнаке апа ошол мезгилдердеги мугалимдерди тездетип даярдалчуу курстардан өтүп, эмгек жолун 1953-1954-окуу жылында Талас облусундагы "Ак-Чий" орто мектебинде баштаган. Көп өтпөй "Көк-Арык" орто мектебине которулуп, анда башталгыч класстардын мугалими болуп иштейт.

1953-1954-окуу жылдары кайра өзү туулуп өскөн айылына кайтып, ошол эле жердеги "Маданият" башталгыч мектебинде башталгыч класстын окуучуларына сабак берет. Ошол мектептен иштеп жатып эле билимин жогорулатуу үчүн В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна келип кирип, анын химия-биология факультетин ийгиликтүү аяктаган.

Жогорку окуу жайын бүткөн Жайнаке эжей Кемин районундагы Жаңы-Алыш орто мектебинде келип, 5-10-класстын окуучуларына химия, биология сабагынан билим бере баштаган эле. Ошол жылдары тагдыр Жайнаке эжейди түбөлүктүү өмүр-шериги Жумак атага жолуктурат. 1960-жылы өз кесиби боюнча Чүй районундагы Ө. Исаев атындагы Кегети орто мектебине которулуп келип, ардактуу эс алууга чыкканга чейин биология сабагынын мугалими болуп иштеди.

Жайнаке эжейдин чыгармачылыгы жана ишмердүүлүгү ушул мектептен анык байкалды. Эжейдин эл алдындагы 40 жыл ичинде өтөгөн эмгеги эске алынып, 1971-жылы "Эмгек Кызыл туу" ордени, 1990-жылы "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси менен сыйланып, "Кыргызстанга эмгек сиңирген мугалим" ардак наамы берилген. Кезегинде айылдык, райондук Кеңештердин бир нече жолку чакырылышына депутат болгон.

Жайнаке эжей 2008-жылы 78 жаш курагында дүйнөдөн өтүп, сөөгү Кегетиге коюлду.

# Кегетилик окумуштуу-топонимист

Филология илимдеринин кандидаты, белгилүү лексиколог-топонимист Исаев Дөөлөтша 1928-жылдын 18-январында Чүй районунун Кегети айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте калып, атасынын бир тууган иниси Ленин орденинин ээлери Өмүралы Исаев менен аялы Анара эжей багып алышкан, тарбиялашкан. Эмгек жолун 1947-жылы Кыргыз Мамлекеттик педагогика институтун артыкчылык диплому менен бүтүргөндөн кийин Чолпон (азыркы Кочкор) районундагы Кум-Дөбө орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы жана кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча окутуучу болуп иштөөдөн баштаган.

1948-жылдын сентябрь айынан 1950-жылдын 16-февралына чейин Ош облусуна караштуу Гүлчө районундагы Токтогул атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп ишин уланткан. Ушул жерден "Мугалимдерге жардам" аттуу Билим берүү министрлигинин алдында айына бир чыгуучу журналына "Дагы эле Кыргыз тилинин грамматикасы жөнүндө" деген ат менен макала жазып жиберет. Анда ошол кездеги кыргыз тилинин грамматикасы боюнча чыгарылган окуу китебинде олуттуу кемчиликтер бар экендиги көрсөтүлүп, өзгөртүүлөрдүн киргизилишинин зарылдыгы баяндалат.

Бул макала ошол кездеги Эл агартуу министри, дүйнө таанымал көрүнүктүү илимпоз, академик Болот Мураталиевич Юнусалиевдин көңүлүнө жагып калып, ал Дөөлөтша Исаевди атайын чакыртып алат да, узакка аңгемелешүүдөн кийин Эл агартуу министрлигинин окуу-методикалык бөлүмүнө методисттикке дайындаган буйругун чыгарат. Ал жерде иштөө менен бирге "Мугалимдерге жардам" журналынын жооптуу катчысы, Кыргыз мамлекеттик окуу-педагогикалык басмасынын редактору болот.

1969-жылдын октябрынан 1999-жылдын аягына чейин Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын тил жана адабият институтунда ага илимий кызматкерден анын бөлүм башчылыгына чейин жетет. 1972-жылы "Түндүк Кыргызстандын топонимикасы" деген темада диссертация жактап, филология илиминин кандидаты деген илимий даражага ээ болот.

2000-жылдын 1-январынан тартып ден соолугуна байланыштуу өз ыктыяры менен жумуштан кетет.

Исаев Дөөлөтша 1950-жылы Эл агартуу министрлиги тарабынан окуу китептерин түзүү боюнча жарыяланган республикалык конкурста "Кыргыз тилинин грамматикасы" аттуу 5-6-класстары үчүн арналып жазылган окуу китеби 2-даражадагы сыйлыкка татыктуу болот. Бул окуу китеби Д.Исаевдин жеке авторлугу астында 9 жолу, республиканын Эмгек сиңирген мугалими К. Токоев менен бирдикте 8 жолу, ошондой эле С.Кудайбергенов жана С. Үсөналиевдер менен бирге авторлош болуп 18 жолу, бардыгы 1950-жыл менен 1990-жылдар аралыгындагы кырк жыл ичинде 35 жолу 970 миң нускада басылып чыккан.

Жогорудагы аталган кызматтарда иштөө мезгилинде бир кыйла башка окуу китептерин, окуу-педагогикалык басылмаларды, илимий эмгектерди түзүүдө жана редакциялоодо активдүү катышат. Алар учурда дагы мугалимдер арасында кеңири колдонулуп жүрөт.

Д.Исаев тарабынан "Мектептерде кыргыз тилин кайра куруу жөнүндө", "5-7-класстарда грамматикалык талдоо жөнүндө", "Окуу китептеринин сапаттуулугу үчүн", "Кыргыз тилин жана адабиятын окуутунун деңгээли көтөрүлсүн" деген сыяктуу, окутуу методикалык, сын жана библиографиялык темаларда 60тан ашуун макалаларды жазып, "Мугалимдерге жардам" журналында жана башка басма сөз каражаттарында жарыяланган.

Анын жазган "Кыргыз тили" окуу китеби жарым кылымдан ашуун убакыттан бери окулуп келет. Ошондой эле коомчулукка кеңири таанымал "Кыргызча-орусча",

"Орусча- кыргызча" сөздүктөрдү түзүүчүлөрдүн бири.

Д.Исаевдин акыркы жылдардагы жараткан илимий эмгеги катары "Дагы бир жолу Бишкектин аталышы жөнүндө" деген макаласын көрсөтүүгө болот. ("Кыргыз туусу", 20-22-ноябрь 2007-ж).

## Сыр сактоонун үлгүсү

Биз сөз кыла турган белгилүү адам дагы, тактап айтканда Исаев Мукатай Кегети айылында карапайым үй-бүлөдө 1929-жылы туулган. 1947-жылы мектепти ийгиликтүү аяктап, Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтунун география факультетин бүтүргөн.

Ошол эле жылы ал кездеги учурдун талабына ылайык Ош облусунун Гүлчө районуна география сабагынын мугалими катары жөнөтүлөт. Кыска аралыкта жаштыгына карабастан Мукатайдын ишине болгон жөндөмдүүлүгүн байкаган аталган райондогу жогорку бийликтегилер аны алгач окуу бөлүмүнүн башчылыгына, көп өтпөй мектептин директорлугуна көтөрүшөт.

Мукатай Исаев кайда болсун артта калган мектептерге жиберилип, аз убакыттын ичинде Токтогул атындагы орто мектепте, Свердлов орто мектебинде, Киров атындагы орто мектебинде жетекчилик кызматта иштеп, ал мектептерди алга сүрөйт. 1956-жылы өзү туулуп-өскөн айылына келип Кегети орто мектебинин директорлугуна дайындалат.

1961-жылымамлекеттиксырдысактообашкармалыгынын басма сөз кызматынын редактору болуп которулат.

Он жыл өтүп, ушул эле башкармалыктын Ысык-Көл облусундагы бөлүмүнө начальник кылып дайындашат.

Мукатай Исаев ардактуу эс алууга чыккыча ушул кызматтарды аркалап келди. Анын эл алдындагы өтөгөн эмгеги эске алынып, көптөгөн сыйлыктар менен сыйланган.

1995-жылы каза болуп, сөөгү Кегетиге коюлду.

# Кегетинин чыныгы баатыр уулу, же кайтарылбай калган наам

Кегети айылынан чыккан алгачкы да жалгыз дагы Советтер Союзунун Баатыры деген бийик наамга ээ болгон адам Булатов Күмөн болгон. Бул тарыхый мезгилди ичине камтыган, жеке адамдын коомчулуктун көз алдында калган, көрүнгөндүн эле колунан келе бербеген, баатырдык-эрдигин камтыган жеке чындыгы. Ал жөнүндө Жоомарт Бөкөнбаевдин "Ажал менен Ар-Намыс" деген поэмасында кенен-кесири баяндалган. Анда Ажалга Ар-Намысты каршы коюп, Күмөн сыяктуу баатыр уулдары менен Кыргыз эли сыймыктуу экендигин:

"Кыргыздын кеги-кылычтай,
Кыйылып түшөт чапканы.
Кыргыздын каны- кымбат кан,
Кылымдар бекер акпады.
Жапшыра кармайт чапканын,

Жаагы катуу капканы.
Кыргыздын сөзү –ыйык сөз,
Эки ача болбойт айтканы.
Ажалды көзгө илбе!.." –деп,
Анттарын балдар берди эле,
Акоптун ичи чыдабай,
Жарылып кете жаздады, - деген саптарда ажалга каршы турууда ошол эле кыргыз жигиттеринин Намыс үчүн туулгандыгы баса көрсөтүлөт. Ошондой эле акындын бул поэмасындагы Күмөн катышкан ар бир сабында обон чакырган ыргакты баамдоого болот. Мисалы:

Кабылан шердей жүгүрүп,
Качырып Күмөн жүгүрдү.
Карап турган калың жоо,
Кара жандан түңүлдү.
Аламандап ок төгүп,
Ажыдаардай душмандын,

Арасы жаман бүлүндү, же:
Боз шинель кийген Сталин,
Бооруна кысты Күмөндү.
.Бозорбой көзү нурданып,
Болоттой Күмөн ширелди, - деген акындын ой-туюмундагы алгачкы жаралган жакшы нерсени жокко чыгарып, ал айыпталып жүргөн мезгилдеги өзгөртүлгөн чыгармадагы Жапар деген атты жалгасак, ал ыргактан канчалык алыс турганын баамдоого болот. Демек, бул чындык. Ага жараша белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиев өз мезгилинде: Жоомарттын "Саясий кырдаалдарга байланыштуу өзгөргөн чыгармаларын калыбына келтирүү, алынып ташталган тексттерди, кыскарып калган саптарды толуктоо, көмүскөдө калган фактыларды алып чыгуу милдети турат" деп жазып кеткен экен.

Эми баатырдын башатына кайрылсак, Күмөн Булатов 1906-жылы Кегети айылында туулган. Ал Тагай бийден таралган балдардын ичинен Карачородон чыккан. Же Карачородон Балта, андан Нурманбет (ылакап аты - Суу мурун), андан Болот. Болоттон Күмөн туулган. (М.Иманалиев Кыргыз санжырасы-Бишкек, 1995-жыл. 174-175 бет). Күмөн ата-энесинен эрте ажырап, жетим калганда таякеси Кегетилик Мундуз Каке алып кетип, Бишкектеги жетим балдар үйүнө киргизип, андан кийин Оренбург шаарына жиберип, окуткан.

Күмөн согушка чейин Кыргыз Мамдолбоордун жетекчиси, кийинчерек Кыргыз ССРинин Эл Комиссариатынын иш башкаруучусунун жардамчысы жана райисполкомду башкарган. Комсомолдун райондук баштапкы уюмунун секретары, колхоз башкармасы жана Кыргыз опера жана балет театрынын директору болуп иштеген. Көптөгөн кегетиликтерди ар түрдүү адистикке даярдаган. 1939-жылы театрдын жетекчиси катары Москва да өткөн Кыргыз искусствосунун декадасына катышкан. (Дятленко П.И. Реабилитация репрессированных граждан в Кыргызстане (1954-1999гг.)-Б: КРСУ, 2010-жыл).

Согуштун алдында Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп иштеп туруп, өз ыктыяры менен согушка жөнөп кеткен.

Ал Моздок багытындагы Калинин жана Түндүк-Кавказ фронтунда душмандар менен болгон айыгышкан кармашууда 1942-жылдын 29-сентябрында колдоруна граната кармап, тайманбай немецтик-фашисттик танктын алдына боюн таштаган. Танк жоокер жыгылганда ордунан бир айланып жүрүп кеткенин көрүп турган жоокерлер кийин сыймыктануу менен айтып беришкен. Ошонун негизинде 1943-жылы согушта көрсөткөн эрдиги үчүн "Кызыл Туу" ордени менен сыйланган. Бирок, Күмөн танктын алдында бош топуракка көмүлүп, катуу жарадар болуп, чала жан абалында немистердин колуна түшүп калган. Германиянын Люккенвальд, Польшанын Понятове концлагерлеринде болгон. Ал жерден дагы бардык кордуктарга чыдап, чыккынчылыкка барбай, СССРдин атуулу катары туткундар арасында жигердүүлүгүн көргөзүп, көп жакшы иштерди иштеген. Бир нече жолу туткундан качып, кайра кармалган.

Кийинчерээк Польшалык партизандар концлагерден 6000 миңден ашуун туткундарды бошотушкан. Ошол эле Польшалык партизандар менен согушка катышып, 1944-жылдын июль айында 1-Белорус фронтунун 68-гвардиялык дивизиясына кошулган. Бирок, туткунга түшкөндөрдүн бардыгын соттоп жиберишип, ал багытта айыпталып, түрмөгө да түшкөн. Тактап айтканда, 1944-жылдын 2-августунда туткунга түшкөндүгү үчүн деген айып менен колго түшкөн мезгилден тартып баатырлык наамы жана башка сыйлык-наамдарын шыпырып алып, өзүн Сибирге айдап жиберген. Андан акталып чыккан. Партиялык стажысы калыбына келтирилип, чини кайтарылып берилген. Академик Аскар Какеевдин эскерүүсүнө караганда ошол жылдардан баштап, Күмөндүн балдарын туугандары үйлөрүнө киргизбей, катташпай калышкан. Ал: "Ардактуу академик А.Алдашев

мага тартуулаган, "Жер төлөдөгү ой толгоо" деген китебинде: "Сырдаш, муңдаш, акылдаш иним Аскарга автордон" деген мен үчүн өтө кымбат жазуу бар. Аталган китепте агай айткандай, "Бир көзүң бир көзүңө сынчы болуп, бир кулагың бир кулагыңа тыңчы болгон заманда" "Эл душманынын баласы" болуп, далай азаптарды башымдан өткөрүп жүрдүм. Бактым бар экен, шүгүрчүлүк 1967-жылдын 29-декабрында Биринчи Белорус фронтунун трибуналы чыгарган өкүм жокко чыгарылып, Күмөн Булатов толук акталган. Түрмөдөн келгенден кийин 1943-жылы берилген "Кызыл Туу" орденин кайтарып беришкен" - деп эскерет, "Күмөн Болотов" аттуу, даректүү очеркинде.

Тактап айтканда, 1943-жылдын 3-февралында СССРдин Жогорку Кеңешинин Указы менен сыйланган 543921 номерлүү "Кызыл Туу" ордени 1969-жылдын 10-сентябрында кайтарылып берилген. (Извлечения из"Общего положения об орденах Союза СССР)

Тилекке каршы Булатов Күмөндүн баатырдык наамы, Баатырдын Алтын Жылдызы ошол бойдон кайтарылбай, ал багытта айылдаштарынын аракети көрүлбөй келе жатканы кандай өкүнүчтүү.

Күмөн атанын балдарынын арасынан бир академик, эки илимдин доктору, үч илимдин кандидаты чыкты. Анын балдарынын ичинен белгилүү академик-окумуштуу Аскар Какеевди бөлүп айтсак эле Күмөн атанын артында, анын изин улай турган кандай гана балдар тарбияланып, өскөнү билинип турат.

"Кегети айылынан чыккан баатырдын ысымынын өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү анын аткарган иштеринде жана тарбиялап өстүргөн балдарында"- дешет, анын аты менен сыймыктанган кегетиликтер.

## Устат

Чечейбаев Суракмат партиялык, советтик кызматкер. Мыкты педагог. Кегетиликтердин ичинен чыккан биринчи министрдин орун басары. Республиканын Элдик текшерүү бөлүмүндө бөлүм башчы, Улуттук университетте декан, доцент катары иш алып барган. Мектепте директор болгон. Тарых илимдеринин кандидаты. Чечейбаев Суракмат көптөгөн Мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүлүп алардын ээси болгон. Кегетилик көптөгөн улан кыздарды ар кандай адистикке даярдап, жардам берген.

Өзүнүн балдарынын ичинен илимдин кандидаты, доцент, декан, ар кандай максаттагы мекемелерде бөлүм башчы, чарбанын диреторлору, полковниктер чыкты.

## "...Арманда кеткен бир ак куу"

Кыргыз элинин бай тарыхындагы нечендеген кылымдар аралыгында, ар түрдүү кырдаалда жарыкчылыкка келип жашоо кечирген, анын көп томдуу тагдырынын бүктөөлөрүндө калып, бирок, элдин эсинен чыкпай сактала берген коо жарган сулуу кыздары көп болгон. Алар куйма, кулак кепкор жана чыгармачыл адамдар тарабынан алымча-кошумчасы менен түрдүү маанайда сүрөттөлүп, биздин заманга чейин жетип отурат. Акылман (Санирабига) Каныкей апабыз Каратегин кызы болсо да кыргыздын баатыр уулу Манасты тандап, ак куу кебин кийип, өзү дагы ак куудай суналган сулуу Айчүрөк эжебизОогандан Семетей абабызды издеп келип, бул эки пери жалпы кыргызга эне болушкан эмеспи. Бул айымдардын кыргыз элинин сакталышы жана калыптанышы үчүн аткарган иштери опол тоого барабар. Алардын мээриминин төгүлгөн жарыгы мезгилинде өз очогуна, айлана-чөйрөсүнө эмес, бүтүндөй бир журтка тийген. Ал экөөнүн сырткы келбети гана сулуу эмес, ички дүйнөсүнүн байлыгы мол, акылман, көрөгөч, дарыгер, сарамжалдуу, колдорунан

көөрү төгүлгөн уз, улуттук нарк-насилдин ээси, билгир жана таасын педагог болуу менен бирге сырткы душманга айбат-сүр болуп, акыр аягында үйдүн куту да болушкан.

Курманбек баатырдын маңдайына шам чырак болуп жагылган Айганыштын сулуулугу түндү жарытса, Соңку-Көлдүн жээгинде төрөлүп, өскөн ай чырайлуу аалам сулуусу Акмөөрдүн кабары хандарга чейин угулуп, алардын дагы эсин эки кылганы бар.

Түштүктөн чыккан Мөлмөл сындуу сулуулар Барпы сыяктуу көөдөнү жарык акындарына түш болуп кирсе, Алайдан чыккан Арзыкан сулуунун келбети уламыштан чындыкка чыгып, көөдөнүндө угуту бар адамдар тарабынан ырга айланып отурат.

Ат-Башылык Моңолдорлордон чыккан Боогачы ырчынын жан-дүйнөсүн жабыркатып, "ашыктык милдетин" таңуулаган Үкөйдүн чырайына эмне деген сын айтылат. Жеңижок акындын Көксулуусу алп акындын талантын тамырлатып, шыгын ойгото шынаа болуп кагылса, Салижан Жигитовду өкүндүрүп, "Арманда өткөн бир ак куу" сымал кечээ эле арманда кеткен дагы бир Соңку-Көлдүн сулуусу Таттыбүбүнүн керемет келбети экрандан чыга калса, айдын жарыгына жарык кошуп, күндүн көзүндөгү булуттан чыга калгандай дагы деле бардыгыбызды өкүндүрүп да, тамшандырып дагы келе жатат.

Мындын отуз эки жыл мурда, тактап айтканда 1981-жылдын күз айларында кыргыз элинде сулуулуктун символу катарында жашап жана кыргыз сахнасынын ажары аталган Таттыбүбү Турсунбаева чолпон жылдыздай жанып турган, талантынын экинчи барагы ачыла элек 37 жаш курагында дүйнөдөн мезгилсиз кайткан.

Көзү тирүү болгондо 2014-жылдын 12-июлунда Соң-Көлдүн чүрөгү, Кегетинин келини, кыргыздын сыймыгы менен жылдызы Таттыбүбү Турсунбаева 70 жашка толмок экен. Ат-тиң! Ошол арманда кеткен ак куу мезгилинде акындардын, чыгармачыл адамдардын, жакындарынын,

досторунун (эгерде алар бар болсо) көңүл черин чындап эле козгогон окшойт. Алар дагы жогоруда айтылган, жөн адамдардын акыл-парасатына келе бербес таамай саптарды таап жазганын, жакындарынын ал жөнүндө көз жашын төгүп тажабай айткан баяндарынын көптүгүн кантесиң. Эгерде дагы эле арабызда болгондо көз жетсе да кол жетпеген, дагы-дагы далайлаган бийиктиктерди багынтмак. Кыска өмүрүндө унутулгус из калтырган Таттыбүбү Турсунбаева кыргыз журтчулугунун сыймыгы да, тирүүлүккө тартууланган сыйлыгы да болгон жана болуп кала беринде күмөн жок.

Ыраматылык Таттыбүбү аз жашаса да, саз жашап, бирок өтөлгөлүү өмүрүндө кандайдыр себептер менен көп деле курбу күткөн эмес көрүнөт. Учурда көзү түрүү, өзүн Таттыбүбүн жалгыз курбусу эсептеген Дария Абакированын курбусуна карата бут тосуулар, көрө албастык жана кайдыгерликтин залакалары анын өмүрлүк жары Кегетилик чыгаан актёр Имаш Эшимбеков менен түбөлүк жашоосуна ар кандай тоскоолдуктарды жаратканын газетага берген маалыматында ачык көрүнөт. Анын айтуусуна таянсак: жолдошу Имаш экөө Ташкент шаарындагы театралдык институтта бирге окушуп, ал кездеги ысык мамиле сүйүүгө айланып, Таттыбүбү 21 жашында Имашка турмушка чыккан экен. "Таня (Таттыбүбү, Дария эже аны Таня дечү экен) Имаш менен таанышканын аябай образ менен айтып берээр эле" деп эскерген экен, Дария эже бир газетага берген интервьюсунда. "Кара тору, тармал чач, көздөрү бакырайган жигит тепкичтен ылдый түшүп келе жатты. Мен аны бир көрүп эле сүйүп калдым. Ал болсо мени көптөн бери жактырып, таанышуунун айла-амалын издеп жүргөн экен" дептир.

Дария эженин баамында бул эки адамды Кудай бир кошкон сыяктуу. Жогоруда айтылгандай, ортодо өйдө-төмөн иштер жана кызганыч себеп болуп, тогуз жыл бирге жашаган экөө бөлүнүп жашоого аргасыз болушкан окшойт. Ак куудай созулган сулуу жүздүү, татынакай ургаачы

дайыма эл көзүндө болсо, анын үстүнө көп убактысы театрга арналса, ага жараша таланттуу, сулуу аялдын күйөрмандары да толтура болсо керек, албетте мындай аял заты эркектерге көп деле жага бербейт эмеспи. "Кээде үйүндө кызганыч себеп болуп чыр чыгып кетсе Имаш, "Ушул саяктын кызын неге сүйдүм экен?!" деп жинденип, ыйлап жиберер эле" дейт, Дария эже. Алар ажырашкан менен Имаш ага Таттыбүбүнү унута албаса керек, ал дүйнөдөн өтүп кеткенде да катуу кайгырып, балдарын жалгыз тарбиялаган экен. Ошол эле кайты аны да эрте эле бул дүйнө менен кош айтышууга аргасыз кылган.

Ат-тиң, бири кем дүйнө!

Ата-энени көрүп актёрлукка ыктаган балдар-кыздары болгон. Мисалы Асел Эшимбекова да кинодо көрүнүктүү бир образ жаратып, бирок кандайдыр бир себептер менен ата-энесинин кесибин уланта албай келет. Мага тааныш эмес бир акындын:

Ай жарык Кегетинин келиндери,
Сулуулук буларга эле берилгенби?!
Биринен бири өтөт букет болуп,
Тандалып тоо гүлүнөн терилгенби?!
Ак мончок Кегетинин келиндери,

Жеткилең бир дүйнөсү сезимдеги.
Айттырбай таап турса көңүлүңдү
Ойлойсуң жөн билгиси тегиндеги?!
Асылкеч Кегетинин келиндери,
Ажайып жай булардын барган жери.
Айылды ого бетер шаңга бөлөйт,
Апакай төрөп берген кыз, эркеги.

Суйкайган Кегетинин келиндери,
Сулуулук буларга эле берилгенби?!
Биринен бири өтөт букет болуп,
Тандалып тоо гүлүнөн терилгенби?! - деген ырын окуп, бул Кегетинин келиндерине ышкысы түшүп,

алардын сулуулугун даңазалаган ким болду экен (?) деген ой келген. Көрсө бул акын алыстан келбей эле ошол эле Кегетинин акын уулу Сайдин Исаков болуп чыкты.

Чындап келгенде Кегетинин Кыргыз Республикасынын эл артисти Тамара Жаманбаева (Бакиева), "Ардак белгиси" орденинин ээси Ташбүбү Исагалиева, "Ленин" орденинин ээси Исаева Анара, Эмгек Кызыл туу орденинин ээси Жайнаке Турусбекова, Кегетинин кызы, ошондой эле келини Эл мугалими Симила Абдрахманова, ошондой эле Таттыбүбү Турсунбаева, бир илимдин докторунун, эки илимдин кандидатынын сүйүктүү энеси, химия илимдеринин кандидаты, доцент Ж.Молдокеримова сыяктуу Кегетинин келиндеринин сулуу чырайы менен өтөгөн эмгеги айкалышып, кегетилик белгилүү адамдарынын катарын толукташканы жалган эмес.

## Элесин өчүрбөйлү десек...

"Биз, Асанбек Суханалиевди чукулунан каза болгондугуна байланыштуу анын туугандарына, үй-бүлөсүнө терең кайгыруу менен көңүл айтабыз жана азасын тең бөлүшөбүз. Асакемдин жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө дайыма сакталат. Кош бол, Асаке!" -деп, көздөрүнөн жаш сыга топурак салышкан экен, ушул адамды чукулунан билген адамдар, ошондой эле Чүйдөн жана өлкөнүн түш тарабынан келген а кишини сыйлаган кесиптештери. Ошол 1998-жылдын мунарыктуу күз күндөрүнүн биринде ушул өлүктөрдүн жымжырт айылында дагы бир чочойгон жаңы кабыр пайда болуп, Абдылашым Ысмайыл уулу:

Алланын берген өмүрү жылып,
Алтымыш жети жашына чыгып.
Суханалиев Асанбек,
Ал адам болгон акылы тунук.
Арадан кетти томсортуп элди,
Аттиң ай, арман, ажалың улук,

-деп, жазгандай канттыктар дагы бир жакшы адамынан

айрылышыптыр, атаганат! Ошол Асанбек ага менен коштошуп жатып, орду толгус жоготууну моюндашкан, ошондой эле аны менен туз-даамдаш болуп калышканына ыраазылыгын билдиришкен адамдардын кабыр башындагы эскерүүсүндө: "Дагы бир далай өмүр сүрүп, калкыбызга караан болуп, жаштарга насаатчылык ишиңизди улантып, элибиз менен XXI кылымга бирге барсаңыз жалпы элиңиз, жердештериңиз үчүн кандай зор бакыт болоор эле?!"- деген сыяктуу, аялуу буюмун байкоосуздан колдон түшүрүп жибергендей өкүнгөн сөздөр айтылган экен.

Ушул ар бир пенде баласынын башына келген жазмышта өтө арбын кезиге турган өкүнүчтүү нерсенин бири-бул биздин көзү өтүп кеткен көзөл адамдарыбыздын артынан ой тизмегин чубалтып, эстутумдун сыдыргысынан өткөрүп, өкүнүп калганыбыз окшойт. Ага жараша аты асылга теңелген, канчалаган пенделердин элестери эстен чыгып, көөнөргөн буюм сымал көңүлдөн сырт калып, байкалбастан тарых барагынын көмүскө бетиндеги саргарган бүктөмдөрүндө өчүп, мезгил өткөн сайын унутулуп кала берет экен.

Кудайга шүгүрчүлүк кылсак болчудай. Мындай тагдырга Асанбек агабыз кабылган жок. Анткени, ата-эненин жан-дүйнөсүн жаңыртып тукум улап, туулгандан туура багыт алып, табиятынан таланттуу жаралган бул адам көзү өткөнүнө бир топ жылдын жүзү болсо дагы туугандарынын, замандаштарынын, досторунун, кесиптештеринин, уул-кыздарынын эстеринен чыкпай, алар чогулган жерде биринен сала бири талашып эскерип келишет.

Ошондой эскерүүлөргө таянсак Асанбек Суханалиев 1931-жылы Ысык-Ата районуна караштуу Узун-Кыр айылындагы Мопр кыштагында жөнөкөй үй-бүлөдө туулган экен. 1938-жылы Интернациональ орто мектебинде 7 жылдык билим алып, Фрунзедеги финансы техникумуна тапшырган. Мектеп жашынан эле тырышчаактыгы, чапчаңдыгы менен бөлөк курбалдаштарынан кескин айырмаланып олуттуулугу, сыпаалыгы, токтоо жүрүм-туруму менен агай-

эжейлердин көзүнө түшүп, жакшы окуганы айтылыптыр. Атайын окууну бүтүрүп, экономисттик адистигине ээ болгондон кийин Асанбек агай ошол кездеги ар бир советтик жетекчиликке тиешелүү болгон бардык тепкичтерди биринен сала бирин басып өтүп, кадыресе такшалган жетекчинин бири катары кызматтан кызматка көтөрүлө, өлкөбүздүн дээрлик бардык аймактарында эмгек өтөгөн. Жаш кесинен эле ал кездеги адамдардын кулк-мүнөзүнө тиешелүү Марксисттик-лениндик идеага терең берилген жаш адис көпчүлүктүн, айрыкча жетекчиликтин көңүлүнө түшүп КПССтин мүчөлүгүнө эрте өткөн экен. Кайсы гана жерде иштебесин агабыз кесиптештеринин арасында терең урмат-сыйга арзып, коомчулуктун калың катмарындагы алдыңкылардын катарын толуктап, эли үчүн бийик кадыр-баркка татып келгенин замандаштары айтып жүрүшөт.

Алгачкы эмгек жолун 1949-жылы Асанбек Суханалиев Ош шаарындагы айыл чарба банкында инспектор болуп иштөөдөн баштап, ушул эле тармак боюнча Талас облконторасында, Калинин, Киров, Ивановка өңдөнгөн ири райондордун айыл чарба банктарында үзүрлүү иштеген. 1959-жылы мамлекеттик банктын Кант шаардык бөлүмүндө кредит бөлүштүрүү боюнча улук инспектор болуп он ашык жыл кызмат өтөп, 1972-жылы аталган банктын жетекчилигине келген. Жыйырма жылдан ашуун аталган кызматтын ысык-суугуна күйүп, өзүнүн артынан ээрчиген көптөгөн шакирттерди тарбиялап, өстүрдү. Асанбек Суханалиев 1994-жылы Кант аймактык Казначейство бөлүмүнүн башчылыгында иштеп туруп, эмгек эс алууга чыккандыгына байланыштуу өз арызы менен кызматтан кеткен. Кайсы жерге барбасын, кайсыл жерде иштебесин ишинин майын чыгара аткарган Асанбек Суханалиев кесиптештерине дагы, ушул багытта андан жардам сурап келген муктаждарга да, деги койчу өзүн курчап турган чөйрөдөгү жашаган бардык адамдарга дайыма ак ниеттүүлүк менен илбериңки жасаган мамилеси жана кара кылды как жарган калыстыгы аркылуу адилет

жетекчи экендигин көрсөтө алган.

Мындай коомчулуктун көзүнө түшкөн адам көр оокаттын кулу болбостон, калкым үчүн деп гана жашап, ошол касиети аркылуу эл көрсөткөн сый-урматтан дагы куру калбайт эмеспи. Асанбек Суханалиевдин өтөлгөлүү өтөгөн эмгеги эске алынып, СССР Курулуш банкынын отличниги деген наамга татып, убагында анын Ардак грамотасын алган. Чындыгында ал кезде ушул багытта иштеген адамдарга сыйлык берүү өтө тыкыр каралып, жүздүн бирине гана ыйгарылганы ошол учурда жашаган муундун эсинен кете элек. Түйшүгү түмөн, бирок аткарылган майда иштин мааниси эске алынбай, банк системасында иштеген адамдардын канчасы сыйлык деген эмне экендигин билишпей өтүп кетишти. Ошентсе да бул адамдын эмгек китепчесинде бир нече жолу моралдык, материалдык сыйлыктарды алгандыгы жазылып, анын үзүрлүү өтөгөн эмгегинин унутулгус үзүмдөрү белгиленип калыптыр. Аталган сыйлыктардан дагы Суханалиев Асанбек аттуу мезгилинде көпчүлүккө белгилүү болуп жашап өткөн адамга карапайым эл көрсөткөн сыйы баарынан бийик туруп, көзү өтсө дагы көпчүлүктүн эсинеде унутулбай сакталышы эле ага карата эмне деген сый-урматты айтып турат.

Асанбек Суханалиев бул дүйнөгө бекер келип, байкоосуз артына изин калтырбай, дайынсыз кеткен жок. Ал Солтонун ичинен Күнтуу элинен чыккан. Санжырага таянсак Бөлөкбайдын Бүтөшүнөн Жакып, андан Сарман. Сармандын Бөкөйүнөн Суханалы кенже бала катары үй ээси болуп калган. Суханалыдан Алый, Акмат, Кошонбай. Алыйдан Асанбек ата туулуп, андан Самат, Канат, Болот. Канатынан Алмаз, Азис. Болотунан атасынын атына коюлган Болот жана Эрмек. Арт жагында калдайган эли, урук-тууганы, жоро-жолдоштору, кесиптештери, замандаштары ошондой эле тукумун улай турган балдары, неберелери, чөбөрөлөрү калды, буга дагы шүгүр.

"Аял жакшы, эр жакшы" демекчи, Асанбек

Суханалиевдин жубайы Бүбүшкан апа кесиби мугалим. Учурунда Ош райком комсомолунда мектептер аралык иштер боюнча инспектор болуп иштеген. Учса канаты, консо куйругу болгон Бүбүшкан эже Асанбек аганы "Асанбек кылган" деп айтып жүрүшөт. Демек, эки жакшынын бириккени жогорудагы айтылган даңазалуу тагдырга ээ кылган десек жараша турган.

## "Биздин Аскар"

Кудай таала Жараткан талант-шыгын ченебей берген, поэзия, проза жана драма жанрында бирдей эмгек өтөп, аларды бирдей алып жүргөн Кегетилик залкар жазуучу Насирдин Байтемировдун өзүнүн жердештерине, анын ичинен Турсун устага арнаган төмөндөгүдөй ыр саптары бар экен. Ал:

Турсун уста туура, калыс расми,
Кенедейден кесиби эле жыгаччы.
Ак көңүлү кармап буюм жасаса,
Ырдатчу эле, сүйлөтчү эле жыгачты, - деген

саптары кезегинде Турсун устанын өнөрүнүн күчтүүлүгүнө арналыптыр. Ал киши мойнуна кылыч такаса дагы калыс сөзүнөн тайыбаган, ошол калыстыгы менен эл арасында жетиштүү аброй топтогон, жыгачты гана "ырдатпай", кара сөздүн устасы да болгон сөзмөр, чечен адам болгон экен.

"Аккан арыктан суу агат" - демекчи, анын жолун улуу баласы Аскар улап, көркөм сөз өнөрүн ийлеп, анысы ийине жеткенден кийин илимий өнөрдүн бийиктигине чейин жеткирип, анын жабык имараттын таштак жерин талыкпаган эмгек менен асылдандырган дыйканча тынбай көтөргөн окумуштуулардын катарында өзүн көрсөтө алды.

Аскар Турсунов учурда филология илимдеринин доктору, профессор, "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер", Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү.

Ал 1928-жылы 10-январда Кегети айылында жогоруда

айтылгандай сөз устаты, жыгач устасынын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. 1943-1947-жылдары Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөндөн кийин, Ош педагогикалык институтунда мугалим жана кыргыз тили кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 1957-жылы Кыргыз ССР Илимдер академиясынын тил-адабияты институтуна илимий кызматкер болуп орношот.

1958-жылы ушул эле багытта кандидаттык диссертациясын жактап, филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны алат. 1962-1978-жылдары Илимдер академиясынын Тил-адабият институтунун директору болуп иштейт.

1978-1986-жылдары Кыргыз ССРинин жогорку жана атайын орто билим берүү министри болуп эмгектенген. Ошол эле жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 10-11-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.

Аскар Турсунов 1986-жылдан бери кайрадан Улуттук Илимдер академиясынын Тил илими институтунда бөлүм башчы, 1995-жылы Чүй университетинин проректору, окумуштуулар кеңешинин төрагасы болуп иштеди.

Аскар Турсунов тарабынан жүздөн ашык илимий эмгектер, тогуз монография (илимий китептер) жарыяланган.

Ал жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган "Кыргыз тилинин грамматикасын" жазууга катышкан. 9-10-класстар үчүн кыргыз тили окуу китебинин авторлорунун бири.

Аскар Турсунов 1998-жылы "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам берилген. 2000-жылы Улуттук Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү болуп шайланган.

Илимий-изилдөө жана коомдук саясий ишмердүүлүгүн дөгү жемиштүү эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин "Ардак грамотасы" жана "Ардак белгиси" ордени, көптөгөн медалдар менен жана СССРдин жогорку окуу жайлар министрлигинин "За отличние успехи в

работе" деген төш белгиси менен сыйланган.

Аскар Турсуновдун илим жаатында өтөгөн эмгеги мамлекет тарабынан гана бааланып калбастан, ал жалпы калайык калктын кадырлоосуна татып, учурда "Биздин Аскар!" деген урматтуу сыйга жеткирип отурат. Муслим Өмүралиевдин:

Ийне менен кудук казган адамдай,
Илгерилеп, улам өрдү кадамдай.
Илим, билим жолун тандап алдыңыз,
Жүзгө жакын эмгек жазып салдыңыз, - деген

саптарындагыдай Аскар агайдын эмгеги элинин эсинде түбөлүк сакталат.

Эми калган Кегетилик белгилүү адамдардын тизмеси алфавит тартибинде улуу-кичүүсүнө карабай берилди.

## Абдрасулова Сагын

Абдрасулова Сагын Эстебесовна 1934-жылы Кичи-Кемин районуна караштуу Үч-Кудук айылында орто чарба адамдын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген.

Баатыр эне. Кесиби боюнча саанчы. Ал 7 жылдык классты бүтүргөн. Атасы Эстебес фронтко кетип кайрылбай калып, энеси Бутура 3 абаланы жалгыз тарбиялап, эресеге жеткирген. Турмуш-шарттын оордугунан 1949-жылы тууган издеп Кегети айылына келип, ушул жерден совхоздо айдоочу болуп иштеген Абдырасулов Садырбекке турмушка чыккан. Ошол күндөн тартып Сагын апа фермага саанчы болуп кирип, ошол эле биринчи күндөн тартып, ишине сүйүп, ага жан-дилин коюп берилген. Өзүнүн карамагындагы бекитилип берилген уйлардан сүт алуу боюнча социалисттик меддеште биринчиликти бербей, райондук Ардак тактадан сүрөтү түшкөн эмес.

Ишиндеги жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн аны Бурана шайлоо округунан Кыргыз ССРинин Жогорку

Советине депутат кылып шайлашкан. Өтөлгөлүү өтөгөн эмгеги эл арасында эмдигиче айтылып, ал жөнүндө ар кандай маанидеги эскерүүлөр баяндалып келет. Мамлекет тарабынан дагы жогорку сыйлыктарга көрсөтүлгөн.

## Абдылдаева Тамара

Абдылдаева Тамара Чыналиева Чүй районундагы Кегети айылында 1976-жылы туулган. Философия илимдеринин кандидаты. Кыргыз Улуттук университетинин доценти жана дин таануу кафедрасынын окутуучусу.

## Абышкаев Абакир

Абышкаев Абакир 1932-жылы Кегети айылында туулган. Тарых илимдеринин кандидаты. Көптөгөн монографиялардын жана бир нече илимий китептердин автору.

## Абышкаев Чубак

Абышкаев Чубак 1954-жылы Чүй районундагы Кегети айылында туулган. Кесиби юрист. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, аскер сотунун төрагасы, аскер прокурору болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи. Юстициянын 3-класстагы кеңешчиси, генерал майор. Эң жогорку квалификациялык класстагы судья.

Коомчулукка кеңири таанымал юристтердин катарын толуктаган, мыйзамдуулуктун чек арасын аныктап берчү адамдардын бири. Чубактын ээлеген кызмат ордуна карап, кегетиликтер аны "Үч жолку генерал" деп коюшат экен.

Баса, "Мени ушундай деңгээлге жеткирген жакындарым дын бири Султан Мамбеткалиев" деп, айтып жүрөт деген сөздөрдү эл арасынан уктум.

## Айдакеева Жаңыл

Грозд айыл өкмөтүнүн, Аламедин районунун мамадминистрациясынын башчысы, акиминин орун басары, 2008-жылдын 15-октябрынан бери Аламүдүн райондук Кеңешинин төрайымдык кызматында ийгиликтүү иштеп келе жаткан Айдакеева Жаңыл Асановна дагы Кегети айылында 1962-жылы жарыкчылыкка келген. Жогорку билимди Кыргыз Улуттук унивеситетинен алып, экономист кесибине ээ болгон. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын 1-класстагы кеңешчиси. Бир катар мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

## Айталиев Рыскул

Айталиев Рыскул 1940-жылы Кегети айылында туулган. Акын журналист. Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Убагында КТРде иштеп, бир нече берүүлөрдүн автору болгон. СССР журналисттер союзунун мүчөсү.

## Алиев Зарлык

Зарлык Алиев 1932-жылы, 16-майда Кегети айылында туулган. Орто мектепти ошол эле Кегети орто мектебин аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун география факультетине тапшырып, ошол мезгилде институттун базасында ачылган Мамлекеттик университетте окуусун уланткан. 1953-жылы аны педагогикалык институттун программасы менен ийгиликтүү аяктаган. Жолдомо менен Ош облусунун Баткен районуна келип, Сүлүктү шаарындагы Токтогул атындагы орто мектепте мугалим, көп өтпөй окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп иштеген.

1959-1966-жылдары Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясындагы география бөлүмүндө илимий кызматкер болуп иштеген жана СССР Илимдер

Академиясынын география институтунда аспирантураны бүтүрүп жатып "Талас өрөөнүнүн рельефи, аны чарбачылыкта өздөштүрүү" деген темада диссертациясын Москва шаарынан жактап, 1966-жылы география илиминин кандидаты болгон.

1967-жылы КМУнун география факультетине конкурс менен өтүп, кафедра башчысы, кийин ушул эле факультетте декан болуп иштеген.

Ошол жылдан азыркы мезгилге чейин география, экология жана туризм факультетинде окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор болуп иштеп келе жатат. Союз ыдыраганга чейин аталган окуу жайдын партиялык уюмун башкарып келген. "Отту калап турбаса, өчүп калары белгилүү" сыяктуу эле Зарлык агай билимин өркүндөтүүнүн үстүндө талбай иштеп, мунун аркасы менен далай эмгектерди жаратты. "Мыкты лектор" наамына татып, бир канча жогорку сыйлыктардын ээси болгон.

Алиев Зарлык 2000-жылы жарыкка чыккан мектептердин 7-классы үчүн М.Кадыркулов менен биргеликте даярдалган "География материков и океанов" деген китептин автору. Ошондой эле "Түштүк Кыргызстандын жаратылышы" жана "Талас жана Кочкор өрөөндөрү" деген илимий эмгектерди жараткан.

## Алиев Сатыбек

Алиев Сатыбек 1936-жылы Чүй районундагы Кегети айылында жарыкчылыкка келген. Фольклорчу, "Манас" эпосун жыйноочу, изилдөөчү. Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Илимпоз, энциклопедист.

## Асакеев Азамат

Азамат Асекеев 1976-жылы Кегети айылында туулган. Белгилүү спортсмен жана юрист. Дүйнө, Азия оюндарынын

жана Кыргыз Республикасынын чемпиону. Эл аралык деңгээлдеги спорт чебери.

## Бейшекеев Кыдыкбек

Бейшекеев Кыдыкбек 1953-жылы Кегети айыл аймагындагы Кыпчак айылында туулган. Инженер-ирригатор, техника илимдеринин кандидаты, профессор. Кыргыз Республикасынын суу чарба департаментинин директорунун биринчи орун басары кызматын аркалаган.

Эл аралык долбоорлордун эксперти, суу чарбасы боюнча чыгарылган бир катар мыйзамдардын автору.

## Борбашев Малик

Борбашев Малик 1972-жылы Совет айылында туулган. Спортсмен. Кыргызстандан чыккан кикбоксинг боюнча эки жолку дүйнөнүн чемпиону. Эл аралык класстагы спорттун чебери.

## Букуев Нурбек

Букуев Нурбек Медетович 1982-жылы, 19-октябрда Кегети айыл өкмөтүнө караштуу Чапай айылында туулган. Онкология институтунун дарыгери. Медицина илимдеринин кандидаты. Бул багыттагы бир нече илимий эмгектердин автору.

## Ботбаев Аскер

Ботбаев Аскер 1943-жылы Кегети айылында туулган. Химия илимдеринин кандидаты. СССРдин Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу. Көптөгөн ойлоп-табуу багытындагы эмгектердин автору.

## Ботбаев Алмазбек

Ботбаев Алмазбек Аскерович 1971-жылы Кегети айылында окумуштуунун үй-бүлөсүндө туулган. Врач-офтальмолог. Микрохирург. Медицина илимдеринин кандидаты, доцент. 15тен ашуун ойлоп чыгуулардын автору.

## Букуев Медет

Букуев Медет Омошевич 1953-жылы Кегети айыл аймагындагы Чапаев айылында туулган. Физкультурник, педагог. Юрист, магистр. Педагогика илимдеринин кандидаты. Чүй университетинин пофессору. Кичи футболдун уюштуруучусу. Букуев Медеттин дагы бир иниси кичи футболдун эл аралык калысы.

## Жаманбаев Акматбек

Акматбек Жаманбаев техника илимдеринин доктору, профессор. Политехникалык институттун проректору. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн башчысы. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министринин биринчи орун басары. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

Акматбек Жаманбаевдин билим, илим тармагында миңдеген окуучулары, шакирттери, анын ичинен: академиктер, илимдин докторлору, кандидаттары, мамлекеттик ишмерлери, чарбалардын жетекчилери Кыргызстандын туш-тарабындагы жер-жерлерде ийгилик түү эмгектенишүүдө. Анын эмгеги эл, өкмөт тарабынан жогору бааланып, Кыргызстандын Түштүгүндө, Түндүгүндө көчөлөргө, мекемелерге аты коюлган.

## Жаманбаев Марат

Жаманбаев Марат Акматбекович 1953-жылы Кыпчак, азыркы Акматбек айылында туулган. Президенттик администрациясынын бөлүм башчысы. Ысык-Көл районунун, Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп иштеген. Кыргыз Республикасы нын Япониядагы элчиси. Саясий илимдердин кандидаты. Чүй университетинин доценти.

## Жунушалиев Айбек

Жунушалиев 1976-жылы Кегети айылында туулган. Кесиби юрист. Мамлекеттик кызматкер. Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси. Ага чейин Президенттин аппаратында, өкмөттө жана башка кызматтарда иштеген. III класстагы мамлекеттик чини бар.

## Жунушалиева Гүлнура

Жунушалиева Гүлнура Жеңишовна 1972-жылы Кегети айылында туулган. Экономика илимдеринин кандидаты. Президенттин алдындагы башкаруу академиясында доцент.

## Ибраимов Төлөн

Ибраимов Төлөн 1971-жылы Кегети айылында туулган. Юридика илимдеринин кандидаты.

## Имакеева Алла

Имакеева Алла Эралиевна 1954-жылы Кегети айылында туулган. Экономика илимдеринин кандидаты, профессор. Экономист, педагог. Профессор. Экономика институтунун директорунун орун басары.

## Исаков Сайдин

Исаков Сайдин 1938-жылы Кегети айылында туулган. Коомдук ишмер. 1968-1990-жылдары "Кыргызфильм" киностудиясынын директору, 1990-1992-жылдары мамлекеттик кино башкармалыгынын төрагасы, 1994-2000-жылдары мамлекеттик кино башкармалыгынын төрагасы болуп иштеген. Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

Бир канча ар кандай мазмундагы ырлардын автору. Акын, журналист.

Сайдин Исаковдун калеминен жаралган мазмундуу ырлары 1998-жылы жары көргөн "Чоң олжо Ала-Тоом аман-эсен турса мага" деп аталган китебине кирген. Ал ырлардын ичинен "Айылым менин Кегети" деген ыры бар, анда:

**Кегети** менин айылым,
Көпчүлүк билет дайынын.
Төрөлүп, өскөн мен үчүн,
Ташы да кымбат сайынын.

Капчыгай ичин жаңыртып,
Суусу агат бүркүп көбүгүн.
Жээгинде ойноп чоңойдук,
Кенен жеп, алма, өрүгүн.

Буудайлуу талаа керилет,
Тоосунда жайнап гүлдөрү.
Ай тийсе айыл мемиреп,
Ажайып көрку түндөгү.

Көңүлүм чөгүп турганда,
Өскөн жер келсе оюма.
Жеңилдей түшөм ошондо,
Күч-кубат тарап боюма.

Кегети менин айылым,
Көпчүлүк билет дайынын.
Төрөлүп өскөн мен үчүн,
Ташы да кымбат сайынын, - деп Кегети жергесинин ажайып сулуулугун ачып бергенге аракет кылган.

## Кадыралиева Күлсаан

Кадыралиева Күлсаан Оморовна 1958-жылы Кегети айылында туулган. Педагог. Менеджер, инженер-куруучу. Техника илимдеринин кандидаты, доцент. "Кыргызпатент" окуу-изилдөө борборунун директору. Чүй университетинин проректору.

## Кадыралиева Талчын

Кадыралиева Талчын Оморовна 1956-жылы Кегети айылында туулган. Экономист, экономика илимдеринин кандидаты, доцент. Республикалык профсоюз комитетинин башкы бухгалтери.

## Какеев Бакир, Какеев Бакыт, Какеева Айгүл

Белгилүү илимпоз, коомдук ишмер Аскар Какеевдин уулдары Бакир жана Бакыт жана кызы Айгүл дагы жогоруда айтылгандай илим тармагында көрүнүктүү орду бар белгилүү адамдар. Кегети айылында төрөлүшкөн. Бакир медицина илимдеринин доктору болсо, Бакыт инженер-мелиоратор, техника илимдеринин кандидаты. Свердлов, Ленин райондорунун акими жана министрдин орун басары болуп иштеген.

Айгүл Какеева медицина илимдеринин кандидаты, доцент. Медициналык академияда декан болуп иштеп жүрөт.

## Карабаева Токтокан

Карабаева Токтокан кесиптештеринин ичинен иши менен айырмаланган мыкты саанчылардын катарындагы карапайым кыргыз аялдарынын бири. Ушунун негизинде убагында Кегетинин атак-даңкын республиканын аймагына чыгарган. Бир нече мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты.

## Караев Өмүрбек

Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү, 6 адабий китептин автору Өмүрбек Караев дагы 1954-жылы Кегети кыштагында туулган. 1976-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктап, 1992-жылы Улуттук университетинин экономика факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

Эмгек жолун Чүй мектеп-интернатында тарбиячы болуп иштөө менен баштап, ишин 1977-1979-жылдары Токмоктогу мектеп-интернатта уланткан.

Андан кийин Токмок шаарындагы ПОШ фабрикасында коммерция боюнча директордун орун басары, анын төрагасы болгон жана акыркы мезгилдерде Чүй облрадминистрациясынын бир бөлүмүндө, абройлуу кызматта иштейт.

Караев Өмүрбек мектеп жашынан эле ыр, аңгеме жана макалаларын республикалык газета-журналдарга жарыялап келе жатат. Айрымдары орус, түрк жана украина тилдерине которулган.

"Ыйык көл", "Бейкут таңдар", "Насирдин дастан", "Жөнөкөй журттан, бул Султан" жана башка китептердин автору. Ошону менен катар саясат жана экономика

багытындагы маселелерди ичине камтыган бир катар макалалары мезгилдик басма сөз беттерине чыгып жүрөт.

Ө.Караев 1982-жылы Токмок шаарынын шаардык кеңешине депутат болуп шайланып, 1986-жылы Республикалык жеңил өнөр жай профсоюзунун мүчөсү болгон.

Өмүрбек Караевдин өмүрлүк жары Гүлжан "Кегети" менчик дүкөндүн жана "Диана" сулуулук салонунун ээси. Бул үй-бүлө Н.Байтемиров атындагы сыйлык чектеп, ал сыйлыкты ар жыл сайын мектептин мыкты бүтүрүүчүлөрүнө тапшырып, ошондой эле бир классты шефке алып, анын ремонтун жасап турат.

Өмүрбек Караев Кыргызстан улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргыз Республикасынын "Маданиятынын мыкты кызматкери", Кыргыз Республикасынын "Айыл чарба кызматынын отличниги" деген төш белгилердин ээси. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Евроазия жазуучулар союзунун мүчөсү.

## Көлбаев Чүкүй

Бул адамды эл Кыргызстандагы совхоз курулушунун баштоочуларынын бири катары коомчулукка таанымал инсандардын бири катары таанышат. Чейрек кылымдан ашуун, же ардактуу эс алууга чыкканга чейин Кегети совхозунун 2-фермасын (Арпа-Тектир) башкарып келген. Керектүү жерде ким болсо да кыйыктанбастан ажаат ача билген, жаш-карыга бирдей мамиле жасаган, ишин жакшы билген мыкты уюштургуч адам болуп, аталган ферманын алгачкы уюштуруучусу катары аны совхоздун мыкты бөлүмдөрүнүн деңгээлине жеткирген. Анын кол алдында иштеген чарбачыл адамдардын алды Ленин жана башка ордендерге, мамлекеттик сыйлыктарга жетишкен.

Чүкүй ата ак ниет коммунист, ак көңүл, таасын жетекчи катарында дагы элинин эсинде калды. А кишинин

замандаштары эскергендей латын тамгасы менен эмнегедир, "көл" деген сөздү гана жаза билген экен. Бирок, сабатсыз болсо дагы аткарылган иштердин ээлери ким экендигин, ал качан жасалганын жатка билчү дешет.

Элдин айтымында, ишсиз өзүн керексиз адамдай сезген Чүкүй ата эс алууга чыккандан кийин дагы үйүнө отура албай, жетекчилерге барып акы төлөнбөгөн кызмат сураса, алар анын сөзүн кыя алышпай мал чарба бригадиринин жардамчысы кылып коюшуптур. Бригадир билимдүү, кесиби боюнча механик экен. Бир топ мезгил өтүп, иш жылбай койгондон соң экөөнү алмаштырып коюшса, ал бригаданы тез эле алдыңкылардын сабына теңеген деген сөз эл арасында калган.

## Максүтбаев Дыйкан

Максүтбаев Дыйкан 1941-жылы Кегети айылында туулган. Кесиби мал доктур. Чүй районунун айыл чарба башкармалыгынын башчысы. Кант районунун аткаруу комитетинин төрагасы. Мамлекеттик сыйлыктардын ээси. Райсоветтин депутаты.

## Мамбетказиев Алмазбек

Мамбетказиев 1951-жылы Кегети айылында туулган. 1974-жылдан баштап, 1976-жылдын ноябрь айына чейин Нарын облусунун Ат-Башы райондук борбордун ооруканасында дарыгер-стаматолог болуп иштеген. 1976-1978-жылдары Фрунзе шаарындагы №1 тиш дарылоочу эмканада дарыгер-стаматолог болуп кызмат өтөгөн.

Ал эми 1978-жылдын ноябрь айынан баштап 1981-жылдын ноябрь айына чейин Германия Демократиялык Республикасында дарыгер-стамотолог болуп кызмат кылган. 1982-жылдан 1986-жылга чейин №1-шаардык тиш дарылоо эмканасында бөлүм башчы, ал эми ошол

жылдан баштап, 1995-жылга чейин башкы дарыгердин дарылоо боюнча орун басары болуп эмгектенген. Ошол жылдан баштап Бишкек шаарынын №3- тиш дарылоочу эмканасында башкы дарыгер болуп, өмүрүнүн акырына чейин үзүрлүү кызмат өтөгөн.

1993-жылы Кыргыз Республикасынын ардактуу медицина кызматкери наамын алат. Жогорку даражадагы дарыгер-стамотолог.

2000-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген дарыгери ардактуу наамына татыктуу болду.

Бишкек шаардык Кеңештин депутаты.

2008-жылы Россия өлкөсүнүн Н.И.Пирогов атындагы сыйлыктын лауреаты. Россия Федерациясынын коопсуздук, коргонуу жана тартип Академиясынын академиги, 2000-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Стамотология ассоциациясынын вице-президенти. Бир нече мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

XX кылымдын акыркы он жылдыгынан өмүрүнүн акырына чейин "Кегети" коомдук фондунун президенти болуп, Кыргызстан үчүн, анын ичинен Кегети айылынын өнүгүүсү үчүн албан эмгек сиңирген.

## Мамбеткалиев Улан

Мамбеткалиев Улан Султанович 1970-жылы туулган. Экономист-финансист. Промстройбанктын Кочкор-Атадагы, Тоң районундагы бөлүмдөрүнүн жетекчиси, Жалал-Абаддагы облустук бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары, Чүй университетинин Кара-Балта шаарындагы бөлүмүнүн директору.

## Мамыров Тобокел

Бул киши спорттун 7 түрү боюнча мастер. Бийиктикке секирүү боюнча ·Азия чөлкөмүнүн рекордсмени, СССРдин курама командасынын мүчөсү катары абройлуу мелдештерге катышып, бир катар ири жеңиштердин ээси болгон. Сурамжылоолордун жыйынтыгында ал Кыргызстандагы спорт сүйүүчүлөрдүн жогорку баасына татып, "XX кылымдын улуу спортсмени" деген номинацияга татыган.

Мамыров Тобокел Кыргызстандагы ар башка жогорку окуу жайларда жарым кылымдан ашуун студенттерге дарс окуп, улуу окутуучу, доцент, профессор болуп иштеген. Кыргыз элинен чыккан миңдеген таланттуу спортсмендерди даярдаганы белгилүү. Анын жолун жолдоп, таалимин алган алардын ичинде кегетиликтер да бар.

Эң эле кызыгы Мамыровго эч кандай илимий даражасы жок экендигине карабастан, "профессор" наамын берүүгө Улуттук аттестациялык комитети тарабынан биринчи жолу берилсин деген чечимге татыган адам.

## Молдокматов Мирлан

Молдокматов Мирлан Абасканович 1973-жылы Кегети айылында туулган. Аскер полковниги. Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу агенттигинин директору.

## Молдокеримова Майрам

Молдокеримова Майрам - химик, доцент. Химия илимдеринин кандидаты, лабаратория башчысы. Академик Аскар Какеевдин жары.

## Мукашев Муратбек

Муратбек Мукашев кезегинде Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр жыйынын депутаты жана спикери катары кыргыз коомчулугуна кеңири таанымал болгон. Муратбек Мукашев Чүй районундагы Кегети айылында 1950-жылы, 8-апрель күнү жарыкчылыкка келген. Фрунзе шаарындагы №48 мектептен орто билимге ээ болуп, жогорку билимди Москва шаарындагы атагы Алайга, даңкы далайга кеткен айтылуу Г.Плеханов атындагы Эл чарба институтунан алган.

Эмгек чыйырын алгач республиканын финансы министрлигинде экономист болуп иштөө менен баштап, 25 жашында Кемин райондук финансы бөлүмүнүн башчылыгына келген.

Болочок банкир 1981-жылы Ош облустук финансы бөлүмүнүн башчылыгынын орун басары, 1988-жылы Республиканын мамлекеттик банкынын башкармасынын төрагасынын орун басары болуп иштеген.

Ал эми 1991-жылдан тартып Кыргыз акционердик-коммерциялык, өнөр жай-курулуш банкынын төрагасы болуп иштеп келген.

Бул адамдын Кыргызстанда улуттук валюта-сомду киргизүүдө эмгеги өтө зор. Ал республиканын бюджетине жылына 30 млн. 200 миң сом киреше киргизип турган. 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр кеңешининин спикери болгон.

Мукашев Муратбек бош убактарында ыр, макала жазып келүүдө. Анын эки китеби жарыкка чыгып, окурмандардын алкоосуна татыган.

## Орозбаев Мусин

Орозбаев Мусин 1940-жылы Кегети айылында туулган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин иш башкаруучусу, Кыргыз КП БКнын бөлүм башчысы, Президенттик

администрациясынын бөлүм башчысы, Кыргыз Республикасынын Түркмөнстандагы элчиси кызматтарын аркалаган. Мамлекеттик, партиялык кызматкер. Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер. Мамлекеттик маанидеги 2-класстагы кеңешчи.

## Өмүралиев Муслим

Өмүралиев Муслим дагы 1944-жылы Кегети айылында туулган. Белгилүү журналист. Чүй районундук "Баласагын оттору" газетасынын редактору, Чүй райондук партиялык комитетинин бөлүм башчысы, Кегети ОМдун директору, КТР программасынын директору кызматтарын аркалаган. Чүй университетинде декан болуп иштеген. СССР журналисттер Союзунун мүчөсү.

Муслим Өмүралиевдин "Өскөн жер" деген ырына белгилүү композитор Сталбек Бактыгулов обон жазып, бул ыр кегетиликтердин өздүк гимнине айланган. Анда:

Кегети деген кең жайлоо,
Керилип марал ойногон.
Көбүктүү суусу серпилип,
Көк жашыл өзөн бойлогон.

Кайырма: Кана эмесе курбулар,
Кучагыбыз жайылды.
Күлүп-жайнап жалпыбыз,
Гүлдөтөлү айылды.

Аталар берген өмүрүн,
Ардактуу айыл болсун деп.
Апалар төккөн мээримин,
Ар дайым ырыс толсун деп.

Кегети - менин турагым,
Кебелбес байлык булагым.
Өмүргө жашоо, күч-кубат,
Өзүңдөн алып турамын, - деп

айтылып,ырдын жана ага ылайык обондун сыйкыры менен Кегети жергесинин касиеттүүлүгүн ачып берген.

## Өмүргазиев Мырзабек

Мырзабек Өмүргазиев жөнүндө Кегетиликтер сыймыктануу менен эскеришет. Ал 1945-жылы Кыпчак, азыркы Акматбек айылында туулган. Кегети орто мектебин бүтүргөн. Учкуч-борт механик. Кыргыз ССРинин транспортуна эмгек сиңирген кызматкер. Учкучтар мектебин бүтүргөндөн кийин өмүрүнүн акырына чейин өз милдетин ак ниеттүүлук, билгичтик менен аткарып, кесиптештеринин арасында кадыр-баркка жетишип, эмгегинин аркасында атак-даңкка ээ болгон. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

## Өмүрова Толкун

Өмүрова Толкун 1942-жылы Кегети айылында туулган. Философия илимдеринин кандидаты, профессор. Кыргыз Улуттук университетинин кафедра башчысы.

## Саралаев Марат

Саралаев Марат Кадыкеевич 1940-жылы туулган. Тарых илимдеринин кандидаты. Кыргыз дене тарбия академиясынын профессору, кафедра башчысы.

## Солтобаева Жаңыл

Солтобаева Жаңыл Осмонбековна 1964-жылы Кегети айылында туулган. Генетик. Биология илимдеринин кандидаты, доцент. Медициналык академиясынын окутуучусу.

## Сулайманова Клара

Сулайманова Клара Кырбашевна 1959-жылы Кегети айылында туулган. Экономист, педагог. Экономика илимдеринин кандидаты, профессор. Кыргыз Улуттук университетинин кафедра башчысы.

## Супаналиев Сагынбек

Супаналиев Сагынбек Кегети айылынан чыккан биринчи жогорку билимдүү врач. Чейрек кылымдан ашуун Түштүктө жана Чүйдөгү оорукканаларда башкы дарыгер (врач), Ош шаарынын саламаттыкты сактоо бөлүмүндө бөлүм башчысы болуп иштеген.

Ал эмгегине жараша өкмөт тарабынан жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген дарыгери (врачы) деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Супаналиевдин тарбиясын көргөн адамдар учурда жер-жерлерде мамлекеттик кызматтарда ийгиликтүү иштеп жатышат.

Ага тирүүсүндө өзгөчө (персональный) пенсия чектелген.

## Турсунова Гүлжан

Турсунова Гүлжан 1950-жылы туулган. Химик. Химия илимдеринин кандидаты.

## Турсунова Салтанат

Турсунова Салтанат 1952-жылы Кегети айылында туулган. Экономист, педагог. Экономика илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер. Президенттин алдындагы башкаруу академиясынын кафедра башчысы,

Чүй университетинин ректору кызматтарында иштеген. Учурда Президенттин алдындагы башкаруу академиясынын проректору.

## Чечейбаев Накин

Накин 1938-жылы Кегети айылында туулган. Илимпоз, педагог. Филология илимдеринин кандидаты, доцент. Бир нече монографиялардын, окуу китептеринин автору.

## Шаршеев Оңолбек

Шаршеев Оңолбек 1936-жылы Кегети айылында туулган. Ош эт-сүт комбинатынын, Жалал-Абаддагы эт-сүт комбинатынын директору болуп иштеген. Ош облусунун аткаруу комитетинин бөлүм башчысы.

## Шакиров Белек

Шакиров Белек 1948-жылы Кегети айылында туулган. Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген маданият кызматкери. Кара Молдо атындагы эл аспаптар академиялык оркестринин артисти.

## Эсенов Капар

Эсенов Капар 1930-жылы Кегети айылында туулган. Кыргыз Мамлекеттик академиялык драма театрынын алгачкы артисти. М.Рыскуловго, Шамшиевге окшогон улуу таланттар менен бирге кыргыз драма театрында иштеген. Белгилүү кино актер, көптөгөн кинолорго тартылган. СССР кино ишмерлер союзунун мүчөсү.

## Эшимбеков Имаш

Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Эшимбеков Имаш дагы Кегетинин кулуну. Убагында кыргыз сахнасында ийгиликтүү ролдорду жаратып, кыргыз кино жылдызы деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. Ал тартылган кинодогу образдар учурда дагы жогору бааланып жүрөт. Таттыбүбү Турсунбаеванын өмүрлүк жары.

# III бөлүм

"...Муну мундай таштайлы,
Бабам Манас баатырдын,
Эрдигинен баштайлы"- деген эмеспи,

Манасчылар, ар бир жаңы көрүнүштүн сюжетине сүңгүп кирип, баяндап берердин алдында. Анын сыңарындай, анда эмесе алгач эл бийлеп, айыл советин башкаргандар жөнүндө кеп кылсак, анда эле алардын аткарган иштери аркылуу Кегети айылынын өткөн турмушун кандайдыр бир деңгээлде чагылдыра алсак керек.

Алардын башында албетте, Асылбүбү апа Максүтбаева (Чечейбаева), анан катары менен Мамбетказы Ботбаев, Бакир Өмүров, Ж. Малыгина, Артелбек Жумашев, Качкын Жамангулов, Кубат Алибаев, Алмаз Жунушалиев, Марат Жаманбаев, Мелис Осмоналиев, Жаныбек Керимов, Эрик Жунушев жана 2013-жылга чейин айыл өкмөтүнүн башчысы болуп келген Манас Осмоналиев, ошондой эле жана башка кегетиликтердин башында турган мыктылардын тизмесин жаза келсек тизме улана бергидей. Учурда айыл өкмөтүнүн башчысы болуп Шаршеев Анарбек иштеп жатат.

## Айкын милдет,

же совхоздун директору Кадыр Шайыковдун районго берген отчётунан.

Мындан бир жыл мурда бир тууган Коммунисттик

париябыз менен кужурмөн элибиз баатырдык жолду басып өттү. Каарман совет элинин акылман оюн, келечек максатын, туура саясий көз карашын камтыган бүгүнкү күндөгү эң маанилүү документ - СССРдин жаңы конституциясы кабыл алынгандыгы бардыгыбыздын жүрөгүбүздө. Дүйнөлүк аренада зор кызыгууну туудурган бул салтанаттуу окуя партия менен өкмөтүбүздүн эмгекчилердин жыргалдуу турмушта жашашы, эмгектенүүсү үчүн аталык камкордук көрүп, алардын адамдык ыйык укуктарын жана эркиндигин коргой тургандыгынын дагы бир жолу ачык-айкын күбөсү болгон. Мына ошол себептен, турмушубуздун Негизги Законунун бир жылдыгын ийгиликтүү, жогорку көрсөткүчтөр менен тосуп алуу максатында жаңы демилгелер, саамалыктар жаралып, алар массалык кыймылга айландырылган.

Биздин совхоздун жумушчулары ал патриоттук демилгелерди колдоого алышып, өздөрүнүн эмгектик жана саясий активдүүлүктөрүн мурдагыдан дагы жогорулатышып, Коммунисттердин жана комсомолецтердин өндүрүштөгү авангарддык ролу өскөн. Ошол жылдары баштапкы партиялык, комсомолдук уюмдар уюштуруучулук, саясий массалык, тарбиялык иштерин онунчу беш жылдыктын үчүнчү жылынын тапшырмасын аткарууга багыттады. Мал чарбасында жана талаачылыкта алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу, техниканы өндүрүмдүү пайдалануу, эмгекти илимий негизде уюштурууда бизде өзгөчө көңүл бурулду. Алдыңкы кызылчачылар, чабандар, механизаторлор жогорулатылган милдентенмелерди кабыл алышты. Анткени быйылкы жылда чарбанын алдында ишке ашырылуучу жооптуу милдеттер турган. Ал дан эгиндеринин ар гектарынан алынган түшүмдү 26,6 центнерге жеткирүү, кесек тоютту 85 000 центнерден ашык даярдоо, 900 центнер сүт өндүрүү, койдун ар бир башынан 2,9 килограммдан жүн, ар жүзүнөн 102ден төл алуу, кант

кызылчасынын ар гектарынан 272 центнерден түшүм өстүрүү жана мамлекетке сапаттуу тапшыруу.

Совхоздун дирекциясы менен партиялык комитети бул иштерди кадрларды тандоо, даярдоо, жөндөмдүүлүгүнө жараша ишке орноштуруу жана аларга жетекчиликти өркүндөтүп, кабыл алынган чечимдердин, иш чаралардын аткарылышына контролду күчөтүү менен баштаган. Башкы агрономдукка экономист Т.Мамбеткулов дайындалып, коммунисттер Т. Алыбаев, А. Жунушалиев, С.Көтөшовдордор да жөндөмүнө, билимине жараша башкы адистик кызматтарга көтөрүлүшкөн. Орто звенодогу кадрларда да орун алмаштыруулар жүргүзүлгөн.

Ушундай иштердин натыйжасында дан эгиндерин, тоют болуучу өсүмдүктөрдү баккан сугатчылардын, чабандардын, саанчылардын арасында мелдеш таасирдүү өткөрүлгөн. Механизаторлор И.Эдерле, С.Медетов, Т.Усманов ар дайым мелдеште алдыда. Ал эми Кожалиев, Б.Бекболотов, Р.Гафуров башкарган дан эгин өстүрүүчү звенолордун мүчөлөрү мыкты эмгектенишкен. Натыйжада, совхоздун дыйкандары планда көрсөтүлгөн 34 681 центнердин ордуна 43 700 центнер дан өстүрүп алышкан. Бул көрсөткүчтөрдү жаратууда мээнеткеч, ак эмгегин жумшап, күнү-түнү талаада жүргөн А. Токтосунов, Ж. Дүйшөналиев, К.Абдыкадыровго окшогон сугатчылардын кошкон салымдары чоң болгон.

Ал кездеги Кегети совхозу тоо таянып жайгашкандыктан мал чарбасы негизги тармак болуп саналгандыктан, аны өнүктүрүп, продуктуулугун артыруу үчүн эң алды кесек тоют даярдоо зарылчылыгы турган эле. Ошондуктан, коомдук малга тоюттун мол запасын даярдоо талаачылык иштердеги башкы маселе болуп, бул багытта атайын бригадалар уюшулган. Аларга жыл башынан эле техника жана жер бөлүнүп берилген. Мында механизаторлор менен сугатчылар басымдуулук кылышат. Анткени көп жумуш техниканын жардамы менен бүткөрүлөт. Аларды толук иштетүүгө механизаторлорду даярдоо үчүн курстар

иштеп, мындай курс Кегети орто мектебинде дагы алгачкылардан болуп ишин баштаган. Негизи эле Кегети айылындагы жашы өтүп калган адамдардын көпчүлүгү трактористтердин күбөлүгүн дээрлик бардыгы ушул мектептен бүтүрүп алышкан.

Ал жылдары чарба 200 гектар аянтка кант кызылчасын эккен. Айрым алдыңкы коллективдер ар гектарынан 310 центнерден түшүм жыйнап алууга милдеттенишсе, совхоз боюнча жыйналып алынган түшүм 410 центнерге айланып, А.Самаков, К.Чымырбаев, З.Абдылдаев башкарган звенолордун кантчыларынын аттары белгилүү боло башташкан.

Бул жылы малчыларыбыз да мыкты эмгектенип, төл жана жүн алуу боюнча совхоз планды ашыгы менен аткарган А.Калдыбаев, А.Байгуловго окшогон чабандар мелдеште алдыга озуп чыгышып, жогорку көрсөткүчтөрдү жаратышкан экен.

Ошентип, биздин совхоздун эмгекчилери мамлекетке сүт, эт сатуудан башка дагы бардык тармактар боюнча милденмелерин ашыра аткарышты, - деп жазат районго берген отчётуна Чүй районундагы "Кегети" совхозунун директору Шайыков Кадыр 1978-жылдын акырында.

Ошол кезде Кегети совхозу республикада алгачкылардан болуп, Ардак тактага илинген.

## Аракеттин арымы, же Сармат Көтөшов көтөргөн чарба

Кегети совхозу Чүй районундагы эң ири чарбалардын бири болгонун айттык. Ага жараша совхоздун башына келген жетекчилердин иш билгилигинин натыйжасында чарба жылдан жылга тикеленип, мезгилинде тармактар боюнча да өнүгүүсү артыла берген. Айрыкча чарбага Сармат Көтөшов келгени мал чарбачылыгы да, дыйканчылыгы дагы жыл өткөн сайын өнүгүүнүн жолунда болгон экен. Ал учурда совхоздо 18 000 кой, 600 жылкы, ошончо уй жана

башка кара малы, он беш миң гектар жери бар болуптур. Кегетинин экономикалык булагы мына ошолор түзгөн эмеспи.

Кегетиге келген жетекчилердин ар кимисинин ар кандай иш стили болгондугун айтышкан жергиликтүүлөр Сарматтын мал чарбасын көтөрүүдө, айрыкча уйлардын асыл-тукумдуулугун арттырууда өтөгөн эмгегин баалашарын белгилешип. Ага чейин бул тармактагы сүт саап алуу башка аймактарда саалып жаткан чекке жетпеген 2000 литрдин тегерегинде болуп келсе, уйлардын асылтукумдуулун арттыруу менен кыска аралыкта совхоз 4000 литрдин айланасында сүт саап алууга жетишкен.

Ал мезгилде мал чарбасында эмгектенген Кегети койнунда гана эмес, жалпы Чүй өрөөнү боюнча да көрүнүктүү чабандардын катарына кошулушкан А.Молдакматов, И.Байгулов, А.Калдыбаев өңдүү мал чарба устаттары 130дан 140ка чейин козу алышып, эпкиндүү эмгектин сересине чыгышкан.

Ошону менен бирге бир катар кегетилик алдыңкы адамдардын аттары дагы аталып жүргөн. Алардын катарында, ветеринардык врач Ишенбай Шаршеев, зоотехник Орозбек Өкөшов инженер-механик Бектурсун Байдөөлөтов сыяктуу билимдүү жетекчилер совхоздун директору Сармат Көтөшовдун идеялаштары болушкан. Ал эми, Мухтар Осмоналиев, Мамбеткалый Дүйшөмбиев, Токо Ажиев, Дүйшөмбү Чойбеков, Кадыралы Адыракаев сыяктуу карыялар чарбанын ишинин алга жылышына көз салышып, эл арасына жетекчиликтин кадырын арттыруу максатында кеп-кеңештерин айтуудан тажашкан эмес.

Ал кезде мурдагы мезгилге салыштырмалуу Кегетиде көп эле өзгөрүүлөр, башкача көрүнүш болгон, же: керектөөчүлөр үчүн өнөр жай товарлары, азык-түлүк, чарба дүкөндөрү, маданият үйү, аптека, сберкасса, почтампт, телеграф, АТС, поликлиника, ашкана, малчылардын балдары үчүн он жылдык мектеп-интернат иштеген.

Коммунист жетекчинин дүйнөгө болгон көз карашы

уламдан-улам кеңейип, анын баамдоосу, рухий талабы күндөн-күнгө арта берген. Ошон үчүнбү, анын ушул чарбада иштеген жылдар ичиндеги өтөгөн ийгиликтери өтө эле арбын болгон.

Ушундай талбаган аракеттин натыйжасында чарба кескин көтөрүлүп, ал 1987-жылы Кегети совхозу Чүй районундагы чарбалардын ичинен өзгөчө бөлүнүп, экинчи ирет республиканын Ардак тактасында турган мезгилге туура келет.

## Кегети айыл өкмөтү учурда

Ээлеген географиялык орду, көз тайгылткан көркөмдүгү, сулуулугу, табиятынын коздугу жана жашоо-тиричилигинин ыңгайлуулугу менен өзгөчөлөнгөн Кегети айылдык кеңешинин курамы учурда деле мурдагыдай эле эч өзгөрүүсүз калып, бул аймакта жайгашкан: Кегети айылы(592 түтүн, 2908 жан), Совет айылы (322 түтүн, 1330 жан), Арпа-Тектир айылы (90 түтүн, 435 жан), Акматбек айылы (60 түтүн, 209 жан) жана Чапай айылы(157 түтүн, 670 жан) болуп, 5 айылдан, Кегети токой чарбачылыгы (49 түтүн,148 жан)жана Ак-Бешим токой чарбачылыгы(14 түтүн, 54 жан) деген аталыштагы эки токой чарбасынан турат. Жалпы айыл өкмөтү боюнча 1284 түтүндө 5814 калк жашайт.

Башында айтылгандай Кегетинин калкы аралашма улуттардан турат, же жалпы калкынын санынын көпчүлүгүн кыргыздар түзөт. Алардын саны 2012-жылдагы айыл каттоосунун статистикалык маалыматына караганда 5680 адамды түзсө, казактар 70, орустар 37, өзбектер 20 жана уйгурлар 7 адамды түзүп, бир айылдын эли, бир жердиктер-кегетиликтер катары ынтымактуу жашашат.

Кегети айыл өкмөтүнө карап, башка айыл аймактарынын бөлүнгөн административдик чек ара 17 240 гектар аянтты түзүп, анын 16 465 гектары айыл чарбасына ылайыкташтырылган.

Кегети айыл өкмөтүнүн аймагында 3 орто, 1 толук эмес орто мектеп жана 1 филиалдык мектеп иш алып барып, аларда 936 окуучу билим алат. Бүгүнкү күндө мектептерде 108 мугалим, 58 техникалык персоналдар эмгектенишет. Аталган мектептерде Кыргыз Республикасына Эмгек сиңирген бир мугалим жана бир Эл мугалими кызмат өтөшөт. Бир мектепке чейинки мекеме иштеп, анда 110 наристе тарбияланып, анда тогуз адам кызмат аткарат.

Бир үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ), үч фельдшердик-акушердик пункт (ФАП) жана бир аптека элге кызмат көрсөтөт. Ошол аймакты камсыздап турган тез жардам автоунаасы бар.

Үч клуб, бир маданият үйү жана үч китепкана иштеп жатат.

Кегети айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарды байланыштырып турган жана ички жолдордун узундугу 28 чакырым аралыкты түзүп, учурда бардыгы талапка жооп бергидей, ремонттон өткөрүлгөн.

Таза суу көйгөйү дагы толук чечилип, ага туташтырылган суу түтүктөрүнүн узундугу айылдар арасында 42,2 чакырымга жетип калды.

Айылдын жашоочулары 1157 дыйкан чарбасына жана 121 жеке менчик чарбага бөлүнүшүп, алардын колунда турган, кийинки катто менен алганда жалпы 2546 баш ири мүйүздүү, кара мал, 919 баш жылкы, 10 158 башка жеткен кой-эчки, 5968 баш канаттуулар катталган.

Айыл калкында 2012-жылга карата каттоодон өтүп, жеңил машина күткөн адамдардын саны 53кө жетип, жалпы айыл ичинде 17 жүк ташуучу машиналарды пайдаланышат. Алардын карамагында 113 айыл чарба техникалары, анын ичинен: 42 трактор, 29 соко, 10 үрөн себүүчү машина, 30 жер түздөөчү мала жана 2 дары чача турган техника, 158 кол арабаларын иштетишет. Ошондой эле ар кандай багыттагы айыл чарба багытындагы объектери да эл үчүн кызмат кылат.

Жалпы айыл аймагы боюнча жер аянттары 17240

гектарды түзүп, айдоо жерлери 2881 гектар аймактан турат.

Кегети айыл аймагы боюнча айыл тургундарынын колундагы төрт түлүк малдын өсүп бара жатканы жакшы жөрөлгө. Жыл сайын ушул аймакка караган айылдардын жеке менчик малы жугуштуу ооруларга каршы эмдөөлөр өз убагында жүргүзүлүп тургандыктан мал ээлеринин көңүлдөрү бул жагдайда тынч.

Республиканын жер жана агрардык реформасы кулач жайгандан бери Кегети айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардын жашоочулары жерге карата мурда жасалып келген салкын мамиле жанданып, аны талапка ылайык иштете билип, жайлата төккөн маңдай терин, кеткен каражатын кайтара билген, күнүмдүк түшкөн каражатты үнөмдөп, келечегин ойлой билген, ошого жараша аракеттенген тың дыйкан чарбалары жыл санап өсүп, өнүгүүдө.

Мисалы, Иманалиев Кубат жетектеген "Хан Батый" дыйкан чарбасында 2 трактор, 2 жүк ташуучу автомашина керектүү шаймандары жана жабдуулары менен толук камсыздалган. Жеке менчик 125 кара малы жана 500дөн ашуун майда жандыгы бар. Өздөрүнүн үлүшүнөн сырткары дагы 56 гектар жерди ижарага алып иштетишет. Жаз жарышы, күз күрөшү кычаган мезгилде аталган дыйкан чарба ондогон айылдаштарын жумуш менен камсыздап, айлык акысы да аларды нааразы кылбайт.

Ал эми Мамбетов Тохтияр жетектеген "Ихтияр" дыйкан чарбасы жылына сексен гектардан ашуун жерди ижарага алып иштетүүдө. Мында да айылдыктар мезгили менен жумуш менен камсыздалат. Буларда дагы баккан малы, иштете турган техникалары жетиштүү.

Эң эле кызыгы, акыркы жылдарда Кегети айыл аймагында айыл тургундары кеңири натыйжалуу пайдаланып жаткан сактык кассасы ачылып, муктаж адамдарга жылына 3 млн. сомго жакын насыя берилет жана ар дайым тиешелүү адамдар тарабынан көзөмөлдөнүп турушат.

Аймакта жумушчу орундар жана сапаттуу продукция

менен камсыз кылган макарон чыгаруучу, жыгач иштетүүчү цехтер ачылууда. Жаңы ачылып, элге кызмат көрсөтө баштаган аптека дагы кардарлар үчүн жакшы жөрөлгөлөрдүн бири.

Кегети айылындагы талап-тонолуу абалына жетип калган балдар бакчасы капиталдык оңдоодон өткөрүлдү.

Ушул эле айылдын борбордук көчөсүнө электр жарыгы орнотулду.

Керектен чыгып, эскилиги жеткен Ак-Бешим токой чарбасындагы, Совет айылындагы ичүүчү суу түтүктөрү калыбына келтирилип, элдин эң орчундуу көйгөйлөрү мезгилинде чечилүүдө.

А.Токоев атындагы, А.Жаманбаев атындагы мектептер капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, алардын алдында спорт аянтчалары курулду. Чапаев айылындагы көп жылдан бери иштебей кароосуз калган коомдук мончо оңдолуп, пайдаланууга берилди.

Кегети аймагындагы кол менен жасалгандай кооз жерлерине туристтерди тартуу үчүн Кегети токой чарбасын да жөө жүрүш боюнча туристтик базанын ачылышы аймак боюнча инвестиция тартууга мүмкүнчүлүк берет. Чынында эле Кегети аймагы туризмди өнүктүрүүгө климаттык шарты бар, жер өнүтү абдан ыңгайлуу. Тоолуу Арпа-Тектирде лыжа базасы ачылса жана жөө жүрүш үчүн карталар чийилип, тийиштүүжерлерге сунушталса жана ишке ашса бул дагы элдин эртеңи үчүн абдан пайдалуу болот.

Учурда жер-жерлерде донордук мекемелер менен иш алып барып, айылдын инфраструктурасын жана социалдык обьекттерин куруу жана оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүп жатышканы маалым. Кегети айыл өкмөтүн кызматкерлери да айрыкча ушул акыркы жылдардын ичинде, же тактап айтканда Манас Осмоналиев башкарган мезгилден тартып,

- Бүткүл дүйнөлүк банк,
- ООНдун өнүктүрүү банкы (ПРООН),
- Азия өнүктүрүү банкы (АБР),

- Айыл маалымат берүүү кызматы (СКС),
- Сорос Кыргызстан Фонду (ФСК),
- АРИС,
- Мерсико,
- Швейцар Кызыл крести,
- ЮСАИД,

түрткү берүүчү грант, сыяктуу эл аралык абройлуу банктарга долбоор жазышып, алардын донорлук жардамынын аркасында жогоруда айтылгандай, айылдын социалдык объектилерине оңдоо-ытүзөө иштерин жүргүзүп алышты. Мына быйылкы жылдын жазы менен Чапай айылында 100 орундуу толук эмес орто мектеп бүткөрүлүп, анын ачылышы болгону турат. Бул долбоор Германия-Кыргызстан кызматташтык долбоорунун алкагында бүткөрүлдү.

"Чоң жасалган иштердин артында, кичинекей жетишпегендик жатат, же кичинекей иштин алдында чоң тыныгуу турат" дегендей бул Кегети айыл өкмөтүндө дагы чечиле элек көйгөйлүү маселелер арбын. Алардын бирден санасак келечекте аткарылуучу, өтө керектүү деп эсептелгени төмөндөгүлөр.

Совет айылында ушуга чейин бала бакча ачыла элек. Чапай айылында эски клубга оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүп алуу жана бул айылда да мектеп курулушу зарыл болуп турат.

Кегети айылындагы БСР ремонтту талап кылып жатат жана жыл санап малдын башы көбөйгөнүнө байланыштуу борборлоштурулган ветеринардык сервис талап кылынууда.

Ошондой эле жогоруда айтылгандай Кегетиде кичи электр станциясын куруу ишин колго алуу, узундугу 25 чакырым каналды салууга электр станциясын кайра жабдууга карата эксперттик комиссия иштеп, эми анын жыйынтыгы болуш керек эле.

Республикадагыкичижанаортогидроэлектростанциялар дирекциясы менен бирдикте бул долбоор жүзөгө ашырылса

Кегетиликтер үчүн чоң пайда келтирилмек.

Эми ушул жогоруда айтылып, бүтө элек иштерди бүтүрүү жана калыбына келтирүү айылдык округдун башчылыгына жаңы келген Анарбек Шаршеевдин вазипасына жүктөлдү десек болот. Анарбектин турмуштан алган мол тажырыйбасы бар, агаларынын салттуу жолун улантууга билими толук жетет. Себеби, ал спорт айдыңында өзүнүн тырышчаактыгы менен нечендеген бийиктиктерди багынтып, ал татаал кесиптин чебери катары эл намысын алып жүргөн чыныгы Кегетинин азаматтарынын бири.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. Абрамзон С.М. "Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" -Б.: 2000.
2. Айтымбетов О. "Кара кыргыз" 3 т. - Бишкек, 2007.
3. Алиев З.А., Байгуттиев С.Б., Ниязов Т.З., Усубалиева С.Ж. "Чуйская долина" (Природные условия, геоэкологическое состояние и требования к охране и рациональному использованию природных ресурсов). - Бишкек, 2002.
4. Аристов Н.А. "Усуни и кыргызы или кара-кыргызы." - Бишкек, 2001.
5. Аттокуров С. "Кыргыз санжырасы". - Бишкек, 1995.
6. Байсалов А. "Улуу кыргыз ордо." - Бишкек, 2009.
7. Бийназаров Т. "Тагай бий" (Санжыргалуу баян): 1-китеп. - Бишкек, 2003.
8. Гумилев. "Древние тюрки" – М., 1993.
9. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1996.
10. Иманалиев М. Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1995.
11. Караев Ө. ,,Жөнөкөй журттан бул - Султан" - Бишкек, 2012
12. Кыргыздар. Түзгөн: Жусупов К. Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. Төртүнчү китеп. - Бишкек, 1997.
13. Кыргызстандын байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы. – Бишкек, 1998.
14. Мамай Жусуп. "Мундуз / Мендирман" 7 т. - Бишкек, 1998
15. Сайф ад-дин Аксикенди. "Маджму-ат-таварих" Тарыхтар жыйнагы. 1495.
16. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Бишкек, 2003.
17. Сыдыков О. Тарых кыргыз Шадмания. Кыргыз санжырасы. – Фрунзе, 1990.
18. Төрөкан уулу Э. "Кыргыздын кыскача санжырасы". 1-том. - Бишкек, 1995.
19. Осмонов Ө. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Бишкек, 2012.
20. Орозбаев Токтобектен жазылып алынды.
21. Эл мугалими Султан Мамбеткалиевден жазылып алынды.

## Мазмуну

Окурманга........................................................................................3
Кегети жана кегетиликтердин кыскача таржымалы
тууралуу китеп.................................................................................9
Санжыра кайдан чыгат....................................................................12
Кыргыз элинин урууларга бөлүнүшү..............................................16
I бөлүм. Кириш сөз..........................................................................20
Кегети качан пайда болгон?...........................................................25
Кегети өрөөнү....................................................................................27
Кегети ашуусу...................................................................................28
Кийик жүргөн бел менен..................................................................29
Касиеттүү тогуз булак......................................................................30
Эң бийикте жайгашкан бөгөт көл..................................................32
Табият эстелиги - Кегети шаркыратмасы.......................................36
Борончунун багы..............................................................................36
Кегети суусу.......................................................................................37
Кегети ким болгон, кишиби?..........................................................43
Кыргыз кыйырды басып өткөн.......................................................58
Кегети шаар чалдыбары...................................................................60
Кошумча маалымат...........................................................................61
Чүй эли Кокон хандыгынын мезгилинде.......................................65
Орус баскынчылары Чүйдө, же ал жөнүндө кыскача
маалымат...........................................................................................67
Жогол согуш! Жактырбайбыз биз сени..........................................71
Эл үчүн эмгектенген Эльдар...........................................................73
II бөлүм. Сарыбагыш уруусу............................................................76
Мамбеталы тилмеч............................................................................83
Атан өлсө тайлак бар........................................................................95
Аялар..................................................................................................96
Калмакы уругу (Беш калмак), (Калмак)........................................100
Саза баатыр......................................................................................103
Жайнак Саадаев-революционер жана алгачкы
мамлекеттик кызматкер..................................................................114
Аалы Токомбаев..............................................................................116
Жедигер............................................................................................121
Агабыздын аты өчпөйт (М.Сасыкулов)..........................................124

Саруу ..............................,..............................................132
Мундуз...........................................................................134
Ырчынын залкар бири эле (Ы.Борончиев)..........................135
"Аккан арыктан суу агат "(У.Саралаев)..............................171
Моңолдор.........................................................................178
Новатор мугалим-депутат (О.Солтобаев)............................181
Саяк...............................................................................182
Коңурат...........................................................................183
Асыл апа ........................................................................184
Азыктар ..........................................................................187
Бактылуу жылкычы............................................................188
200 жыл тарыхы бар Кегети айылы жана кегетиликтер....191
Мектеп атын алган инсан (Ө.Исаев)...................................195
"Мугалим мөмөлүү дарак", же кегетилик мугалимдер....197
Асыл адамдын аты эсте калды ...........................................198
Анара эжей .......................................................................201
Айылдык Эл мугалими, же Симила эжейдин
мастер класстары .............................................................202
Мээнет карыбайт...............................................................204
Булут үстүндө кылым оодара жаңырган обон, же
талаштуу обонду калыбына келтирүү.Кошчунун
уулу Эсеналы, же Ойтобо ...................................................208
Эсеналы чалмачы .............................................................221
Жуманалы табып ..............................................................223
Дарыгер Аалы жана акушерка Бүбүйса ...............................230
Согушта жоголгон сааттын тарыхы (А.Ибраимов) ..........232
Эл жазуучулары элеттен чыгат, же Насирдин
Байтемировдун бейнесине тартылган штрихтер..................234
Чындыктын алкагынан карап ...........................................240
Аскардын айдыңы ...........................................................244
Оттон, суудан жалтанбаган Султан Мамбеткалиев ...........250
Чыгаан педагог ...............................................................256
Туугандык сезимге гүл өстүрүп .........................................257
Талант сыры уланат ........................................................259
Баягы биз билген партизан (С.Байтемиров).......................262
Эрдин аты эл менен, ырыска шерик жар менен ..................265

Эрди эр кылган да - аял ...266
Кегетилик окумуштуу-топонимист (Д.Исаев)...268
Сыр сактоонун үлгүсү (М.Исаев)...270
Кегетинин чыныгы баатыр уулу, же
кайтарылбай калган наам (К.Булатов)...271
Устат ...275
Арманда кеткен бир ак куу ...275
Элесин өчүрбөйлү десек ...279
«Биздин Аскар» ...283
Абдрасулова Сагын ...285
Абдылдаева Тамара ...286
Абышкаев Абакир ...286
Абышкаев Чубак ...286
Айдакеева Жаңыл ...287
Айталиев Рыскул ...287
Алиев Зарлык ...287
Алиев Сатыбек...288
Асакеев Азамат ...288
Бейшекеев Кыдыкбек...289
Борбашев Малик ...289
Букуев Нурбек ...289
Ботбаев Аскер ...289
Ботбаев Алмазбек ...290
Букуев Медет ...290
Жаманбаев Акматбек ...290
Жаманбаев Марат ...291
Жунушалиев Айбек ...291
Жунушалиева Гүлнура ...291
Ибраимов Төлөн...291
Имакеева Алла ...292
Исаков Сайдин ...292
Кадыралиева Күлсаан ...293
Кадыралиева Талчын ...293
Какеев Бакир, Какеев Бакыт, Какеева Айгүл ...293
Карабаева Токтокан ...294
Караев Өмүрбек ...294

Көлбаев Чүкүй.............................................................................295
Максүтбаев Дыйкан......................................................................296
Мамбетказиев Алмазбек ............................................................296
Мамбеткалиев Улан....................................................................297
Мамыров Тобокел .......................................................................298
Молдокматов Мирлан ................................................................298
Молдокеримова Майрам.............................................................298
Мукашев Муратбек.....................................................................299
Орозбаев Мусин ..........................................................................299
Өмүралиев Муслим .....................................................................300
Өмүргазиев Мырзабек ...............................................................301
Өмүрова Толкун ..........................................................................301
Саралаев Марат ..........................................................................301
Солтобаева Жаңыл .....................................................................301
Сулайманова Клара.....................................................................302
Супаналиев Сагынбек ...............................................................302
Турсунова Гүлжан .....................................................................302
Турсунова Салтанат ..................................................................302
Чечейбаев Накин........................................................................303
Шаршеев Оңолбек .....................................................................303
Шакиров Белек............................................................................303
Эсенов Капар................................................................................303
Эшимбеков Имаш.......................................................................304
III бөлүм. Айкын милдет.............................................................305
Аракеттин арымы, же Көтөшев көтөргөн чарба......................308
Кегети айыл өкмөтү учурда......................................................310
Пайдаланылган адабияттар.......................................................316

Дастан Касмалиев

# Кегети жана кегетиликтер

Редактору: С. *Кайыпов*
Корректору: С. *Кырчообаева*
Тех. редактору: *Н. Жолдошбаева*
Калыпка салган: *Н. Жолдошбаева*

Басууга 24.08.2013-ж. кол коюлду.
Көлөмү 20 физ. б. т.
Жөнөкөй ыкма менен басылды.
Нускасы 1000 даана

«Гүлчынар» ЖЧК басмаканасы,
Бишкек ш., Т. Фрунзе к., 91/1
тел.: (0312) 41-77-67


Кегети өрөөнү
Көлтөр
Кегети капчыгайы
Текетөр